
63(2-Ки) Кыр
Б59

# БИЗДИН КЫРГЫЗСТАН



популярдуу

тарыхый

энциклопедия

«КЫРГЫЗСТАН-СОРОС» фонду

Б 59

*Китеп «Кыргызстан-Сорос» фондунун маалыматтык программасынын алкагында чыгарылган*

Б 59 **Биздин Кыргызстан:** Популярдуу тарыхый энциклопедия (байыркы мезгилден XIX кылымдын аягына чейин) / Автору акад. В.М.Плоских. – Бишкек, Илим, 2004.-224 б.:ил.

ISBN 5-8355-1389-5

Окурман! Колуңдагы демейдегиден башкача китеп. Бул Кыргызстандын бай жана даңктуу тарыхы, байыркы мезгилден бери анын аймагында жайгашкан элдер жөнүндө энциклопедия.

Хронологиялык алкак дээрлик миллион жыл мезгилди камтыйт. Байыркы, Орто кылымдардын жана Соңку мезгилдин маанилүү окуялары жеткиликтүү, популярдуу формада баяндалган, тарыхта болгон окуяларга таасир көрсөткөн же өткөн мезгилге өзүнүн изин калтырган көрүнүктүү инсандар жөнүндө айтылган.

Китеп кайгылуу жана даңктуу окуяларга жык толгон байыркы мезгилге саякаттап, түшүнүк алуу үчүн биринчи кезекте жаш окурманга, ошондой эле Кыргызстандын тарыхына кызыккандардын бардыгына арналган.

Рецензиялаган –
КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, КР УИАнын Тарых институтунун директору *Ж.Жунушалиев.*

Орусчадан которгон –
КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер *Ысмайыл Кадыров.*

ISBN 5-8355-1389-5

© «Кыргызстан-Сорос» фонду, 2004-ж.

*О акылман, сөз асылы кармаганым,*
*Анымды урпактарга арнагамын.*
Жусуп Баласагын

Урматтуу окурман!

«Энциклопедия» (гр. *encyklius paideia* – «билимдин бардык тармагы боюнча окутуу») деген сөз дүйнөнүн бардык тилдерине билимдердин толуктугу жана бардыгын камтыгандыгы маанисинде кирди.

Сен колуңа кармап турган энциклопедияны түзүүнүн максаты – Кыргызстандын тарыхын изилдөөдө республиканын жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүнүн окумуштуулары бир кылымдан ашык мезгилде топтогон жетишкендиктерин көрсөтүү.

Кыргызстан – биздин Ата мекенибиз жана анын тарыхын билүү зарыл. Эгемендүү өлкө өз аймагы, чегарасы, жарандары, желеги, гимни, герби жана өз алдынча мамлекеттин башка атрибуттарысыз болбогон сыяктуу эле, тарыхы жок болушу да мүмкүн эмес.

Бирок энциклопедия – тарых окуу китеби эмес, көбүнчө сенин жан жолдошуң жана тарых боюнча жол көрсөткүч. Андан сен маанилүү окуялар жана өткөн мезгилге өзүнүн изин калтырган көрүнүктүү инсандар жөнүндө аңгемелерди табасың.

Өткөн мезгил өзүнөн-өзү зор кызыкчылыкты туудурат, бирок негизгиси – өткөнү болбой келечек болбойт. Кимдин келечекке ишенимдүү карагысы келсе – ал жеке адам болобу же бүтүндөй өлкөбү – өткөндү унутпоого тийиш.

Кыргызстандын тарыхындагы маанилүү доорлордун мазмуну – Байыркы мезгил, Орто кылым жана Соңку мезгил энциклопедиянын макалаларында ачып берилет.

Хронологиялык энциклопедия б.з.ч. дээрлик миллион жыл мурда башталган – Кыргызстандын аймагында биринчи адам пайда болгондон берки мезгилди камтыйт.

Байыркы мезгил андрон маданиятынын өкүлдөрү, сактар жана усундар, гунндар жана байыркы кыргыздар жөнүндө материалдар менен берилген.

Орто кылымда Борбордук Азия элдеринин жашоо-турмушунда маанилүү окуялар болуп өткөн – Монголияда жана Алтайда түрктөр күчтөнө башташкан: алар алгачкы евразия державасы – Түрк каганатын түзүшкөн, ал Кыргызстандын экономикасын жана маданиятын өнүктүрүүдө чоң мааниге ээ болгон. Түрк каганатынын жана мамлекетинин алкагында – анын ордун басуучу Ала Тоо байыркы түрк маданиятынын жана анын жогорку жетишкендиктеринин борборлорунун бири болуп калган. Дал ушул жерде түрктөрдүн алгачкы шаарлары курулган, алгачкы түрк акчасы чыгарылган, түрк тилиндеги алгачкы поэма жазылган жана байыркы түрк сөздөрүнүн алгачкы сөздүгү түзүлгөн.

Орто кылымда кыргыздар Түштүк Сибирде, Енисейде жашаган. Алар ошол жерде өздөрүнүн мамлекетин түзүшкөн, анын тарыхы тынымсыз күрөштөргө жана баатырдыкка жык толгон, азыркы кыргыз эли орто кылымдагы енисейлик кыргыздардын маданиятынын жана Теңир-Тоодогу кыргыз элинин бардык ата-бабаларынын маданиятынын мыйзамдуу мурасчысы болуп эсептелгендиктен, аны окуп-үйрөнүүбүз зарыл.

Орто кылымдагы Кыргызстандын тарыхы XV жана XVI кылымдардын чектеринде аяктайт. Ушул мезгилге бирдиктүү тили жана жалпы маданияты бар бирдиктүү аймакта азыркы кыргыз элинин калыптанышы таандык.

Жаңы тарыхтын мезгили кыргыз элинин өз эркиндиги жана көз карандысыздыгы үчүн күрөшү, XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздар жайгашкан жерлерди өз империясынын курамына кошуп алган Орусияга жакындашуусу менен мүнөздөлөт. Ушул мезгилде кыргыз элинин жашоо-турмушунда бир катар маанилүү маданий окуялар: исламды кабыл алуу, «Манас» эпосун жаратууну аяктоо, акырындык менен орус, ал аркылуу дүйнөлүк маданиятка аралашуусу болуп өткөн. XIX жана XX кылымдардын чектери менен соңку мезгилдин тарыхы аяктайт.


Урматтуу окурман, сага Кыргызстан элинин бай тарыхынын дүйнөсүнө кызыктуу саякат жасооңду каалайбыз.



# БАЙЫРКЫ МЕЗГИЛ

## БАЙЫРКЫ АДАМ

Окумуштуулардын пикири боюнча эволюциянын жүрүшүндө адам ушундайча өзгөргөн. Солдон онго: австралопитек, гомо хабилис, гомо эректус, неандерталдыктар, азыркы адам



Мындан 3 миллиондон жылдан ашуун мурда жерде алгачкы адамдар пайда болгон. Көпчүлүк окумуштуулар адамзаттын түзүлүшүнүн башталыш этабы Чыгыш Африкада болуп өткөн деп эсептешет. Акырындык менен адамдар өзгөргөн: түз басканды, андан кийин эмгек куралдарын жасаганды үйрөнүшкөн, отту пайдаланганга көнүгүшкөн, ал эми сөздү өздөштүрүшкөндө – маанилүү чекти жеңип чыгышкан: адамдын жаныбар ата-бабаларынын жай өнүгүшүнүн миллиондогон жылдары артта калган, алдыда – адам жана анын тарыхый өнүгүү жолу турган. Тамак-аш табуунун эки маанилүү ыкмасы – аңчылык жана жер-жемиш жыйноо үчүн жарактуу жаңы жерлерди издөөдө байыркы адамдар Европаны, Азиянын кыйла бөлүгүн өздөштүрүшкөн. Болжол менен *миллион жыл мурда* алар азыркы Кыргызстандын аймагына жетишкен.

Адамзаттын иш-аракетинин алгачкы издери биздин күндөргө чейин дээрлик таштан жасалган эмгек куралдары түрүндө гана сакталган. Ошондуктан адамзаттын өнүгүшүнүн алгачкы этабы *таш доору* деп аталган. Бул мез-




гил адамдын өнүгүү тарыхынын чоң бөлүгүн түзгөн.

Куралдарды жасоо техникасына жана аларды өркүндөтүү деңгээлине жараша таш доору төмөнкүдөй үч мезгилге бөлүнөт: байыркы таш доору (*палеолит*), ортоңку таш доору (*мезолит*) жана жаңы таш доору (*неолит*).

Адамдын жашоо-турмушунда от зор мааниге ээ болгон.

Отту биринчи жолу өздөштүргөн адам реалдуу түрдө кандайча көрүнгөн? Ал жапалдаш бойлуу, бүкүрөйгөн, колдору тизесине жеткен жана булчуңу чың болгон. Чекеси жалпак, кабагы салыңкы, таноолору көрүнүп турган барбагай мурун, астыңкы жаагы чоң болуп, мулуйган кыска ээк, бүтүк көз, моюну дээрлик жок болгон, күбүрөнгөнсүп үзүл-кезил үн чыгарышкан. Бирок булар кадимки эле адам болгон! Окумуштуулар аны *homo erectus* (гомо эректус) деп аташкан, ал латын тилинен которгондо *түз басуучу адам* дегенди билдирет. Мындай адамдарды *байыркы адамдар* деп да аташат.

Кыргызстанда эң байыркы эмгек куралдары табылган жерлер: Он-Арча суусу (Борбордук Теңир-Тоо), Ысык-Көл жана Фергана өрөөнү (Лейлек району). Алар одоно жана өтө эле жөнөкөй болгон. Бирок дал ушул учтуу чоң таш куралдардын жардамы менен байыркы адамдар аңчылык кылышкан, табылгаларын союшкан, бутактарды кыйышкан, тери иштетишкен, өздөрүнө зарыл болгон бардык иштерди аткарышкан.

Кыргызстандын аймагындагы байыркы эмгек куралдарынын табылгалары *палеолитке* таандык (б.з.ч. 800-10 миң жылдык).

Өркүндөтүлбөгөн эмгек куралдарын чогуу гана колдоно алышкан. Ошондук-



Таш куралдар. Палеолит (Он-Арча)

тан адамдар чогуу аңчылык кылуу, жапайы жырткычтардан жана бөтөндөрдөн коргонуу үчүн он чактыдан топторго чогулушкан. Мындай топторду окумуштуулар *адамзат үйүрлөрү* деп аташкан.

Эң байыркы жана байыркы адамдар миңдеген жылдарда таштын көптөгөн түрлөрүн өздөштүрүшкөн, алардын касиеттерин жакшы билишкен. Алар өзгөчө оттук ташты жогору баалашкан. Анын сыныктары курч кырлары менен

Бул кызык

## ТЕШИК-ТАШТАН ӨСПҮРҮМ БАЛАНЫН СӨӨГҮНҮН ТАБЫЛЫШ ТАРЫХЫ

Бул байыркы адамдын Орто Азиядагы биринчи жана азырынча бирден-бир сөөгү көмүлгөн жер. Аны биринчи ачкан – белгилүү археолог А.П.Окладников. Ал төмөнкүчө эскерет: «...Бул 1938-жылы июнда болгон. Тоодо мал багып жүрүшкөн кичинекей жол көрсөткүчтөрдүн айтып берүүсү боюнча узакка созулган сегиз күн бою илимпоздор сырдуу Тешик-Ташка жөрмөлөп-тырмалап атып араң чыктык...Бир нече күндөн кийин чополуу катмарды копшутуп жаткан кызматкердин бычагы адаттан башкача сөөккө урунду. Бул баш сөөк болуп чыкты. Болгондо да жаныбардыкы эмес адамдыкы!».



Неандерталдыктын кебете-кешпири. Антрополог М.М. Герасимовдун реконструкциясы

Чындыгында баш сөөк өспүрүм баланын сөөгү коюлган анча чоң эмес чуңкурга асканын сыныгы түшкөндө 150 бөлүккө майдаланып кеткен. Бирок окумуштуулар баш сөөктү желимдеп бириктиришкен жана ал боюнча көрүнүктүү антрополог М.М.Герасимов өлгөндүн – 8-9 жашар баланын кебете-кешпирин кайрадан түзүп чыккан. Ушунун натыйжасында биз мындан болжол менен 100 миң жыл мурда жашаган адамдын өңүн көрө алабыз.

Бирок неандерталдыктын баш сөөгү гана кызык эмес. Сөөктү айланта качандыр бир кезде белгилүү так тартипте тоо эчкинин мүйүздөрү коюлган. Алар өлгөн адамдын үстүнө турак жайга окшоштурулган курулма үчүн тирөөч болуп кызмат кылган. Бул неандерталдыктардын иш-аракеттеринин ойлонулуп жасалгандыгы жана логикалуулугу жөнүндө, аларда дүйнөгө болгон өздөрүнүн көз караштары болгондугу жөнүндө далилдейт.

Орто азиялык өспүрүм баланын – неандерталдыктын сөөгүнүн коюлушу Европада табылган неандерталдыктын сөөгүнүн коюлушуна жакындашат, мында байыркы адамдар кыязы капчыгай аюусуна сыйынышкан болушу мүмкүн (Швейцариянын жана Германиянын капчыгайларынан алардын сыйынуучу жайы табылган). Башка жерлерде адамдар көмүлгөн жерлерди ийне жалбырактуу бутактар менен жасалгалашкан жана гүл сээп коюшкан. Өлгөндөр жөнүндө камкордук көрүү байыркы адамдардын тиги дүйнөгө ишеними жөнүндө, демек, жөнөкөй *диний көз караштардын* пайда болушу жөнүндө айгинелейт.

Тешик-Таш үңкүрүнөн кремнийден жасалган ар түрдүү эмгек куралдары жана жаныбарлардын, көбүнчө тоо эчкинин көптөгөн күйгөн жана чачылган сөөктөрү табылган. Ал боюнча ой жүгүртсөк адамзаттын жашоосунун башталышында таш куралдар менен гана куралданышкан адамдар аска бетинде ушунчалык тез, жеңил чуркаган жаныбарларга тез-тез аңчылык кылып, этин жешкен, аңчылык коллективдүү, курчап кармоо түрүндө болгон. Тешик-Таш үңкүрүнүн аңчылары аюуга жана илбирске да аңчылык кылышкан.





айырмаланган, ал эми бекемдиги андан жасалган эмгек куралдарын узакка пайдаланууга мүмкүндүк берген. Кыргызстандын аймагынан неандерталдыктар Капчагай өрөөнүнөн (Ош облусу) кремний (оттук таш) казып алышкан, мында жогорку сапаттагы кремний катмарлары жалгыз асканын чокусунда чыгып турат.

Окумуштуулар бул жерден мындан 40-30 миң жыл мурда алгачкы адамдар эмгек куралдарын жасоо үчүн материал алышканын аныкташкан. Ал түгүл «барскан» жана «керкини» да табышкан, алар менен кремнийдин курал жасоо үчүн одоно сомдомолорду сындырып алышкан. Айрым эмгек куралдарын: узун таш бычак, учтуу таш, кыргычтарды ошол эле жерден жасашкан. Алардын сапаты өтө мыкты болгон. Алар көгүлтүр жана жашыл кулпурган өңдө, бекем жана өтө курч мизи бар жалтылдаган кара түстө болгон.

Ошентип, Капчагай Орто Азиядагы кремний алынган эң байыркы жер болуп эсептелет. Бул жерде байыркы Кыргызстандын таш куралдарынын алгачкы чеберлери эмгектенишкен, ал куралдар кийин бүткүл Фергана өрөөнүнө тараган.

## Кыргызстандагы азыркы типтеги адам

Дал ушул палеолит мезгилинде азыркы адамдын биологиялык калыптанышы болгон. Окумуштуулар адамдын ушул тибин *homo sapiens* деп аташкан, аны латын тилинен которгондо *акыл-эстүү адам* дегенди түшүндүрөт.

Анын тышкы түрү азыркы кездеги адамдын түрүнөн аз эле айырмаланат. Анын мээси татаал ой жүгүртүүлөргө жөндөмдүү болгон жана өзүнүн оюн ал эжелеп сүйлөгөн сөздүн жардамы менен билдирген.

Палеолитте ошентип *адамзат* – адамдардын бирикмеси пайда болгон, мындайды жаратылыш мурда билген эмес.

Мындан болжол менен 30 миң жыл мурда адамдар алгачкы үйүрлөрдөн кан жагынан туугандардын чоң тобун бириктирген *туугандык жамааттардын* жашоо-турмушуна өтүшкөн. Алар чогуу жашап жана чарбаны чогуу жүргүзүшкөн. Туугандык жамааттагы мүлк анын бардык мүчөлөрүнө таандык болгон.

Байыркы таш доорундагы адамдар себет сокконду, эмгек куралдарын жана

▲ Алгачкы адамдын үңкүр тургун жайы (Кетмен-Төбө өрөөнү)

◀◀ Таш эмгек куралдары (Мустье. Чүй өрөөнү)



Палеолит доорундагы адам ушундай болушу мүмкүн



Таш доорунда кийим жасоо

таштан эле эмес жаныбарлардын сөөгүнөн жана азуусунан да куралдарды жасаганды билишкен, ийнени ойлоп табышкан жана ыңгайлуу кийимдерди тигишкен.

Палеолитти *мезолит* (ортоңку таш доору) алмаштырган.

Биздин заманга чейинки X – VI миң жылдыктардагы аңчылардын тургун жайлары Кыргызстанда Сох дарыясынын өрөөнүнөн, Таш-Көмүр шаарына жакын жерден, Ак-Сайдын бийик тоолуу жерлеринен, Чатыр-Көлдүн айланасынан жана Арпа суусунун өрөөнүнөн табылган. Мезолит мезгилинде адамдар ири ачылыштарды жасашкан – жааны жана курч кремний учу бар жебени ойлоп табышкан. Аңчылык кыйла ийгиликтүү боло баштаган, алар каманга, аркарга, жейренге, эликке, текеге ууга чыгышкан.

Таш доорунда кремний бычактарды жана учтуу куралдарды жасоо



Мезолит доорундагы аңчылар курамдуу куралдарды жасаганды үйрөнүшкөн: алардын негизи болуп жыгач же сөөк кызмат кылган, ал эми мизи көптөгөн курч кремнийдин майда сыныктарынан турган, ал негизине шыраанын жана чайырдын жардамы менен бекитилген. Ошентип бекем, узакка колдонулуучу найзалардын учтарын, канжарларды жана бычактарды жасашкан. Мокогон кремнийди башкасы менен алмаштырышкан.

Адамдардын өздөрүнүн турак жайына болгон мамилеси да өзгөргөн. Хайдаркан шаарына жакын жерде (Ош облусу) ачылган айрым тургун жайлардан жаныбарлардын сөөктөрү дээрлик табылган жок. Окумуштуулар мезолит доорундагы адамдарда гигиеналык көндүмдөр пайда болгон деп жыйынтык чыгарышкан: алар өздөрүнүн турак жайын жыйнап таза кармай башташкан.

Адамзаттын өнүгүшүнүн маанилүү этабы – *неолит* (жаңы таш доору).

Неолит доорундагы адамдар (б.з.ч. V-III миң жылдыктар) чарба жүргүзүүдө чыныгы революция жасашкан. Бул мезгилге чейин алар жаратылыш даяр түрдө эмнени берсе ошону менен гана азыктанышкан. Аялдар, балдар, кары-

Бул кызык

## АК-ЧУҢКУР ҮҢКҮРҮНДӨГҮ АЧЫЛЫШ

Алгачкы адамдын доорундагы көркөм сүрөт өнөрүнүн пайда болушун улуу керемет деп таануу керек. Ысык-Көл облусундагы Ак-Чункур үнкүрүнөн (бийик тоолуу Сары-Жаз өрөөнү) окумуштуулар капталдарына жана төбөсүнө тартылган жаныбарлардын жана адамдын сүрөттөрүн табышкан: алар мындан 10-5 мин жыл мурда – мезолит жана неолиттин чектеринде байыркы сүрөтчүлөр кызыл охра (минерал боек) менен тартышкан чакан сюжеттүү анчылык жана бий көрүнүштөрү эле.

Мындан 40 жылдан ашык мурда белгилүү альпинист В.И.Рацек бийик тоодогу аба ырайы жакшы болбой турганда чабандар короого шашып айдап бара жатышкан бир короо койго капысынан жолуккан.

... Жайдын күнү болучу, бирок мында, дениз деңгээлинен 3500 метр бийиктикте мөнгүдөн соккон суук шамал кар бүртүкчөлөрүн бетке ургулап жатты.

– Жүрү биз менен, болбосо тонуп каласың, – деп чабандар сунуш кылышты.

– Чын эле жакын жерде кашар барбы?

– Жок. Бирок сүрөттүү үнкүр бар. Ал Ак-Чункур деп аталат. Көп өтпөй эле үнкүрдүн үңүрөйгөн оозу көрүндү. Чабандар мааралган койлорун асканын алдына камап, ал эми өздөрү үнкүргө киришти. От жагып, чай кайнатышты. Жылып жайланышкандан кийин сөзгө киришти:


– Жана силер кайсыл сүрөттөр жөнүндө айттынар? – деп сурады альпинист.

– Алар мына, – деп улук чабан үнкүрдүн бийик бооруна башын жансады.

Оттун жарыгы анын тегиз эмес бетине тийип турду.

Рацек жакындап келип өтө кызыгуу менен карай баштады. Жалындын бүлбүлдөгөн жарыгынан ал асканын бетиндеги укмуштуу сүрөттөрдү көрдү. Мына чуркап бараткан эки адамдын фигурасы; мында табышмактуу анчылыктын көрүнүшү; ал эми мында керилген жиби бар жаага окшош бир нерсе жана башы төмөн караган адам. Мында болсо буканын сүрөтү... Байыркы сүрөтчү кызыл боекко сөөмөйүн малып, аны менен дубалга тарткандай таасир калтырды.

– Бул сүрөттөр ушул жерде илгертен эле барбы?




– Биздин аталарыбыздын, чон аталарыбыздын жана бабаларыбыздын айтканына караганда булардын турганына көп болду, – деп жооп берди чабан. Алар ар дайым ушул жерде турган.

Рацек ойлонуп калды. Мындан көптөгөн мин жылдар мурда жашаган алгачкы адам ушул сүрөттөрдү калтырган жокпу? Тээ байыркы мезгилде азыркыдай эле адамдар аба ырайы бузулганда ушул үнкүргө жашынышкан.

Шаарга келип, альпинист профессор А.П.Окладников менен байланышты. Экспедиция уюштурулду. Ал жарым метр терендиктен оттун калдыгынын астынан тоо эчкинин мүйүзүн тапты. Мүйүздүн ички бетинде охранын издери сакталып калыптыр. Алгачкы сүрөтчү сөөмөйүн эмнеге малганы түшүнүктүү болду! Мындан таш куралдар да табылды. Жашоо үчүн каражатты адамдар анчылык менен табышкан.

Тилекке каршы илим үчүн баалуу эстелик кайтарылгыс болуп бузулган. Көптөгөн туристтер аларды өздөрүнүн варвардык (маданиятсыз) жазуулары менен булгап салышыптыр. Ага ошол эле туристтер жана чабандар жаккан оттун жана мазут шаманаларынын ышы кошулуптур.

Бирден-бир сакталып калганы – археологдор тарабынан жасалган прористтер – үнкүрдүн дубалынан кагазга көчүрүлгөн сүрөттөрдүн так көчүрмөсү болду. Анын натыйжасында биз бүгүнкү күндө палеолит доорундагы биздин ата-бабаларыбыздын жашоо-турмушу жөнүндө айтып берүүчү сүрөттү көрө алабыз.



Таштан жасалган эмгек куралдары. Неолит (Алай)

картандар жапайы өсүүчү дан өсүмдүктөрүн, тамырларды, жемиш тамырларды, мөмө-жемиштерди, канаттуулардын уяларынан жумурткаларды жыйноо менен алектенишкен. Эркектер жапайы жырткычтарга, канаттууларга аңчылык кылышкан, балык кармашкан. Чарбанын мындай тибин окумуштуулар *өздөштүрүүчү* деп аташкан. Бирок мезгил-мезгили менен узакка созулган кургакчылык болгон. Өсүмдүктөр күйүп кеткен, жаныбарлар кырылган. Адамдарга катаал ачкачылык жана кырылуу коркунучу келген. Аман калуу үчүн неолит адамы жерди иштете жана желе турган өсүмдүктөрдү өстүрө башташкан. Жапайы жаныбарларды колго үйрөтүшкөн жана аларды өстүрүү менен алектенишкен. Чарбанын бул тибин окумуштуулар *өндүрүүчү* деп аташкан, ал эми өздөштүрүүчү чарбадан өндүрүүчүгө өтүү – *неолиттик революция* болгон. Бул революция азыркы кездеги айыл чарбанын эки негизги тармагынын – дыйканчылыктын жана малчылыктын өнүгүшүнө башталыш болуп берген.

Ала-Тоо жана Алай аймагына жайгашкан неолит адамдары негизинен малчылык жүргүзгөн. Алардын чоң тургун жайлары азырынча табыла элек. Болгону айрым эмгек куралдары жана чопо идиш-аяктарынын сыныктары гана азыркы Бишкек шаарындагы Аламүдүн суусунун, Токмок шаарынын аймагынан, Борбордук Теңир-Тоодон жана башка жерлерден табылган. Неолиттеги адамдардын эмгек куралдары кыйла өркүндөтүлгөн. Алар ташты көзөгөндү үйрөнүшкөн, таш куралдарын жыгач таякка бекитишкен жана аңчылык үчүн ыңгайлуу балталарды, ал эми жерди жумшартуу үчүн кичине кетменди жасашкан.

Неолит доорунда жапайы жаныбарларды адамдардын үйрөтүшү




## Коло доорунда Кыргызстанда жашаган уруулар

Коло доору – адамзаттын өнүгүшүндөгү маанилүү этап. Коомдун жашоотурмушундагы чоң прогресс жез кендерин эритүүнүн ачылышы жана биринчи металл эмгек куралдарын жасоо менен байланышкан.

Болжол менен б.з.ч. V миң жылдыкта Орто Азияда жез кенин өздөштүрө баштакан. Жез кендерин казып алуунун издери Ноокат айылына жакын жерден (Ош облусу), Чаткалдан, Кетмен-Төбө өрөөнүнөн табылган. Ошондой болсо да жезден жасалган алгачкы бычактар иштөө үчүн толук жарактуу боло алган эмес: алар абдан жумшак болгон жана тез мокоп калган. Адамдар колону – жез менен калайдын куймасын алганды үйрөнгөндө абал өзгөргөн. Калайды Сары-Жаз кенинен казып алышкан.

Коло доорунда (б.з.ч. II–I миң жылдыктар) Кыргызстандын аймагында эки чоң маданияттын өкүлдөрү жашаган. Чүй, Талас өрөөндөрүндө, Кетмен-Төбөдө, Ысык-Көлдө жана Борбордук Ала-Тоодо малчылык-дыйканчылык уруула-




рынын маданий чарбасы болгон, ал Казакстан талааларынын жана Түштүк Сибирдин калкы менен тыгыз байланышкан. Бул уруулар (Сибирдеги Ачинск шаарынын жанындагы Андрон кыштагынын жанынан алгачкы эстеликтер ачылган жер боюнча) *андрон маданиятынын* өкүлдөрү деп аталган. Андрон маданияты дээрлик миң жылга – б.з.ч. XVII-XVI кылымдардан б.з.ч. IX кылымга чейин созулган.

Фергана өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө байыркы дыйкандардын тургун жайлары пайда болгон, алар Орто Азиянын башка райондорунун байыркы дыйканчылык жамааттары менен тыгыз байланышкан. Алардын маданиятын окумуштуулар Наманган облусунун Чуст шаарынын жанындагы биринчи эстелик ачылган жер боюнча – *чуст маданияты* деп аташкан.

## Андрон маданияты

Археологдор белгиликтүү аймакка жайгашкан элдердин туугандыгы жөнүндө айтууга мүмкүндүк берүүчү конкреттүү түрдөгү эмгек куралдарын, турак жайды, башка эстеликтерди маданият деп аташат.

Бул кызык

### АНДРОН МАДАНИЯТЫНЫН ӨКҮЛДӨРҮ КАНДАЙ КӨРҮНҮШКӨН?

*«Андрон маданиятынын өкүлдөрү, албетте, европеиддер жана алардын мүнөздүү белгилери толук аныкталган... Андрон маданиятынын өкүлдөрү конкогой мурундуу болушкан, ал эми алардын өңдөрү дээрлик бет сөөксүз, бакыракай көздүү болуп, кавказдыктардын өңүн элестетишкен... Мүнөзү орой, бирок сулуу, дене түзүлүшү чың, эр жүрөк адамдар болушкан... Аларды европеиддердин чыгышты карай жылышынын акыркылары катары кароо керек».*

(антрополог академик В.П.Алексеевдин пикири).

Б у л  к ы з ы к


## БАЙЫРКЫ МЕКЕНДИН ТАБЫШМАГЫ

Тенир-Тоонун андрон уруулары индо-европалык тилдик жалпылыкка киришкен, андан индоиран (арий), славян, герман, роман, балтика жана башка тилдик бутактар бөлүнүп чыккан.

Изилдөөчүлөр бүткүл дүйнөдө 200 жылдан бери табышмагын жандырууга аракеттенип келе жатышкан байыркы табышмактардын бири – индоевропалыктардын, анын ичинде арийлердин байыркы мекени. Көп божомолдор бар, бирок азыркыга чейин бир пикирге келише элек. Ошондой болсо Орто Азиянын, айрым алганда Кыргызстандын аймагы аларды изилдөөнүн алгачкы ареалында маанилүү орун ээлегенинен эч ким шектенбейт.

Байыркы тексттерди окуп жана аларды археологиялык табылгалар менен салыштырып айрым окумуштуулар Волгадан жана Уралдан Ала-Тоого жана Енисейге чейин жайгашкан евроазиялык талаа, баарыдан мурда андрон уруулары Орто Азия аркылуу Иранга жана Индостанга көчүп барышкан индо-ирандыктардын ата-бабалары болушу мүмкүн деген жыйынтыкка келишкен.

Азыркыга чейин Индияда жана Иранда, өзгөчө алыскы айыл жерлеринде үй курушат, идиштерди чаптап жасашат, сыйынышат, курмандыкты кудайга арнап чалышат, мындайды мындан үч миң жылдан ашуун мурда арийликтер жасашкан. Ал түгүл «Иран» өлкөсүнүн аталышы дагы «арий» деген этнонимден келип чыккан.






▲ Андрондуктардын турак жайы жана сонку коло доорунун тургун жайларын реконструкциялоо

▸▸ Андрон маданиятынын карапасы

Кыргызстанда андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн жашоо-турмушун элестетүүгө мүмкүндүк берүүчү көп сандаган табылгалар бар. Алар: тургун жайлар, мүрзөлөр, кенчтер жана аска бетиндеги сүрөттөр.

Чүй өрөөнүндөгү коло доорунун эң эле байыркы тургун жайы – Ак-Суу. Ал б.з.ч. XV-XIII кылымдарга таандык. Кийинчерээк Аламүдүн, Александровск, Жайылма жана Кайыңды тургун жайлары пайда болгон. Эреже катары, алар саздак жерлердеги дөңсөөлөргө жайгашкан. Археологиялык казуулар ушул тургун жайлардагы *маданий катмар* (анда табылгалар жолугат) деп аталуучу катмарлар абдан жука экендигин көрсөттү. Табылгалар: аз санда жолуккан таш дан майдалагычтар жана кичине кетмендер, карапа идиштердин сыныктары. Бул жерлерде мезгилге жараша көчүп-конуп жүрүшкөн малчылар жашашса керек.

Токтогул районунун жаңы борборун куруп жатканда андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн турак-жайы – болжол ме-




нен бир метр тереңдиктен 70 квадрат метр аянттан турган тик бурчтуу жарым-жартылай жер кепе табылган. Дубалдары жана шыбы чырпыктардан токулган жана ылай менен шыбалган. Дубалынын сырт тарабынан ири таштар коюлган. Бул жайдын бир бурчунан «ашкана» табылган. Мында таштан салынган очок жайгашкан жана тамак даярдоо үчүн чоң идиштер коюлган. Жарым-жартылай жер кепеде 25ке жакын адам, мүмкүн ата-энелерин, алардын эрезеге жеткен балдарын жана неберелерин бириктирген, чогуу чарба жүргүзүшкөн чоң үй-бүлө жашашы мүмкүн.

Андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн мүрзөлөрү жакшы изилденген, алар көмүлгөн жер *коргондор* деп аталган, алар жер бетинде дээрлик билинбей калган жана тик бурчтуу же тегерек таш тосмолор жер менен жер болуп болор-болбос эле байкалат. Коло доорунда сөөк коюу ырым-жырымынын эки түрү болгон: каза болгондорду өрттөө жана көмүү. Көмүлгөн адамдын жанына тамак-аш куюлган идиштерди коюп ко-



Андрон маданиятынын өкүлү. М.М. Герасимовдун реконструкциясы

юшкан. Мындан археологдор кээ бир учурда коло сөйкөлөрдү, билериктерди, мончокторду, бычактарды, ийнелерди табышкан, бул болсо өлгөндөн кийинки жашоо жөнүндөгү ишенимди айгинелеп турат.

## Андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн чарбасы


Андрон маданиятынын өкүлдөрү малчылык жана дыйканчылык менен алектенишкен. Мындай чарба *комплекстүү* деп аталат. Ошондой болсо да алардагы негизги тармак малчылык болгон. Тургун жайлардан табылган сөөктөр боюнча алар мүйүздүү ири мал, кой, эки өркөчтүү төө баккандыгы аныкталган.

Жылкыларга өзгөчө камкордук көрүшкөн. Негизинен кичинекей апсайган чыдамкай жылкыларды өстүрүшкөн, алар азыктануу үчүн эт, кийим үчүн тери, аркан үчүн кыл беришкен жана тез жүрүүчү, ичке буттуу, бийик, турпаттуу аттарды согуштук арабаларга чегишкен. Андрон маданиятынын өкүлдөрү кымыз жасоону биринчилерден болуп үйрөнүшкөн деп айтууга негиз бар.

Андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн чарба жүргүзүү өзгөчөлүктөрү кышкы мезгилде малды кыштоодо багуу болгон. Мал үчүн короо жайларды курушкан жана тоют топтошкон. Чөптү азыркы мезгилдеги кыргыздын оор орогун эске салуучу, жыгач кармагычы бар коло чалгы менен чабышкан.

Адегенде андрон маданиятынын өкүлдөрү отурукташып жашашкан. Алар малдарын айылдардын айланасына багышкан. Малды эртең менен жайытка чыгарып, кечинде кайра айдап келишкен. Ушинтип айдан айга, жылдан жылга уланта беришкен. Ал эми 20-25 жылдан кийин конуштардын айланасындагы чөптүү жерлерди жаныбарлар таптап, арыктаган, ар түркүн чөбү бар жайыт чөлгө айланган. Конушту эскисинен 50-70 километр аралыкка жаңы жерге көтөрүшкан. Убакыт өтүп жаңы конуштун аймагындагы көрүнүш кайталанган. *Малчылык* деп аталуучу малды ушундайча багуу ыкмасы малдын санынын көбөйүшүнө мүмкүндүк берген эмес – ал конуштун айланасындагы тоюттун өлчөмү менен чектелген.

Убакыттын өтүшү менен андрон малчылары чарба жүргүзүүнүн жаңы формасына өтүшкөн. Аялдар, карыкартаңдар жана балдар жыл бою конушта жашашкан жана дыйканчылык менен алектенишкен. Эркектер жазында аларга азыраак санда мал калтырып, көпчүлүк бөлүгүн алыскы жайытка айдап кетишкен, анда акырындык менен малды бир жайыттан экинчисине көтөрүп турушкан. Кышка чукул алар нык семирген мал жана жаңы төлү менен



Андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн аска бетиндеги сүрөттөрдөгү үй жаныбарларын сүрөттөөлөрү

Бул кызык

## АНДРОН КЕНЧИ

Кыргызстандан бир нече байыркы «кенч» табылган. Булар коло балталар, канжарлар, найзалардын учтары, ороктор, жыгач устачылык аспаптардын топтому, күзгү, үй-бүлөлүк жасалга болуп эсептелүүчү кооздук предметтери болгон. Бир эле буюмдардан турган кенчтер да бар: Ак-Суу айылынан (Чүй облусу) окшош отуз орок, ал эми Каракол шаарынын жанынан – беш канжар табылган. Мындай кенчтер кол өнөрчүлүк же соода (көп сандагы окшош буюмдар алмашуу үчүн даярдалган) кенчтери деп аталат.

Өзбекстандын, Казакстандын музейлеринде жана Мамлекеттик эрмитажда Иртыш өрөөнүнөн, Ысык-Көлдөн, Чүй өрөөнүнөн жана Ферганадан табылган адаттагыдай эмес чулу коло куралдар (келть-күрөктөр) сакталууда. Бул эмгек куралдары (ал эми зарыл учурда куралдар болгон) – келтти сапка саптоо үчүн үсту жагында анча чоң эмес втулкасы бар шынаа түрүндөгү өз алдынча балта. Бардык келть-күрөк табылгалары кокусунан табылган жана ошондуктан алардын жасалган мезгилин так айтуу мүмкүн эмес. Анын үстүнө көптөгөн окумуштуулар аларды андрон маданиятына – б.з.ч. II кылымдын акырына – I кылымдын эң башталышына тийиштүү кылышат.

«Андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн» кийинки мууну бул куралдардын конструкциясын жакшыртышкан. Чүй өрөөнүнөн табылган келть анча чоң эмес, чоң өлчөмдөгү втулкасы жана келтти сабына бекитүү үчүн атайын көзөнөгү бар.

Төрт коло бычак эң мыкты абалда Чоң-Кемин капчыгайындагы картөшкө талаасынан табылган. Куюу ыкмасы боюнча ой жүгүртсөк алардын биринин сабынын учунда бир жактуу валиги бары, кыязы, эң байыркы болушу керек. Экинчи бычак орок сыяктуу ийилген жана учунда көзөнөгү бар кыйла ыңгайлуу саптуу. Мындай бычактарды археологдор Монголиядан, Минисун өрөөнүнөн жана Ферганадан табышкан жана б.з.ч. I миң жылдыкка таандык деп эсептелет. Дагы эки бычак атайын формада куюлган, скиф доорунун (б.з.ч. VII-VI кылымдар) башталышына таандык деп эсептелет. Мүмкүн бычактар түрдүү учурда көмүлгөндөргө таандыктыр жана картөшкө талаасын айдагандан кийин жер үстүнө чыгып калгандыр.



Шамшы кенчи.
Б.з.ч. II к. (Борбордук Теңир-Тоо. Кочкор өрөөнү)





Аска бетиндеги сүрөттөрдөгү арабанын сүрөттөлүшү (Саймалы-Таш)

кайтышкан. Алыскы жайыттардан малчылар саап алышкан сүт текке кеткен эмес. Андрон эркектери туздалган кургак сүт – узакка сакталуучу курут жасаганды үйрөнүшкөн. Кышында мал байыганда аны сууга эзип ичишкен. Бул ашыкча сүттү кайра иштетүүнүн байыркы технологиясын кыргыз малчылары бүгүнкү күнгө чейин сакташкан. Кийинчерээк андрон малчылары сүттөн сапаттуу сырларды жасаганды үйрөнүшкөн. Жайыт мезгилдер боюнча алыскы (жайкы) жана айылдын тегерегиндеги жакынкы (кышкы) болуп бөлүнгөн учурда мал чарбачылыкты жүргүзүүнүн ушундай ыкмасы *малды жайытта багуу* же *жарым көчмөн* деп аталат.

Жарым көчмөн малчылыктан көчмөнчүлүккө өтүү үчүн андрон коомунда чарбанын мал чарбачылык багытынын өзү өбөлгө болгон: малдын санынын өсүшү жайытты дайыма кеңейтип турууну талап кылган. Көчмөн малчылыкка өтүү ошондой эле оңой көчүрүлүүчү турак-жай түзүүнү талап кылган. Мындай турак-жай дөңгөлөктүү кибиткалар болгон, аларды өгүздөр же аттар менен сүйрөп жүрүшкөн. Бирок алар тегиз жерлерде гана ыңгайлуу болгон жана тоо жайыттарын, атап айтканда Ала-Тоону өздөштүрүшкөн андрон маданиятынын өкүлдөрү жеңил каркастуу боз үйгө окшошуп кеткен турак-жайды ойлоп табышкан.

Андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн көчмөндүккө өтүүсүнүн башка бир маанилүү шарты тоолор менен чөлдөрдү кыдырууда малчынын алмаштыргыс жардамчысы болгон кош өркөчтүү төөнү үйрөтүү болгон.

Көчмөнчүлүккө өтүүнүн үчүнчү шарты малдын курамынын өзгөрүшү болгон. Коло доорунун акырында мал чарбачылыкта жылкылардын жана койлордун (мүйүздүү ири малдын саны ошол эле мезгилде азайган) саны көбөйгөн, алар алыска жүрүүгө жөндөмдүү болгон. Андрон эстеликтерин археологдор иш жүзүндө дыйканчылык жүргүзүүгө мүмкүн эмес жерлерден: 3 000 м бийиктиктеги Арпа суусунун өрөөнүнөн (Нарын облусу), Памирдеги андан да чоң бийиктиктен табышкан.

Бул фактылар коло доорунун акырында, б.з.ч. XII-IX кылымдарда тоолордун жана талаалардын калкынын бир бөлүгү көчмөн мал чарбачылыгына өткөнүн ишенимдүү далилдейт.



Аска бетиндеги төө минген адамдын сүрөттөлүшү (Саймалы-Таш)

## Андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн коому

Андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн коому кыйла татаал болгон. Анын негизин чоң үй-бүлө түзгөн. Конуш эркек жагы боюнча өз ара туугандык менен байланышкан жана өздөрүн бир эркектин урпактарыбыз деп эсептешкен бир нече үй-бүлөдөн турган. Конуштагы мындай үй-бүлөлөрдүн тобу урукту түзгөн. Жакын турган туугандык конуштар кыйла ири бирикмеге – урууга кирген. Бизге айрым уруулардын же уруулар союздарынын – арийлердин, туралардын, сайрималардын, даналардын, хьоналардын аталыштары белгилүү.

Уруулар дайыма өз ара касташып жайыт жана мал үчүн салгылашып турушкан. Түрдүү укуктарга жана милдеттерге ээ болгон уруулаштардын үч тобу: аскердик аристократия, дин кызматкерлери (жрецтер) жана жамааттын катардагы мүчөлөрү – малчылар жана дыйкандар бөлүнүп чыккан. Уруунун башында жетекчи турган, уруулар союзун кан башкарган.

Археологиялык табылгалар андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн олуттуу мүлктүк теңсиздиктери жөнүндө айгинелейт. Уралдан жана Казакстандан ди-

Бул кызык

### АНДРОН МАДАНИЯТЫНЫН ӨКҮЛДӨРҮНҮН КУРАЛДАРЫ

Уралдын, Казакстандын жана Кыргызстандын аймагындагы металл кендеринин чоң запастары, куючулардын жана усталардын өтө чеберчилиги андрондуктарга ошол учурдагы эң мыкты куралдарды жасоого мүмкүндүк берген. Жоокерлердин куралдарынын топтомуна төмөнкүдөй жакындан салгылашуу курал-жарактары кирген: жалбырак сымал учу бар найза, согуштук балталар жана ай балталар, узун канжарлар, таш же коло башы бар чокморлор. Алыстан салгылашуу куралдарына жебелери менен жаа кирген, анын үстүнө жебелердин учтары колодон куюлган, жалбырак сымал же таш болгон. Алыстан салгылашуу үчүн жаа жана жебеден башка андрондуктар ыргытуучу бычактарды жана кыска найзаларды колдонушкан.

Андрондуктардын маанилүү ойлоп табуусу согуштук араба болгон – ал коло доорундагы жоокердик ойлордун туу чокусу. Арабачан жоокерлер өздөрүнүн душмандарынын катарын бузушкан жана талкалашкан, аларды аттардын туягы, дөңгөлөк менен тебелетишкен, найза, чокмор менен талкалашкан, жебени мөндүрдөй жаадырышкан. Адатта арабачылардын чабуулу салгылаштын жыйынтыгын чыгарган. Жөө жоокерлер качып бараткан душмандардын артынан кубалашкан жана аларды талкалоону аякташкан.

Б.з.ч. II миң жылдыктын ортосунда андрондуктар Казакстандын талааларынан жана Ала-Тоодон түштүктү карай багыт алышып, Ирандын жана Индиянын түндүк бөлүгүн басып алышкан. Алардын башка бир бөлүгү ата мекенинде калышкан. Алардын жолун улантуучулар жана урпактары Ала-Тоодогу көчмөн элдер болушкан, аларды сактар деп аташкан.



Канжарлар. Б.з.ч. II к. (Ысык-Көл өрөөнү)



ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ КИТЕПКАНА
ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ № 466



Заратуштра (иран.), болжол менен б.з.ч. I кылымдын башында жашаган, зороастризм деген аталышка ээ болгон байыркы иран дининин реформатору жана пайгамбар, «Авестанын» байыркы бөлүгүнүн түзүүчүсү

аметри 20 метрге чейин жана бийиктиги 1 метр болгон, ири таштар менен, кээде кош кабат таш шакекчелер менен курчалган чоң коргондордун алдынан археологдор бай буюм-тайымдарды табышкан. Чоң көрдүн казанагына өлгөн адамдын сөөгү менен бирге тирүү кезинде арабага чеккен экиден жетиге чейин породасы мыкты аттар толук ат жабдыктары менен коюлган. Эреже катары, мындай мүрзөлөрдөн көптөгөн курал-жарактар табылат: найза, кыска найза, ай балта, канжар, чокмор, жебелеринин топтому бар жаалар. Өлгөн адамдын өзүн чоң коло билериктер жана шакектер, күмүш пластинадан турган көкүрөккө тагуучу кооздуктар, алтын жалатылган коло сөйкөлөр менен жасалгалашкан. Бай көрүстөндөргө аскердик элитанын өкүлдөрүн – салгылашта өзүнө даңкты гана эмес, байлыкты да топтогон жоокерлерди коюшкан.

Андрон дин кызматкерлери көмүлгөн жерлер азырынча табыла элек. Бирок катардагы малчы-дыйкандардын көптөгөн көрүстөндөрү казылган. Биздин күндөрдө алардын көрүстөндөрү араң гана байкалат. Кичинекей чуңкурдагы скелеттин жанынан адатта бир-эки чопо идишти жана өтө сейрек учурда коло буюмдарды жана кооздуктарды табышат.

«Авестанын» кол жазмасынын барагы



## Теңир-Тоо бүткүл дүйнөлүк тарыхтагы коло доорунда

Андрон маданиятынын малчы уруулары батышта Каспий деңизинен чыгышта Енисей дарыясына чейинки, түндүктө Урал тоолорунан түштүктө Теңир-Тоо тоолоруна чейинки тоолордун жана талаалардын кеңири аймактарын ээлешкен. Б.з.ч. II миң жылдыктын ортосунда алар түштүккө карай жыла башташкан жана акырындык менен азыркы Ирандын жана Индиянын аймагын ээлешкен, мында ошол учурдан бери индо-иран элдеринин жакын туугандык маданияты өнүгүүдө. Дүйнөлүк цивилизацияны ушул жерде түзүлгөн эки баа жеткис китеп байыткан, аларда коло доорунда эле биздин өлкөдө жашаган элдер жөнүндө байыркы маалыматтар бар. Индияда «Ригведа» (*веда* – «билим», «алып баруу» деген сөздөн), Иранда – «Авеста» («Насаат» же «Мактоо») китептери пайда болгон. Аларда мифтер, эпикалык жомоктор, гимндер, кечилдердин жана индо-арийлик дин кызматкерлеринин айтуулары боюнча диний тексттер жазылган.

Окумуштуулар бул китептерди изилдешип, «Ригведадагы» жана «Авестадагы» уламыштар жана легендалар андрон урууларынын көз караштарын чагылдырат деген жыйынтыкка келишкен.


Өздөрүнүн байыркы ата-мекенин – Уралдан Теңир-Тоого чейинки талааларды жана тоолорду – алар *Арин Вайджа* (Арийлердин аймагы) деп аташ-

кан. Андрон малчылары өздөрүн арийлербиз дешкен. Ушул китептерден Кыргызстан менен байланышкан айрым топонимдерди да билүүгө мүмкүндүк болду.

Б.з.ч. II миң жылдыкта Теңир-Тоо жана Памир-Алай тоолорун арийлер Хукарья (же *Харата* – бийик Хара) деп аташкан. Мындан Арийлер мейкиндиги өлкөсүнүн эң чоң эки дарыясы башталат. Алардын бири *Ардви* (Амударья), экинчиси –*Датья* (Сырдарья). «Авестадагы» дагы бир географиялык аталыш – эң сонун *Чайчаста* көлү, анын жээгинде арий баатырлары сыйынышкан. Изилдөөчүлөр бул аталышты Арийлер мейкиндиги өлкөсүнүн бир да көлү менен толук ишенимдүү салыштыра алышпайт. Көпчүлүк окумуштуулар Чайчаста көлү – Арал деңизи деп болжолдошот. Дагы бирлери байыркы мезгилде Балкаш же Ысык-Көлдү ушинтип аташкан дешет.

Акырында андрон малчыларынын ичинде *Заратуштра* (грекче Зороастр) деген аталыштагы пайгамбар – Спитама уруусунан чыккан арий төрөлгөн. Иисус-Христке чейин ал бир кудайга сыйынуу динин – зороастризмди негиздеген, ал убакыттын өтүшү менен Ирандын үстөмдүк кылуучу дини болуп калган, гректердин, римдиктердин диний көз караштарына жана бир аз христиандык окууга таасирин тийгизген. Арийлердин байыркы динин улантуучулар азыркы учурда Индияда (парсылар) жана Иранда (гебрлар) турушат.

Кыргызстандын жана Казакстандын тоолорунда жана талааларында калган андрон урууларынын урпактары скиф же сак деген аталыш менен дүйнөлүк тарыхка кирген көчмөндөрдүн ата-бабалары болгон.



Майда балталарды куюу үчүн таш форма. Б.з.ч. X–XI кк. (Чүй өрөөнү)

## Фергана дыйкандары

Чыгыш Ферганага б.з.ч. II миң жылдыктын акырынан б.з.ч. VIII-VII кылымдарга чейин байыркы дыйкандардын жамааттары жайгашкан (чуст маданияты). Алардын тургун жайлары анча чоң эмес суулардын өрөөндөрүнө жана алардын дарыяга куйган жерлерине тобу менен жайгашкан.

Чусттуктар арпа, буудай, тарууу, ал эми чанактуулардан – буурчак өстүрүшкөн. Түшүмдү таш жана коло орoктор менен жыйнашкан. Эгинди үйдүн ичинен казылган чарбалык ороолордо сакташкан. Алар түрдүү өлчөмдө болгон, ал түгүл эң эле кичинекейлеринде 2-5 адам үчүн эгиндин запасы сакталган (400 кг жана андан көп). Айрым ороолорго 1 тоннага чейинки эгин баткан.

Алардын дыйканчылык кылганы жөнүндө эмгек куралдарынын табылышы (кичинекей таш кетмен, жаргылчак жана коло оороктор) айгинелейт. Жасалма сугаруу, кыязы али колдонулган эмес. Сууларга жакын табигый нымдуу жерлерди иштетишкен. Таштарга тартылган сүрөттөрдөгү көрүнүштөр боюнча ой жүгүртсөк жерди соко менен айдашкан, ал эми аны тартуучу күч болуп ага чегилген эки өгүз эсептелген.




Коло билерик, б.з.ч. II кылым (Фергана өрөөнү, Жапа-Салда айылы)

Бул кызык

## ОШ ШААРЫНЫН ҮЧ МИҢ ЖЫЛДЫГЫ

2000-жылдын октябрында Кыргызстан Ош шаарынын 3 000 жылдыгын белгилеген.


Жер шарындагы эң байыркы шаар деп окумуштуулар Иерихонду (Израиль), андан кийин – Тирди эсептешет. Бул шаарларга болжол менен 6 миң жыл болгон. Салттуу түрдө Римди мындан эки жарым миң жыл (б.з.ч. 753-ж.) мурдараак гана негиздесе да аны Түбөлүк шаар деп аташат. Сулайман тоонун этегине жайгашкан коло доорунун тургун жайларын кыргыз окумуштууларынын ачышы Оштун башаты өтө байыркы мезгилге таандык экендигин айгинелейт. Өтө эле жөнөкөй жер төлөлөрү бар тургун жайдан Кыргызстандын азыркы мезгилдеги түштүк борборуна чейинки шаардын үч миң жылдык жолу ушундай.



Азыркы Ош шаарынын панорамасы

Чуст тургун жайларынын тургундары мал кармашкан, коло эритишкен жана эмгек куралдарын, куралдарды жана кооздуктарды куюшкан, кооз идиш-аяктарды жасашкан, жип ийрүү жана токуу менен алектенишкен, ташты иштеткенди билишкен. Андан жаргылчак, сок билек, барскан, кичинекей кетмен, кескич жасашкан. Байыркы ферганалыктардын таш ороктору өрөөндүн чегинен алыс тараган. Алар Ысык-Көлдөн, Чыгыш Түркстандан жана Түштүк Өзбекстандан табылган.


Сулейман тоо



## Чуст тургун жайы

**Ош тургун жайы** Кыргызстандын аймагынан чуст тургун жайлары Өзгөнгө, Куршабга, Ноокатка жакын жерлерден ачылган. Ош тургун жайы кыйла жакшы изилденген, ал Ош шаарынын борборундагы Сулайман тоосунун капталында жайгашкан. Коло доорундагы чуст маданиятына таандык болгон тургун жайга үч миң жылдан ашкан. Анда б.з.ч. II кылымдын акыры – I кылымдын башталышында эл жашаган.

Ош тургун жайы – чыңдоонун эч кандай издери жок тургун жай – Орто Азиянын башка байыркы эстеликтеринин ичинен жайгашкан жери – Сулайман тоонун тоо тектирчесинде жайгашкандыгы жана тектирчелүү пландалышы менен бөлүнүп турат. Эң кооз сүрөттүү карапанын молдугу жана табылган эмгек куралдарынын азды-







▲ ◀◀ «Чуст тургун жайларын казууда табылган буюмдар: 1,2 – коло буюмдар, 3,4 – куюлган формалар, 5 – жебенин кремний учу, 6 – карапа

гы бул Ферганадагы чуст маданиятынын өз алдынча маданий-идеологиялык, мүмкүн, диний борбор болгонун айгинелейт.

Тургун жайдын чарбалык негизин салыштырмалуу өнүккөн дыйканчылык жана мал чарбачылык түзгөн, кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн издери жок.

Кийинчерээк Ош тургун жайынын ордуна, Сулайман тоосунун айланасында анча чоң эмес конуштар, чептер өсүп чыккан, мезгилдин өтүшү менен Ош шаары түзүлгөн.

**Анжиян тургун жайы** Эң ири чуст тургун жайы Оштон түндүктү карай 40 км жерде, Анжиян облусунун Аим айылынын жанында жайгашкан. Ал чийки кыштан салынган дубалдар менен курчалган. Башкаруучунун сепили өзгөчө бөлүнүп турган. Мында 2 миңге чейин адам жашаган.

Бирок уруулук бөлүнүү дагы эле сакталган: уруу өзүнчө тургун жайда жашаган; бир оазистеги тургун жайлардын тобу *урууну*, бардык тургун жайдагылар – *уруулар союзун* түзгөн.

Чуст тургун жайларынын жашоочулары Ташкен оазисинин, Согдунун, Бактриянын, Парфиянын дыйкандары, Чыгыш Түркстандын калкы жана түндүктөгү коңшулары – андрондуктар менен байланышта болушкан. Орто жана Алдыңкы Азиянын түштүгүнүн дыйкан калкына караганда алар кыйла жай өнүккөн. Бирок бардык тарабынан мал чарба жүргүзүүчү уруулар менен курчалып, азыраак ыңгайлуу шарттарда болуу менен чусттуктар өздөрүнүн өз алдынчалыгын, өздөрүнүн жашоо мүнөзүн сактап калышкан.

## Чуст коому

Б.з.ч. II кылымдын акыры – I кылымдын башында Ферганада алгачкы жамааттык түзүлүштүн аяктоо жана жаңы коомдун түзүлүү процесси жүргөн. Жоокерлердин, дин кызматкерлеринин жана дыйкандардын сословиелери түзүлгөн, катардагы жамаат мүчөлөрү менен катар эле белгилүү жана бай адамдар бөлүнүп чыккан.

## Чусттуктардын диний ишенимдери

Сулайман тоо сыйынуучу жер болгон жана болуп калууда. Тоого сыйынуу адаты байыркы учурда кеңири тараган, индоарийлердин мифтеринде жана «Авестада» чагылдырылган, Геродот тарабынан эскерилген. Кийинчерээк исламга чейинки ишенимдер мусулмандык ишенимдерге



Чуст маданиятынын аска бетиндеги сүрөттөрү (Сулайман тоо, Ош ш.)

Бул кызык

## САЙМАЛЫ-ТАШ АСКА БЕТИНДЕГИ ГАЛАРЕЯСЫ

Коло доорунун аска бетиндеги сүрөттөрү Кыргызстандын чегинде негизинен Саймалы-Таш байыркы галереясында (Нарын облусундагы Көгарт дарыясынын башы), Чолпон-Ата шаарынын аймагында (Ысык-Көл) жана Кетмен-Төбө өрөөнүндө.

Бирок Саймалы-Таш – дүйнөдөгү эң чоң сүрөттөр галереясынын бири. Белгилүү археолог А.Н.Бернштам бул байыркы тоо храмына өзүнүн барганын төмөнкүчө баяндайт: «Деңиз деңгээлинен үч миң метрден ашык бийик тоодогу Саймалы-Таш капчыгайында көп сандаган аска бетиндеги сүрөттөр бар, бул байыркы мезгилдин эң зор сүрөт галереясы. Миңдеген жылдар ичинде таштарга «сүрөт тартуу менен» адамдар бул тоолорго өздөрүнүн иш-аракеттеринин, өздөрүнүн ушул жерде болгонунун издерин калтырышкан. Бардыгы, мүмкүн жүз миңден ашык сүрөт Саймалы-Таш аскаларына тартылган. Алар өтө ар түрдүү, анткени алар ар түрдүү учурларда тартылган. Эң байыркылары б.з.ч. II миңинчи кылымда тартылган (азыр окумуштуулар аны б.з.ч. III кылымга же ал түгүл IV кылымдын акырына таандык деп эсептешет) – бул коло доорунун эстеликтери.



Топоздор чегилген арабалар жана соколор сүрөттөлгөн көрүнүштөр, өзгөчө кийимчен жана канаттардан жасалган баш кийимчен адам фигуралары – кыйла байыркылары. Топоздордун тулкулары эки үч бурчтуктан түзүлгөндөй көрүнөт, ал эми мүйүздөрү Алдынкы чыгыштын байыркы кооз карапасына өтө окшош шариктер менен бүтөт. Саймалы-Ташта кыйла сонку стилдеги башка сүрөттөр да бар, мында жаныбардын тулкусу төрт бурчтук түрүндө берилген, ал эми мүйүзү жана куйругу бүткүл сүрөттөргүдөй сыяктуу ошол эле «почерк» менен одоно аткарылган».

Саймалы-Таштын петроглифтери





өткөн жана Сулайман пайгамбар жөнүндө көз караштар менен байланышкан, ал эми Тахти-Сулайман тоосу исламдын ыйык жайы болуп калган.

Байыркы оштуктардын диний ишенимдери зороастрия көз караштарынын варианты, табияттын күчтөрүнө, от, күн культуна сыйынуу болгон.

## САКТАР ЖАНА СКИФТЕР

### Скиф жана сак уруулары жайгашкан аймактар

Б.з.ч. I кылымда кеңири аймакта – Түндүк Кара деңиз боюнан азыркы Афганстандын чегарасына чейин, Алтайда жана Сибирде – индо-европалыктардын тууган-уруктары жашаган, алар тарыхта скифтер (Европада) жана сактар (Азияда) катары белгилүү.

### Азия сактары

Индия булактарында Орто Азияда жайгашкан элдер *турлар*, байыркы перси тилинде – *сактар*, байыркы грек тилинде көбүнчө *скифтер*, байркы кытай тилинде – *сэ* деп аталган.


*Сак* термини «күчтүү эркек» (жоокер) дегенди түшүндүрөт деп болжолдошот. Ошол мезгилде сактар Кыргызстандын негизги калкы болгон. Б.з.ч. VI–V кылымдарда алар эки ири уруу союзуна бириккен. Алардын бири Каспий деңизинен жана Узбойдон Борбордук Теңир-Тоого жана Иле дарыясынын өрөөнүнө чейинки аймакты ээлеген. Байыркы перси булактарында бул союз *сактар–тиграхаудалар*, байыркы грек булактарында – *сактар–ортокорибаитилер* деп аталган, бул которгондо «шуштугуй калпакчан сактар» дегенди билдирет, анткени «алар баштарына бийик, учу шуштугуй баш кийим кийишкен, абдан бекем болгондуктан ал тик туруп турган». Ага массагеттер, абийлер, апасиактар, дербиктер, дахтар ж.б. деп аталган уруулар кирген.

Сак урууларынын башка союзу Түндүк Индиядан Алайга жана Ферганага чейин жайгашкан. Перстер аларды *сактар–хаумаваргалар*, башкача айтканда «хаумду артык көргөндөр» (ыйык өсүмдүк), ал эми гректер – *сактар-амюргилер* деп аташкан. Акыркы терминдин келип чыгышы биротоло такталган эмес. Болжолу ал чыгыш иранча «марг» дегенден келип чыгышы мүмкүн, анын мааниси «жаңы чөп, шалбаа» дегенди билдирет. Сактар-хаумаваргалар Кыргызстандын түштүгүндө жашаган.


Европалык скифтерден айырмаланып сактардын азиялык уруулары грек тарыхчыларына көп белгилүү болгон эмес. Ошондуктан ошол жарды маалыматтар өтө баалуу, андан болгону төмөнкү эле сөздөрдү окууга болот: «Сактардын кой баккан малчылары – скиф уруулары. Алар эгин өстүрүлүүчү Азияда жашашкан, чыныгы көчмөндөрдөн келип чыгышкан...



Сак-тиграхауда. Б.з.ч. V к. (ахеменид рельефи боюнча)




◂ Сак көрүстөнүнөн табылган эркектин скульптуралык портрети (Жал-Арык көрүстөнү). Г.А. Лебединскаянын реконструкциясы.




## СКИФ-СИБИРЬ ДҮЙНӨСҮНҮН АРХЕОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫ

- (1) Кара деңиз боюндагы скиф маданияты, б.з.ч. VII–III кк.
- (2) Скиф маданияты жана анын варианттары, б.з.ч. VII–III кк.
- (3) Түндүк Кавказдын скиф маданияты, б.з.ч. VII–V кк.
- (4) Иртыш боюнун маданияты: баит (б.з.ч. VII–IV кк.), горох (б.з.ч. V–III кк.) жана саргат (б.з.ч. IV к. – б.з. V к.)
- (5) Казакстандын тасмолин маданияты, б.з.ч. VII–III кк.
- (6) Арал боюндагы сактардын чирикрабат жана жетиасар маданияты, б.з.ч. VII к. – б.з. V к.
- (7) Массагеттердин күйүксай маданияты, б.з.ч. VII–II кк.
- (8) Орто Азия, Теңир-Тоо жана Памир сактарынын жана усундарынын маданияты (б.з.ч. VIII к. – б.з. II к.)
- (9) алтай-чыгышказакстан маданияты: май эмир (б.з.ч. VIII–VII кк.), пазарык (б.з.ч. VI–IV кк.), кара-кобин (б.з.ч. VI–III кк.) жана кула-жургин (б.з.ч. III–I кк.)
- (10) Туванын уюк маданияты, бз.ч. VII–III кк.
- (11) Минусин өрөөнүнүн тагар маданияты, б.з.ч. VII–III кк.






Скиф стилинде жасалган бугунун сүрөттөлүшүнүн табылгасы

Кострома, Кара дениз бою станциясы
Саккыз көрүстөнү, иран
Чиликти 5 коргону, Чыгыш Казакстан
Пазырык 2 коргону, Тоолуу Алтай
Ордос, Кытай
Жогорку Кая, Минусин өрөөнү

Экспорт буюмдарынын археологиялык табылгалары

скиф-сарматтардан келген
түндүк кавказдан келген
орто азиядан жана жакынкы чыгыштан келген
кытай жибеги
Кытайдан келген башка буюмдар
Ирандан келген
гректерден келген
франийликтерден келген
Улуу жибек жолу (Е.И. Лубо-Лесниченко боюнча)
Башка соода жолдору
Соода жолдорунун болжолдонгон участкалары
•Ван Шаарлар
ИИРКИ Уруулар
Аз изилденген аймак

(12) меот маданияты, б.з.ч. VIII–II кк.
(13) тактача күмбөздөр маданияты жана хунну эстеликтери, б.з.ч. VIII–II кк.

Археологиялык пункттар

| | |
|---|---|
| Бельское | Шаар чалдыбары |
| Аржан | Коргондор |
| Кароол дөбө | Маданий борборлор |

Алар тирүү багынып бербейт, бири-бирине адилет мамиле жасайт. Алар атчан жүрүшөт жана сүт менен азыктанышат».

Сактар чыгыш иран тилинде сүйлөшкөн. Археологдор Алайдан, Борбордук Теңир-Тоодон жана Кетмен-Төбөдөн табышкан баш сөөктөр боюнча алар европалык түрдөгү обликке ээ болушканын аныктоого мүмкүндүк болду. Болгону айрым сактарда гана бир аз монголоиддик белгилердин болгону белгиленген.



▸ Чырпык кармаган сыйкырчы. Алтын тактача. Амударыя кенчи

## Европалык скифтер

Скиф урууларынын тарыхы алардын Кара деңиз боюндагы грек келгиндери менен дайыма байланышып тургандыгынын натыйжасында жакшы белгилүү. Гректер ал түгүл скиф Анахарсисти дүйнөдөгү жети акылмандын бири катары таанышкан. Грек тарыхчысы Геродот Скифияда болгон жана анын тургундарынын жашоо-турмуштарын баяндап жазган. Археологдор акыркы 150 жыл ичинде скифтердин тургун жайларын жана коргон-мүрзөлөрүн казуу менен алар жөнүндө өзгөчө бай маалыматтарды алышты.

Түндүк Кара деңиз боюнун талааларында скиф уруулары б.з.ч. VIII-VII кылымдарда пайда болгон. Ал учурда алар Алтайга чейинки Европа талааларында жайгашкан.

Скифтер эр жүрөк жана жоокер эл болгон. Эр жүрөк жоокерлер скифтерде өтө урматталган. Ошолор гана жыл сайын болуучу салтанаттуу тойлордо ардактуу жалпы чыныдан тамак ичүү укугуна ээ болушкан.

«Скифтер ар бир элден алман алып турушкан, бирок алмандан башка аларга чабуул коюп жана ар бир элде эмне болсо тартып алып турушкан», – деп жазган грек тарыхчысы Геродот.



Ак сөөк скиф. М.М. Герасимовдун реконструкциясы

Европанын жана Азиянын көптөгөн державаларынын тагдыры скифтер менен тыгыз байланышкан: алардын аттары түндүктө Балтика деңизине чейин, түштүктө – Синай жарым аралына – Африканын дарбазасына чейин жеткен. Скифтердин соккусунан Закавказьедеги Урарту мамлекети кулаган; алар менен Ассирия, Персия, Македония сыяктуу державалар эсептешип турган, алар Рим менен атаандашкан.

Скифтер кошуналарына тайманбай чабуул коюп гана турбастан, зарыл болгон учурда алар эр жүрөктүүлүк менен өздөрүнүн жерин коргошкон. Б.з.ч. VI кылымдын акырында Персия падышасы Дарий I өтө зор аскери менен скиф жерине кирип келгенде аларды кууп чыгып жеңишке жетишкен.

Бул кызык

## ЫСЫК КОРГОНУ

Сак урууларынын мүнөздөмөсүн археологдор толукташты. Сактар жөнүндөгү көптөгөн жаңы маалыматтарды Алматыдан алыс эмес жайгашкан Ысык коргонунан казак археологдору казып алышкан табылгалар берди.

Эки жыл бою археологдор өтө кылдаттык менен өзгөчөлөнгөн буюмдарды табабыз деген ишеним менен катмар-катмар кылып, топуракты алышты. Бирок коргон байыркы мезгилде эле тонолуп кеткен. Ага карабай археологдор казганды уланта беришти. Алардын аракетине сыйакы төлөндү. Бул зор коргондун бийиктиги 6 м жана айланасы 60 м экендиги аныкталды, анда эки мүрзө бар болуп чыкты. Борбордук мүрзөнү тоноо менен тоноочулар б.з.ч. V кылымда өлгөн 16-18 жашар өспүрүмдүн сөөгү коюлган, капталында жайгашкан мүрзөнү байкабай калышкан. Анын мүрзөсүнөн окумуштуулар ар түрдүү сүрөттөр түшүрүлгөн көптөгөн алтын тактачаларды табышты (кийин анын саны 4 миң болуп чыкты!). Тактачалар качандыр бир кезде өспүрүмдүн кийимине тигилиптир. Окумуштуулар казууда алардын бирин да ордунан жылдырбоого аракеттеништи жана алар «алтын адамдын» костюмун калыбына келтире алышты.


Мүрзөдөн ошондой эле карапа идиштер, курал-жарактар, кыязы сак тилинде жазуусу бар күмүш чөйчөк табылды.



Ак сөөк сактын сый кийими.
К.А. Акишевдин реконструкциясы

Ысык коргонунун алтын буюмдары абдан сапаттуулугу менен айырмаланат. Ушундай эң сонун буюмдарды сак чеберлери жасаганына ишенбей турушту. Бирок ага окумуштуулар Кыргызстандан, Ысык-Көлдүн жээгиндеги Барскоон айылынын жанынан жез тактачалардан турган кенчти тапканда ишеништи: алардын бир бөлүгүнө чебер жаныбарлардын сүрөттөлүшүн же көркөм көчөт түшүрүүгө үлгүргөн, ал эми экинчи бир бөлүгүнө сүрөт түшүрүлгөн эмес. Бул болсо Ысык-Көлдөн табылган буюмдар жергиликтүү чеберге таандык экенин далилдеди (анткени эч ким ондогон, ал түгүл жүздөгөн километр аралыктан бүтпөгөн буюмдарды алып келмек эмес). Бирок айрым жез тактачалардагы сүрөттөлүштөр Ысык коргонундагы өспүрүмдүн кийимин жаап турган алтын тактачалардын дал өзүндөй болгон! Демек аларды да сак чебери жасаган.

Кыргызстандын аймагынан азырынча сактардын бай «падыша» коргондору табыла элек. Бирок демейдеги сактардын мүрзөлөрү Борбордук Теңир-Тоо өрөөнүнөн, Нарын шаарынын жанынан, Кетмен-Төбөдөн жана башка жерлерден көп табылган. Ошондой эле сак мезгилинин бир нече кенчтери табылган.



▸ Жолборстун башы түрүндөгү тигилме коло тактачалар. Б.з.ч. V–III кк. (Ысык-Көл, Барскоон)

Б.з.ч. I кылымдын ортосунда скифтердин ичинде теңчилик болбой калган. Скиф урууларынын ичинде башкаруучулук кылуучу тукум пайда болгон (Геродот аларды «падышалык скифтер» деп атаган); ар бир уруунун ичинде ак сөөктөргө жана жөнөкөй коомдогуларга ажырымдалуу да болгон. Б.з.ч. IV кылымда скифтер мамлекети түзүлгөн.

Скиф урууларынын көпчүлүгү көчмөндүк жашоо мүнөзүндө болушкан. Алардын жери эң мыкты жылкылары жана көп сандаган койлору менен даңкталган. Айрым уруулар («скифтер-дыйкандар») буудай, таруу, башка дан эгиндерин, пияз жана сарымсак өстүрүшкөн, металл казуу жана иштетүү, коло жана темир куюу менен алектенишкен. Зергерчилик буюмдарын даярдоого өзгөчө орун бөлүнгөн.

Соода дагы жакшы өнүккөн. Скифтер Кара деңиздин боюндагы грек мамлекеттери менен соода жүргүзүп, аларга эгин, тери, кул жиберип турушкан жана алардын ордуна карапа идиш, оливка майын, шарап, искусство чыгармаларын алышкан. Дал ушул скиф жери аркылуу көптөгөн грек буюмдары коңшу урууларга жеткен.

Жаткан букалардын фигуралары. Коло. Б.з.ч. V–III кк. (Ысык-Көл өрөөнү, Чолпон-Ата айылы)



## Алгачкы көчмөндөр

Б.з.ч. VIII-VII кылымдарда *байыркы көчмөн-малчылардын цивилизациясы* пайда болгон. Алар түндүк Кара деңиз боюн, Казакстандын, Борбордук Азиянын, Түштүк Сибирдин аймагын ээлеген. Короо-короо койлору жана үйүр-үйүр жылкылары менен алар мезгилге жараша көчүп жүрүшкөн.


Бул жерде мал бакканга караганда кыйла деңгээлде ошол мезгилдеги көчмөндүк турмуш адамдарды калориялуу тамак-аш (эт, май, сүт, быштак, кымыз) менен камсыз кылган. Көчмөндөр териден бышык жана жылуу кийим-кече тигишкен, жүндөн турак-жай үчүн кийиз жасашкан, жылкынын куйрук-жалынан аркан эшкен. Алардын экологиялык жакыр жерлери кургак талаалар, чөлдөр жана жарым чөлдөр, ал эми Кыргызстандын шартында бийик тоо болгон. Бирок негизгиси – байыркы көчмөндөр темир менен катар эле көпкө чейин колодон көнүмүш болуп калган буюмдарды пайдаланышса да темирден эмгек куралдарын жана курал-жарактарды жасаганды үйрөнүшкөн. Темирдин пайда болушу менен коло доору бүткөн.

Кыргызстандын сактарынын негизги чарбасы ошондой эле көчмөн мал чарбачылык болгон. Анча чоң эмес участкаларга алар өзгөчө багууну талап кылбаган, негизинен арпа өстүрүшкөн. Эгинди малга же мал чарба азыктарына коңшу дыйкан уруулар менен алмашкан.

Ал эми сактарда мал көп болгон. Бир үй-бүлөнү багыш үчүн эле 25-30 жылкы же 150дөй кой талап кылынган. Ак сөөктөрү бир нече миң кой жана үйүр-үйүр жылкыларга ээ болгон. Мал жыл бою талаадан оттогон.

Сактар чоң кылчык жүндүү кой, эки өркөчтүү төө жана шилисинде өркөчү





▲ Сактардын коло казандары. Б.з.ч. V–IV кк.

◂◂ Пазырык коргонунан табылган кийиз килемдин фрагменти. Б.з.ч. V–IV кк. (Алтай)


бар үй багышкан. Ушундай үйлардын коло фигураларын археологдор Ысык-Көлдөн табышкан. Сактардын өзгөчө сыймыктанганы жылкылар болгон. Сыртынан алар сымбатсыз көрүнгөн: чымыр, кичине, мойну кыска жана башы чоң болгон. Бирок алар чоң артыкчылыкка ээ болушкан: тоютту өздөрү таап жешкен, көп эт жана кымыз үчүн сүт берген, абдан чыдамдуу келишкен. Көчмөндөрдүн жылкысын гректердин таскактуу жылкысы менен салыштырып, байыркы тарыхчы төмөнкүчө жазган: «Аларды (көчмөндөрдүн аттарын) адегенде катуу бастыруу кыйын, анткени эгерде Фессалия аты менен салыштырып көрсөң аларга толук жек көрүү менен мамиле жасоого болот (Фессалия – Грециядагы облус, мында мыкты аттарды өстүрүшкөн). Бирок алар кандай ишке чегилсе да чыдамкай келишет, тигил бойлуу, ойноктоп турган, кызуу кандуу аттар күчтөн тайганда, ушул жапалдаш жана кырчаңгыдай көрүнгөн кичинекей аттар адегенде тигини кууп жетип, андан кийин караандатпай кетет».

Кыргызстандын тоолуу шарттарында көчмөн чарба өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ болгон. Казакстандын кеңири талааларында жайында малды түндүк токойлорунун чегарасында багышкан, кышка карата аларды ондогон, ал түгүл миңдеген километр алыстыктагы түштүккө айдашкан. Мындай көчүп жүрүү *горизонталдуу* деп аталат. Ала-Тоону байырлаган көчмөндөргө тоонун этегиндеги өрөөндөрдө жайгашкан өздөрүнүн кыштоолорунан алыс кетүүнүн кажети жок болгон. Жайында алар малды салкын жана чөбү күйүп кетпеген тоолордун бийик төрлөрүнө чыгарышса, кышында өрөөнгө түшүшкөн. Мындай көчүү *вертикалдуу* деп аталат.

Сактар жайында жайлоолордо боз үйдү элестеткен оңой көчүрмө туракжайларда, кышында туруктуу салынган тамдарда жашашкан. Мында тамак жасоо үчүн очок болгон. Тамактын негизин эт жана сүт азыктары, арпа нан түзгөн. Кээде тамак-ашты жапайы жаныбарлардын эти менен түрдүүлөшкөн: сактар чебер мергенчилер болушкан.

Сактар түрдүү кол өнөрчүлүктү билишкен. Алардын көпчүлүгү үчүн сырьену мал берген. Койдун жүнүнөн кездеме токушкан, кийиз жасашкан, аны сырт кийимдерди жана килемдерди жасоого колдонушкан. 25 кылым мурда жасалган





▲ Сак мезгилинин коргондору. Б.з.ч. VI–III кк. (Кетмен-Төбө)

▸▸ Сак күрүстөнүнүн кесилишинин реконструкциясы



Оймо-чийме түшүрүлгөн карапа аяк. Б.з.ч. I кылымдын ортосу (Фергана өрөөнү)

килемдер, албетте сакталган эмес. Бирок түбөлүк тоң жаткан зонадагы, Алтайдагы Пазырык коргонунан уникалдуу буюмдар, анын ичинде жакшы сакталган кийиз килемдер табылган. Алардын биринде, кыязы, скифтерде жана сактарда өтө урматталган үй очогунун кудайы – Табити сүрөттөлгөн.

Иштетилген териден жасалган идиштер, кур, бут кийим, баш кийим да табылган.

Сактардын Ала-Тоодогу мүрзөлөрүнөн табылган чопо идиш-аяктардын көп санда болушу таң калдырат. Алардын түбү тегерек болгон, демек жашоотурмуштун көчмөн шарттарына жакшы ыңгайлашкан, бекем болгон.

Сактар жезди, темирди, алтынды, күмүштү казып алышкан жана иштетишкен, колону эритишкен. Темирден жана колодон барыдан мурда курал-жарак, ошондой эле эмгек куралдарын жасашкан.

## Сактардын коомдук түзүлүшү

Жазма булактарда б.з.ч. VI-V кылымдардагы сактардын коомдук түзүлүшү жөнүндө маалыматтар аз. Аларда «падышалар», «ак сөөктөр», «жоокерлер» гана эскерилет. Коомдун эң төмөнкү баскычында туткунга түшкөн кулдар болгон. Көчмөндүк коомдо кулдарга мал кайтарууга ишенишкен эмес, анткени алар качып кетиши мүмкүн болчу. Ошондуктан кулдар аз болгон жана алар чарбалык кара жумуштарды гана аткарышкан: отун даярдашкан, тери иштетишкен ж.б.у.с.

Жалпысынан сак коомунда чакан, тууган үй-бүлөлөрдүн тобун көчмөн жамаат түзгөн, бир нече көчмөн жамаат урууну түзгөн, ал эми уруулар болсо уруулар союзуна бириккен.

Б.з.ч. V кылымга карата сактарда чоң байлыкка ээ ак сөөк адамдар пайда болгон. Аксакалдары жана аскер башчылары уруулар үстүнөн болгон бийликти өз колдоруна топтошкон. Акырындык менен ак сөөктөр арасынан өтө байлар жана күчтүү уруу башчылары бөлүнүп чыккан. Алардын бийлиги мураска өткөн. Сак коомунда «хандар» жана «ханышалар» пайда болгон. Бирок маанилүү иштерди, мисалы, согуш ачууну же согушту токтотууну сактар уруулардын жалпы чогулушунда чечкенди улантышкан. Аларга бардык эркектер катышкан.

Сактарда бардык эркектер жоокерлер болушкан. Балдар өтө кичинекей кезинен эле ат мингенди үйрөнүшкөн, ал эми чоңойо баштаганда аларды жаа атууга үйрөтүшкөн. Грек тарыхчысы-

нын айтуусу боюнча Орто Азияда «жаа менен атуучу дүйнөдөгү бардык жаачылардын ичинен эң эле чебер, бир дагы жебесин текке кетирбеген сактар байырлашкан». Жаа менен куралданышкан сак атчандары коркунучтуу күч болгон.

Сак коомунда жогорку абалды аялдар ээлешкен. Замандаштарынын айтуулары боюнча алар «каарман болушкан жана өздөрүнүн күйөөлөрүнө согуш коркунучтарында жардамга келишкен». Тарых сак жоокер аялдарынын–ханышалардын аттарын – Спаретраны, Зариналы, Томиристи сактап калган.

Сак коомундагы өзгөрүүлөр жөнүндө сак көрүстөндөрүн изилдөөдөгү материалдар түшүнүк берет. Эгерде жамаattын катардагы мүчөсү каза болсо, анын сөөгүн анча чоң эмес көргө коюшуп, анын жанына бир-эки чопо идиш, коло же темир учу бар бир нече жебе, жаа же кылыч коюп коюшкан. Аялдардын мүрзөсүнө идиш-аяк жана жасалгаларды коюшкан. Мүрзөнүн үстүнө чакан корғон курушкан.

Ак сөөк адамдарды башкачараак көмүшкөн: казанактуу казылган чоң көрүстөнгө адегенде жыгач дөңгөч таш-ташкан. Каза болгон адамга жакшы кийимдерин кийгизип, анын жанына кымбат буюмдарын, курал-жарактарын коюшкан. Белгилүү адамдын мүрзөсүнө курмандыкка чалынган анын жакшы көргөн аты да коюлган. Көрүстөндүн үстүн устундар менен жантыгынан жаап, андан кийин чоң – бир нече метр бийиктиктеги корғон салышкан. Корғон салууга, андан кийин анын ашына бардык уруу катышкан. Сак хандарынын сөөгүн андан да чоң расым менен көмүшкөн.



Таш курмандык столчосу. Б.з.ч. I кылымдын ортосу (Чүй өрөөнү)

## Скиф жырткычтык стили

Б.з.ч. I миң жылдыкта Евразиянын талааларында жайгашкан скифтердин жана аларга тили тектеш сактар, массагеттер, савроматтар жана башка элдердин маданияты скифтик деп аталат.



Оролгон пантеранын сүрөттөлүшү бар тактача. Ат жабдыгынын бөлүгү. Коло. Б.з.ч. VIII–VII кк. (Ысык-Көл өрөөнү)



Оролгон жырткычтын сүрөттөлүшү, таман астында сайгактын башы. Коло. Б.з.ч. VI–V кк. (Ысык-Көл өрөөнү)



Коло ооздук – ат жабдыгынын бөлүгү. Ысык-Көлдүн түбүнөн табылган. Б.з.ч. V–III кк.


Скиф мифологиясында аалам горизонталы боюнча үч зонага бөлүнөт: жогорку дүйнө канаттуулар менен байланышкан, ортоңкусу туяктуу жаныбарлар, төмөнкүсү балыктар жана жыландар менен байланышкан. Ошондуктан байыркы чеберлер дүйнө түзүлүш системасында түзүлүүчү буюмдун ордун аныкташкан жана аны жаныбарлар түрүндө элестетишкен. Скиф жырткыч стили үчүн позалардын белгилүү топтому мүнөздүү – жаныбардын буту денесинин астына бүгүлүүгө тийиш, жырткычтар шакекке окшош оролгон түрдө, ал эми канаттуулар канаттарын жайып сүрөттөлөт. Жаныбарлардын денесинин айрым бөлүктөрү, эреже катары, аларга, мисалы, жырткычтын курч тырмагына же жаагына көңүл буруу үчүн чоңойтулган.

Скиф жырткыч стилин чагылдыруунун ачык образы болуп Ысык-Көлдүн түбүнөн табылган коло ооздук – ат жабдыгынын бөлүгү кызмат кылат. Ооздук көзөнөкчөсү бар ийилген өзөкчө түрүндө болот, анын учтарына эки жырткыч жаныбардын башы жайгаштырылган. Бул баштарда чоң жаак, күчтүү азуу бар, ал эми эриндери спираль түрүндө.

Скиф мезгилинин Ысык-Көлдөн табылган башка бир табылгасы – жырт-

Бул кызык

## САКТАР ГРЕК БУЛАКТАРЫНДА



Байыркы грек тарыхчысы Геродот

*«Массагеттер скифтердикине окшош кийим кийишет жана жашоо-тиричилиги да окшош. Алар атчан да, жөө да катарга тизилип согушат (мындай да, андай да). Алар адатта жаалар, найзалар жана жоокердик ай балталар менен куралданышкан. Алардын бардык буюмдары алтындан жана жезден. Бирок найзалардын, жебелердин учтарын, жоокердик ай балталардын мизин жезден жасашат, ал эми баш кийимдерин, курду, кылычтын кынын жана боосун алтын менен кооздошот. Ошондой эле алар аттарына да жез көмөлдүрүктөрдү да тагышат. Жүгөн, нокто, басмайылдарын алтын менен кооздошот. Темир жана күмүш алардын күндөлүк турмушунда такыр жок, анткени бул металлдарды ушул өлкөдөн такыр жолуктура албайбыз. Бирок ал жерде алтын жана жез абдан көп.*

*...Сактар (скиф уруулары) баштарына төбөсү шуштугуй, тик турма баш кийимдерди кийишкен. Алар шым кийишкен, сак жаалары жана канжарлары менен куралданышкан. Андан сырткары аларда сагаристер – кош миздүү жоокердик ай балталар болгон. Булар амюргий сактары деп аталган уруулар болуп эсептелет (алар скифтердин өздөрү болушкан). Перстер анткени бардык скифтерди сактар деп аташкан».*

(Геродот. «Тарых»)

кыч жаныбарды элестеткен курдун бөлүгү, мында жырткыч жаныбардын күчтүү тырмагы өзгөчө көрсөтүлгөн.



Скифтердин жоокердик жашоотурмушунан көрүнүш менен коргондун кыры кооздолгон. Б.з.ч. IV к. (Солоха коргону, Украина)

## Сактардын жоокердик иштери

Ар бир эрезеге жеткен сак жоокер болуп эсептелген жана башкаруучунун чакыруусу боюнча бардык куралжарагы жана өзүнүн аты менен жортуулга чыгууга милдеттүү болгон. Атта жүрүүгө жана жаа атууну алар бала кезинен өздөштүрүшкөн, ошондуктан сактардын атчандары дүйнөдөгү эң мыктылардан деп эсептелген. Кээде сактар жөө салгылашкан. Жаа атканды жоокерлер эң мыкты билишкен – кандай гана абалда болбосун – ал түгүл катуу чаап баратып да, артка бурула калып да атканда, эреже катары, ал түздөн-түз мээлеген жерине тийген. Ассирия хандары сактарды жаа атууну үйрөтүүчү устат катары чакырып турушкан. Археологдор коргондорду казууда Ала-Тоо сактарынын курал-жарактарынын толук комплектин чогултушкан. Булар кыска канжарлар, кылычтар, сабы үчүн көзөнөкчөсү бар жалбырак сымал найзалар; чырпыктардан токулган жана калың тери менен капталган калкандар; согуштук балталар жана согуштук керкилер. Жаа кыска, бирок абдан бекем керилген. Жебени үч канаттуу коло, кээде темир учтуу жыгачтан же камыштан жасашкан. Б.з.ч. V-IV кылымдарда сак атчандарында пластиналуу соот-шаймандар жана металл туулгалар менен корголгон оор куралданган аскер отряддары пайда болгон. Алар ак сөөктөрдүн жана падышанын кошуунун түзгөн.



◂ Сак мезгилинин куралдары

Өз ээсине берилген жоого минүүчү аттарды үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бурулган. Грек булагында төмөнкүдөй окуя баяндалат. Эки көчмөн жоокер жекемежекеге чыгышат жана анын бири экинчисин өлтүрөт. Салт боюнча жеңүүчү жеңилгендин соот-шаймандарын жана куралдарын алгысы келет, бирок курман болгондун аты аны «тиштегилеп жана туягы менен тепкилеп өлтүрөт».

## Сактардын перси падышалары менен болгон күрөшү

Б.з.ч. VI кылымда сактар–тиграхаудалар күчтүү душмандары менен көз карандысыздык үчүн тынымсыз күрөш жүргүзүшкөн. Б.з.ч. 550-ж. перси (иран) урууларынын падышасы Кир II кошуна мамлекет Мидияны талкалаган жана Ахенмениддер династиясын негиздеген. Персиянын жаңы падышасы байыркы тарыхтагы көрүнүктүү инсан болгон. Кыска мөөнөттө эле ал өлкөнү башкарууну жөнгө салып жана көп сандаган армияны түзгөн, аны өзү башкарган. Кир II Жакынкы Чыгыш өлкөлөрүн, Түндүк Индияны, Парфияны, Хорезмди, Арейуну, Бактрияны жана Согдиянаны басып алган. Ал өзүнө сак–хаумаварг урууларынын айрымдарын да баш ийдирген.



Улуу Кир II – Персиянын башкаручусу (б.з.ч. 549–530-жж.)

Зор материалдык жана адам ресурстары бар аймакка ээ болуу менен Кир II эки күчтүү мамлекет – Вавилон менен Египетти талкалоого аракет жасоону чечкен. Вавилон б.з.ч. 539-ж. баш ийип берген. Бирок Египетке жүрүш жасоону Персия державасынын түндүк-чыгыш чет жакасында ошол мезгилде Томирис ханыша башкарган сактардын уруулары күчтөнүп турганына байланыштуу кийинкиге калтырууга туура келген. Кир II аларды биринчи кезекте баш ийдирүүнү чечкен.

Кир II сыяктуу тажрыйбалуу кол башчы жетекчилик кылган эки жүз миң кубаттуу армия менен күрөшүү үчүн сактардын ханышасы Томирис Жети-Сууну, Ысык-Көлдү жана Ала-Тоону камтуу менен бардык жерлерден сак–тиграхаудалардын ошончолук күчтүү армиясын жыйнаган.

Б.з.ч. 530-ж. жайында Кир II сактардын аймагы менен чектеш дарыяга келген. Кол салуу үчүн шылтоо издеп ал элчилери аркылуу Томирис жесирдин колун сураган. Анын баш тарткан жообун угуп Кир II согуш жарыялаган. Бирок эки жолку салгылашта эле сактар–тиграхаудалар перстерди кыра баштаткан. Башка бир версия боюнча сактар перстерди капчыгайга камап, алардын эки жүз миң армиясын толук кырып салган. Салгылашууда Кир IIнин өзү да өлтүрүлгөн. Ошентип Орто Азия жеринде дүйнөгө үстөмдүк кылууга аракеттенген адамзаттын тарыхындагы биринчи адамдын жашоосу аяктаган.

Кир II өлгөндөн кийин Ахамениддер династиясында так үчүн күрөш башталган. Көз каранды өлкөлөр ушуну пайдаланып Персия державасынын курамынан чыгып кеткен. Перстердин эзүүсүнө каршы Парфия, Маргиана, сак-хаумаваргалардын өлкөсү көтөрүлүшкө чыккан. Акырында Ирандагы бийликти Ахамениддер династиясынын каптал бутагынын өкүлү Дарий I Гистасп тартып алган (ал б.з.ч. 522-486-жылдары башкарган), ал Орто Азиядагы элдердин көтөрүлүштөрүн канга бөлөп баскан. Ага сактар–хаумаваргалар да баш ийген.

Б.з.ч. 519-ж. Дарий I сактар–хаумаваргаларды кошкондо ага баш ийген элдердин зор сандагы аскерлери менен сак–тиграхаудаларга кол салган. Көчмөндөр алыскы жерлерден аскер чогулта алышкан эмес жана согушка даяр эмес болгон. Уламыш боюнча Ширак деп аталган жөнөкөй койчу өмүрүн сайып өз элин сактап калган. Ал баатыр өзүнүн кулак-мурдун кесип, денесин канжар менен тилип жана перси аскер начальнигине келген, аны өзүнүн эле уруулаштары жарадар кылып кеткенин жана ал өч алууну эңсеп турганын билдирген. Ширак перстердин аскерлерин сактардын жашаган жерине алпармак болот. Жети күн бою ал баскынчыларды күн куйкалап турган суусуз чөл менен алып жүргөн. Перстер патриоттун чы-

Бул кызык

## БЕХИСТУН ЖАЗУУСУ

Бехистун аскасы азыркы Ирандын аймагында. Байыркы учурда бул Персиянын эң чоң сыйынуучу жайларынын бири болгон. Аны күн жарыгынын, адилеттикти жактоочунун, чегараларды коргоочунун кудайы – Митранын аскасы деп эсептешкен. Зороастриялыктардын ыйык китеби «Авеста» Митраны «женишти тартуулоочу» деп да атаган. Бехистун аскасынын жанына Митранын ак боз атын коюшкан, ага эч качан адам минген эмес. Салгылашта атты аскерлердин алдында алып жүрүшкөн, кудайдын өзү аларды согушка алып барат деп ишенишкен.

Б.з.ч. 516-ж. падыша Дарий I Бехистун аскасына байыркы перси, элам жана вавилон тилдеринде эстелик жазуу чегүүгө буйрук берген, анда падышанын иштери макталган. Анда б.з.ч. 519-ж. сактар-тиграхаудаларга каршы жүрүш жөнүндө да баяндалат: «Дарий падыша минтип айтат: сактардын аскерлери менен бирге шуштугуй калпак кийген, деңиздин ары жагындагы сактардын өлкөсүнө келдим. Андан кийин анын жериндеги деңизге жакын жердеги кеме көпүрөсүн калыбына келтирдим. Ушул кеме көпүрөсү менен мен ошол өлкөгө өттүм жана мен сактарга катуу кыргын салдым, бир бөлүгүн мен өзүм туткунга алдым, колдору байланган экинчи бөлүгүн менин алдыма алып келишти жана алардын биринчиси, эң чоңу Скунха деп аталганын менин алдыма алып келишти. Мен ал жерге өзүм каалаган башканы чоң кылдым. Андан кийин өлкө меники болуп калды».

1835-ж. англис офицери Генри Роулинсон Бехистун аскасына чегилген барельефтерге жана үч тилде (байыркы перси, вавилон жана элам) клинопистик белгилер менен жазылган жазууларды көргөн. Ал жазуулардын көчүрмөлөрүн жасап алган. Бул иш 12 жылга созулган. Анткени 400 клинопистик сапты көчүрүүгө туура келген, ал жазылыгы 20 м жана бийиктиги 7 м жерди ээлеген. Бул ишти жазууларды бойлото салынган ичке жолчолор менен ар бир мүнөт сайын өмүрдү тобокелдикке салып, жанды оозго тиштеп өтө бийиктиктен жасоого туура келген.



Бехистун аскасындагы барельефтин жана жазуунун фрагменти

Бехистун текстинде 200дөй адам аттары жана географиялык аталыштар камтылган. Перси жазууларынын ийгиликтүү чыккан котормосу окумуштууларга Байыркы Чыгыш элдеринин клинопистик жазууларын чечмелөөгө ачкыч болуп берген.



Бехистун аскасына чегилип жасалган барельефтен сүрөт. Бийик калпакчан – сак Схунха

ныгы ниетин баамдап түшүнүшкөн жана анын башын алып ташташкан.

Перстердин абдан алсыраган аскерлери баары бир сактар–тиграхаудалардын атчандарынын негизги отрядына кол салышкан жана алардын жетекчисин туткунга алышкан. Дарий тиграхауданын башчысы кылып көчмөндөрдөн ишенимдүү адамды дайындап, өзүнүн аскерлерин чоочун жерден чыгарып кеткен.

Байыркы Персиянын таасири, кандуу жүрүштөрүнө карабастан Сырдарыядан түндүккө жайылган эмес. Ала-Тоонун, Таластын, Чүйдүн жана Ысык-Көлдүн сактары баскынчыларга каршы күрөшкө катышуу менен аларга эч качан көз каранды болгон эмес жана Ахеменилдер державасынын курамына кирген эмес.

## Сактар Байыркы дүйнөнүн тарыхында

Персия элдери менен тынчтык жана согуштук мамиледе болуу менен Орто Азия көчмөндөрү Байыркы дүйнөнүн экономикалык, маданий жана саясий тарыхына кошулушкан. Сактардын он эки миң отряды өз учурунда Кир IIге кубаттуу Ассирияны жеңүүгө жардам берген. Сактар перси падышаларынын хан сарайындагы спорттук мелдештерге да катышкан.

Геродоттун «Тарыхы» жана башка булактар б.з.ч. V кылымда сактар ошол мезгилдеги маанилүү окуялардын, атап айтканда, белгилүү грек–перси согуштарынын (б.з.ч. 500-449-жылдар) катышуучулары болгонун айгинелейт. Союздаштар же жалдангандар катары орто азиялык сактар Ахеменилдер тарабында согушкан. Марофондук салгылашта (б.з.ч. 490-ж.) сактардын атчандары афиндик жоокерлерди чегинүүгө аргасыз кылышкан. Сактардын жөө аскерлери Фермопиль (б.з.ч. 480-ж.) жана Платея (б.з.ч. 479-ж.) салгылашууларына катышкан. Жоокер талаа сактары ал түгүл кеме экипаждарынын курамына кирген. Перстердин кол башчысы Мардоний Грецияны басып алууга даярданып аларды тандалма отряддарга кошкон. Жазма булактар билдиргендей сак аскер конуштары Вавилондун шаарларында жана Египетте болгон. Египеттин Мемфис шаарындагы перси гарнизону толук боюнча орто азиялык сактардан турган. Алардын бири – Сакиэтанын аты бизге чейин жеткен. Египеттен Орто Азияга чейинки перси державасынын түрдүү шаарларынан табылган чопо фигуралардын ичинде шуштугуй калпакчан сак жоокерлери жана теңиртоолук сак–тиграхаудалары сүрөттөлгөн.

Сактар өз мезгилиндеги маданияттын мыкты жетишкендиктери менен тааныш болгону жана дүйнөлүк тарыхтагы маанилүү окуяларга активдүү катышканы да белгилүү.

## Теңир-Тоо сактары Александр Македонскийге каршы күрөштө: уламыштар жана чындыктар

Александр Македонский Байыркы дүйнөнүн көрүнүктүү басып алуучусу Орто Азия элдеринде абдан белгилүү болгон. Уламыштарга ылайык көптөгөн Азия элдери, анын ичинде хорезмдиктер жана бадакшандыктар анын эр жүрөк жоокерлеринин түздөн-түз урпактары болуп эсептелет. Мындай жалган ата-теги менен



▸ Александр Македонскийдин сүрөтү бар тыйын

Бул кызык

**Александр Македонский** (б.з.ч. 356–323-ж.) – македониялык падыша Филипп IIнин жана ханыша Олимпиаданын уулу, б.з.ч. 336-жылдан баштап Македониянын падышасы, көрүнүктүү аскер башчысы (полководец), Байыркы дүйнөнүн ири мамлекетин түзүүчү. Македониянын борбору Пеллде туулган. Бала кезинен айланасындагыларды акылы жана илимге чанкагандыгы менен таң калтырган. Эң сонун билим алган (13 жашынан баштап анын тарбиячысы көрүнүктүү грек философу Аристотель болгон). Александр өз атасынын жетекчилигинде аскердик даярдыктан өткөн жана өспүрүм кезинде эле аскер ишине өзгөчө жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн. Б.з.ч. 338-ж. Херонейдеги салгылашта көбүнчө Александрдын аракетинин натыйжасында македонтуктар грек мамлекеттеринин коалициясын жеңүүгө жетишкен.

Такка жетүү менен панэллин (жалпы грек) союзун жана бириктирилген грек-македондук аскерлерди түзгөн. Александрдын максаты Персия державасын талкалоо жана жаңы жерлерди басып алуу болгон.

Б.з.ч. 334-ж. анын армиясы Геллеспонт (Дарданелл) аркылуу үч салгылашууга катышкан: Граниктеги (б.з.ч. 334-ж.), Исседеги (б.з.ч. 333-ж.) жана Гавгамелдеги (б.з.ч. 331-ж.), перси армиясы талкаланган.

Персия падышасы Дарий III качып чыккан, бирок тез эле Бактриянын сатрапы Бесс тарабынан өлтүрүлгөн. Дарий IIIнү өлтүргөндөн кийин Александр Орто Азияга басып кирген. Грек-македон баскынчыларына каршы Спитамендин жетекчилигинде көтөрүлүш чыккан (б.з.ч. 329–327-ж.). Ага сак отряддары катышкан. Б.з.ч. 329-ж. грек-македон армиясы менен сак отрядынын ортосунда Яксарт (Сырдарыя) дарыясында салгылаш болгон. Сактар жеңилип калышкан. Качкындардын артынан түшүп грек-македон аскерлери, кыязы, Кыргызстандын аймагында да болгон (Баткен облусу, Лейлек району). 327-ж. Александр бактриялык Роксанага үйлөнгөн.



Александр Македонский. Мозаика (Помпеи)

Орто Азияда көтөрүлүштү баскандан кийин Александр өзүнүн армиясын Индияга алып жөнөгөн (б.з.ч. 326-325-ж.). Инд өрөөнү Александрдын державасына бириктирилген. Бирок армиянын наараазылыгы аскер башчысын артка кайтууга аргасыз кылган.

Анын империясынын борбору болуп калган Вавилонго кайтып келип Александр түрдүү этностук калктарды бириктирүү саясатын (жергиликтүү ак сөөк адамдарды мамлекетти башкарууга катыштыруу жана никеге туруу аркылуу) уланткан. Падыша Аравияны жана Түндүк Африканы багынтууга даярданып жаткан, бирок бул пландарды ишке ашырууга анын капысынан каза болушу (б.з.ч. 323-жылдын 13-июну) жолтоо болгон.

Александр өлгөндөн кийин империяны иш жүзүндө анын аскер башчылары – диадохтору (мурасчылары) башкара башташкан, алар аны өз ара бөлүп алышкан. Александрдын державасынын саясий жана экономикалык бирдиктүүлүгү бекем эмес болсо да, грек жана чыгыш маданияттарын бириктирүү (синкретизм) эллинизм маданиятын түзүүгө алып келген.

Александр Македонский европа элдеринин ичинде да, чыгышта да өтө белгилүү болгон, чыгышта аны Искандер Зульхарнайн (Эки мүйүздүү Александр) деп аташкан.

сыймыктанышкан. Уламыштар орто кылымда эле улуу аскер башчыны Кыргызстандын аймагы менен байланыштырышкан. Анын биринде ал Чүй өрөөнүн басып алганы жана андан Шу аттуу мифтик ханзаданы кубалап чыкканы айтылат. Ал түгүл биздин күндөрдө эле Оштун, Өзгөндүн аймагынан, Ысык-Көлдөн жана

Бул кызык

## БАРСКАН – АЛЕКСАНДР МАКЕДОНСКИЙДИН ШААРЫ

Перси жана араб дүйнөсүнүн орто кылымдагы тарыхчысы Абу Сайд ибн Махмуд Гардизи «Зайн ал–ахбар» (Кабарлардын татынасы) деген чыгармасында Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги шаарлардын баяндалышын келтирет, алардын айрым бөлүгү кийинчерээк суунун астында калган. Бул – Яр, Тон, Барскан шаарлары, мында улуу лингвист Махмуд Кашгари төрөлгөн, ал байыркы түрк тилиндеги атактуу сөздүктүн («Дивану лугат ат-түрк») автору болгон, мында дүйнөнүн картасы бар, анын борборуна ал өзүнүн мекени Ысык-Көлдү жайгаштырган.

Гардизи Ысык-Көлдүн жээгиндеги Барскан шаарынын (азыркы Барскоон) негизделиши жөнүндө уламышты келтирет.

... Александр Македонский б.з.ч. 329-324-жылдары Перси державасын багындырып, козголоң чыгарышы мүмкүн болгон ак сөөк үй-бүлөлөрдү барымтага алган. Кытайга жана Индияга жүрүшкө чыгып, ал жолдо ак сөөк перстердин туткуну болуп калбаш үчүн аларды Ысык-Көлдүн жээгине таштаган. Персия төрөлөрүнүн балдары үйлөрүнө кетүүдөн үмүтүн үзүп, бул жерде шаар курушкан, аны Барскан деп аташкан. Живописчилер алардын үйлөрүн өз мекениндегидей кылып полихромдуу көп ярустуу панно менен коолдошкон.

Шаардын бөлүгү кийин суунун астына кеткен, ал эми калган бөлүгү анын жээгиндеги көтөрүңкү жерде калган. Бирок алар кийин айдоого айланган.



Коло казан – Ысык-Көлдүн түбүнөн табылган. Б.з.ч. V–III кк.

Кез-кезде толкундар жээкке көлдүн түбүнөн ар кандай арналыштагы археологиялык предметтерди жээкке чыгарып таштайт. Алардын ичинен сак маданиятынын жана үсүн мезгилинин предметтерин жолуктурууга болот, бирок алардын көпчүлүк бөлүгү эрте орто кылымга таандык. Ысык-Көлдүн жээгинде мындан жүз жылдан ашык мурда айдалган, эч качан окшош эстеликтердин чоң тобуна кирбеген орто кылымдагы шаардын сепили сакталып калган.



Ысык-Көлдүн түбүнөн табылган карапалар

Борбордук Теңир-Тоодон жергиликтүү тургундар Александрдын Кытайга мифтик жүрүшү менен байланышкансыган, көптөгөн жерлерди көрсөтүп келишет.

Чындыгында улуу македондуктун өзү да, анын жоокерлери да, Кыргызстандын аймагынан тереңдеп өтө алышкан эмес. Түндүк-чыгыштагы алар жеткен эң четки чек Ош облусунун Лейлек районунан агып өткөн Кожо-Бакырган-Сай суусу болгон. Сырдарыядан түндүккө жана анын сол куймасы Кожо-Бакырган-Сайдан чыгышка грек-македондук баскынчыларды көчмөндөр өткөргөн эмес. Көчмөндөрдүн кыштоосу ушул суунун боюнда, ал эми жайлоосу азыркы Кыргызстандын тоолорунда болгон. Бул көчмөндөрдүн башчыларынын көрүстөндөрү көбүнчө Кетмен-Төбө тоолуу өрөөнүндө болгон, мындан археологдор «падышалык» типтеги көптөгөн коргондорду ачышкан жана жарым-жартылай казышкан.

## Александрдын Орто Азияга жүрүшү

Б.з.ч. IV кылымда Ташкен оазисинин, Теңир-Тоонун жана Жетисуунун сактары Орто Азиянын башка элдери менен бирдикте грек-македония басып алуучуларынын кысымын кайтарууга туура келген. Б.з.ч. 334-ж. жазында Александр Македонский жетектеген аскерлер Персия державасынын чектерин бузуп кирген. Перстер бир нече салгылаштарда жеңип чыгышкан.

Чечүүчү салгышуу б.з.ч. 331-ж. 1-октябрда анча чоң эмес Гавгамела айылынын жанында болгон. Адегенде сактардын жана бактриялыктардын атчандары грек-македониялык авангардды талкалаган, бирок андан кийин Александрдын жеке өзүнүн катышуусундагы перстердин армиясынын борборуна болгон катуу чабуул падыша Дарий III Кодомандын (б.з.ч. 336-330-жылдары башкарган) көп сандаган армиясын качууга аргасыз кылган. Грек-македония аскерлеринин жеңиш маршы Азияга тереңдеп кире баштаган. Б.з.ч. 329-ж. Александрдын армиясы Сырдарыянын жээгине жеткен, бирок ал бул жерден суу боюндагы сактардын кубаттуу каршылыгына туш болушкан. Грек тарыхчылары аларды «Согданын ары жагындагы сактар» деп аташкан.



Мозаика фрагменти. Ортодо – Дарий III. (Помпеи)

## «Согданын ары жагындагы сактар»

Б.з.ч. IV кылымда Сырдарыядан түндүктө жашаган сактар өз мамлекетин негиздешкен. Ал Ташкен жана Фергана оазистерин, Батыш жана Борбордук Теңир-Тоону жана мүмкүн Жетисуу аймагын камтыган. Мамлекеттин башында падыша турган. Анын айрым бөлүктөрүн наместниктер башкарган. Ак сөөктөр «күч-кубаттуу адамдар» деп аталышкан. Дарыянын ары жагындагы сактардын мамлекетинин структурасы байыркы перстерден өздөштүрүлүшү мүм-



Сак мезгилиндеги аял. В.П. Мокрынындин реконструкциясы

▸ Чыгыш Памир сак жоокери. Б.з.ч. VII–VI кк.

күн. Суунун ары жагындагы сактарга гректер менен македониялыктардын согуш жүргүзүү тактикасы белгилүү болгон. Көчмөндөрдүн сокку уруучу күчү атчандар болгон, алар селдей каптап чабуул коюп, душманды курчоого жана аларды жаа менен жок кылууга аракеттенишкен. Душмандын катарларын бузуу үчүн сактар күтүүсүздөн качып жөнөшкөн, андан кийин берилген белги боюнча чогуусу менен аттарын артка буруп, аларды кууп келаткандарга кол салышкан. Изилдөөчүлөр орто азиялык элдердин, барыдан мурда сактардын грек-македония басып алуучуларынын курал-жарактарынан кем калбаган, өз мезгили үчүн биринчи класстагы куралжарактары болгон деп эсептешет.

Персия державасын талкалап Александр Орто Азияны да Сырдарыяга чейин толук басып алган, мында ал жергиликтүү калктын катуу каршылыгына туш болгон. Б.з.ч. 329-ж. Согду аскер башчысы Спитамен көтөрүлүш чыгарган жана Мараканда (Самарканд) шаарын каратып алган. Александр Спитаменга каршы аскерлеринин бир бөлүгүн жиберген, өзү чеп шаар куруу менен алектенген (азыркы Ходженттин ордунда), ал Александрия – Эсхата (Четки Александрия) деп аталган. Шаар тез өскөн. 20 күндө сепилдин 10 километрден ашык узундуктагы дубалы ылайдан согулуп көтөрүлгөн, ал эми 17 күндөн кийин үйлөр курулган.

Басып алуучулар тарабынан чегара жерине курулган сепил коркунуч туудурарын түшүнүп, суунун ары жагындагы сактардын падышасы Александрга достук маанайда элчилерди жиберген. Македониялык талаа элчилерин жакшы кабыл алган, алардын сөзүн уккан жана алардын үрп-адаты, негизгиси аскер күчү менен жеке таанышуу үчүн өзүнүн ишенимдүү адамдарынын бирин сактарга жиберген. Бирок согдулуктардын көтөрүлүшү саясий кырдаалды чет жерлик басып алуучулардын пайдасына эмес, сактардын пайдасына өзгөртүп жиберген. Суунун ары жагындагы сактардын падышасы жаңыдан курулган шаарды талкалоо үчүн Сырдарыянын оң жээгине чоң күч топтогон. Сактар дарыяны кечип өтүүгө даай алышкан эмес. Алар жээкти бойлой алчылана чапкылашып, душманга жаанын огун жаадырышкан, аларды кечүүгө топтоого жана басып алуучулар үчүн көз көрүнө эле ыңгайсыз шарттарда салгылашууну таңуулоого аракеттенишкен.

## Сырдарыядагы салгылаш

Александр дарыяны кечип өтүүгө буйрук берген. Ушул учурда македониялыктардын лагерине сактардын жаңы элчи-



Бул кызык

## АРРИАН СЫРДАРЫЯДАГЫ САЛГЫЛАШ ЖӨНҮНДӨ

Арриан Флавий – б.з.ч. II кылымдын экинчи жарымында жашаган байыркы грек тарыхчысы. Ал «Александрдын анабасисин» жазган, анда басып алууга катышкандардын эмгектерин пайдаланып Александр Македонскийдин жүрүшүн баяндаган.

«Дарыядан сүзүп өтүү үчүн чаначтар даяр болду: толук куралданган аскерлер дарыянын жээгинде турушту жана берилген белги боюнча машиналар жээкке ат менен чаап чыгышкан сактарга жебе жаадыра баштады. Айрымдары жарадар болду: бирөөнө тийген жебе калканын жана соотун тешип өттү, ал аттан кулап түштү. Сактар ушундай чоң аралыкка учуп жеткен жебеден корко башташты, анын үстүнө алардын баатыры өлтүрүлдү, ошондуктан алар жээктен бир аз алысташты. Александр алардын дүрбөлөңгө түшкөнүн көрүп, сурнайдын үнү менен дарыяны кечип өтүүгө буйрук берди; ал алдыда баратты, аскерлери аны ээрчишти. Ал жаачылар жана кылыччандарды жээкке биринчи чыгууга буйрук берди; алар таштар жана жебелер менен atкылап, бардык атчандар дарыядан өткөнгө чейин жээкке чыккан аскерлерге сактарды жакындатпай кармап турууга тийиш болчу.


Бардыгы жээкке чыккандан кийин ал сактарга адегенде чет элдик бир гиппархияны (атчандар отрядын) жана саррис (найза) менен куралданган төрт ила (ила – жөө аскерлер бөлүмчөсү) жоокерлерди кое берди. Сактар аларды тосуп өздөрүнүн аттары менен курчашты, кырып салышты жана тоскоолдуксуз жашынып калышты. Александр атчан аскерлеринин катарларынын ортосуна жаачыларды жана жеңил куралданган жоокерлерди тизип... жана аларды сактарды карай алып жөнөдү. Качан алар жакындаганда ал үч «дос» гиппархияга (тандалма жоокерлерге) жана бардык атчан найза ыргыткычтарга сактарга чабуул коюуга буйрук берди. Ал өзү калган атчандарды шашылыш чогултуп, аларды бир нече каз катарга тизди; эми сактар аны мурдагыдай курчоого ала албай калышты; ошол эле учурда атчандар кол салган мезгилде атчандарга аралаштырылган жеңил куралданган жоокерлер сактардын кайрадан кол салышына мүмкүнчүлүк беришкен жок. Көп өтпөй эле сактар жапырт качып жөнөштү».

лери келишкен. Элчилер македониялыктардын падышасын башканын байлыгына көз арткан ач көздүгүн айыптап жана сактардын жерине бузуп киришин эскерип: «Танаисти (Сырдарыя) кечип өтсөң сен биздин аймактын учу-кыйырсыз кендигин билесиң: сен сактарды эч качан куул жете албайсың... Экинчи жолу бизди алыста калды деп ойлосоң, сен бизди өз лагериңдин жанынан көрөсүң. Биз артыңардан сая түшө кууп, ошол эле учурда көзгө илешпей качып кетебиз» деген сөздөрдү айткан деп байыркы тарыхчылар жазышат.

Бирок улуу македониялык өзүнүн көзү ачыктарынын жана сактардын элчилеринин кеңешине кулак салган эмес. Эки оттун ортосунда калган: түштүктө Спитаменге каршы жиберилген отряд буктурмага туш болгон жана согдулуктар тарабынан толук кырылган, түндүктө – сактардын күчтүү аскерлери турган. Александр бирден-бир туура чечим кабыл алган: Сырдарыяны кечип өтүү жана өзүнүн аскерлерин аргасыз абалга коюу: артта – буракандаган дарыя, алдыда – күчтүү душман. Жол бирөө гана: же жеңиш керек же өлүш керек.

Дарыянын сол жээгине көп сандаган ыргытуучу машиналар орнотулган, аны менен ташты жана узун жебелерди жамгырдай жаадырып, сактардын атчандарын оң жээкке жолотпой турушкан. Көп сандаган салдар жана үйлөтүлгөн чаначтар менен гректер буркандаган Сырдарыяга киришкен.

Биринчи болуп колго түшкөн отрядды сактар дарыядан алдап алыстатышкан, курчап алышкан жана толук боюнча кырып салышкан. Бул учурда Александр өзүнүн атчандарын жана жөө аскерлерин толук чыгарып, аларды катарга тизип жана алардын чабуулун өзү баштаган, сактар туруштук бере алышпай Сырдарыя-



Александр Македонскийдин жоокеринин коло туулгасы




Яксарт дарыясында (Сырдарыя) сактардын Александр Македонскийдин аскерлери менен салгылашуусу

дан түндүктү карай качып жөнөшкөн. Мээ кайнаткан аптаптын шартында кубалоо, суунун жоктугу, жолсуз чөл, сак отряддарынын атчандарынын дайыма чабуул коюп турушу өтө кыйынчылыкты туудурган. Ошондуктан Александр ооруп калганын шылтоолоп кубалаганды токтотууга жана Сырдарыянын сол жээгине чегинүүгө буйрук берген.

Б.з.ч. 329-ж. болгон бул кандуу салгылашууда миңге чейинки сак аскерлери өлгөн. Грек-македониялыктардын ичинен 160 адам өлгөн жана миңден ашыгы жарадар болгон.

Көп өтпөй сактардын падышасынан кайрадан элчилер келген, алар Александрды чыныгы достукта болобуз деп ишендирүүгө аракеттенишкен. Грек-македониялыктардын аскерлери менен салгылашты элчилер өкүнүчтүү жаңылыштык деп түшүндүрүшкөн. Алардын сөзү боюнча салгылашууга падышанын буйругусуз эле талап-тоноочулар менен каракчылардын шайкасы өздөрү корккондуктан катышкан, ал эми сак элинин аскерлери катышкан эмес. Александр үчүн Согдианада көтөрүлүш улантылып жаткан ошол мезгилде күчтүү душманы менен согуштук аракеттерди улантуу пайдасыз болгон. Түшүндүрүү кабыл алынган, ал эми туткунга түшкөн сактар (болжол менен 150 адам) сатып алынбай эле бошотулган.

Бирок курамында сак жоокерлери да болгон Спитамендин аскерлери грек-македония басып алуучулары менен дагы бир нече жолу кармашка чыгышкан. Александрдын армиясы менен каармандык күрөштү согдулуктар жана сактар б.з.ч. 327-жылга чейин жүргүзүшкөн. Ошондо гана ал-күчтөн тайыган Согдиана каршылык көрсөткөндү токтоткон. Орто Азиянын элдери Александр Македонскийдин армиясы менен күрөштө жеңилип калышкан, бирок баскынчыларды бир топ алсыраткан.




Яксарт дарыясында (Сырдарыя) сактардын Александр Македонскийдин аскерлери менен салгылашуу схемасы

## Сактардын күч-кубатынын төмөндөшү

Грек авторлорунун кыйла кийинки булактарында дарыянын аркы жагындагы сактар жөнүндө жарыбаган маалыматтар берилген. Алар Яксарт (Сырдарыя) дарыясын бойлото карат жана камар, ал эми тоого жакын жерлеринде комет уруулары байырлашканын билишкен. Аскатан (Теңир-Тоо) тоолорунда массагеттер, андан түштүгүрөөктө гринайлар жана тоорндар, Имай (Памир-Алай) тоолорунда бильттер жаша-

ган. Алардын баары көчмөн малчылар болушкан жана токойлордо, үңкүрлөрдө жашаган. Алардын ичинде «варварлар» да болгон, алар отурукташып, дыйканчылык жүргүзүшкөн. Сактардын алсызданган жана чачыранды жайгашкан уруулары чыгыштан келген башка күчтүү көчмөндөрдүн кысымына туруштук бере алышкан эмес.

Б.з.ч. II кылымдын башында дарыянын аркы жагындагы сактарды көчмөн *юэчжилер (тохарлар)* талкалаган, аларды өз кезегинде Чыгыш Түркстандан согушчан *гунндар* сүрүп салган. Юэчжилер Теңир-Тоодо жана Ферганада көпкө турган эмес. Алардын сактар менен күчтөнгөн 5 уруудан турган бирикмеси Грек-Бактрия падышалыгына кол салып, аны талкалаган. Орто Азиядагы грек-македониянын акыркы тиреги ушундайча жок кылынган.

Б.з.ч. II кылымдын ортосунда Теңир-Тоодо калган сактарды *усун* уруулары багындырып алган. Сактардын бир бөлүгү бийик тоолуу жерлерге кетишкен, калгандары жеңүүчүлөргө багынып беришкен.

## УСУН МАМЛЕКЕТИ +

### Усундар жөнүндө легенда

*Усун* этноними тарых илимине кытай династияларынын хроникаларынан кирген жана анын мааниси азырынча так аныктала элек. Усундардын келип чыгышы да табышмак боюнча калууда. Генеалогиялык уламыштарга караганда усундардын атасын – алгачкы бийлик эгесин гунндар (башка вариант боюнча – юэчжилер) өлтүргөн. Жаш баласы талаага ташталган. «Канаттуулар анын денесин курт-кумурскалардан тазалап, канчык карышкыр ага сүтүн берди», – деп жазган кытай тарыхчысы. Бала кандайдыр бир керемет күчтүн аркасында аман калган, чоңойгон жана кийин усундар мамлекетин негиздеген. Бул легенда байыркы түрк генеалогиялык уламышынын алгачкы варианты болуп эсептелет. Ошондуктан айрым изилдөөчүлөр усундарды түрк тилдүүлөр деп эсептешет. Окумуштуулардын көпчүлүгү аларды иран тилдүү элдерге таандык кылат, анткени усундардын археологиялык маданияты иран тилдүү сактардын маданиятына жакын. Усундар сырткы кебетеси жагынан Орто Азиянын жана Чыгыш Түркстандын башка тургундарынан өтө айырмаланып турат: алардын бойлору узун, чачтары сары жана көздөрү көгүлтүр болгон.



Сак-усун мезгилиндеги кечил аял. В.П. Мокрынындин реконструкциясы

### Мамлекеттин түзүлүшү

Усун эли тарабынан Теңир-Тоодо түзүлгөн мамлекетти Кытай хроникачылары *усун буцзу* (усун уруулары), көбүнчө *усун го* (усундар мамлекети) деп аташкан.

Адегенде усундар Улуу Кытай дубалынын батыш бөлүгүндө гунндар жана юэчжилер менен коңшулаш көчүп жүрүшкөн. Б.з.ч. 160-жылдар ченде алар сактар менен юэчжилерди талкалап Теңир-Тоого жана Жети-Сууга көчүп келишкен. Жаңы мамлекет түзүлгөн, ал чыгышынан гунндар, батыштан (Талас суусунун өрөөнү боюнча) Кангүй, түштүгүнөн – Фергана жана Чыгыш Түркстан менен чектешкен. Усундардын ээлик кылган жери түндүктө Балкаш көлүнө чейин жеткен. Усундардын падышасы *күнбаг* – «уруулардын башчысы» деген титулга ээ болгон. Анын ордосу Чигу же Чигучэн (Кызыл өрөөндөр шаары) шаары болгон.

Археологиялык изилдөөлөр тарабынан Чигу шаарынын урандысы азыркы

Усун мезгилиндеги чопо идиш (Чигу ш.)



Бул кызык

## ЧИГУЧЭН – КЫЗЫЛ ӨРӨӨНДӨР ШААРЫ

Чигу (Чигучэн – Кытай булактарында) – «Ысык-Көл Анлантидасынын» байыркы шаарларынын бири – Борбордук Азиянын чыгышынан келген усундардын башкы жетекчисинин ордосу. Б.з.ч. II кылымда усундар Тенир-Тоону басып алышкан, ал эми алардын башкы башкаруучусу Ысык-Көлдөгү сактардын мурунку ордосун ээлеп алышкан. Ушул учурда Чигуга белгилүү Кытай саякатчысы жана Улуу Жибек жолун биринчи жолу ачкан Чжан Цянь келген, анын ортомчулугу аркылуу 2200 жыл мурда Тенир-Тоонун тургундары менен Хань мамлекетинин ортосундагы мамилелер түзүлгөн.

Чигу көчмөндөрдүн шаары болгон. Алар мында кийиз боз үйлөрдө жана сүйрөмө үйлөрдө жашаган. Чжан Цяндын саякатынан кийин Кытай менен байланыш түзүлгөндөн баштап усун мамлекетинин өкүмдарлары Кытайдын башкаруучу династиясынын кыздарын аялдыкка ала баштаган жана шаарда алар үчүн кытай стилинде үйлөрдү курушкан.



Ысык-Көлдүн түбүнөн табылган эт бышыруучу коло казандар. Б.з.ч. V–III кк.

Чигуну табууга биринчи аракет XIX кылымда эле башталган. Бирок суу астында сүзүү үчүн атайын жабдуулар пайда болгондон кийин гана бул иш жүзүнө ашкан. 1959-ж. Ысык-Көлдүн суусу биринчи жолу Д.Ф. Винниктин суу астындагы археологиялык экспедиция тарабынан изилденген. Ошондон баштап көп жылдардан бери көлдөгү иштер академик В.М.Плоскихдин жетекчилиги менен жүргүзүлүүдө. Көптөгөн кызыктуу табылгалар табылган: акырындык менен Чигучэн өзүнүн сырын ачып берүүдө.



◂ 2003–2004-жылдардагы археологиялык экспедициянын катышуучулары

кезде Ысык-Көлдүн Түп булуңунун түбүндө калгандыгы аныкталган. Булуңдун үстүнөн вертолет менен учканда суунун астында калган шаардын төрт бурчтуу дубалдарынын сөлөкөтүн көрүүгө болот. Археолог-аквалангисттер суунун түбүнөн көп сандагы чопо идиштерди, таш жаргылчакты жана сок билекти, коло оокторду, канжарларды, казандарды табышкан. Усундардын борбору Чигунун ордунда мурда сактардын тургун жайы болгону аныкталган. Анын тургундары дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен кесиптенишкен. Биздин доордун башталышында көлдүн суусу көтөрүлө баштаган жана Чигуну көөмп калган.

### Усундардын коомдук түзүлүшү

Усундар мамлекетинин башында *күнбаг (гуньмо)* турган, анын бийлиги

мураска калган. Усундардын маанилүү иштеринин бири согуш болгон, согуштук аракеттердин башчылары адатта эң чебер жоокерлер болгон, аларга олжонун көп бөлүгү тийген. Убакыттын өтүшү менен аскердик жетекчинин бийлиги мураска өтө баштаган.

Өзүнүн ээлигин ал үч бөлүккө бөлгөн – борбордук жана эки «канат». Гуньмонун өзү өлкөнүн борбордук бөлүгүн башкарган, ал эми анын балдарынын экөө (же жакын туугандары) энчиге тийген жерлерин башкарышкан.


Өзүнүн ишинде гуньмо аксакалдар кеңешине таянган, алар мамлекеттин жашоо-турмушунун маанилүү маселелерин чечүүгө катышкан. Гуньмонун кайсы баласынын башкаруучу боло тургандыгын дал ушул аксакалдар чечишкен. Бирок акырындык менен аксакалдар кеңешинин ролу төмөндөгөн, ал эми гуньмо улам көбүрөөк бийликти өз колуна топтогон. Мамлекетти башкарууда ага 16 чиновник жардамдашкан.

Усундардын армиясы ошол мезгилде өтө каардуу күч болгон. Гуньмонун жана анын эки тең башкаруучусунун жеке кошуундары болгон, алар 10 миңге чейинки аскерден турган. Ал эми согуш учурунда эркин коомдун мүчөлөрүнөн дагы көптөгөн аскерлер чогулган.

Ак сөөк адамдардын колуна чоң байлык топтолгон жана өз уруусунун коомдук турмушунда алар жетектөөчү ролго ээ болгон. Уруулаштарынын негизги бөлүгү аларга көз каранды болгон. Коомдо эң төмөнкү тепкичте кулдар турган. Алар көбүнчө согуш туткундары болгон. Кулдар мал багышкан, дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк жүргүзүшкөн.

Согуш жаңы жайыттарды ээлөө жана багынып берген элдерден көбүрөөк олжо чогултуу максатында жүргүзүлгөн.

УСУН ГУНЬМОСУНУН ГЕНЕАЛОГИЯЛЫК ТАБЛИЦАСЫ




## Усундардын чарбасы

Усундардын чарбасынын негизи жарым көчмөн малчылык болгон. Жайында бийик тоолуу жайлоолордо жана кышында өрөөндөрдө короо-короо койлорду, үйүр-үйүр жылкыларды багышкан. Бирок малдын көпчүлүк бөлүгү усундардын ак сөөктөрүнө таандык болгон. Эң байларында 4-5 миң аргымактардын үйүрлөрү болгон. Аларга эң мыкты жайыттар таандык болгон, мында жакырланган туугандары жана кулдар ушул жылкыларды жана койлорду багышкан. Күнбагдын өзү чоң байлыкка ээ болгон. Алсак

ал өзүнүн аялдарынын бири үчүн эле 1 миң жылкы калың төлөгөн.

Ысык-Көлдөн жана Чүй өрөөнүнөн археологдор усундардын тургун жайын Аламүдүн жана Кумарык айылдарынын жанынан, ошондой эле Кара-Балта шаарынан түндүгүрөөктөн табышкан. Ушундай тургун жайлар Казакстандын жакынкы аймактарынан да табылган. Көптөгөн жаргылчак, орок жана карапа идиш-аяк табылгалары усундардын тургун жайында жашагандар дыйканчылык жана кол өнөрчүлүк менен алектенгенин айгинелейт. Алардын борбору Чигунун коргонуучу чеп дубалы, хан сарайларынын курулуштары болгон. Мында теги кытай ханзадалар жашаган.




Аялдардын фигуралары түрүндөгү курмандык столунун буттары. Б.з.ч. V–III (Ысык-Көл өрөөнү, Чолпон-Ата айылы)

## Кытай менен союз

Б.з.ч. II кылымдын экинчи жарымынан тартып усундар кытайлардын Хань империясынын чоң саясатынын чөйрөсүнө тартылган. Ошол учурда кытайлардын алдында төмөнкүдөй эки маанилүү милдет турган: эзелки душманы болгон гунндарды талкалоо жана орто азиялык ээликтерине чейинки Улуу Жибек жолу боюнча соодага көзөмөлдүк коюу. Хань Кытайынын башкаруучулары аларды чечүү көбүнчө усундарга жараша болорун түшүнүшкөн.


Усундар менен Кытай да, ошол мезгилде Борбордук Азияда үстөмдүк кылып турушкан гунндар да эсептешүүгө аргасыз болушкан. Ошондуктан кытайлыктар усундар менен союз түзүүгө аракеттенишкен. Алардын күчтүү атчандарынын жардамы менен алар гунндарды талкалоону жана империянын чегарасынан алыстагы Улуу Жибек жолунун участкаларын контролдоону үмүттөнүшкөн. Б.з.ч. 109-ж. император У-Ди усундарга баалуу белек-бечкек менен элчилерди жиберген жана күнбагга кытай падыша кыздарынын бирин берүүнү сунуш кылган. Усундардан кытайлыктар менен гунндарга каршы согуштук союз түзүү гана талап кылынган. Гунндардан сактанып күнбаг кытайлыктардын сунушунан баш тартканын сылык билдирген.

Кытай императорунун жана падыша кызынын Кытай жылнаамаларында сүрөттөлүшү




Бирок гунндар усундардын Кытай менен сүйлөшүүлөрү жөнүндө билип калып аларга кол салууга даярдана баштакан, ал эми кытайлыктардын Орто Азияга баруучу соода кербендери күнбагдын ээлигин айланып өтүп, аларды соода алымын алуу мүмкүндүгүнөн ажыратышкан жана усун ак сөөктөрүнө чоң материалдык зыян келтиришкен.

Күнбаг б.з.ч. 107-ж. Кытай менен союз түзүп, Кытай падышасынын жаш кызына үйлөнгөн. Гунндардын өкүмдары дагы усундар мамлекетине өзүнүн таасирин жоготкусу келбей дароо эле күнбагга өзүнүн кызын берген. Жашы өйдөлөп калган күйөөнүн алдында аялдарынын кимисине чоңдукту ыйгаруу жөнүндө дипломатиялык маселе турган. Кытай падышасынын сарайы алыста, ал эми


Азия б.з.ч. II к.– б.з. III кылымында
НЕНЦЫ
ЯКУТЫ
ФИНСКИЕ ПЛЕМЕНА
УГОРСКИЕ ПЛЕМЕНА
ПЛЕМЕНА СИБИРИ И ДАЛЬНЕГО ВОСТОКА
Обь
Енисей
Кама
Иртыш
Ангара
Лена
оз. Байкал
Волга
Урал
САРМАТЫ
АОРСЫ
АРАЛЬСКОЕ МОРЕ
КАСПИЙСКОЕ МОРЕ
ЗАПАДНЫЕ (СЕВЕРНЫЕ) ХУННУ (ГУННЫ)
ДИНЛИНЫ
ГЯНЬГУНЬ
САЯНО-АЛТАЙСКИЕ ПЛЕМЕНА
ЦЕНТРАЛЬНАЯ СТАВКА
ГОСУДАРСТВО СЯНЬБИ
КИДАНИ
УХУАНИ
ТОБА
пустыня Гоби
КАНГЮЙ
ЦЕНТРАЛЬНЫЕ ХУННУ
оз. Балхаш
Сырдарья
Топрак-кала
ХОРЕЗМ
ДАХО-МАССАГЕТЫ
УСУНЬ
УСУНЫ
ЧИГУ
ФЕРГАНА
Кучa
Карашар
Турфан
Дуньхуан
ВОСТОЧНЫЕ (ЮЖНЫЕ) ХУННУ
ОРДОС
Сихэ
(Пекин)
Тайюань
Ханьдань
Амаль
СОГД
Ниса
ПАРНЫ
Мерв
Мараканда
Термез
Яркенд
Кашгар
пустыня Такла-Макан
ГАНЬСУ
ЧАНЪАНЬ
ЛОЯН
ПАРФЯНСКОЕ ЦАРСТВО
АРЕЙЯ
Бактры
ГИНДИКУШ
ПАМИР
Хотан
ЖУНЫ (ТАНГУТЫ)
Ланьчжоу
ЦЯНЫ
Ханьчжун
САКАСТАН
Кабул
ГАНДХАРА
КАШМИР
хребет Куньлунь
ПУРУШАПУРА
Таксила
ТИБЕТ
ИМПЕРИЯ ХАНЬ
СЫЧУАНЬ
Чэнду
Кермана
Хармозия
АРАХОСИЯ
ИНДО-ПАРФЯНСКИЕ ЦАРСТВА
ПЕНДЖАБ
Шакала
Тибетское нагорье
ГИМАЛАИ
НЕПАЛ
Индапрастха
ГЕДРОСИЯ
Тальмена
АРАВИЯ
Инд
КУШАНСКАЯ ИМПЕРИЯ
Матхура
Айодхья
Миннагара
ПАТАЛИПУТРА
Ганг
КАМАРУПА
АССАМ
БИРМАНЦЫ
БИРМА
ПЬЮ
АРАКАН
Манипур
ЛАО
ШАНЫ
ТАИ
ЮНЬНАНЬ
Цзяочжи
Вьинь
Ичжоу
ГУАНСИ
о. Хайнань
Праяга
Раджагриха
Уджаяни
Тамралипти
Сопара
Пратиштхана
АНДХРА
КАЛИНГА
ДЕКАН
ЧОЛА
КЕРАЛА
Музирис
Коркан
о. Шри-Ланка
АРАВИЙСКОЕ МОРЕ
БЕНГАЛЬСКИЙ ЗАЛИВ
ИНДИЙСКИЙ ОКЕАН
ПЕГУ
плато Корат
Меконг
МОНЫ
ТЕНАСЕРИМ
КУМЕРЫ
ТЬЯМПАПУРА
ФУНАНЬ
ВЬЯДХАПУРА
Сьян Мин
ТЬЯМПА
п-ов Малакка
НЕГРИТОСЫ
о. Суматра
ЮЖНО-КИТАЙСКОЕ МОРЕ
ЛОЯН Мамлекеттик борбору
Куча Башка шаарлар
ЧОСОН Мамлекет
ХУННУ Уруулар жана уруулар союзу
Соода жолдорунун негизги багыттары
Улуу Жибек жолунун магистралдык багыты
Улуу Кытай дубалы
чегаранын болжолдуу участкалары
Буддизмди таратуунун негизги жолдору
Мамлекеттин чегаралары б.з. II к. башталышына карата берилген



Гунн. Антрополог Г.А. Лебединскаянын реконструкциясы

гунндардын атчандары жанында тургандыктан башчылык гунн сулуусуна берилген. Кытайлык жаш сулуу таарынып калган. Бөтөн жердеги турмуш жөнүндө муңдуу ыр ырдап, кусалыкка батып жүрө берген. Кийинчерээк күнбаг көчмөндөрдүн каада-салты боюнча аны өзүнүн небересине алып берген. Хандын кызы тынч алып кийин кыз төрөгөн.

Андан кийин усун күнбагдары Хань империясынын жана гунндардын державасынын башчыларынын сулуу кыздары менен бир нече жолу никеге турушкан. Убакыттын өтүшү менен чет элдик хан кыздарынын урпактары такка отурушкан же ага талапкер болушкан. Алар күнбагдардын династиясында «хань» жана «гунн» деп аталган өз ара атаандашкан эки туруктуу бутакты түзүшкөн.

## Гунндар менен болгон согуш

Хань империясы жана усундар мамлекети тарабынан түзүлгөн гунндарга каршы багытталган союз түзүлгөнүнө карабастан тигиниси да, мунусу да биргелешип согуш жүргүзүүгө даяр эмес эле. Усундар адегенде гунндарга каршы согуштук аракеттерге такыр катышкан эмес.

Аялдардын жасалгалары. IV–V кк. (Чүй өрөөнү, Шамси көрүстөнү)



Б.з.ч. I кылымдын башталышында усундар мамлекетинин башына күнбаг Унгуйми туруп, такка отурганда Фейван деген атка ээ болгон. Бул күнбаг династиянын «хан» бутагына таандык болгон. Ал дагы кытайлык кан кызына үйлөнгөн, ал үч уул, эки кыз төрөгөн. Фейван башкарып турган учурда усундардын державасы күчтөнгөн, анын кадыр-баркы коңшулаш мамлекеттердин ичинде да өскөн. Күнбагдын ортончу уулу Яркенддин башкаруучусу болгон, улуу кызын Кучанын (Чыгыш Түркстан) башкаруучусуна күйөөгө берген. Усун күнбагынын балдары кытайлык императордун сарайында билим алышкан. Б.з.ч. I кылымдын 70-жылдарынын башталышында усундардын күчтөнгөнүнөн жана алардын Кытай менен байланышы күчөп баратканынан чочулаган гунндардын ири атчан отряддары усун ээликтеринин чыгыш чегараларына бир нече жолу ийгиликтүү рейд жасашкан. Ошондо Фейван Хань империясы менен гунндарга каршы биргелешкен аскердик аракеттер жөнүндө келишим түзгөн. Б.з.ч. 71-жылы усундардын 50 миң аскери 150 миң кытай армиясы менен бирдикте гунндарга кыйраткыч сокку урушкан. Усундар душмандын ордосунун бирин басып алган жана эбегейсиз көп олжого (40 миң туткун жана 700 миңге чейинки мал) ээ болушкан. Туткунда гунндардын жогорку төбөлүнүн жакын туугандары да болгон.

Андан сырткары катуу суук жана жут гунндарды кыйла алсыраткан. Муну Фейван пайдаланып, башка көчмөн уруулары менен бирге ал кайрадан гунндарга кол салып, аларды талкалаган. Кытайлыктар өтө алсырап калган гунндарды биротоло талкалашкан. Ушундан кийин гунндар кайрадан баш көтөрө алышкан эмес. Гунндардын державасы-

нын кыйрашы Чыгыш Түркстандын талаасындагы жана отурукташкан мамлекеттердин арасындагы усундардын аскердик күч-кубатын жана кадыр-баркын кыйла күчөткөн, алардын көпчүлүгү усундарга көз каранды болуп калган. Ал эми чакан мамлекеттердин башкаруучулары гунндардын аскерлеринен калканычты Кытай дубалынын ары жагынан эмес Чигудагы усундардан издей баштаган. Алсак, Чеша (Турфан оазисинин) княздыгынын б.з.ч. 68-62-жылдардагы башкаруучусу гунндардан качып усундардын ээлигине өткөн.


Күнбаг Фейван башкарып турган жылдар усундар мамлекетинин күч-кубатынын өтө артып турган мезгили болгон.

Усундар мамлекети түзүлгөн мезгилде Кытай менен Жер ортолук деңиз өлкөлөрүнүн ортосунда Улуу Жибек жолундагы эл аралык соода башталган (б.з.ч. II к.). Бул жолдо товар алмашуудан башка Чыгыш менен Батыштын ортосундагы маданий дөөлөттөрдү алмашуу дагы болуп турган.

## Кытайга каршы күрөш

Усундардын күч алышы Хань империясын катуу тынчсыздандырган. Ага атаандаш эмес, тил алчаак союздаш керек болуучу. Көп өтпөй кытайлык ордого усундар мамлекетинин ички иштерине кийлигишүүгө мүмкүнчүлүк пайда болгон.

Б.з.ч. 64-ж. күнбаг Фейван тактынын расмий мурасчысы деп өзүнүн кытай аялынан төрөлгөн уулу Юаньгуймини жарыялаган. Усундардын башчысы өзүнүн мурасчысына кытайлык хандын кызын берүүнү императордон сураган. Тартуу иретинде миң баш жылкы, миң качыр бермекчи болгон. Хань империясына бул кудалашуу абдан пайдалуу болгон, анткени ал гунндарга каршы усундар менен союзду чыңдамак.



Алтын беткеп. IV–V кк. (Чүй өрөөнү, Шамси көрүстөнү)

Бул никелешүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө усундардын мурасчысынын колуктусун (ал анын энесинин кичүү сиңдиси болгон) алыскы Ысык-Көлгө узатуу салтанатынын өзү эле айгинелеп турат. Келечектеги усун ханышасына жүздөн ашык адамды бөлүп беришкен, ага усун тилин үйрөтүшкөн. Колуктуну күйөөсүнө жеткирүү үчүн төрт чиновник дайындалган. Императордун өзү кызын узатууга байланыштуу чоң той берген, той театрлаштырылган жана циркттик оюн-зооктор менен коштолгон. Усундар менен болгон жаңы союз эл аралык кеңири маалымдуулукка ээ болсун үчүн тойго гунн элчилери жана чет жерлик төрөлөр чакырылган. Ырас, ал учурда эле падыша сарайында усундар кытайлыктарга жардам бербейт дегенди көптөр айтышкан: алар империядан өтө эле алыс турушат жана алардан дайыма жардам келээрине ишениш кыйын дешкен.

Чынында эле ошондой болуп чыккан. Кыз-күйөөнү узатуучулар кытайдын батыш чегарасына жете электе эле кары күнбаг Унгуйми-Фейван каза болгондугу жөнүндө кабар келген. Усундардын аксакалдары анын кытай аялынан төрөлгөн уулун эмес, энеси гунн ханышасы болгон Ними деген жээнин такка отургузушкан. Жаңы күнбаг такка отургандан кийин Куанван деген ысымга ээ болгон.

Бул кызык

## БАЙЫРКЫ КЫТАЙ ТАРЫХЫНДА УСУНДАРДЫН БАЯНДАЛЫШЫ

*«Усундардын чоң гуньмосу Чигу шаарында жашайт, Чаньандан 8900 ли аралыкта, 120 000 түтүн, 630 000 адам, аскеринин саны 188 800. Жери тегиз жана чөптүү; өлкө жаан-чачындуу жана суук. Тоолорунда ийне жалбырактуу токой жана мань дарагы өсөт. Дыйканчылык кылышпайт, ал эми малы менен суулуу жана чөптүү жерлерге карата көчүп-конуп жүрүшөт; сырткы кебетелери хунндарга окшошуп кетет. Алардын ээликтеринде жылкы көп, байлары төрттөн беш минге чейинки жылкы кармашат. Эли каардуу, алчы-таасын жеген, арамза; дегеле жырткычтыкка шыктуу. Алардын ээлиги эн күчтүүлөрдөн болуп эсептелет.*

*Алар мурда хунндардын көз карандылыгында болушкан, кийинчерээк күчтөнүп алышкандан кийин алардын державасында болууну каалашкан эмес. Алар чыгышта хунндар, түндүк-батышта Кангүй, батышта Даван, түштүк-батышта түрдүү отурукташкан ээликтер менен чектешет...*

*Усун гуньмосу сактана баштаган (кытайлыктардан) жана ат менен элчи жиберген, анын үстүнө кытай падышасынын кызына үйлөнүп, тууган болууну каалаганын билдирген. Асман уулу өзүнүн чиндерине кеңешип жана алардын пикирлерине макул болуп, адегенде Кытайга белек-бечкектер менен элчилерди жиберээрин, андан кийин ага падышанын кызын жиберүүнү айткан. Усун гуньмосу мин жылкы жиберген. Юань-Фындын башкаруусуна кытайдын сарайы бир төбөлдүн кызын ханыша жубайы катары аны арабага отургузуп, жакшы кийиндирип, падышанын буюмдарын салып, чиновниктерди жана жүздөгөн кулдарды кошуп жиберген; жакшы акыл-насаатын айткан. Усун гуньмосу аны токолдукка алган. Хунн падышасы дагы гуньмого өзүнүн кызын берген, гуньмо аны байбиче кылып алган... Гуньмо бул мамлекет башчысынын титулу, ал эми анын аты Лецьзяоми...».*



Н.Я. Бичурин (о. Иакинф) Кытай булактарынан б.з.ч. III кылымдагы Кыргыз мамлекети жөнүндө эскерүүнү тапкан.




Борбордук Азиянын Кытай картасы. Ысык-Көл жана Кыргыз мамлекети көрсөтүлгөн (б.з. 618–907-жж.)

Кырдаал Кытайга пайда келтирбегидей болуп кескин өзгөргөн жана император кызына кайра кайтууга буйрук берген.

Усундар менен болгон «тынчтыктын жана туугандашуунун» кырк жылдан ашык саясатынын жыйынтыгын чыгарып, Кытайдын тарыхый хроникасы көңүлү калуу менен төмөнкүлөрдү белгилеген: «усундар эки тарап болуп турушат, ошондуктан алар менен келишим түзүү кыйын. Мурунку ханышалар (кытайлык) Усундарда кырк жылдан ашуун болушту, бирок чыныгы үй-бүлөлүк жакындык сезилген жок жана чегара (Кытай) алиге чыныгы тынчтыкка ээ боло албады».

## Ички чатактар

Күнбаг Куанван аз эле башкарды. Эл аны жакшы көрбөдү. Куанвандын аялы – Кытай падышасынын кызы – күйөөсүнө кол салууну уюштурган кезде кыязы ага усундар династиясынын башка өкүлдөрү жардам берген болушу керек. Кутумга ачыктан-ачык катышкандардын бири кол салуудан кийин тоого качып кеткен, андан кийин капысынан Куанванга кол салып, аны өлтүргөн.

Б.з.ч. I кылымдын 60-жылдарынын ортосунан баштап б.з.ч. 45-жылдарга чейин усун күнбагдарынын династиясынын «гунн» жана «хан» бутактарынын ортосунда жогорку бийлик үчүн күрөш жүрүп турган. Чатакка дайыма Кытай кийлигишип турган, ал ошол мезгилде Чыгыш Түркстандын көпчүлүк ээликтерин өзүнө баш ийдирген жана усун мамлекети менен жалпы чегарага ээ болгон. Кытайлыктар усундардын жерин так аныкталган чегарасы бар эки бөлүккө бөлгөн. 60 миң үй-бүлөдөн турган алардын бирин улуу күнбаг («хан бутагы»), ал эми экинчисин кичи күнбаг («гунн бутагы») башкарып турган, анын кол алдында 40 миң үй-бүлө болгон. Хань династиясы күнбагдарды дайындоо жана алмаштыруу, усундардын ак сөөктөрүнө титулдарды жана ыйгарым укуктарды берүү, аларга мамлекеттик мөөрдү берүү укугун өздөрүнө ыйгарып алышкан. Кытайдын кысымына наразы болгон карапайым калк кичи күнбагга көбүрөөк ыкташкан. Ошондуктан Чыгыш Түркстанга Кытайдан жиберилгендер усун династиясына «гунн бутагынын» өкүлдөрүнүн арасында ар кандай айыгышкан күрөштү күчөтүшкөн. Аз эле убакыттын ичинде үч кичи күнбаг биринин артынан бири өлтүрүлгөн. Алардын биринин өлүмү бул жердеги кытайлык башкаруучу тарабынан 300 таңгак жибек кездемеге жана салмагы оор алтын бутка бааланган.

Кичи күнбагдардын ээликтериндеги ич ара ырксыздык алардын таасирин жокко чыгарган, натыйжада «улуу күнбаг» Цылиминин даңкы жогорулаган (б.з.ч. 45-14-жылдарда башкарган). Хроника Цылиминин мүнөзү оор болгонун жана усундардын төбөлдөрү ага баш ийгенин белгилейт. «Анын карамагындагы жерлерде Унгуймилердин тушундагыдай бейпилдик жана тынчтык өкүм сүрдү», – деп кытай булактарында айтылат. Күнбаг анын жайыттарына мал жаюуга тыюу салынган документти элге жарыялаган. Кыязы ушундайча жол менен ал мамлекеттик жайыттарды бөлгөн, ал жерлерге согуш болуп калган учурга аттарды бордоп багуу жүргүзүлгөн. Цылими ошентип усун ээликтеринин эки бөлүгүн бириктирүүгө жана мамлекетке мурдагыдай күч-кубатты кайтарууга аракеттенген, бирок ал өзүнүн ниеттенгенине жетише албай калган. Кичи күнбагдардын бири жиберген адам чыккынчылык менен усундардын акыркы таасирдүү башкаруучусун өлтүргөн.



Кытай күзгүсү
(Чүй өрөөнү)

### Усундардын мамлекетинин кулашы

Цылиминин өлтүрүлүшү менен усундардын мамлекети алсырай баштаган. Күнбагдар биринин артынан бири алмаштырылган, ал эми алардын букаралары бөтөн мамлекеттерден калканыч издешкен. Алсак, Кангүйгө гана 80 миң адам көчкөн. Биздин замандын чегинен тартып байыркы тарыхый чыгармаларда усундар жөнүндө маалыматтар жоголо баштаган. Алар жөнүндө акыркы маалыматтардын бири 435-жылдагы кытай элчисинин отчетунда баяндалган. Ал учур усундар жуаньжуандардын катуу кысымына туш болгон мезгил болучу. Б.з.ч. 437-ж. усундар Кытайга элчи жибергени да белгилүү.

## ДАВАН МАМЛЕКЕТИ

Фергана өрөөнүндө б.з.ч. I миң жылдыктын башталышында эле өнүккөн отурукташкан дыйканчылык маданияты бар мамлекет пайда болгон. Кытай хроникаларында ал Даван деп аталат. Аталыштын келип чыгышын *тохар* – кубаттуу көчмөн уруулар этноними менен байланыштырышат. Б.з.ч. V кылымда аларда Бохань жана Полона деген аталыштар пайда болгон. Акыркы термин – «Фергана» деген сөздүн кытайча айтылышы.

Ош тургун жайын археологиялык казуулар (Сулайман тоо)



Мамлекетти жергиликтүү падышалардын династиясы башкарган. Алардын бийлиги ак сөөктөрдөн түзүлгөн аксакалдар кеңеши менен гана чектелген. Кеңеш падышаларды тандаган жана алмаштырган, согуш жана тынчтык маселелерин чечкен, башка өлкөлөр менен элчилик байланыштарды түзгөн жана үзгөн.

Аксакалдар кеңешинин чечими айрым шаарлардын башкаруучулары үчүн да милдеттүү болгон. Мамлекеттин таянычын эркин айылдык жамаат мүчөлөрү түзгөн. Согуш чыгуу учурлары үчүн алардан 60 миң адамга чейинки ополчение топтолгон, алар жаа жана найзалар менен куралданган. Чарбада кулдардын эмгеги пайдаланылган, бирок кулчулук көбүнчө үй-бүлөлүк мүнөздө болгон, анткени өндүрүштө айылдык жамаат негизги мааниге ээ болгон.

Давандын экономикасынын негизин сугат дыйканчылыгы түзгөн. Жамааттагылар күрүч, буудай, пахта, беде, жүзүм өстүрүшкөн, андан эң мыкты шарап даярдашкан. Давандын сыймыгы породалуу аргымактар болгон, алар бүткүл Борбордук Азия боюнча даңкталган.

Фергананын калкы болжолдуу маалыматтар боюнча болжол менен 300 миң адамды түзгөн. Тышкы көрүнүшү боюнча тургундар европеиддер болушкан. Давандыктар чыгыш иран тилдеринин биринде сүйлөшкөн.

Ферганада 70ке чейинки чоң жана чакан шаарлар болгон. Давандыктар – чусттуктардын мураскерлери, жайгашуунун оазистик мүнөзүн сакташкан. Алардын көпчүлүк бөлүгү анча чоң эмес айылдарда жана чарбактуу үйлөрдө жашашкан, аны археологиялык казуулар

көрсөтүп турат, алар жакшы чыңдалган жана душмандын жапырыгына каршы тура алган.

Давандын борбору Эрши шаары болгон (урандылары Өзбекстандагы азыркы Мархамад кыштагынын жанында). Шаарды бир нече чеп айланта курчап турган. Борбордук бөлүгү чийки кыштан салынган мунаралуу калың дубалдардан турган.

Мамлекеттин чыгыштагы чегин Ю шаары коргогон. Археологдор анын урандысын азыркы Өзгөндөн 8 км түндүктөн, Шоробашат кыштагынын жанынан табышкан. Чыгыштан, батыштан жана түндүктөн аны мунаралуу бийик коргонуучу дубалдар курчап турган. Түштүгүнөн бууракандаган дарыя коргогон. Чийки кыштан курулган анча чоң эмес турак үйлөрдүн үстүндө чептин дубалдары...

Бул кызык

## КЫТАЙ ЛЕГЕНДАЛАРЫ ЖАНА ДАВАНДЫН ТАРЫХЫ

Кытай императору У-Ди (б.з.ч. 140-87-жылдар) таланттуу жана жигердүү башкаруучу болгон. Анын мезгилинде Хань кытайы өтө гүлдөгөн. Ал бир катар реформаларды, анын ичинде административдик реформа жүргүзгөн, ал ак сөөктөрдүн таасирин азайтууга мүмкүндүк берген; жаштарды окутуу үчүн академия түзгөн; бирдиктүү мамлекеттик идеология катары конфуцийчиликти (Конфуцийдин – кытай даанышманынын окуусу) киргизген. Бул кадам ушунчалык ийгиликтүү болгондуктан, орто кылымдарда жаңы идеология катары буддизимди киргизүүгө болгон аракеттерге карабастан (VI-IX кылымдар) конфуцийчилик Кытайдын мамлекеттик идеологиясы катары 1911-жылга чейин сакталган, ал эми анын таасири кытайлыктардын жашоо-турмушунда азыркы кезде да зор.

У-Динин ишмердүүлүгү Кыргызстандын тарыхында да өз изин калтырган. Дал ошол юэчжилерди издөөгө Чжан Цянды жиберген, анын саякаты Улуу Жиек жолунун башталышы болуп калган.

У-Динин дагы бир жоругу тарыхта белгилүү. Бул Кытайдын Даван менен болгон күрөшү, ага кытайлыктардын динге ишеними шылтоо болгон.


Легендада император У-Ди Ферганага атактуу даван аргымактарын сатып алуу үчүн элчилерди жибергени айтылат. Алар – «таза кандуу» «асман» аттарынын тукумдары императорго өлбөстүктү тартуулоочу шабдаалы өсүп турган, ыйык Кытай тоосунун чокусуна чыгуу үчүн керек болгон. Бирок ферганалык аксакалдар аргымактарды кытайлыктарга сатууга караманча каршы болгон. Ачуусу келген хан элчиси сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн залдан чыгып сарай алдында турган алтын аттын статуясын барк албагандай түр көрсөтүп түртүп кеткен. Бул анын тагдырын чечкен: давандыктар «асман аттарын» ыйык катары эсептешкен жана албетте, мындай шылдыңды кечире алышмак эмес. Элчи мамлекеттин аймагынан чыгары менен аны чегарадагы Ю шаарынан алыс эмес жерден өлтүрүшкөн.

Согуш үчүн шылтоо толук жетиштүү болгон жана император анын элчиси дипломатиялык жолдор менен ала албай калганды күч менен алууну чечкен.

Реалдуу тарыхый окуяларга карата айтсак, Кытай бай мамлекетке контролду белгилөөгө албетте кызыкдар болгон. Б.з.ч. 105-ж. гана усундар менен союздаштыкка жетишип, император У-Ди Улуу Жибек жолундагы маанилүү аралыктык пункт катары Ферганаы басып алууну чечкен.



«Асман аттары».
Айырмач тоодогу (Фергана) аска бетиндеги сүрөттөр



Мирзалим-тепе жасалгалуу залы (Ош ш.). Б.В. Помаскиндин реконструкциясы

балдары заңкайып көтөрүлүп турган, алардын урандылары азыр да 12 м бийиктикке жетет. Жазы дарыясынын түндүк жээгинде көп сандаган короо жайлуу сепилдер болгон, алар Ю шаарына кире беришти коргогон. Бул жерде байыркы дыйкандардын ири оазиси жайгашкан. Ушул жерлерге өстүрүлгөн күрүч азыркы учурда да Орто Азиядагы эң мыкты күрүчтөрдөн болуп эсептелет.

Даван Улуу Жибек жолунда пайдалуу абалды ээлеген. Даван ордосу көбүнчө алым түрүндө Ферганада, Алайда жана Борбордук Теңир-Тоодо көрүстөндөрдөн табылган кытай буюмдарын, ошондой эле *у-шу* коло тыйындарын алып турушкан.

Жети кылым (б.з.ч. 118-жылдан тартып) бою чыгарылган *у-шу* тыйындары өзүнүн легендасын сактаган: ички квадраттык көзөнөкчөдөн оңдо жана солдо жайгашкан эки иероглиф. Кыйла кеч чыгарылгандары начар сапатта даярдалышы, ички көзөнөгүнүн өлчөмүнүн чоң болушу менен айырмаланат, ал тыйындын диаметрин сактоодо анын салмагын азайткан. *У-шу* тыйыны Улуу Жибек жолунун бүткүл трассасына кеңири тараган. Бирок азыркыга чейин алардын багыты аныктала элек: алар алмашуу каражаты катары пайдаланылганбы же коздук үчүн элеби? Кытай хроникачылары төмөнкүнү баяндайт: «давандыктар Кытайдан алтын жана күмүш алуу менен аны тыйындарга эмес буюмдарга колдонушкан». Бул пикирди азыркы учурдагы айрым археологдор да айтышат, анткени тыйындарды негизинен аялдардын мүрзөлөрүнөн шурулары менен бирге тумарча катары табышкан.



Кытай тыйыны у-шу. Б.з.ч. 118-ж.

## Кытайлыктардын Ферганага биринчи жортуулу

Алты миң атчанды жана бир нече миң жөө аскерди аскер башчысы Ли Гуанли башкарган. Ал гунндарга туткунга түшүп калган, андан кийин байыркы кыргыздардын башкаруучусу болгон Ли Линдин тууганы болгон. Б.з.ч. 103-ж. Кытай аскерлери жортуулга жөнөшкөн. Ал оор салгылашуулар менен тоону ашып Ю шаарына жеткен, шаарды курчоого алган. Шаардыктар жана гарнизон багынган эмес. Кытай аскерлери шаарга чабуул

коюп жана аны багынткан. Бирок андан аркы согуштук аракеттер үчүн күчтөрү жетпей калган жана Ли Гуанли чегинүүгө буйрук берген. Ферганага жортуул даңазасыз аяктаган. Кытайга ар бир беш жоокердин бири гана келген.

## Кытайлыктардын Ферганага экинчи жортуулу

Ферганага биринчи ийгиликсиз жортуулдан кийин Хань империясынын кадыр-баркы төмөндөп кеткен. Ошондуктан кеңешчилеринин каршы болгонуна карабастан император У-Ди ферганалыктарды эстен кеткис кылып жазалоону чечкен. Б.з.ч. 101-ж. батышка карай экинчи жортуулга Кытайдын жүз миң армиясы чыккан. Азык-түлүк жана курал-жарак жүктөлгөн арабалар 140 миң жүк жүктөлгөн жаныбарлардан турган. Өзүнчө отряддарды 50дөн ашык тажрыйбалуу аскер башчылары башкарган. Бардык куралдуу күчтөрдүн башында Ли Гуанли турган.

Биринчи жортуулдагыдай эле агрессорлордун жолунда Ю шаары турган. Шаардын жоокерлери талаага чыгышып, Кытай армиясы менен ачык салгылашкан. Бирок ферганалыктар аз болгон жана алар жеңилип калышкан, алардын калгандары шаардын дубалынын сыртына жашынышкан. Ли Гуанли шаардын эр жүрөк коргоочуларын курчоо үчүн Кытай аскерлеринин отрядын калтырып, негизги күчтү мамлекеттин борбору Эршини карай багыттаган.

Фергананын падышасы Мугуа душмандын артыкчылык кылган күчүнө ачык салгылашка чыгуу натыйжасыз экенин түшүнүп тамак-аш жана мал үчүн тоют камдап, борбор шаардын дарбазаларын жабууга буйрук берген. Ал союздашы – Сырдарыянын ортоңку агымынан Таласка чейинки аймакты ээлеген күчтүү Кангүй мамлекетинин аскерлери жардамга келет деп ишенген.

Кытай армиясы Эршини 40 күнү курчоого алышты. Душман адегенде шаарды коргоочуларды суусуз калтыргылары келишти. Борбор шаарды суу менен камсыз кылып турган дарыянын жогору жагына алар плотина курушуп, сууну шаардан башка жакка буруп жиберишти. Курчоодогулар терең кудуктарды казып алышты. Андан кийин кытайлыктар шаарды курчап турган дубалды буза башташты. Ошондо падыша Мугуа коргонуучуларды андан да бекемирээк ички дубалдын ичине киргизип, каршылык көрсөтүүнү уланта беришти.

## Ферганалын жеңилиши

Ошондой болсо да бекем дубалдар борбор шаардагы курчоодо калгандарды коргой алган жок. Эң кыйын учурда саясий каршылашуулар жана эски наразылыктары үчүн эсептешүүлөр башталды. Ферганалын таасирдүү аксакалдары басып алуучулар менен тынчтыкка келүү жолун издей башташты. Эр жүрөк падыша Мугуа чыккынчылык менен өлтүрүлдү. Анын башын элдешүүнүн белгиси катары аксакалдар Ли Гуанлиге жиберишти.

Кытай аскер башчысынын алдында шаарга чабуул коюуну уланта бериш керекпи же тынчтык келишимин түзүш керекпи деген суроо турду. Тажрыйбалуу Ли Гуанли жетишкен ийгиликтерине карабастан ата-мекенинен алыста жүргөн жана тегеретесине жалаң душман элдер толгон өз армиясынын абалын сын көз менен баалады. Кангүй мамлекети ачыктан-ачык коркунуч келтирүүчү позиция-



Иператор У-Динин жоокерлеринин скульптуралары (Кытай)



Кытай жоокеринин аты менен турган скульптурасы (Кытай)



Карапачы иштөөдө

ны ээлеген, анын күчүн кытайлыктар 90-120 миң аскерден турат деп эсептешкен. Усундар Кытайдын союздашы катары Ферганага 2 миң атчан отрядын жибер-ди, бирок алар согуштук аракеттерге катышкан эмес. Ал түгүл кырдаалга жараша усундар кытайлыктарга кол салышы да мүмкүн эле. Анын үстүнө ферганалыктар Эрши шаарынын бийик ички дубалынын ичинде турушуп айыгышкан күрөштү уланта берүүгө даяр эле. Кытай армиясына Ю шаарынын дарбазасын ачып беришкен жок. Ушул жагдайларды салмактап көрүп аскер башчысы тынчтык жөнүндөгү аксакалдардын сунушуна макул болду. Анын шарты боюнча хандыктар бир нече ондогон таза кандуу аргымактарды жана 3 миң демейки күлүктөрдү алышты. Мугуа өлтүрүлгөндөн кийин бошоп калган падышанын тагына кытайлыктарга жан тарткан төрө Моцай отурду.

Ошентип баскынчылардын армиясы Эршини басып ала албай кайра артка тартышты. Эркиндикти сүйгөн Ю шаары Кытай менен тынчтык келишимин тааныган жок. Душмандын чегинген миң кишилик отряды шаарга жакындап келип аларды азык-түлүк менен камсыз кылууну талап кылышты, бирок шаардыктар баш тартышты. Кытайлыктар шаардын дубалынын жанына лагерин орнотушту жана өздөрүнүн күчүнө ишенишип, ал түгүл күзөт да коюшкан жок. Күүгүм киргенде шаардын коргоочулары аларга кол салышты. Айыгышкан түнкү салгылашта бүтүндөй Кытай отряды талкаланды, камырабаган аскер начальниги да талкаланды. Караңгыдан пайдаланып, болгону бир нече адам гана качып чыгышты. Ли Гуанли бул жакка чоң күч жиберүүгө аргасыз болду, алар чабуул коюп Ю шаарын ээлешти. Анын башчысы кармалып, башы алынды.



Будда мазарынын реконструкциясы (Кайрагач, Ош облусу)

Ферганалыктар кубаттуу Кытай менен күрөштө жеңилип калышты. Бирок император У-Ди үчүн жеңиштин жемиши ачуу болду. Кытайга мурунку 100 миң армиянын ордуна 10 миң аскер гана кайтып келди, ал эми 3 миң Фергана аттарынан миңи гана калды.

Ли Гуанлинин армиясы кетээри менен Фергана мамлекетине Хань империясынын саясий таасири токтоду. Аксакалдар падыша Моцайды чыккынчы катары күнөөлөп, өлүм жазасына өкүм кылышты. Такка Мугуанын эң кичүү иниси Чаньфын отурду, ал мыйзамдуу династиянын Ферганaны башкаруудагы мураскерлигин гана камсыз кылбастан, анын Хань империясына каршы саясатын да уланттты.

## Фергана б.з. I-V кылымында

Жазма булактарда ушул мезгилдеги Фергана жөнүндөгү маалыматтар жок. Ошондой болсо да археологиялык казуулар I–V кылымдарда бул жерде чарбалык жана маданий жогорулоо болуп, көптөгөн жаңы шаарлар жана кыштактар пайда болгондугун, сымап (азыркы Хайдаркан шаарында), алтын (Касансай суусунун жогору жагында), бирюза (азыркы Баткен районундагы Самаркандек айылында) кендерин жана башка пайдалуу казылмаларды казып алуу кеңейгендигин айтууга мүмкүнчүлүк берет.

Ферганaнын тоо этектеринде дыйкандар менен бирге дайыма малчылар да жашаган. Алардын маданияты жөнүндө Кара-Булак (Баткен району) көрүстөнүндөгү табылгалар башкалардан жакшы маалымат берет. Ал башкалар сыяктуу байыркы мезгилде таланып-тоноолгон эмес жана көрүстөндө жыгачтан жасалган буюмдар, кездеме, ал түгүл мөмөлөр жана жер-жемиштер сакталып калган.

Өлгөндөрдү көмүү үчүн малчылар төрт чарчы аңгек казышып, андан кийин бир капталынан үңүп кирип казанак жасашкан, ал жерге өлгөн адамдын сөөгүн же сөөктү арча табыпка салып коюшкан. Казанакты таш же чырпыктар менен жабышкан жана дөбө кылып үйүшкөн. Көрүстөндөн согулган себеттер, жыгач столчолор, идиш-аяктар, ийик, тамак-аш, жаңгак, бадамдын, алмуруттун сөөктөрү, нан, согуштук жаа жана жебелер, кытайлык өндүрүштүн ар түрдүү жибек кездемелери, өздөрү чыгарган жүндөн токулган кездемелер табылган.

V кылымда Фергана Эфталиттер мамлекетинин курамына кирген, ал эми VI кылымда аны түрктөр каратып алган.



Кытай тарыхчысы Сыма Цянь (б.з.ч. 145 же 135 – болжолу 86-ж.)

## КАНГҮЙ МАМЛЕКЕТИ

Б.з.ч. III к.- б.з. V кылымдарында Сырдарыянын ортоңку агымынын боюнда Кангүй мамлекети болгон. Анын аталышы каңгы (кангүйлөр) уруусунун аталышынан келип чыккан. Анын аймагы Сырдарыядан Талас өрөөнүнө жана Төмөнкү Чүйгө чейин созулган. Азыркы кезде бул аймакты Түштүк Казакстандын жери, Өзбекстандын чыгыш бөлүгү, Кыргызстандын түштүк-батышы ээлейт.

### Кангүйдүн чарбасы

Кытай тарыхчысы Сыма Цянь кангүйлөр көчмөндөр болгон деп жазган. Бирок археологдор алар дыйканчылыкты да билгенин аныкташкан. Алар жазында талаага эгин айдашып малды тоого чыгарышкан, ал эми күзүндө малдары менен өрөөнгө кайтып келип түшүм жыйнашкан.

Кангүйлөр чакан кыштактарда жана ал түгүл шаарларда жашашкан. Шаар дөбөлөрдүн чокусуна курулган жана бийик, бекем дубалдар менен курчалган, аны тегерете аңгектер казылган. Шаардын ичине сепил курулган. Үйлөр ылайдан салынып 3-4 бөлмөдөн турган.

Б у л к ы з ы к

### БАЙЫРКЫ ФЕРГАНА ЖӨНҮНДӨ КЫТАЙ ТАРЫХЫ

*«Калкы 60 000 үй-бүлөдөн, 300 000 адамдан турат; аскеринин саны 60 000... Даван ээлигинде бардык жерде жүзүмдөн шарап ачытышат. Байлар аны көп өлчөмдө үйлөрүндө сакташат жана алар бир нече ондогон жылдар бою бузулбай сакталып тура берет. Давандыктар шарапты жакшы көрүшөт; алардын аттары болсо му-су чөбүн (беде) жешет. Даванда 70ден ашык шаар бар. Аргымактары көп. Аттары тердегенде кызгылт тер чыгат.*

*Алардын жылкылары асман аттарынын тукумунан пайда болгон деген уламышты айтышат... Давандан батышты карай Аньси (Персия) мамлекетине чейин жашагандардын сүйлөгөн сөздөрүндө чон айырмачылыктар болсо да, тилдери кыйла окшош жана сүйлөшкөндө бирин-бири түшүнүшөт. Алардын көздөрү чүнкүр, сакалдары коюу; соодага жөндөмдүү, пайда көздөөдө бири-бирине атаандашат. Аялзатын сыйлашат, аялы айткан сөздү эркектер эч качан жерде калтырышпайт. Ал жерде жибекти да, лакты да пайдаланышат, бирок чоюн буюмдарды куюп жасаганды билишпейт. Кытай элчилигинен качып барып аларга өткөн кызматкерлер аларды курал-жарак куюга үйрөтүшкөн».*

Сепилде мамлекеттин башкаруучусу жана кангүй ак сөөктөрү турган. Өлкөнүн эң бай жана ак сөөк адамдары аксакалдар кеңешине кирген, алар Орто Азиядагы башка мамлекеттер сыяктуу эле маанилүү чечимдерди кабыл алууга таасирлери тийген.

Кангүйдө эки борбор – Битянь жана Фаньнэй шаарлары болгон, аларга зарылдык калктын көпчүлүгүнүн көчмөн жашоо мүнөзү менен шартталган.

Шаарларда жана айылдарда кол өнөрчүлүк өнүккөн. Кангүйлөр металл иштеткенди билишкен. Жезден жана темирден алар күндөлүк жашоо-турмуш үчүн зарыл буюмдарды, күмүштөн – зергерчилик кооздуктарын жасашкан. Андан сырткары алар карапа жасашкан, жип ийиргенди жана кездеме токуганды билишкен. Көптөгөн тургундар Кытай, Иран, Рим империясы менен соода жүргүзгөн.

## Кангүйдүн тышкы саясаты

Б.з.ч. VI кылымда Кангүй башка Орто Азия мамлекеттери сыяктуу эле Ахеменид Персиясы, ал эми б.з.ч. IV кылымда Александр Македонскийдин аскерлери менен согушкан. Ошондой болсо да кангүйлөр көз карандысыздыгын сактап калышкан. Б.з.ч. II кылымда Кангүй Кытай менен Чыгыш Түркстандын элдеринин улам бирине ыктап турган. Б.з.ч. I кылымда кангүйлөр адегенде хунндардын жардамы менен усундарды талкалаган, ал эми түндүк хунндарды Кытай талкалагандан кийин алар менен дипломатиялык байланыш түзүшкөн, ал мамлекеттердин ортосундагы мамиле ар дайым эле ынтымактуу боло бербегенине карабастан б.з. V кылымына чейин улантылган.

Б.з. I кылымында Орто Азиянын түштүгүндө зор Кушан империясы түзүлгөн. Кангүйлөрдүн өздөрүнүн күчтөрү салыштырмалуу анча чоң эмес болсо да, алар ондогон жылдар бою Кушан менен достук мамиледе болгон, бул учурда көз карандысыз тышкы саясатты жүргүзгөн.

V кылымдын акырында гана Кангүйдү эфталиттер басып алган, андан кийин анын жери Түрк каганатынын курамына кирген.


Батыш крайдагы Чжан Цяндын элчилиги



## Улуу Жибек жолу

***Чжан Цянь*** (? – б.з.ч. 103-ж.) – кытай саякатчысы жана дипломаты. Б.з.ч. 138-ж. ал император У-Ди тарабынан чоң юэчжилерди издеп таап, алар менен гуннуга каршы союз түзүү үчүн жиберилген. Ал Чаньаниден батышты карай жөнөп, өзүнүн коштоочусу менен бирге гунндарга туткунга түшүп калган, алар мында он жылын өткөргөн. Андан кийин элчи эптеп качып чыккан. Чжан Цянь усундардын өлкөсүн басып өткөн, Даван, Дахя (Бактрия), Аньси (Парфия) мамлекеттеринде жана юэчжилер мамлекетинде болгон.

Анын элчилик миссиясы ийгиликсиз аяктаган – юэчжилер Кытай менен союз түзүүдөн баш тарткан. Бирок Чжан Цянь алып келген маалыматтар ушунчалык маанилүү болгондуктан, ал князь титулун (Бованхоу) алган.




Б.з.ч. II кылымда Кытай аскерлери бир нече жолу гунндарга кол салган. Б.з.ч. 124-123-жылдары Кытай аскер башчылары алар менен ийгиликтүү салгылашкан, ал эми андан мурдараак 122-ж. жортуул ийгиликсиз болгон жана Чжан Цяндын отряддарынын биринин командири «дайындалган убакыттан кечигип келген жана башы алынууга өкүм кылынган, бирок өлүмдөн чиндерин жана бүткүл кадыр-баркын берүү менен кутулган».

Чжан Цянь Ханьчжун провинциясына сүргүнгө жиберилген, мында б.з.ч. 119-жылга чейин болгон. Андан кийин ага кечирим берилген. Ага мүлкүн жана титулдарын кайта беришкен.

Ошол эле жылы ал башкаруучусу күнбаг Лецзяоми болгон усундарга экинчи элчиликти жетектеген. Элчиликтин өкүлдөрү ошондой эле Хотан, Даван, Кангүй, чоң юэчжилер, Бактрия, Парфия жана Индияга барышкан. Чжан Цянь батыш өлкөлөрүнүн жашоосунун бүткүл көрүнүшүн берүүгө аракеттенген: ал алардын чегараларын, мамлекеттик түзүлүшүн, армиясынын курамын жана курал-жарактарын, отурукташкан элдердин кылган кесиптерин жана үрп-адаттарын, алардын өз ара мамилелерин баяндап берген.

Орто Азияга жайгашкан элдер жөнүндө маалымат алып кытайлыктар адегенде алар менен Улуу Жибек жолу боюнча, андан кийин Орто Азия, Европа талаалары аркылуу Европа өлкөлөрү жана элдери менен соода байланыштарын түзүшкөн.

Улуу Жибек жолу Кытайдын байыркы борбору – Лояндан, кийинчерээк жаңы борбору – Чаньандан башталган. Чөлдөр, тоолор жана талаалар аркылуу төөлөрдүн кербени өтүп турган.

Көпөстөр өздөрүнүн товарлары менен Фергана өрөөнүнө, Төмөнкү Волга районуна, Түндүк Кара-деңиз боюна жана андан ары Европага жана Түндүк Африкага барышкан.

Улуу Жибек жолунун башка бир тарамы карама-каршы багытта – Түштүк-Чыгыш Азияга кеткен.

## Улуу Жибек жолундагы тыйындар

Улуу Жибек жолунун экинчи тарамы кийинчерээк өздөштүрүлгөн. Ал Ысык-Көлдүн жээги жана Чүй өрөөнү боюнча өткөн. Түндүктөгү жолдо суу көп болгон жана кыйла оңтойлуу жерлер менен өткөн. Бир нече кылым өнүккөн акчалай чарбасы бар Чыгыш менен Батыштын ири цивилизацияларын бириктирген Жибек жолу соодага жана алмашууга көмөк берген. Бул жөнүндө Кыргызстандын аймагынан табылган Парфиянын, Грек-Бактриянын, Улуу Кушандын, Байыркы Римдин тыйындары, ал эми б.з. I миң жылдыгынан тартып Сасанид Иранынын, Византиянын, Хорезмдин, Согдунун жана Кытайдын тыйындары айгинелейт.

Парфиялыктар Кытайдан Алдыңкы Азияга б.з.ч. II кылымда ачылган кербен жолун пайдаланууну башка элдерден мыкты билишкен, Кытай менен Рим империясынын ортосундагы соодада ортомчулардын пайдалуу ролун сакташкан. Парфия тыйындарынын табылгалары революцияга чейинки мезгилде эле белгилүү болуп Ысык-Көлдөн, Каракол айылынын районунан Митридат IVнүн (б.з. 129-147-жылдары башкарган) драхмасы табылган.

Усун уруулар союзунун жери аркылуу өтүүчү Улуу Жибек жолу көл кылаасында Веспасиандын (69-79-жылдары башкарган), Адриандын (118-138-жылдары башкарган) рим динарлары жана Диоклетиан (284-305-жылдары башкарган) башкарган мезгилдеги египет Александриясында чыгарылган тыйындарынын табылгалары менен белгиленген.

Биздин замандын алгачкы кылымдарында Улуу Жибек жолунда соодадагы




1. Эрте Рим Республикасы. Күмүш динарлар (б.з.ч. 264–254-жж.);
2. Парфия. Халк Митридата III (б.з.ч. 53-ж.);
3. Рим. Сестерций Адриана (117–138-жж.);
4–7. Улуу Кушандын тыйындары;
4, 5 – Вима Келфиз;
6, 7 – Хувишка (б.з. II–III кк.)

негизги ортомчунун ролун Кушан падышачылыгы аткарган. Анын императорлору Байыркы Рим менен дипломатиялык байланышта болгон. Александрияда (Египет) кушандыктардын соода факториясы, ал эми Индостандын жээктеринде – Рим көпөстөрүнүн колониялары болгон. Ошондуктан Рим буюмдары жана тыйындары Орто Азияга келип калганы, Улуу Жибек жолунда кушан тыйындарынын кеңири тараганы таң калыштуу эмес.

Кыргызстан Улуу Жибек жолунун маанилүү бөлүктөрүнүн бири болгон. Анын аймагы аркылуу анын эки – Түндүк жана Түштүк тарамдары өткөн. Анын бири Давандын аймагы аркылуу өтүп, ушул мамлекеттин байышына көмөк берген.

Кытайдан Улуу Жибек жолу аркылуу батышка фарфор, кагаз жана барыдан мурда жибек кездемелерди жана жибек жиптерди алып өтүшкөн, аларды Европанын чеберлери кездеме токуганга пайдаланышкан.

Кытайдын өзү үчүн бул жол «айнек жол» болгон – Кытай импортунун негизги булагы Жер Ортолук деңизден алынган айнек идиш-аяк болгон; Кытай болгону бир нече ондогон аталыштагы товарларды гана ташып келген.

Орто Азиядан Кытайга жүзүм, төө буурчак, анар жана башка маданий өсүмдүктөр алып келинген.

Биздин замандын чектеринде Улуу Жибек жолундагы орто азиялык көпөстөрдүн – согдулуктардын, парфиялардын, кушандардын ролу өскөн. Эгерде алар мурда көбүнчө алардын өлкөсүнө келген жибекти алып кайра сатышса, кийин алар Кытайга жана ал түгүл Японияга өздөрү келип соода кыла башташкан. Япониянын байыркы борбору Нарада Жибек Жолу бүткөн.

Көпөстөрдүн ортомчулук иш-аракеттери Орто Азияга жибектин кеңири



Римдиктер жасаган ваза. III–IV кк. (Алай)

тарашына көмөк берген. Биздин замандын алгачкы кылымдарындагы жибек кездемелер Кыргызстанда көрүстөндөрдөн табылган.

Улуу Жибек жолу Европа мамлекеттери менен Чыгыш өлкөлөрүнүн бири-бири менен таанышуусунда чоң мааниге ээ болгон. Товар алмашуу гана жүрбөстөн, илимий жана техникалык билимдерин, маданий жетишкендиктерин да бири-биринен үйрөнүшкөн. Дүйнөлүк диндин бири – буддизм Кытайга дал ушул Улуу Жибек жолу аркылуу кирген деп окумуштуулар эсептешет.

## ГУННДАР

Борбордук Азияда да жана Борбордук Европада да ушул күнгө чейин элдин эсинен чыга элек бул адамдар кайдан келишкен?

Гунндардын күчөшү Маодун хан (б.з.ч. 209-174-жылдары башкарган) башкарып турган мезгилге туура келет. Бул акылдуу, чечкиндүү жана алысты көрө билген саясатчы болгон. Түрк элдери өздөрүнүн уламыштарында аны Өгүз каганга теңештиришкен. Анын аты менен бизге жеткен эң байыркы түрк

легендасы байланышкан. Анда Маодундун атасы назик жана кайраты жок адам Кытайдан түндүктү карай кеткен чөлдү байырлаган көчмөн гунндардын анча чоң эмес уруусун башкаргандыгы жөнүндө баяндалат. Хан өзүнүн чечкиндүү жана эр жүрөк улуу уулун жактырчу эмес жана ал түгүл андан коркуучу. Ал уулун коңшу урууга түбөлүк тынчтыктын жана достуктун белгиси катары барымтага берген жана коңшулар өспүрүмдү тез эле өлтүрүп коюшат деп эсептеп, аларга жүзүкаралык менен кол салган. Коңшулар албетте барымтага түшкөн баланы кыйнашмак, бирок эки жүздүү хандын жаш чырпыгы чыныгы жигит болуп чыкты: ал эң мыкты аргымакка минип өзүнүн көчмөндөрүнө зуулдап жөнөдү.

Чечкиндүү өспүрүмдүн жоругу гунндарды таң калтырды. Атасы элдин маанайын байкап уулуна атчандардын анча чоң эмес отрядын бөлүп берди. Кайраттуу Маодун колун куушуруп туруп берген жок: ал өзүнө «ышкырып учуучу» жебелерди жасады. Археологдор көчмөндөрдүн мүрзөлөрүнөн мындай жебелерди көп табышкан: жебенин жыгачына, темир учунун төмөн жагына көзөнөкчөлөрү бар көңдөй сөөк шариктер кийгизилген. Мындай жебелер учканда зуулдаган үн чыгарган. Маодун өзүнүн атчандарын ал эмне жасаса ошонун бардыгын сөзсүз аткарууга буйрук берген: ал өзүнүн зуулдаган жебесин кайсы тарапты карай атса, жоокерлер да ошол тарапка атууга тийиш болчу. Ошону менен Маодун көчмөндөрдүн салгылашуусунун тактикасына жаңылык киргизген: анча чоң эмес участкаларда бир жакты карай жапырт атуу бутага сөзсүз түрдө таамай тийген. Маодун бугуну же эликти атканга чейин жаңжал болгон эмес. Бирок Маодунга эч нерсени ойлобой, автоматтык түрдө ал каалаган ар кандай бутаны таамай атуучу жоокерлер керек болгон. Бир күнү ал өзүн туткундан алып чыккан эң жакшы көргөн атын аткан. Жүздөгөн жебе тийген ат кулап түштү. Ал эми белгилүү атты атууга шектенгендердин башын алышкан.

Дагы бир жолу Маодун өзүнүн аялдарынын бирине жебесин багыттады. Бул жолу бардык жоокерлери тартиптүү түрдө ок жаадырышты, анын назик денеси жыш сайылып турган жаалардан көрүнбөй калды. Маодун бүткүл отрядын мактады жана сыйлады. Ал анын адамдары башчысына керек болгон каалаган ишке даяр экенин түшүндү. Жана ал төмөнкүдөй чечти...

Бугуга аңчылыкка чыккан учурда уулу зуулдаган жебени өз атасынын далысын көздөй багыттады жана ал көз ирмемдин ичинде жапайы жырткычка айланды. Карыган хан ажалынан мурда өлдү, анын уулу митаамдыгы, каардуулугу жана айлакерлиги жагынан эчак эле атасынан өтүп кеткен болчу. Бул окуяны Кытай жылнаамачылары б.з.ч. 209-жылга таандык кылышат. Коңшулары атасын өлтүргөн башкаруучуну кадырлашпады. Юэчжилер (тохарлар) күчтүү уруусунун башкаруучусу согушуу үчүн шылтоо издеп Маодунга мурда аткарылбаган талап менен: ага гунндардын үйүрлөрүнүн эң мыкты ай-

Гундар империясынын негиздөөчүсү – Маодуньшаньюй. «Өгүз хан жөнүндө легенда» деген китебинен миниатюралар



гырын берүүнү сурап чабарман жиберди. Жаш хан аксакалдарын чогултуп, аларга ультуматумду баяндады. Алар баары бир добуштан кошуна хандын уяты жоктугун жана атты берүүгө болбошун билгизишти. Хан акылмандарын угуп, «Жакшы кошуна үчүн ат аянычтуу эмес» деди. Жана эң мыкты айгырды берип салды. Бир эле көз ирмемде Маодун кошуналары жана ал түгүл өзүнүн уруусу үчүн күлкүгө айланды. Ал эми уятсыз кошунасы тынчып калган жок. Экинчи жолу ал өзүнө Маодун-


Бул кызык

## ГУННДАР ЖАНА УЛУУ КЫТАЙ ДУБАЛЫ

Бир тараптан Кытайды көчмөндөрдүн кол салуусунан коргоп, экинчи жагынан кытайлыктардын өздөрүнүн салыктарды төлөй албай жана кедейленүүдөн талаага качып кетишине мүмкүндүк бербөө үчүн Кытай башкаруучулары бир нече кылым бою өз ээликтеринин чектерине чеп дубалдарды курушкан. Бул курулушту Цинь-Ши-хуанди б.з.ч. III кылымда баштаган. Натыйжада Кытайдын түндүк чегарасын бойлото Улуу Кытай дубалы – жер үстүндө ага теңдеши жок курулма жаралган, ал миңдеген адамдардын өмүрүнөн турган.

Б.з.ч. I кылымда гана гунндардын мамлекети алсырай баштаган. Алардын бир бөлүгү жеңүүчүлөргө баш ийген, экинчилери өздөрүнө башка көчмөндөрдү кызыктыруу менен акырындап батышка жыла баштаган. Тарыхчылар бул кыймылды Элдердин улуу көчү деп аташкан, бул мезгилди Рим империясынын кыйрашы жана алардын жерине «жапайы» германиялыктар, славяндар, түрк уруулары отурукташкан II-V кылымдар деп белгилешет.

Чынында эле эски жана жаңы замандын чектеринде талаа кыймылга келген. Көчмөн гунндар капысынан эле Азиянын тереңинен козголуп чыгышкан, өздөрүнүн жолундагыларды аябастан кыргынга учураткан. Гунндардын жапырыгы дыйканчылык кылган элдерди жана мамлекеттерди эле эмес көчмөндөрдү да дүрбөлөңгө салган. Анын үстүнө малчы элдер гунндардын бардык чабуулуна жана кысымына биринчи туш болушкан. Уруулардын кубаттуу сармат-алан жана гот союздары биротоло жок болгон, черняков маданияты жашоосун токтоткон, Караденңиз боюндагы көптөгөн грек элдери кыйраган. Ушул мезгилде Евразиянын этностук картасы түп тамырынан өзгөргөн. IV кылымда гунндар Дунай дарыясына жетишкен. Дунайда алардын мамлекетинин борбору болгон, анын чегарасы Волгадан Рейнге чейин жеткен. V кылымда гунндардын мамлекетин кубаттуу башкаруучу Аттила башкарган (434–453-жылдары башкарган), ага Рим империясы салык төлөп турган. Жетекчиси өлгөндөн кийин анын державасы кулаган. Гунндардын бир бөлүгү Алтайга, бир бөлүгү жогорку Волгага кетип, жергиликтүү уруулар менен аралашып, чуваш элин түзүшкөн. Азыркы венгерлер өздөрүн гунндардын урпактарыбыз деп эсептешет.



Улуу
Кытай дубалы




Кенколдук.
М.М. Герасимовдун реконструкциясы

дун эң сулуу аялын берүүнү талап кылды. Ачуулары келген кеңешчилер дароо согуш баштоону жана уятсыз коңшунун канын гунндардын атынан төгүүнү талап кылышты. Маодун ачууланган карыяларды токтотуп, ынак коңшусу менен тынчтыкта жашоо үчүн сүйүктүү аялын берүүнү чечти. Жана берип салды. Ушундан кийин тек гана аны жек көрүп калышты. Ал эми коңшусу ага гунндардын чегарадагы жерлерин берүүнү талап кылып жаңы ультиматум менен дагы чабарман жиберди. Аксакалдар бир ооздон: «бул жерди берсе болот. Анткени ал жерге чөп өспөйт, суу да жок. Көчүп жүргөн элге мындай таштак чөлдүн эмне кереги бар?» дешти. «Жерди мен эч качан жана эч кимге бербейм, – деди жай гана Маодун, – жер мамлекеттин негизин түзөт». Ал ушул эле жерден эки буйрук берди: кеңешчилердин баштарын алып таштоону жана токтоосуз жортуулга чыгууну.

Буурakaндаган сел агымы сыяктуу гунндар юэчжилерди каптап кириришти, аларды талкалашты жана батышты карай алыска кууп жиберишти. Алардын артынан башкалардын да кезеги келди. Ошондон баштап Маодун аттан түшкөн жок, анын жаасынын зуулдагын Борбордук Азиянын бардык элдери укту жана алардын бардыгы гунндардын кубатына баштарын ийишти.

Б.з.ч. 201-жылы ал Кыргыз (Гяньгунь) ээлигин баш ийдирди, ал ошол мезгилде усундар менен кытайлардын ортосунда, болжол менен Чыгыш Теңир-Тоонун жана Батыш Моңголиянын аймагында жайгашкан. Маодун – Өгуз б.з.ч. 174-ж. каза болду. Ушул мезгилге чейин ага Забайкальеден Теңир-Тоого чейинки, Сибирь тайгасынан Кытайдын чегарасына чейинки кеңири аймакта жашаган элдер баш ийген. Ага Кытай гана баш ийген эмес. Ушул империя менен гунндар бүтпөгөн согуш жүргүзүштү.

Гунндарда эң мыкты атчандар, кытайлыктарда – эң сонун жөө аскерлер болгон, алар чептин ичинде же шаардын дубалдарынын ичинде ар кандай душманга катуу сокку бере алышкан, бирок Улуу талаанын мейкиндигинде табиятынан чабандес элдердин астында күчсүз болушкан.



Кенкол тибиндеги казанактуу көрүстөндөн табылган карапа идиш

## Кеңкол маданиятынын уруулары


Европада Аттиланын гунн державасы кулагандан кийин (V к.) ага баш ийген Дондон Түндүк Кавказга чейинки уруулардын бөлүгү Орто Азияга көчө баштаган. Перстер аларды *кызыл гунндар*, ал эми VII-VIII кылымдардагы булактар – *он жебенин эли* (уруулары) деп аташкан.

Кыргызстанда «кызыл гунндардын» археологиялык эстеликтери Талас жана Чүй өрөөнүнөн, Борбордук Теңир-Тоодон жана Ферганадан, Чаткалдан жана Алайдан табылган. Биринчи болуп алар Кеңкол суусунун жээгинен (Талас) изилденген, ошондуктан ал *кеңкол маданияты* деген аталышка ээ болгон.


Бул кызык

### КЕҢКОЛ КӨРҮСТӨНҮ

Ушул маданияттагы көчмөндөрдүн сөөк коюулары мурунку сөөк коюудан кескин айырмаланган. Өлгөн адамды көмүү үчүн адегенде узун траншея казышкан, андан кийин анын терең жагынан үңкүр (казанак) үңүп казышкан, ал жерге өлгөн адамдын сөөгүн жана ар түрдүү буюмдарды коюшкан. Сөөк коюлган жер абдан бай болгон. Шамшы суусунун (Чүй өрөөнү) жээгиндеги алардын биринен көптөгөн алтын, күмүш буюмдар, асыл таштар табылган.



Кеңкол тибиндеги казанакка коюлган сөөк



Табыт



Ичи оюлган дөңгөч

## КЫРГЫЗДАР ЕНИСЕЙДЕ

### Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башаттары

Кыргыздар жөнүндө бизге жеткен эң биринчи эскерүү Кытайдын тарыхый чыгармаларында жолугат жана б.з.ч. 201-жылга таандык. Дал ушул мезгилде Маодун жетектеген гунндардын кубаттуу мамлекети бир катар жерлерди басып алышкан: «... (Маодун) түндүктө хуньюй, цюйше, динлин, гэгун жана синьлилердин ээликтерин багындырды», – деген гана кыска маалымат Кытай жылнаамасында жазылган. Гунндар басып алган жогоруда аталган беш элдин ичинен тарыхчыларга болгону экөө – *динлиндер* жана *гэгундар* жөнүндө маалыматтары бар.

Динлиндер деп Кытай жылнаамасы Енисей дарыясынын ортоңку агымындагы жана Түштүк Сибирдин коңшуна аймагындагы европеид калкын аташкан. Динлиндердин маданияты (б.з.ч. VII-I к.) Орто Азиядагы сактардын маданиятына жакын болгон. Кийинчерээк бул элдин тагдыры гэгундардын (I-V к.) тагдыры менен чырмалышып кеткен. Гэгундар деп (варианттары: гянь-гунь, кигу, цигу) кытайлыктар байыркы кыргыздарды аташканын окумуштуулар талашсыз эле аныкташкан.

Кытай жылнаамасында кыргыздар жөнүндө алгачкы, саналып гана өткөн эскерүү болсо да кыргыз элинин тарыхы үчүн чоң мааниге ээ. Анын натыйжасында биз б.з.ч. III кылымдын акырында эле *Кыргыз ээлиги* болгонун билебиз, ал Борбордук Азиядагы жана Түштүк Сибирдеги башка төрт ээликтен али бизге белгисиз айырмачылыктарга ээ болгон. Демек, *кыргыз* этноними азыркы учурдагы түрк тектүү элдердин аталыштарынын ичинен эң байыркысы болуп эсептелет.

Бул кызык

### КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН 2200 ЖЫЛДЫГЫН МАЙРАМДОО




2002-жылы Кыргызстандын биринчи президенти А.Акаев «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылын өткөрүү жөнүндөгү» Жарлыкка кол койгон, анда төмөнкүчө белгиленген: «Ата-мекендик илимпоздордун байыркы жана азыркы тарыхчылардын эмгектерине таянуу менен жүргүзүлгөн терен изилдөөлөрү кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жаралышы жок эле дегенде биздин доорго чейинки III кылымдын акырында, башкача айтканда мындан жыйырма эки кылым мурда болгондугун ынанымдуу көрсөтүп турат. Ошол мезгилден бери кыргыз мамлекеттүүлүгү бир катар этаптарды, атап айтканда көп кылымга созулган Енисей мезгилин жана Ала-Тоого көчүп келгенге чейинки улуу державалык доорду басып өткөн жана ошол мезгилдин реалийлерине жооп берген жетилген формага ээ болгон...

Өзүнүн мааниси боюнча 2200 жылдык кыргыз мамлекеттүүлүгү жөнүндө так далилденген маалыматтар улуттук чектен чыгып, эл аралык мааниге ээ болуп бара жатат».

Майрамдоо 2003-жыл ичинде болуп өткөн.

## Кыргыздар Борбордук Азияда

Кыргыздар жөнүндө кийинки эскерүү Кытай жылнаамасында жүз жыл өткөндөн кийин – б.з.ч. 101-жылда жолугат. Ушул мезгилде гунндар кыязы, кыргыздардын башкаруучу төбөлдөрүн жок кылып же алмаштырса керек.

Б.з.ч. 99-ж. Кыргыз ээлигинин башкаруучулугуна гунндарга туткунга түшкөн Кытай аскер башчысы Ли Лин дайындалган. Мурда ал гунндар менен чебер жана эр жүрөктүүлүктө салгылашкан. Кытайда Ли Линдин туткунга түшкөнү жөнүндө билишкенден кийин анын үй-бүлөсүн бүтүндөй өлтүрүп салышкан, ал эми анын өзүн Кытай отрядын жеңилгендиги жана өлүмгө учуратканды үчүн күнөөлөшүп, өлүм жазасына өкүм кылышкан. Гунндардын эң жогорку башкаруучусу анын каармандыгын жана кытайдын аскер өнөрүн мыкты билгендигин жогору баалап, ага өзүнүн кызын берген жана жогорку чин ыйгарган. Даражасы жогорулаган туткун анын ишеничин актаган. Б.з.ч. 90-ж. кыргыздардын жаңы башкаруучусу кытайлыктарга кол салган. Ли Лин б.з.ч. 74-жылы өлгөн.

Уламыш боюнча анын урпактары кыргыз жеринин мураскор ээлери болуп калышкан. Ли Линдин уулу б.з.ч. 56-ж. кыргыздардын жардамы менен гунндардын династиялык чатактарына аралашып жана хандын тагына өзүнүн кишисин отургузган. Хан тез эле өлтүрүлгөн, Ли Линдин уулунун тагдыры жөнүндө жылнаамада маалымат жок. Кыязы, дүрбөлөңдүү мезгилде гунндар кыргыздар менен согушкусу келбесе керек жана кыска мезгилге башка жерликтердин биилигинен бошоп калган, анткени б.з.ч. 49-ж. гунндар кайрадан Кыр-

гыз ээлигине жортуулга чыккан. Бул ээликтин жайгашкан жери гунндардын ханы Чжичжинин батышка жортуулу жөнүндө маалыматты аныктоого мүмкүндүк берди, мында ал кыргыздарды талкалаган. Алардын жайгашкан борбору Хангайда (Түндүк Монголия) гунндардын ордосунан батышты карай 7000 ли жана Турфан оазисинен (Чыгыш Түркстан) түндүктү карай 5000 ли болгон. Аралык (ли – 500 м) байыркы кыргыздардын жери ошол учурда Чыгыш Теңир-Тоодогу Боро-Хоро кырка тоосунда болгонун көрсөтөт.

## Кыргыздардын Енисейге көчүшү

Хан Чжичжи өзүнүн аскерлерин кыргыз отряддары менен чыңдап Ортоңку Енисейдеги Минусин өрөөнүн ээлеген динлиндерге кол салган жана аларды өзүнө багындырган. Ошентип б.з.ч. I кылымдын ортосунда Борбордук Азиядагы кыргыздардын бир бөлүгү жаңы мекенге ээ болушкан. Гунндар Ортоңку Енисейде узакка бийлик жүргүзүшкөн эмес. Алар тез эле азыркы Кыргызстандын аймагына көчүп келишкен жана Талас өрөөнүнө жайгашкан. Мында б.з.ч. 36-жылы алар Кытай аскерлеринин кыйратуучу сокку уруусуна туш болгон. Хан Чжичжинин өзү туткунга түшкөн жана башы алынган.

Айрым тарыхчылар кыргыздардын Борбордук Азиядан Енисейге көчүшү башка жагдайда жана башка учурда болгон деп эсептешет. Мындай божомолго негиз болуп байыркы түрк генеологиялык легендасына талдоо жүргүзүү эсептелет, мында III кылымдын ортосундагы окуялар жөнүндө баяндалат.

Легендага ылайык түрктөрдүн мифтик бабасы – «бөрүнүн уулу» – үйлөнгөн жана төрт уулдуу болгон. Алардын улуусу Нодулу-шад байыркы түрк династиясы Ашинанын негиздөөчүсү болгон. «Экинчиси Цигу (Кыргыз) деп аталган, Афу жана Гянь дарыяларынын ортосунда падышачылык кылган». Легендада келтирилген координаталарды XIX кылымдын акырында орус чыгыш таануучусу Н.А.Аристов биринчи болуп ачкан. Ал Цигунун (Кыргыздын) ээлиги Абакан (Афу) жана Енисей (Гянь, б.а. Кем) дарыялары боюнча жерди ээлегенин далилдеген, ал жерде «кыргыздардын негизги ордосу болгон». Легенда кыргыздардын Енисейге жайгашуусунун башка учурдагысын (б.з. III-IV кылымдар) гана эмес, эгерде байыркы түрктөр жана кыргыздар болбосо, анда алардын башкаруучу династияларынын жакын этностук туугандыгын көрсөтөт.

Тарыхый хроникалар кыргыздар жөнүндө өтө эле аз эскерет. Ал эми I-V кылымдардагы байыркы кыргыздардын тарыхы жазма булактарда таптакыр чагылдырылган эмес. Актай барактарды археологиялык изилдөөлөр толтурду. Алар жергиликтүү Енисей калкы – европеиддик динлиндер – Борбордук Азиянын келгиндери менен аралашканын айгинелейт. Натыйжада I кылымга карата эле Енисейде жаңы эл жана жаңы маданият пайда болгон. III-V кылымдардын мезгилин ишенимдүү түрдө байыркы кыргыз маданиятынын доору деп атоого болот.

## Байыркы кыргыздардын маданияты


Енисейдеги байыркы кыргыздар жарым көчмөн малчылыкты дыйканчылык менен айкалыштырып чарба жүргүзүшкөн. Жердин бир бөлүгүн каналдардын жардамы менен сугарышкан. Толуу-тайга райондорунда бугу



Минусинге жакын жердеги Таштык коргонунан табылган эркектин сөөк коюудагы беткеби. Б.з.ч. III к. – б.з. II .



Кытай колбашчысы Ли Лин



Борбордук Азиядагы этностук процесстер
Тара
Омь
оз. Чаны
Новосибирск
Томь
Кия
Красноярск
Кан
Бирюса
Чуна
Илим
Ока
Лена
Уда
Ия
Ангара
Иркутск
оз. Байкал
оз. Хубсугул
Туба
Абакан
Бол. Енисей
Мал. Енисей
Енисей
Кызыл
Телецкое озеро
Бия
Катунь
Обь
Алей
оз. Убсу-Нур
Тэс
Мурэн
Эгин-Гол
Селенга
Орхон
Идэр
оз. Хиргис-Нур
Джабхан
Кобдо
оз. Хара-Ус-Нур
Иртыш
оз. Зайсан
Черный Иртыш
оз. Улюнгур
Урунгу
оз. Балхаш
оз. Алаколь
оз. Эби-Нур
Или
Дихуа (Урумчи)
Хами
оз. Иссык-Куль
Аксу
Кокшаал
оз. Баграшкуль
Кончедарья
оз. Лобнор
Тарим
Яркенд
Хотан
Керия
Черчен
Карамуран
Каракаш
Чумар
оз. Кукунор
оз. Джарин-Нур
Хуанхэ
оз. Гашун-Нур
оз. Сого-Нур
Эдзин-Гол
Сулэхэ
Д И Н Л И Н Ы
К И П Ч А К И
К Ы Р Г Ы З Ы
Х У Н Н У
У С У Н И
Т О Х А Р Ы
П Л Е М Е Н А Д И
VI кылымдагы кыргыздардын мамлекети
Жужандар менен эфталиттердин кысымы астында кыргыздардын Енисейге аргасыз көчүшү
Эфталиттердин жортуулу
Жужандардын жортуулу

өстүрүүчүлүк жана аңчылык өнүккөн. Мындай чарба тиричиликтин ар түрдүүлүгүн, турак-жайдын, кийим-кечектин, курал-жарактын, тамак-аштын, унаанын түрлөрүн ж.б. болжолдойт.

Байыркы кыргыздардын турак-жайы, мисалга алсак, 3 түрдө болгон: боз үй түрүндө – жерге кагылган казыктарга кийизди керип байлашкан; эки жантаймалуу чатырчасы бар жыгач үйлөр жана каркастуу 6 бурчтуу курулуштар. Тургун жайдын типтери да ошончолук түрдүүчө болгон. Байыркы кыргыздар жайкы жайлоолордо, чакан конуштарда жана туруктуу ири тургун жайларда жашаган. Алардын эң чоңу болуп Михайлов тургун жайы (Кемерово облусу) эсептелет, ал 75 турак жайдан турган.

Байыркы кыргыздардын көркөм өнөрү көрүстөндөрдүн биринен табылган жыгач тактачаларда ачык көрсөтүлгөн. Ал баатырдык аңчылыкка чыгууну, жылкы тийүүнүн, чет жерликтер менен салгылашуунун ж.б. эпикалык көрүнүштөрүн сүрөттөгөн көп фигуралуу сүрөттөр менен туташ капталган. Биз эң эле ар түрдүү көрүнүштөгү, ар кандай маданий салттарды алып жүргөн адамдарды көрөбүз, ал Ортоңку Енисейде байыркы кыргыз маданиятынын түзүлүшү менен бир мезгилде болуп өткөн татаал этностук процесстерге толук туура келет.

Енисейдеги кыргыздарда кол өнөрчүлүк өнүккөн, алар темир эритүүнүн өзгөчө ыкмаларын билишкен, ошол учурга ылайык курал-жарактарды жана эмгек куралдарын жасашкан. Кыргыздардын аскердик өнөрү ошол учурда эле өтө өнүккөн. Жоокерлер эң сонун өнөрлөрдү билгени менен айырмаланган. Эң сонун курал болуп кыргыздардын татаал курамдагы жаалары, үч алакандуу жебелери, ыргытып саюучу найзалары, ар кандай канжарлары ж.б.у.с. болгон. Кыргыздар жасаган согуштук курал-жарактарды көптөгөн элдер чоң суроо-талап менен пайдаланышкан. Ал түгүл кыргыздар алманды да курал-жарак менен төлөшкөн.



Турак жайдын ар кандай түрлөрүнүн макеттери (Минусин музейи)

Байыркы кыргыздардын коому алгачкы коомдук түзүлүштөн бөлүнүү стадиясына жеткен. Анын негизин эркин коом мүчөлөрү – малчылар жана дыйкандар түзгөн. Алардын үстүнөн артыкчылык берилген төбөлдөрдүн катмары караган. Үчүнчү, толук укуксуз социалдык топ кулдар болгон.

## Енисейлик кыргыздардын мамлекети

V кылымда гунн империясы кыйрагандан кийин кыргыздар кубаттуу жуань-жуандарга баш ийген. VI кылымда Кытай жылнаамасы кыргыздардын жайгашкан жери катары Енисей дарыясынын ортоңку агымындагы Минусин өрөөнүн көрсөтөт.

VI кылымда енисейлик кыргыздар өздөрүнүн мамлекетин түзүп, өзүнө бүткүл Минусин өрөөнүн баш ийдирген. Мурда бул жерде жашаган түпкү жергиликтүү калктын жарым-жартысы кыргыздардын курамына кирген, жарым-жарты-


лайы чет жакадагы тоолуу тайга районуна сүрүлгөн. Тайгалык уруулар кыргыздарга көз каранды болушкан жана аларга баалуу аң терилеринен, жыпар зат (мускус) жана башка аңчылык продуктуларынан алман төлөп турушкан. Кыргыздардын башка уруудагы алман төлөөчүлөрү *кыштымдар* деп аталган.

Кыргыз коомунун башында жогорку башкаруучу *ажо* турган. Кыргыздар күчтөнгөн мезгилде ажо түрк башкаруучу элитасынын жогорку титулун – *каган* титулун алган. Ажонун бийлигинин символу болуп алтын алкакчалуу конус формасындагы баш кийим жана жогорку башкаруучунун ордосуна орнотулган туу эсептелген. Туу кызыл түстө болгон. Ал өтө ардакталган, аны мамлекеттик ыйык нерсе катары сакташкан. Күч тең келбеген кармашта (8 адамга 100 киши туура келет) каза болгон бир кыргыз патриотунун мүрзөсүнүн үстүндөгү жазууда суктануу менен төмөнкүдөй белгиленген: «Мамлекеттин коош кызыл туусу!».

Ажо төрөлөрүнө – *бектерге* таянган. Бектер мамлекетте жана аскерлерде жогорку кызматтарды ээлешкен. Бектер мамлекеттик чиновниктер болушкан, алты разрядка бөлүнүшкөн. Аскерлерди 20 жогорку чиновник – бек башкарган, аларды министрлер деп аташкан. Жарандык иштерди (салык жыйноо, финансы, сот өндүрүшү) 15 иш алып баруучу жүргүзгөн. Кыргыздардын өзүнчө урууларын бектер башкарган, алар *эльтебер* же *тархан* деген титулга ээ болушкан. Кыштымдардын жерине ажо кыргыз бектеринин ичинен өзүнүн төбөлдөрүн – *тутуктарды* дайындаган.

Кыргыз коомунун негизин жеке өздөрү эркин калк – эл (бодун) түзгөн. Кыргыз мамлекетинин калкы болжол менен жарым миллион адамдан турган.

Өзүнүн мүнөзү боюнча Енисей кыргыздары Кытай байкоочуларына «намыскөй жана туруктуу» болуп көрүнгөн. Алардын мыйзамдары абдан катаал болгон: «салгылашуунун алдында чатак чыгарган, элчилик милдетти аткарбаган, өкүмдарга туура эмес кеңеш берген адамдын уурулук кылгандай эле башы алынган».



Жеңил куралданган кыргыз жоокери

## Чарбалык иштер

Кыргыздардын ичинде ак сөөктөр – 4-6 миң жылкысы бар байлар жана эптеп бирин-бирине улаган кедейлер бөлүнүп чыккан.

Көптөгөн жылкысы бар байлар көчмөн-чарба жүргүзүшкөн, ал эми 25-30 жылкысы бар же такыр эле малы жок кедейлер чакан айылга жайгашып дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жүргүзүшкөн. Археологдор көп учурда темир эриткен мештерди, турак-жай жана чарбалык багыттагы курулуштардын калдыктарын табышат.

Кыргыздардын, өзгөчө тоолуу – тайгалык кыштымдардын чарбасында бугу өстүрүүчүлүк, аңчылык жана балыкчылык чоң мааниге ээ болгон. Багышка, жапайы түндүк бугусуна, маралга, аюу-

га, тоо эчкиге, каманга аңчылык кылышкан, алар бүгүнкү күнгө чейин Саян тоолорун байырлашат. Териси баалуу жаныбарларга аңчылык кылуу жакшы киреше алып келген, анткени баалуу аң терилери ар дайым баалуу болгон жана ташып кетип турушкан. Кытай, араб жана орто азиялык көпөстөр кыргыздардан киштин, кемчеттин, кундуздун, суусардын, сүлөөсүндүн, түлкүнүн, илбирстин, тыйын чычкандын жана башка териси баалуу жаныбарлардын терилерин сатып алып турушкан. Кышында лыжа менен аңчылык кылышкан.

Балыкчылар ал түгүл осетр балыктарын кармашкан.


Кыргыздар кенди жакшы билишкен. Алар кен чыккан жерлерди чалгындашкан жана темир, жез, калай, алтын, күмүш, мышьяк казып алышкан. Азыркы учурдагы геологдор көп учурда байыркы кен чалгындоочулардын изи менен барышып, байыркы кен казылмаларын табышат жана металл кендеринин калган запастарын аныкташат.

Кыргыз чебер усталары – зергерлер, куючулар жана темир усталар – эң кооз кымбат баалуу жасалгаларды, алтын менен күмүштөн татаал оймо-чиймелүү идиштерди, курч жана бекем кылычтарды, бышык жааларды жасаганды билишкен.

Кыргыздар үчүн соода чоң мааниге ээ болгон. Ар кандай терилерден башка, кыргыздар түндүктөгү аңчылык жүргүзгөн уруулардан тышкы базарда баалуу болгон товарды – «хуту мүйүзүн» – илгери эле өлгөн мамонттордун зор азуу тиштерин алышкан, алар азыркы кезде да ушул жерлерде жолугат. Арабдар жана перстер андан кымбат канжардын жана кылычтын саптарын жасашкан. Кыргыздардын өздөрү сатууга курал-жарак жана зергерчилик буюмдарын коюшкан. Бүткүл Азия боюнча кыргыз аргымактары абдан бааланган. Аларды чет жердик көпөстөр кызыгуу менен сатып алышкан: алар дипломатиялык белек үчүн арналган. Кытай хроникачылары төмөнкүчө жазышат: «Алардын (кыргыздардын) жылкылары өзгөчө чымыр жана чоң; алардын жортуулга минүүчүлөрүн негизги аттар деп аташат» (аларды душмандын катарын бузуу үчүн биринчи катарга коюшкан). Кытай адистери Лун-ю (Ажыдаар) породасындагы аргымактарды дүйнөдө эң мыкты деп эсептешкен. Алар таза кандуу кыргыз аргымактарын «Лун-ю породасына татыктуу эң сонун күлүктөр» деп аташкан.



Канжарлар, кылычтар, жебенин учтары, металл идиштер (Минусин музейи)



Тиричилик буюмдары (Минусин музейи)

Кыргыздар, мусулман тарыхчылары жазгандай дагы бир экзотикалык товарга – «халандж жана ходанг дарагына» ээ болушкан. Мусулман чеберлери халандж менен хадангдын бир нече сортун айырмалашкан. Ирандын Рей шаарында ушул дарактан чеберчилик менен тарак жасашкан, алтын менен алкакташып, көптөгөн өлкөлөргө сатышкан. Ирандын башка шаарларында андан оймо-чиймелүү батунус, аяк, башка идиштерди жасашкан. Дарактын табигый сүрөтү жылмалагандан кийин алардын ээлеринин сыктануусун жараткан.

Окумуштуулар азыркыга чейин халандж менен хаданг жөнүндө жазганда мусулман авторлору дарактын кайсыл породасын айтышкандыгын талашыптартышып келишет. Алар дарактардын сөңгөктөрүн эмес, кесилишинде табигый булалары чырмалышып, эң кооз сүрөт көрүнүп турган андагы урду айтышса керек. Кыргыздар Сибирь тайгасындагы дарактардан сейрек урларды табышкан.

Енисейдеги Кыргыз мамлекетинде чеберлер жасаган кооз товарлар ал түгүл Китайдын, Чыгыш Түркстандын, Орто Азиянын, Ирандын, Жакынкы Чыгыштын көпөстөрүн да өзүнө тарткан. Ошондуктан Азияны чыгыштан батышка алып баруучу Улуу Жибек жолунан Кыргыз мамлекетине бир бутагы кирген. Ал Турпан оазисинен башталган жана түндүктө Тувага алып барган, Саянды кесип өткөн, андан кийин Енисей дарыясынын боюу менен көпөстөр ажонун ордосуна келишкен. Бул жол булактарда *Кыргыз жолу* деп аталат.

Бирок кербендердин кыймылы ушул жол менен ургаалдуу өткөн эмес. Орто Азияда, мисалы, кыргыздарга болгону 3 жылда бир жолу 20 төөдөн турган гана кербен келген. Кыргыздардын негизги товарлары (аң терилери, мускус) сыйымдуу жана оор болгон эмес. Кыязы, «үч жыл» кыргыздар төөлөрдүн кербени үчүн жетиштүү товар топтоого зарыл убакыт болсо керек.

Чыгыш Түркстандан жана Орто Азиядан кыргыздар өз товарларынын ордуна күмүш идиштерди, асыл таштардан жасалгаларды, каури үлүлүн, күзгү, кымбат жасалгалуу курал-жарак алышкан. Кыргыз аялдары орто азиялык өндүрүштүн кездемелеринен көйнөк кийишкен.

Кытайдан Енисейге күзгү, жибек жана парча кездеме, лакталган жана фарфор идиш-аяк келген. Бай кыргыздарга гана жеткиликтүү болгон кызыкчылык буюмдарынан башка Кытайдан эмгек куралдарын: соконун тиштери да келип турган. Енисейден Тан династиясынын (618-907-жылдар) башкаруусунун мезгилиндеги көптөгөн жез тыйындар табылган. Алардын айрымдарына руна жазуусу менен *акча* деген сөз жазылган. Кыргыздар ички соодасында Тан тыйындарын пайдаланышкан деген божомол бар. Майдалоочу бирдиги болуп *сом* (сөзмө-сөз «куйма») жана *тыйын* (сөзмө-сөз «боз тыйын чычкан»)



Ак сөөк жоокердин көрүстөнүнөн табылган шарап куюлуучу алтын кумура

кызмат кылган. X кылымда, мисалы тыйын 2,5 күмүш дирхемге барабар болгон, ал эми жүз тыйын бир сомду түзгөн.

## Тиричилиги, үрп-адаттары, дини

Кыргыздар ичинде көп аял алуучулук тараган. Колукту үчүн калың төлөшкөн. Көп учурда нике кыюу үчүн ата-энелердин макулдугу жетиштүү болгон; эгерде жигит өзү кызга жуучу жиберсе, ага кээде баш тарткан жооп келген. Калың кой жана жылкы менен төлөнгөн: «байлар жүздөгөн жана миңдеген мал берген». Күйөөлүү аялдар күйөөгө чыга электерден айырмаланышы үчүн өзүнүн мойнуна татуировка бастырышкан. Ал эми эркектер болсо салгылаштарда данкы чыккан эң эр жүрөктөрү гана колдоруна татуировка басышкан.

Байлар киш жана сүлөөсүн, кедейлер койдун терисинен ичик кийишкен. Ичикти курчанышкан. Курга бычак жана өгөөнү илип алышкан.

«Ажо кышында киш тумак, ал эми жайында алтын алкактуу, төбөсү шуштугуй жана төмөн жагы кайрылган баш кийим кийет, калгандары ак кийиз калпак кийишет», – деп белгилешет Кытай хроникачылары.

Тарыхта кыргыздарда ак калпакка берилген сыяктуу ушундай туруктуу этнографиялык салт чанда жолугат. Кыргыздардын улуу «Манас» эпосунда манасчылар өзүнүн элин *ак калпактуу* деп аташкан. Биздин замандаштарды Енисей кыргыздарынан болжол менен 1 500 жыл бөлүп турат, бирок азыр да ак калпак кыргыздардын сүйүктүү баш кийими болуп эсептелет. Андан дагы ал түгүл расмий эмес улуттук символ, улуттук сувенир болуп калган.

Кыргыздардын дини *бутпарастык* болгон. Башка түрк элдериндеги сыяктуу эле жогорку кудайлар болуп *Теңир* жана *Умай* эсептелген. Кыргыздардын ишенимин кыйла так перси тарыхчысы Гардизи төмөнкүчө баяндайт: «Кыргыздар, индустар сыяктуу эле өлгөндөрүн өрттөшөт жана «От – эң таза нерсе, отко туш болгондун бардыгы тазаланат: өлгөн адамды дагы от кирден жана күнөөдөн тазартат» деп айтышат. Айрым кыргыздар уйга, экинчилери – шамалга, үчүнчүлөрү – кирпиге, төртүнчүлөрү – сагызганга, бешинчилери – шумкарга,



Алтай кыргызынын тышкы көрүнүшү жана кийими. Реконструкция





Кыргыздарда эркектердин баш кийиминин эволюциясы




▸ Шаман



▸▸ Үйдөгү рух-колдоочу

алтынчылары – кооз бак-дарактарга сыйынышат. Алардын арасында фагинун (шаман) деп аталган адамдар да бар; алар жыл сайын белгилүү күнү бардык музыканттары менен чогулушуп, көңүлдүү той өткөрүү үчүн бардыгын даярдашат. Музыканттар ойной баштаганда фагинун аң- сезиминен ажырайт; ошондон кийин андан бардыгы жөнүндө, жаңы жылда эмне болору: муктаждык жана байлык жөнүндө, жаан-чачын жана кургакчылык жөнүндө, коркунуч жана коопсуздук жөнүндө, душмандардын кол салышы жөнүндө сурашат. Ал бардыгын алдын-ала айтат жана көбүнчө ал кандай айтса ошондой болот».

Гардизи *камланияны*, б.а. кыргыз *бакшы-шамандарынын* шаманчылыгын (сыйкырчылыгын) биринчи болуп баяндаган.



Сөөк коюу макети (Минусин музейи)





Алтайдагы таш мамылар

Өлгөндөрдү өрттөшүп, күлүн топурак чуңкурларга, таш дөбөлөрдүн алдына жана кеңири уруулук күмбөздөргө – сагана көрлөргө коюшкан, мында кээде жүздөн ашык адамдарды көмүшкөн.

Сагана көрлөр өлчөмү 9х9 метрге чейинки чоң аңгектерге курулган. Аңгекке коридор түспөлдүү кирүүчү жер алып келген. Сагана көрдүн каркасы устундардан курулган. Дубалын жыгачтан жана таштан көтөрүшкөн, андан кийин кайың кабыгынын калың катмары менен жабышкан. Сагана көр үстүнөн тыгыз устунча менен жабылган. Бүткүл курулма топурак менен көмүлгөн. Мындай сагана көрлөргө бай адамдарды коюшкан. Алардын биринен 14 жылкынын, 58 уйдун жана 25 койдун сөөгү табылган. Бул өлгөндүн кара ашы үчүн гана союлган малдын сөөгү болгон. Өлгөн адамдын жеке ээлигинде албетте, малы бир нече эсе көп болгон. Сагана көрлөргө коюлгандардын байлыгы жөнүндө алардын кийимдери: мех тондору, киш тумактары жана булгаары бут кийимдери да айгинелейт. Өлгөн адамдын сөөгүн өрттөп, күлүн чогултуп баштыкка салып жана кийимине коюшкан, өлгөн адамдын сөлөкөтү кейиптенген куурчак даярдашкан. Башын гипстен жасалган беткеп менен алмаштырып, ачык боёктор менен сүрөтүн тартып коюшкан. Мындай беткептер – Ортоңку Енисейдин байыркы калкынын ишенимдүү жана чебер портреттери болгон, ал болсо алардын негизинен европеиддер болгону жөнүндө айгинелейт. Сырт келбети монголоид түрүндө болгон беткептер да жолугат.

Ак сөөк адамдын мүрзөсүнүн үстүнө тик казылган таш мамылар менен курчалган чоң дөбөлөрдү үйүшкөн. Мындай курулмалар *чаа-тас* (согуш ташы) деп аталат. Чаа-тастардын дөбөсүнүн алдына кээде жашырын жай курушкан, буга кенч катышкан. Жашырын жайдын биринен жалпы салмагы болжол менен 3 кг болгон төрт алтын идиш, алтын жана күмүш идиш табылган. Кедейлердин сөөгүн анча чоң эмес коргондордун алдына чоподон жасалган бир-эки идиш менен эле коюшкан.



# ОРТО КЫЛЫМ

## ТҮРКТӨР

Байыркы түрк доорунун негизги мазмуну болуп Евразиянын кеңири мейкиндиктеринде өзгөчө көчмөн цивилизациянын түзүлүшүнүн аякталышы эсептелет.

Кытай жылнаамаларында элдин бөтөнчө жол менен келип чыгышын баяндаган байыркы түрк легендасы сакталган.

«...Чакан урууга душмандар кол салат. Уруу айбаттуу болгон, бирок душман көп эле... Эч ким багынып, жан соога сурабады. Душмандар да эч кимди аяшкан жок: эркектер салгылашта жан беришти, аялдарды, балдарды, кары-картаңдарды бүт бойдон кылычтап өлтүрүштү. Бир гана бала, башчынын уулу тирүү калды. Анын эки колун кесип, сазга ыргытып жиберишти...

Түн кирди. Бала тиштенип, акырындап өлүп баратты. Эсинен танып барытып бала чөөлөрдүн улуганын, үкүлөрдүн муңдуу кыйкырганын, жакын жердеги чөптөрдүн арасындагы жыландардын ышкырыктарын угуп жатты...

Мына эми алыстан карышкырдын улуган үнү угулду. Андан кийин ал улам жакындап келе жатты. Бир саамдан соң саздын четинде килейген канчык карышкыр пайда болду. Баланын каршылык көрсөтүүгө дарманы жок эле... бирок канчык карышкыр олжо издеп келген эмес эле. Ал баланын жакасынан тиштеп, саздан сууруп чыкты, андан кийин анын жараатын жалап, сүтүн эмизип тойгузду...

Күндөр, айлар өтүп, жылдар алмашты. Канчык карышкыр багып өстүргөн бала келишимдүү жигит болуп эр жетти... Ал адамдарды көрбөдү.

Бир жолу ал шар аккан тоо суусунун жээгинде кайгыруу менен терең ойго

батып олтурду. Бир уруудан жалгыз өзү калды, эгер ал өлүп калса анын эли биротоло тукум курут болот...

Бала кейиштүү ойлордон эсине келсе, алдында ай чырайлуу кыз турган экен.

- Сен кимсиң? Асмандын кызы эмессиңби? – деп таң кала сурады.

- Мен ушул дарыянын кудайымын. Сенин элиңди биротоло жок болуудан сакташ үчүн Көк асман (Теңири) мени канчыктын кейпинде кичинекей, жараттан кансыраган, жардамга муктаж сага жиберген. Эми, эгер кааласаң мен сенин аялың болоюн...

Көп өтпөй душмандар уланды өлтүрүштү. Ал эми канчык карышкыр Алтай тоолоруна качып кетти жана ал жерде он уул төрөдү.

Балдар бой жеткенде эне-канчык карышкыр аларды чогултуп, жетекчи шайлоону жана бардыгы ага сөзсүз баш ийүүнү сунуш кылды. Бир туугандар критерийди өздөрү аныкташты: ким бийик секирип, даракка белги калтырса ошол жетекчи болот дешти. Бир туугандардын Ашина аттуусу шамдагайлык менен абага секирип, кызыл карагайдын катарында турган бутактардын бирине илинип калды. Ага жетекчиликти ыйгарышты, ал эми энеси бул тандоону жактырды.

- Эми, деди канчык карышкыр, – силер өзүңөрдүн биринчи жортуулуңарга чыксаңар болот. Элден ийкемдүү жана чымыр кыздарынан башка эч нерсе албагыла. Алар кудай тандаган адамдар болушат, анткени дүйнөгө жаңы элди беришет, аларды адамдар «түрк», б.а. күчтүү, чымыр, кубаттуу деп аташат.

Бир туугандарга Турпан оазисиндеги кыздар жагып калды. Алар кыздарды булактын боюнан күтүшүп, ала качышты жана тоого алып келишти. Көп өтпөй эле алардан көптөгөн балдар төрөлдү жана алар толуу өрөөнгө батпай баратышты.

Бир туугандар кеңешип жаңы жерлерге жайгашууну чечишти. Бир туугандардын кыргыз деп аталганы Абакан жана Енисейге жайгашты. Легендага ылайык кыргыз элинин башталышы ошондон келип чыгат. Калган бир туугандары башка жерлерди ээлешти. Тоолордо жана талааларда, токойлордо жана чөлдөрдө эң сонун чабандестердин отряддары пайда болду. Алар куралжарак колдонгонду эң сонун үйрөнүштү жана өздөрүнүн элин душмандардан ийгиликтүү коргошту. Кошуналары аларды *түрк* деп аташты. Ал «чымыр», «күчтүү» дегенди эле эмес «асыл» – «бийликке укугу бар» дегенди да билдирет.

Түрк элдери өздөрүнүн канчык карышкырдан (бөрүдөн) тараганы жөнүндөгү легенданы эстешет. Орто кылымда алар урушка карышкырдын башы сүрөттөлгөн туу менен киришкен. Эң күчтүү жана эр жүрөк жоокерлерди түрктөр урматтоо менен бөрү деп аташкан. Монголиядан алгачкы түрк кагандарынын тарыхы жөнүндө баяндаган, VI кылымдын экинчи жарымында жазуу оюп жазылган таш мамы табылган. Анын жогору жагында канчык карышкырды сүрөттөгөн барельеф бар, анын сөөгүнүн алдында бутуколу жок өспүрүмдүн элеси тартылган.



Түрк. Реконструкция



Түрк чабандеси

## Байыркы түрк уруулар союзунун түзүлүшү

«Түрктөр гунндардын өзгөчө уруусу. Алардын уруулук аталышы Ашина» – деп белгилейт Кытай тарыхый хроникасы. III жана IV кылымдардын чектеринде гунндар талкалангандан кийин түрктөрдүн ата-бабалары Түндүк-Чыгыш Кытайдын аймагын (азыркы Ганьсу провинциясы) ээлешкен. IV кылымдын акырында күчтөнгөн кытайлыктар аларды Турпан районуна сүрүшкөн, мында алар жергиликтүү иран тилдүү элдер менен аралашкан. Ошол учурда Борбордук Азияда үстөмдүк кылган жуань-жуандар 460-ж. Турпан оазисин басып алышкан жана алар багындырган түрктөрдүн ата-бабаларын Ашина уруусу менен бирге Алтайга көчүрүшкөн. Мында эркин мал багып көнгөндөр кен казгыч, эриткич жана темир уста болууга аргасыз болушкан, анткени аварлар алардан темир менен гана алым төлөөнү талап кылышкан.

Ошол учурда түрктөр өздөрүнүн көз карандысыздыгы үчүн күрөшкө даярданып жатышкан. Алар кылычтарды, кош миздүү кылычтарды, найзалардын жана жебелердин учтарын, курал-жарактарды жасашкан. Орто Азияда биринчи болуп алар ээрге үзөңгү тагышкан. Ал болсо өздөрүнүн атчандарынын согушка жөндөмдүүлүгүн жогорулаткан. Эми алтайлык чабандес үзөңгүгө таянып мурункудай эле саюучу гана эмес, таш-талканын чыгаруучу сокку дагы бере алган. Үзөңгүгө кошумча таянуу алтайлык жаачыларга ат менен чаап баратып бардык тарапка, анын ичинде артка бурула калып куугунчуну да атууга мүмкүндүк берген.

Бул кызык

### ТҮРКТӨРДҮН ҮРП-АДАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ БАЙЫРКЫ КЫТАЙ ТАРЫХЫ

*«... Чатырларда жана кийиз боз үйлөрдө жашап, чөптүү жана суулуу жерлерге карата бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүшөт; малчылык жана айбанаттарды кармоо менен алектенишет; эт жешип, кымыз ичишет; териден жана жүндөн токулган кийимдерди кийишет. Ак ниеттиги да, уяты да азыраак; байыркы гунндарга окшоп адеп, адилеттик дегенди билишпейт. Өкүмдарды такка отургузууда маанилүү жакын төрөлөрү аны кийизге отургузушуп жана күндү карай айлантып он жолу ыргытышат. Ар бир жолу чиновниктер ага таазим кылып турушат. Таазим кылуу бүткөндөн кийин аны эң мыкты атка мингизишип, оозун жибек кездеме менен бекем байлашат, андан кийин кездемени бошотуп, ал канча жыл хан боло алаарын сурашат... Курал-жарактардан: зуулдаган жебелери бар мүйүз жаалары, найзалары, кылычтары, кош миздүү кылычтары болгон. Туусунда алтын карышкырдын башы бар... ат менен баратып жааны эң сонун атышат; жаратылышынан зулум жана таш боор болушкан...*

*Адатта ай толгон мезгилде кол салышат жана тоноочулук жүргүзүшөт. Алардын кылмыш мыйзамдары боюнча козголон, чыккынчылык, киши өлтүрүү, бирөөнүн аялы менен көңүлдөш болуу, адашкан жылкыларды уурдоо өлүм жазасы менен жазаланган. Чатакташканда мертинтип майып кылууга жараша буюмдай төлөгөн. Көзүнө зыян келтирсе кызын берген, ал эми кызы жок болсо аялынын мүлкүн берүүгө тийиш болгон; денесинин кандайдыр бир мүчөсүнө зыян келтирсе жылкы төлөгөн, жылкы жана башка буюмдарды уурдаса уурдалгандын баасынан он эсе көп төлөшкөн...*

*Бээнин кымызын кызыганча ичишет. Бетме-бет туруп алып ырдашат. Арбактарга сыйынышат, көзү ачыктарга ишенишет. Согуштан өлгөндү данк, ал эми оорудан өлгөндү уят деп эсептешет».*

## Түрк каганатынын түзүлүшү

V кылымдын ортосунда Ашина уруусу башкарган уруулардын алтайлык союзу «түрк» деген аталышты кабыл алган жана Борбордук Азиядагы байкаларлык күч болуп калган. Муну 545-ж. өздөрүнүн жылнаамаларында *түрк* этнонимин жазган кытайлыктар белгилешкен, чындыгында ал ак сөөктөргө гана тиешелүү болгон. Кийинчерээк гана бул аталыш этноним болуп калган.

VI кылымда «түрк» терминининин мааниси саясий мааниге да ээ болгон. Түрк урууларынын алтайлык союзу тарабынан түзүлгөн зор мамлекетти *түрк эли* деп аташкан. IX кылымдан тартып «түрк» терминининин мааниси дагы кыйла кеңейтилген. Ошол учурдагы мусулман окумуштуулары уруулук таандыктыгына карабастан жакын туугандыктагы, бирок түрк тилинде сүйлөгөн элдердин чоң тобун түрктөр деп аташкан. Бул маани бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган. Түрк элдеринин тобу азыркы учурда Байкал көлүнөн Жер Ортолук деңизге чейин чыгыштан батышты карай жана Түндүк Уралдан Гималай тоолоруна чейин түндүктөн түштүктү карай зор аймакты ээлейт.

VI кылымдын ортосунда Алтайдагы түрк урууларынын союзун Ашина уруусунан чыккан эки бир тууган – Бумын жана Истеми башкарган. Бир туугандар жакшы жоокерлер жана дипломаттар болушкан.

545-ж. аварлар менен душмандыкта болгон түндүк кытай мамлекеттеринин бири менен дипломатиялык мамиле түзүлгөндөн кийин Бумын менен Истеминин кадыр-баркы көчмөндөр арасында кыйла өскөн. Ушул эле жылы бир туугандар өздөрүнүн ээлигине Жунгарияны ээлеген жана алар дагы аварлар менен душмандыкта болгон эр жүрөк жана көп сандаган өгүз урууларын кошуп алышкан. Өгүз отряддары түрк аскерлерин кыйла күчтөнткөн. Бумын жана Истеми Борбордук Азияга үстөмдүк кылуу үчүн аварлардын каганы Анахуандын (520-552-жылдары башкарган) атаандаштары болуп калган, 552-ж. алар аварлардын аскерлерин талкалаган. Түрктөрдүн жетекчиси Бумын аварлардын жогорку титулу *каганды* алган, өзүнүн байтактысын Моңголиядагы Орхон дарыясынын жээгине көчүргөн жана аварлардын державасынын чалдыбарында пайда болгон жаңы мамлекетти – *Түрк каганатын* башкарган.

Бул окуянын маанисине баа берүү өтө кыйын: байыркы түрктөр өздөрүнүн коомун өнүктүрүүнү уюштуруунун жогорку деңгээлине жетишкен, алар түрк мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшүнүн узакка созулган процессин башташкан. Жаңы башкаруучу династия пайда болгон, алар көптөгөн кылымдар бою түрдүү түрк мамлекетин башкарышкан.

Ирандын тарыхый чыгармаларында түрк династиясын иран эпосундагы көчмөндөрдүн мифтик падышасынын аты боюнча – *Афрасиаб династиясы* деп аташкан.

Кытайлыктар түрктөрдүн башталыш тарыхын мыкты билишкен жана династияны мифтик канчык карышкырдын урпактарынын аты боюнча «Ашина» деп аташкан, бул Турпандын иран диалектисинде «көк» дегенди билдирет. Түрктөрдүн өзү дагы кыязы, Ашина сөзүнүн ушул маанисин билишсе керек. Түрк жазма эстеликтеринде түрк кагандарынын династиясын *Көк-түрк* деп аташкан.

Бумындын уулу Мухан-каган (553-572-жылдары башкарган) Борбордук Азиядагы аварларды талкалоону аягына чыгарган. Түрктөр Маньчжурияны жана Түштүк Сибирдеги кыргыздардын жерлерин басып алышкан. Түндүк Кытай мамлекеттери аларга жыл сайын алман төлөй башташкан.

Түрктөрдүн батышка жасаган жортуулу да ийгиликтүү болгон, аны Бумындын иниси Истеми жетектеген (575-ж. өлгөн). Ал түрктөрдүн Алтайдагы атам заманкы, «ата-бабасынын» жерлерин мурастап калган. Истеми Жетисууну, Борбордук жана Батыш Теңир-Тоону ээлеген *он ок бодун* урууларынын бирикмесин өзүнүн ээлигине кошуп алган.



Атчан улук-каган Бумын. Кытайлык чеберлер колодон куйган. VI к. Реконструкция

Ушундан кийин Истеми *он уруунун каганы* титулун алган.

Мамлекеттин батыш бөлүгүнүн (батыш түрктөрдүн) каганы чыгышта Бумындын жогорку бийлигин мураска алып калган өзүнүн жээндерине формалдуу түрдө гана көз каранды болгон жана толук боюнча өз алдынча тышкы саясатты жүргүзгөн. Эгерде Мухан-каган Түштүк Сибирди жана Түндүк Кытайды баш ийдирүү менен алектенсе, анда он уруунун каганы Истеминин басып алуу объектиси Орто Азия жана Казакстандын талаалары болгон.

Ошол учурда Орто Азияда *эфталиттер* үстөмдүк кылып турушкан. Алар өздөрүн *хиондор* (гунндар) деп аташкан. Алар актарга жана кызылдарга бөлүнүшкөн. Аттиланын державасы кулагандан кийин Волганын аркы өйүзүнөн Орто Азияга көчүп келишкен уруулар эфталиттердин курамында болушу мүмкүн. Кызыл хиондорго Кыргызстанда отурукташкан *он ок бодун* түрк тилдүү урууларынын бир бөлүгү кирген.



Женил куралданган алтай чабандеси

Иран V кылымдын экинчи жарымынан баштап эфталиттерге оор алман төлөп турган. Анын эфталиттик көз карандылыктан бошонуш үчүн Истеми менен союз түзүүнү издегени табигый көрүнүш. 555-ж. Ирандан түрктөргө чоң элчилик жөнөгөн. Түрктөр ирандык дипломаттарды жакшы кабыл алышкан. Эфталиттерге каршы союз түзүлгөн жана Ирандын шахы Хосров Ануширвандын (531-579-жылдары башкарган) Истеми кагандын кызына үйлөнүшү менен бекемделген. Союздаштар эфталиттер менен чечүүчү салгылашууга кылдат даярданышкан. 563–567-жылдары Ирандын аскерлери батыштан жана түрктөрдүн атчандары түндүктөн эфталиттерге кол салышкан жана аларды талкалашкан. Жеңүүчүлөрдүн ортосундагы чегара Амударыя болуп калган. Он уруунун каганы Истеми Орто Азиядагы жерлер менен кошо эфталиттердин жеңишке учураган падышасынын ябгу (жабгу) титулун да ыйгарып алган. Ошондон бери батыш-түрк башкаруучулары *жабгу-каган* деген кош титулга ээ болушкан. Истеми өзүнүн байтактысы үчүн Теңир-Тоодогу Актаг тоосунун жайыттарга бай өрөөнүн тандап алган.

Эфталиттерди жеңгенден кийин Истеми-каган өзүнүн атчандарын Волгага жана Түндүк Кавказга жиберген жана жергиликтүү урууларды Таман жарым аралыгындагы Боспор византиялык провинциясына чейин басып алган.

VI кылымдын 60-жылдарынын акырына карата түрктөр биринчи Евразиялык державаны түзүшкөн, анын чектери чыгышта Корей булуңунан, батышта Азов жана Кара деңизге, түндүктө тайга зонасынан түштүктө Амударыяга жана Кавказ тоолоруна чейин жеткен. Мындай ийгиликке жана кубатка түрктөргө чейин бир дагы көчмөн эл жеткен эмес.

Бул кызык

## ТҮРК КАГАНАТЫ ДҮЙНӨНҮН КАРТАСЫНДА

Түрк каганаты ошол мезгилдеги ири мамлекеттер – Кытай, Иран, Индия, Византия менен экономикалык жана саясий өз ара мамилелердин системасына кирген. VII кылымда будда монахтары түзгөн дүйнөнүн саясий картасы популярдуу болгон. Алардын пикири боюнча дүйнөдө беш гана улуу падышачылык болгон: пилдер падышачылыгы (Индия), адамдар жана буюмдар падышачылыгы (Кытай), падышалардын падышачылыгы (Иран), жоокерлер падышачылыгы (Византия) жана аттар падышачылыгы (Түрк каганаты). Бул окуу Орто Азияда көркөм ишке ашырылган. Орто кылымдагы Кушан шаарында (азыркы Катта коргонго жакын) бир имарат болгон, анын түндүк тараптагы дубалына Кытай императорлору, чыгыш жагына – түрк кагандары жана индиялык башкаруучулар, батыш жагына Иран шахтары жана Византия императорлору тартылган.

Көчмөн түрктөр түзгөн биринчи мамлекет ошол мезгилдеги улуу жана маданияттуу мамлекеттердин ичинде ардактуу орунду ээлеген. Енисейдеги кыргыздар ушул мамлекеттин курамына кирген, ал эми азыркы Кыргызстандын аймагы – Ала-Тоонун тоолору жана өрөөндөрү батыш түрктөрдүн саясий борбору болуп калган.

Ошондой болсо да эфталиттер талкалангандан кийин дароо эле Иран менен түрк каганатынын ортосунда жанжал башталган. Талаа урпадатына ылайык, шах Хосров Ануширван кагандын күйөө баласы катары анын туугандарынын кенжеси болуп эсептелген, аны шах билбей калышы мүмкүн эмес болгон. Андан сырткары Истеми мурда эфталиттерге төлөнүүчү алманды эми түрк казынасына төгүүнү талап кылган. Бул талапты чындалып алган Иран аткарган эмес. Каган менен шахтын саясий амбицияларынын артында алардын мамлекеттеринин Улуу Жибек жолундагы соодадан түшкөн киреше менен байланышкан экономикалык кызыкчылыктары турган. Ушул Кытайдан Амударыяга чейинки соода артериясынын көпчүлүк бөлүгү Түрк каганатынын аймагы боюнча өткөн. Түрктөр көп өлчөмдөгү жибекти Кытайдан алман түрүндө алган. Түрк ак сөөктөрү жибектен чатыр, кийим-кече жана өздөрүнүн аттары үчүн үртүктөрдү жасашкан, ал эми жибек кездемелердин калдыктарын согду көпөстөрүнө сатышкан.

Согду Заравшан дарыясынын алабындагы жерди камтыган. Мында байыртадан эле кол өнөрчүлүк жана соода өнүккөн Самарканд жана Бухара шаарлары даңкталган. Иран тилдүү согдулуктар Азиядагы эң чебер жана жолдуу соодагерлер катары эсептелген. Алар байыртадан эле Улуу Жибек жолунда өздөрүнүн шаар-колонияларына ээ болушкан жана жибекти Византия империясына алып сатуудан чоң пайда көргөн. Византия өз кезегинде жибек кездемелерди Батыш Европага үч эсе кымбат саткан. Ошентип алтын дарыя менен түрк каганаттарынын казынасына жана Византия императорлорунун кенчине агып келип турган. Аймагы боюнча Улуу Жибек жолу Амударыядан Византиянын чегарасына чейин өткөн Иран жибек соодасынан болгону алман түрүндө болорболбос гана товар алышкан. Мындай абалды шах адилетсиздик жана Иран үчүн коркунучтуу деп эсептеген жана ал өз өлкөсүнүн чегарасын Түрк каганатынан келүүчү кербен үчүн жаап салган.



Согдулук.
М.М. Герасимовдун реконструкциясы.



Кумуранын оозундагы эки саптуу согду жазуусу

Тактын бөлүктөрү.
VIII–X кк.



## Түрк-Иран элчилик байланыштары

Шахтын бул чечими Истеми каганга карата достук эмес мамиледе болгон, бирок көбүнчө согдулук көпөстөрдүн кирешелери боюнча сокку урган. Алардын кампаларында сатып алуучусу жок товарлар жыйылып кеткен.


Талас жана Чүй өрөөндөрүндөгү согду шаар-колонияларынын башчысы согдулук Маниах каганга жакын адам болгон. Ал Истемиден Хосров Ануширванга соода жаңжалын тынчтык жол менен жөнгө салуу үчүн элчи жиберүүнү өтүнгөн. Каган уруксат берген. 567-ж. Ирандын борбору Ктесифонго Теңир-Тоодон согдулук элчилер Түрк каганатынын атынан келишкен. Алар шахтан соодага жолтоо болбоону суранышкан. Элчилер көп өлчөмдөгү эң сонун жибекти алып келишкен. Шахтын жообунан дагы жасаганы кыйла таасирдүү болгон: ал согдулуктарды жылуу маанайда тосуп алган, алып келген жибегинин баасын төлөөгө буйрук берген, андан кийин падыша сарайынын алдындагы аянтка элчилердин катышуусунда өрттөткөн. Муну менен шах анын чечими өзгөрбөй тургандыгын көрсөткөн.

Истеми каган токтоолук кылган жана ушул эле жылы Иранга экинчи элчиликти жиберген. Анын курамына ак сөөк түрктөр гана кирген. Каган Хосров Ануширвандын талаанын кожоюндары болгон түрктөргө аларга баш ийген согдулуктарга баш тарткандай эле таптакыр баш тартаарын текшерүүнү чечкен.

Бирок экинчи элчилик дагы эч нерсеге жетишкен эмес. Андан жаманы дээр-

Таш балбалдар.
VII–X кк.









◂ Согдулук көпөстөр. Терракота


◂◂ Алтын дарбаза (Константинополь)

лик бардык түрк элчилери капысынан Иранда каза болушкан. Үйүнө үч же төрт гана адам кайтып келген. Хосров каганга трагедиянын аңкоо түшүндүрмөсүн жиберген: түрктөр түндүктө жашагандар катары Ирандын өтө ысык климатына чыдай албаган сыяктанат. Истеми каган анын элчилеринууландырып өлтүрдү деп чечип, Иран менен союзду бузган жана өзүн өч алуучу деп жарыялаган.

Истеми акылман каган болгон жана кубаттуу Иран менен согуштун бардык кесепетин жакшы элестеткен, ошондуктан ал күчтүү союздаштын колдоосуна ээ болуш үчүн Месопотамия жана Закавказье аймактары боюнча Иран менен Византиянын ортосундагы карама-каршылыкты пайдаланган.


568-ж. Теңир-Тоодогу Актаг тоосундагы кагандын байтактысынан Византияга согдулук Маниахтын жетекчилиги менен түрк каганатынын элчилиги жөнөтүлгөн. Согдулуктар ушул элчиликтен көп нерсени күтүшүп, топтолуп калган жибек кездемелерди сатуу проблемасын да биротоло чечип келет деп ишенишкен. Элчилердин жолу узак жана оор болгон. Душман мамлекет Ирандын аймагын Византия империясына бараткан жолдо Каспий деңизинен түндүктө, Эмба, Урал, Волга, Кубань дарыялары аркылуу өтүп, Кавказ кырка тоолорунун батыш бөлүгүнөн ашып гана айланып барууга болот эле. Закавказьеде византиялык ээлик жаңыдан гана башталган.

Император Юстин II түрк элчилерин Константинополдун Влахерински сарайында кабыл алат. Маниах Юстиан IIге Истеми кагандын катын берген. Алар менен аңгемелешүүдө император Азиядагы түрктөрдүн аскердик жетишкендиктерине өзгөчө кызыгат жана эфталиттик шаарлардын бардыгы түрктөр тарабынан алынганын билгиси келет. Дипломатиялык белек катары көп өлчөмдөгү жибек кездемелерди алып Юстиан II Маниахка византиялыктардын өнөрканаларын көрсөтөт (ошонусу менен таң калтырат), мында




алар жибек курттарын өстүрүшкөн жана өздөрүнүн жибек кездемелерин чыгарышкан. Ушундай ыкма менен император жибек чыгарууга Кытай монополиясы артта калганын белгилеген жана Түрк каганаты менен аскердик союз түзүү соода байланыштарына караганда көбүрөөк кызыктыраарын билдирген.

Константинополдо Маниахтын элчилигинин аракеттеринин натыйжасында Түрк каганаты менен Византия империясынын ортосунда Иранга каршы аскердик союз түзүлгөн. Византия менен болгон түз байланыш согдулуктардын негизги проблемасы – жибек кездемелерди сатууну чече алган эмес, анткени аларды оор айланма жол менен Каспий деңизинин түндүк жээги жана Кавказ аркылуу жеткирүү кымбат жана коркунучтуу болгон.




Юстиан II өзүнүн жаңы союздашы жана анын аскердик дарамети жөнүндө толук жана ишенимдүү маалымат алгысы келген. Ошондуктан түрктөрдүн элчилери менен бирге кагандын бай тактысына кийинки 569-ж. византиялык дипломаттар жөнөтүлгөн. Аны грек ак сөөгү Земарх Киликиец башкарган. Бул аскер адамы болгон; ал Иран менен чегарада кызмат өтөгөн жана Иран армиясынын мүмкүнчүлүгүн жакшы билген. Эми ага түрк атчандарынын согуштук мүмкүнчүлүктөрүн баалоого жана Иранга каршы союзду биротоло бекемдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Элчилик кайра келатканда Манияхтын жолу менен өткөн жана Теңир-Тоодогу кагандын бай тактысына жеткен. Мында византиялык элчилер от менен тазалануу ырым-жырымынан өтүшкөн жана ошондон кийин гана аларды каганга киргизишкен.

Бул кызык

### ТҮРК КАГАНЫНЫН БАЙТАКТЫСЫНДАГЫ ДИПЛОМАТИЯЛЫК КАБЫЛ АЛУУ

...Чатырдын алдында узун зоот кийген, кулакчыны бар туулгалуу сакчылар турушту. Сол колдорунда – анча чоң эмес тегерек калкан; оң колунда – чокмор. Курларында жебелеринин учтары жогору караган узун жаа жана саадак, кылыч жана канжар кыстарылган. Булар түрк өкүмдарынын жеке кошуунунун жоокерлери эле жана алар бөрү (карышкыр) деп аталышкан.

Тамгачы кызмат көрсөтүп эшик парданы акырын тартты жана Земарх босогону аттап кирди.

Ал кирээри менен чөгөлөп башын ийди (византиялык этикетке ылайык), андан кийин өйдө болду жана эки колун көкүрөгүнө коюп таазим кылды (түрктөрдүн үрп-адатына ылайык). Катышып тургандар өтө кызыгуу менен элчинин иш-аракетин байкап турушту жана жактырып баш ийкешти.

Земарх, акырында башын көтөрдү. Анын маңдайында, карама-каршы дубалдын жанында, күн чыгышты караган эшикти карап алтын такта каган отурган.

Земархты салтанаттуу түрдө кабыл алышты, сүйлөшүүлөр ийгиликтүү болду жана өзүнүн ниетинин түздүгүн билдирүүнүн белгиси катары византиялык элчилерди Иранга жортуулга жөнөп жаткан түрк аскерлерин коштоп батышка чакырды.

Византиялык монархтын белегине ылайык болгон түрк каганы жооп катары ага «хирхиз (кыргыз) деп аталган элден» туткунду белек кылды.



Көчмөн өкүмдардын кабыл алуучу чатыры

## Иран менен согуш


Хосров Ануширван түрк-византиялык сүйлөшүүлөр жөнүндө билген жана түрктөр менен болгон мамиледе өтө тереңдеп кирип кеткенин түшүнгөн. Эми ал өзү түрк-иран карама-каршылыктарын тынчтык жол менен жайгаруу үчүн Истеми каганга элчилик жиберди. Бирок кеч болуп калган эле. Ирандын элчилери Истемини Талас суусунун боюнан жолуктурду, бул учурда түрктөр согушка даяр болуп калган болучу. Ошондой болсо да Истеми элчилерди өзүнүн күйөө баласынын дасторконуна чакырды. Тойдо Истеми византиялыктарды атайлап эле эң ардактуу орунга отургузду, аларга көңүл буруп турду жана Земарх менен жароокер сүйлөштү, ал эми чекесине отургузулган ирандык элчилерге урмат көрсөтпөстөн арамзалык менен жекирип турду.

Византиялык элчилер Константинополго жакшы кабар менен жөнөштү. Аларды Юстин IIге жаңы элчи – Тамга Тархан коштоду. Элчиликте Маниахтын уулу да болгон (карыган Маниах өзүнүн дипломаттык милдетин урмат менен аткарып кайтыш болгон). Ирандык элчилер болсо Таластын боюнан Хосровго согуш жөнүндө кабар алып келишти.

Түрктөр менен Ирандын ортосундагы согуш 568-ж. башталды, ал мезгилде түрк атчандары Ирандын Журжан провинциясын ээлеп алышкан эле. Бирок чыгыштан болгон түрктөрдүн кысымын батыштан Византия колдогон эмес. Түрктөр Ирандын борбордук провинциясына тоолуу Журжандан келүүчү кууш өткөөлдү тосуп турган дубалга чейин жетип чабуулду токтотушту. Истеми өзүнүн союздаштык милдетин аткардым деп чечип, кубаттуу чепке чабуул коюуда өзүнүн жоокерлерин жоготкусу келбеди.

Хосров согуштун эки фронтто болушунан коркуп, Истеми менен тынчтык сүйлөшүүлөрдү баштоого шашты. Түрктөр 569-ж. өз аскерлерин Журжандан чыгарып кетти. Түрк каганаты менен Ирандын ортосундагы тынчтык келишимине 571-ж. кол коюлду.

Тынчтык келишиминин шарттарына ылайык, Иран түрктөргө мурда эфталиттерге төлөп турган алманды төлөөгө милдеттенди. Үзгүлтүккө учуроосуна себеби – жибек соодасы жөнүндөгү маселе дагы чечилди. Эми согдулук кербендер тоскоолдуксуз Ирандын аймагынан өтө турган болушту. Түрк каганы Истеми өзүнүн согдулук букараларынын Улуу Жибек жолундагы соодадагы экономикалык кызыкчылыктарын коргоп жана түрк каганатынын саясий амбицияларын канааттандырып бере алды.



Иран менен тынчтык келишимин түзгөндөн кийин батыш түрктөр византиялыктар менен союздашууга кызыкчылыгы болбой калды. Константинополдун аны калыбына келтирүүгө болгон бир нече жолку аракеттери натыйжасыз болду. 568-576-жылдардын аралыгында византиялык император түрктөргө 5 элчилик жиберди, бирок Византия империясы менен Түрк каганатынын ортосундагы мамиле курчуп кетти. 576-ж. түрктөрдүн уделдик башкаруучусу Түрксанф Кара деңиздин боюндагы Византиянын ээлигине кол салды жана Боспорду алды. 580-ж. түрктөр Крымга басып киришти жана Херсонести карата алышты. Түрк каганаты кубаттуу евразиялык державага айланды.

## Түрк каганатынын алсырашы

◂ Батыш түрктөр Афрасиабдын живописинде. VIII к. Сарайдын дубалындагы сүрөттөр (Самарканд)

Ошондой болсо да Истеми-каган өлгөндөн кийин 575-ж. каганатта узакка созулган ич ара ырксыздык күрөшү башталды. 587-ж. гана Истеминин мурасчысы Тарду Боке-каган түрк өкүмдарынын жогорку тагын ээледи. Бирок ички ырксыздык 593-жылга чейин улантылды.

Ички башаламандык менен алектенген түрк башкаруучулары өздөрүнүн тышкы саясий күч-аракеттерин минимумга чейин келтиришти. Ушул учурда Түрк каганатынын чегарасында чоң өзгөрүү болду.

Түндүк падышачылыктын аскер начальниктеринин бири Чжоу Ян Цзянь патриоттук күчтөрдү топтоду жана Кытайды империяга бириктирди. Ян Цзяндын өзү Суй династиясынын биринчи императору деп жарыяланды (581-618-жылдары башкарган), ал өлкөнү экономикалык жана маданий жактан көтөрүүгө жетишти.

Император Түрк каганаты менен чегарадагы абалга тынчсызданып, чындоо жана Улуу дубалды улантып куруу боюнча чоң иштерди баштады. Кытай түрктөрдүн ич ара күрөшүнө кийлигишип, такка талапкерлердин бирде бирөөн, бирде экинчисин колдоп турду. Акырында 601-ж. түрк тагына марионеттик каганды отургузууга жетишти. Ага Түрк каганатынын чыгыш бөлүгү гана баш ийип, административдик борбору Моңголияда болгон, ал кыска убакыт Кытайга вассалдык көз карандылыкта болуп турган.

Батыш түрктөр да ич ара күрөштөн алсырашкан. Ошондой болсо да алар Иран менен согушуу үчүн күч табышкан. Каганаттагы бир тууганын өлтүргөн согушту пайдаланып шах Хормизд, Хосров Ануширвандын уулу жана Истеми кагандын кызы түрктөргө алман төлөөдөн баш тартышты жана согдулук көпөстөрдү кысымга ала баштаашты.

589-жылдын жайында каган Савэ батыш түрктөрдүн ири күчтөрү менен Амударыяны кечип өттү. Чегараны тосуп турган жетимиш миң Иран армиясы талкаланды жана качып жөнөштү. Өлкөнүн борбору Хормиздага жол ачык болучу. Аскердик кеңеште кагандын армиясына каршы тажрыйбалуу аскер начальниги Бахрам Чубинди жиберүүнү чечишти. 12 миң тажрыйбалуу ардагерден турган армиясы менен ал жортуулга чыкты. Түрктөр менен ирандыктардын армиясы Герат шаарынын жанынан жолугушту. Алардын күчтөрү болжол менен барабар болучу.

Ирандыктар кыйла пайдалуу позицияны ээлешти. Алардын армиясынын бир канаты аскалуу тоолорго жашынды, экинчиси – Герируд дарыясына кирди. Канаттар мыкты отряддар менен чыңдалды. Иран аскерлеринин ооругуна каардуу дубалдар жана Герат мунарасы күч берип турду. Түрктөргө өрөөндүн кууш бөлүгүндөгү ыңгайы чакан позиция менен канааттанууга туура келди, мында алар бир эле учурда салгылашка өзүнүн бардык күчүн киргизе алышмак.

Салгылашуу түрктөрдүн ат менен чабуул коюусунан башталды. Алар ирандыктардын сол канатын кысып келишти, бирок борбордо жана оң канатта жеңилип калышты. Ошол учурда Савэкаган согушка пилдерди киргизди. Бахрам өзүнүн жаа аткычтарына пилдерди куйүп турган боосу бар жебе менен көзгө жана тумшукка гана атууга буйрук берди. Пилдер ооруганына чыдабай түрктөрдүн аскерлерин тепсеп кача баштады. Ушул учурда иран аскерлери чабуулга өттү. Айласы кетип калган түрктөр аларга тиешелүү каршылык көрсөтө алышпады. Савэ качып жөнөдү, бирок Бахрам Чубиндин өзүнүн жебеси менен өлтүрүлдү. Жетекчиси өлгөндөн кийин түрк аскерлери башаламан кача баштады. Бахрамдын ардагерлери түрктөрдү дээрлик жолтоосуз эле талкалап салышты. Ушул кандуу салгылаштан он түрк аскеринен бирөө гана тирүү калды.

Савэ кагандын мурасчысы – Пармуда түрктөрдүн талкаланган армиясынын калдыгын чогултуп, дайыма болуучу түнкү чабуулдун тактикасын пайдаланып Бахрам Чубиндин аскерлеринин чабуулун токтотууга аракеттенди. Бирок өзүнчө кол салуу менен күчтүү, жеңишке ээ болгон армияны токтотууга болбойт эле. Иран аскерлери чегаралык Амударыя аркылуу өтүп, Түрк каганатынын жерине киришти. Түрктөр салгылаша баштаашты, бирок кайрадан талкаланды. Пармуда калган аскерлери менен Бухарага жакын жердеги чепке бекинди, бирок тез эле шах Хормиздге жолугушуу

шарты менен Бахрам Чубинге багынып берүүгө аргасыз болду.

Шах Пармуданын таякеси болуп чыкты жана туткунду салтанат менен кабыл алды. Шах жана каган тынчтык келишимине кол коюшту. Алардын шарттары боюнча мамлекеттердин чегаралары өзгөрүүсүз калды, бирок түрктөр мурда шах Хосров Ануширван Истеми каганга төлөгөн ар жылкы алманды төлөбөй турган болушту. Тынчтык келишимине кол коюлгандан кийин шах Хормизд Пармуда-каганды урмат-сый менен анын ээлигине узатты.

Бул кызык

## ФЕРДОУСИНИН «ШАХ-НАМЕ» ПОЭМАСЫНДА ГЕРАТ САЛГЫЛАШУУСУН БАЯНДОО

Фердоусинин (Х к.) өлбөс-өчпөс «Шах-наме» («Падышалар китеби») поэмасында мифтен башка Иран менен Орто Азия элдеринин реалдуу тарыхынын материалдары пайдаланылган.

*Капысынан Совашахтын[1] буйругу*
*Күркүрөгөн күндөй эле угулду:*
*«Согуш талаасына пилдерди чыгарабыз азыр,*
*Биздин аскерлер алга жылышы керек,*
*Бахрамга дүйнө караңгы көрүнсүн демек!».*
*Алыстан пилдерди көрүп Бахрам*
*Мындай деди баатырларына кубангандан:*
*«Баатырлар, бизди ийгилик коштосун!*
*Биз Чачтын[2] жаасына жипти керебиз.*
*Кан көксөгөн жебе же найза менен,*
*Пилдердин дубалын барыбир женебиз...*
*Бизди тумшуктар менен азуулар коркутпай эле койсун,*
*Мага десе силердин жебенер нөшөрлөгөн жамгыр болсун!».*
*Бахрам жаасына жипти керди,*
*Арстандай күркүрөп согушка кирди.*
*Жаалардын жазгы булутка окшотуп,*
*Артынан чаап жөнөштү отряды топтошуп.*
*Бутага ар бир жебе тийип жатты,*
*Пилдердин тумшугунан кан суудай акты.*
*Жер ысык канга тойду, –*
*Адам өлүгү менен пил өлүгү тоо болду.*
*Баштооч пилди коркунуч басты*
*Жебе тийген жерлери оорутуп жатты.*
*Ал үйүрүн кароосуз таштап,*
*Качып жөнөдү артын карабай*
*Туран[3] аскерлеринин тосмосун каптап.*
*Пилдер баштоочунун артынан шашышты,*
*Жолундагы турандыктарды тебелеп-тепсеп качышты.*
*Алардын болоттой күчтүү катары кыйрады,*
*Далай жоокерлер жаштайынан жайрады.*
*Өтө чарчап, алсыраган кошуун*
*Бахрамдын огунан кетенчиктеп жатты чочуп.*
*Бийик дөбөдө турган жаркырап,*
*Жоокерлер алтын такка барышты жалдырап.*
*Ал тактыда Совашах отурган эле*
*Согушту энсеген жазмышына айтып жатты жеме...*
*Ал коркконунан жана уятынан ыйлап,*
*Атына минди Бахрамдан кутулууга чындап...*
*Бийик дөбөгө Чубин чыгып келди*
*Шахтын артынан аты арыш керди.*
*Сугарылган ууга жебесин алып,*
*Сая түштү артынан илбирстей каргып.*
*Жакшылап мээлеп, жаасын имерди*
*Керилген жипти тартып жиберди...*
*Зуулдап, кайгып учкан канаттуу жебе*
*Сованын көөдөнүн көзөп өткөн эле.*
*Ошентип Сованын да башы кетти,*
*Бийликтин да, тактын да акыры келип жетти.*

(Ыр Ы.Кадыровдун которуусунда).

[1] Совашах (же Сова) – поэмада түрк каганы Савэ ушундайча аталган

[2] Чач – орто кылымдагы иран жана араб чыгармаларында облустун жана азыркы учурдагы Ташкенттин аталышы. Чачтын курал жасоочу усталары Азиядагы эң мыкты жааларды жасашкан.

[3] Туран – ирандыктар Орто Азияны ушундай аташкан.

## Түрк каганатынын бөлүнүшү

Түрк каганатынын батыш жана чыгыш бөлүктөрү экономикасы, маданияты, калкынын курамы боюнча кескин айырмаланышкан. Алар мурдатан эле өз алдынча мамлекеттер болушкан, алардын бирдиктүү көрүнүшүн Ашина династиясынын күчтүү кагандарынын кадыр-баркы менен гана кармап турган.

Акыркы күчтүү каган – Истеминин уулу – Тарду Боке-каган өлгөндөн кийин Түрк каганаты эки мамлекетке бөлүнгөн – борбору Моңголияда болгон Чыгыш Түрк каганаты жана борбору Теңир-Тоодо болгон Батыш Түрк каганаты. Бул бөлүнүү 603-ж. болгон.

Түрк каганатынын тарашы узакка созулган ич ара күрөштүн натыйжасы болгон. Анын себеби Ашина династиясынын мүчөлөрүнүн мамлекеттин жерлерин өз башкаруусуна алууга аракеттенүүлөрү болгон. Натыйжада каганаттын чыгыш бөлүгү Кытай менен болгон күрөштө, ал эми батыш бөлүгү – Иран менен болгон күрөштө жеңилүүгө дуушар болгон.

## Сюань Цзандын саякаты

Сюань Цзан (602-664-жылдар) Кытайдын экинчи борбору Лояндан алыс эмес жерде төрөлгөн. Кичинекей кезинен эле бала өзгөчө жөндөмдүүлүккө ээ болгон. 13 жашында будда монастрына кирген. Мында ал философияны терең үйрөнүп, буддизмдин маңызын жакшылап түшүнмөк. Бирок, динди тереңирээк түшүнүү үчүн Сюань Цзан буддизмдин мекени Индияга барууну чечет. Саякатка даярданууда ал ыйык будда китептеринин тили санскритти үйрөнөт.



Сюань Цзан.
VII к.

Тайцзундун императорунан саякатка уруксат ала албай Сюань Цзан 629-ж. чоң соода кербенине кошулуп, уруксатсыз эле Индияга жөнөйт. Саякат учурунда ал төмөнкү маршрут боюнча Кыргызстандын аймагынан өткөн: Кытай шаары Ак-суудан Бедел жана Барскоон ашуулары аркылуу Борбордук Теңир-Тоого – Жууку капчыгайы менен – Ысык-Көлдүн түштүк жээгине – Боом капчыгайы аркылуу Чүй суусунун өрөөнү жана Таласка. 630-ж. Суябда түрктөрдүн башкаруучусу Тон-жабгу-каган кабыл алган.

Окумуштуу монах Кыргызстандын аймагын жана Ысык-Көлдү биринчи жолу толук баяндап жазган. XIX кылымдын ортосуна чейин саякатчылардын эч кимиси биздин өлкөнүн географиялык мүнөздөмөсүн ушунчалык так бере алышкан эмес.

Сюань Цзан Индияга, Ниланд монастрына барган. 5 жылдан кийин көп сандаган китептер менен кайра жолго чыккан. Анын бүткүл саякаты 17 жыл болгон. Кийинки жашоосунун узак жылдарын Сюань Цзан катуу эмгектенүүгө арнаган: санскриттен кытай тилине 74 будда китебин, кытай тилинен санскритке даоизмдин негизги китебин жана бир нече ошол учурда Индияда жоголгон маанилүү будда сутрларын которгон. Монахтын бүтүндөй штаты анын эмгектерин көчүрүү менен эмгектенген. Анын жашоо-турмушу, тынымсыз жасаган диний эмгектери Кытайдын маданиятын байыткан. Бекеринен император Сюань Цзан каза болгондо «Өлкө кенчинен ажырады...» деп айтпагандыр.

Сюань Цзан – «Датансиюйцзинин» – «Батыш өлкөлөрү жөнүндө жазмалардын» автору. Ал өлгөндөн кийин шакирттери «Сюань Цзан – чуань» – «Сюань Цзандын өмүр баянын» түзүшкөн.

## Кыргызстандын аймагындагы байыркы түрк мамлекети

Борбордук Азиянын элдеринин тарыхында VII кылымдын экинчи жарымы – X кылымдын аягы – региондун жашоо-турмушундагы саясий, экономикалык жана маданий жактан түп тамырынан берки өзгөрүүлөрдүн мезгили. Сактардын, усундардын, юэчжилердин, гунндардын жана эфталиттердин урпактары жайгашкан Жетисууда тарыхый аренага үч этнос: түрктөр, кытайлыктар жана согдулуктар чыккан.


*Батыш түрк каганаты* (өздөрүн *Он ок эли* деп аташкан) калкынын көпчүлүк бөлүгү жер айдоо, кол өнөрчүлүк жана соода менен алектенген көчмөн уруулардын конфедерациясы түрүндө болгон. Анын борбордук региондору Теңир-Тоонун жана Жетисуунун тайпак тоолору болгон. Батыш Түрк каганатынын эрте орто кылымдагы шаардык жана дыйканчылык маданияты Чүй өрөөнүн камтуу менен Улуу Жибек жолунда соода-дыйканчылык колонияларын негиздеген согдулуктардын катышуусу менен түзүлгөн. VII кылымда Талас, Чүй жана Иле дарыяларынын өрөөндөрүндө ондогон шаарлар жана чыңдалган коноштар пайда болгон.

Негизги соода шаары Суяб (Токмок шаарына жакын Ак-Бешим шаар чалдыбары) болгон, ал түрк каганынын негизги байтактысы катары эрте орто кылымдагы Кытай хроникаларында бир нече жолу эскерилет. X кылымдан баштап борбор шаардын ролу Баласагынга (Бурана шаар чалдыбары, Токмоктон 12 км түштүктө өткөн. Навекат – «Жаңы шаар» (Бишкектен 35 км чыгышта жайгашкан Кызыл-Суу шаар чалдыбары), Тараз (Талас дарыясынын өрөөн бөлүгүндөгү), Шельджи (Киров суу сактагычынын алдында калган Садыр-Коргон шаар чалдыбары) ири шаарлар болгон.



Баласагын шаар чалдыбарынын урандылары


Ушул азыркы Кыргызстандын аймагындагы шаар борборлорунда биринчи жолу товардык-акчалай мамилелер өнүгө баштаган. Самарканддан, Бухарадан жана Чачтан (Ташкент) келгендер Талас жана Чүй өрөөндөрүнө өздөрүнүн диндерин, маданиятын жана товардык-акчалай мамилелерин ала келишкен жана түргөш каганынын титулу бар алгачкы жергиликтүү тыйындардын пайда болушуна көмөк беришкен.



VIII кылымдагы Байыркы түрк жазуулары (Талас өрөөнү)




Түрк кагандары өздөрүнүн букараларын *тата*, б.а. көз каранды алманчылар деп аташкан, бирок согдулуктардын ролу Батыш каганатта кыйла олуттуу болгон – алардын контролунда мамлекеттин бүткүл экономикасы турган. Түрктөрдүн өздөрү болсо убактысын олжо издөө жана өлкөлөрдү басып алуу менен өткөрүшкөн. Багдаддык даанышман ал – Жахиз (869-ж. өлгөн) түрктөрдүн жашоо мүнөзү жөнүндө төмөнкүчө жазат: «Түрктөр – отурукташкан жашоо-турмушка, кыймылсыз абалга, бир жерде узакка болууга, азыраак көчүп конууга чыдабаган калк... Алар кол өнөрчүлүк, соода, медицина, дыйканчылык, бак тигүү, курулуш, каналдарды казуу жана жер-жемиш жыйноо менен алектенишпейт. Аларда чабуул коюу, уурдоо, аңчылык кылуу, атчан жүрүү, баатырларын кармаштыруу, олжо издөө жана өлкөлөрдү басып алуудан башка өнөр жайлары жок».



Түрк көрүстөндөрү. С.С. Федоровдун реконструкциясы

618-ж. Кытайда бийликке Тан династиясы келген. Тан императорлору Улуу Жибек жолуна контролду калыбына келтирүүгө аракеттенишкен. 630-ж. Кытай аскерлери Чыгыш Түрк каганатын талкалаган, ал эми 658-ж. Кытай өздөрүнө баш ийген коңшуларынын аскердик күчтөрүн пайдалануу менен Батыш Түрк каганатын кыйраткан. Жетисуунун жана Теңир-Тоонун алыскы аймактарын башкарууга мүмкүнчүлүгү болбогондуктан Тан өкмөтү түрк уруулары топторунун башчылыгына Ашина династиясынын батыш бутагынын төрөлөрүн койгон.

Кытай булактары боюнча Батыш Түрк каганаты 658-жылдан кийин каршылык көрсөткөн эмес. Кийинки 50 жылда Кытай түрктөр үчүн хан титулун формалдуу гана сактаган, бирок аларда өз алдынчалык болгон эмес. Марионеттик кагандар (ошол эле учурда наместниктин ролун аткаруучу) жана алардын мураскорлору аларга ишенип берилген аймакты натыйжалуу контролдой алышпаган. Тан сарайы дайындаган адамдар катары алар көчмөндөр арасында да, Жетисуу шаарларында да кадыр-баркка ээ болушкан эмес. Айрым шаарлар жана уруулар өз ара касташкан. Согду шаарлары башкаруучулук жок шарттарда өздөрүнүн таламдарын коргоо үчүн өз күчтөрүн бириктирүүгө аргасыз болушкан.


Тан династиясынын акча реформасы борборунда төрт чарчы көзөнөгү жана төрт *кайюань тунбао* иероглифтеринен түзүлгөн легендасы бар коло тыйынды жүгүртүүгө чыгарууга көмөк берген. Кытай тыйындарынын өтө көп бөлүгү кеңири ареалга тараган жана Улуу Жибек жолунун бүткүл жолунда өз алдынча валюта болгон. Тан династиясынын тыйындары Кызыл-Суу жана Ак-Бешим шаар чалдыбарларынын нумизматикалык табылгаларынын төрттөн бир бөлүгүн түзөт. Жетисуу шаарларынын калкынын Кытай тыйындары менен таанышуусу өздөрүнүн акчасын жүгүртүүгө киргизүүгө чейин дээрлик 100 жыл мурда болгон.

Түрк каганатынын начарлашы улана берген жана 704-ж. Жетисууда бийликке *түргөш династиясы* келген. Династиялардын алмашуусу байкалаарлык экономикалык, социалдык, маданий жана этностук өзгөрүүлөргө алып келген эмес. Аны коңшулары «Он ок элинин» түргөш мамлекети деп атаганын уланта беришкен.

Түргөштөр династиясынын уруу башчысы Үч-элиг-каган (699–706-жылдары башкарган) болгон. Түргөштөрдүн башчысы Суябды басып алган жана ал жерге негизги байтактысын орноткон; экинчиси байтактысы Иле дарыясынын жээгинде болгон. Түргөштөргө Сырдарыядан Иртышка чейинки жерлер караган. Үч-элигдин мурасчысы анын уулу Сакал-каган (706-711-жылдары башкарган) болгон. Түргөштөр мамлекетиндеги ички абал туруксуз, бирок тышкы саясий абалы андан да татаал болгон. Түргөштөргө согдулуктар менен бирдикте арабдарга каршы туруктуу жана



Сөөк коюудагы беткептин фрагменти. VII–VIII кк. (Чүй өрөөнү)




Тан династиясынын тыйындары



Будда кудайы

узакка созулган күрөш жүргүзүүгө туура келген, арабдар VIII кылымдын башталышында Орто Азиянын оазистерине бир нече жолу кирип келишкен.

716-ж. түргөштөрдүн каганы Сулук Чабыш-чор (716–738-жылдары башкарган) болуп калган, ал кыйла жөнөкөй эле ыкма менен популярдуулукка жетишкен: «ар бир салгылашуудан кийин түшкөн олжону кол астындагыларга таратып берген жана ага ыраазы болгон уруулар ага бүткүл күч-аракети менен кызмат кылышкан». Сулук-каганга эки фронтто: батышта – араб армиясы, чыгышта – тан сарайы менен күрөш жүргүзүүгө туура келген. Чыгыш каганынын кызына үйлөнүп жана Кытай менен дипломатиялык мамилелерди орнотуп Сулук каганаттагы абалды убактылуу турукташтырган. Ушул мезгилде Жетисууда алгачкы тыйындар чыгарыла баштаган.


Жүгүртүүгө ири өлчөмдөгү куюлган коло тыйындар чыгарылган, алардын салмагы, өлчөмү жана формасы жергиликтүү элге мурунтадан эле тааныш кытай тыйындарына туура келген, бирок «Мырза түргөш каган фан» (*фан* – тыйындын аталышы) согду легендасы жана тамгасы – түргөштөрдүн уруулук белгиси болгон. Нумизматикалык табылгалар Чүй өрөөнүндө (Суябда) жана Таразда тыйын чыгарылган эки борбордун бир мезгилде пайда болгонун болжолдоого мүмкүндүк берет.

Сулуктун каза болушу начарлаган Түргөш каганатында бийлик үчүн узакка созулган күрөштүн башталышы болгон. Батыш крайдын Тан администрациясы акырындык менен өз бийлигине Жетисууну баш ийдире баштаган, мында кайрадан кытайлыктар койгон хан пайда болгон. Ал эми империянын армиясы Сырдарыянын чегин карай жылган. 740-ж. Кытай аскерлери Таразды басып алышкан жана талкалаган, 748-ж. Кытай экспедициялык корпусу Суябды, ал эми бир жылдан кийин Чачты (Ташкент) басып алган жана талкалаган. Мунун бардыгы согдулук төрөлөр өздөрүнүн мурдагы душмандарынан – арабдардан коргоо издөөгө алып келген. Чачта дарга асылган төрөнүн уулу өзүнүн аскерин Талас шаарына алып келген жана аны жайгаштырган. Бул жерге өз аскерлерин кытайлыктар да алып келишкен, алардын тарабында карлуктар-

Будда текстинин фрагменти жана жасалга. VII к. (Чүй өрөөнү)









Оссуарийдин (каза болгондун сөөгүнүн күлүн сактоочу идиш) фрагменти жана толук көрүнүшү. VII–VIII к. (Чүй өрөөнү)

дын атчандары – империянын вассалдары болгон. Айыгышкан салгылаш Талас дарыясынын боюнда 751-ж. июлда болгон. Чечүүчү учурда карлуктар өздөрүнүн сюзерениниин ооругуна сокку урушкан жана кытай аскерлери талкаланган. Ушул учурдан тартып Кытай орто азиялык элдердин тагдырына байкаларлык саясий таасир көрсөтө алышкан эмес, бирок экономикалык байланыштары өзгөрүүсүз калган.

Түргөштөрдүн арабдар менен жана ич ара согуштары каганатты алсыраткан жана 759-ж. карлуктардын чабуулу башталган учурда түргөштөр аларга татыктуу каршылык көрсөтө алышкан эмес. 766-жылга карата *карлуктар* Жетисууну баш ийдирүүнү аякташкан жана дээрлик 200 жыл бою Орто Азиядагы талаа маданиятынын негизги сактоочулары болуп калышкан. Карлуктардын башкаруусу шаардык жашоо-турмуш укладын да, акчалай чарбасын да өзгөрткөн эмес. Жергиликтүү рынок Жетисуунун ири шаарларында чыгарылган тыйындарга толгон. Суябда түргөш тыйындарынын сериясын, ал эми Таразда – Инал-Тегин жана Вахшутав аталыштары бар тыйындардын сериясын чыгарууну улантышкан, ал эми Навекатта «Тухусс өкүмдары» легендасы бар тыйын чыгаруу башталган. Ошол эле жерлерде же Жетисуунун башка шаарларында аны менен катар эле кытай тыйындарына (Тан династиясы) окшоштурулган тыйындар чыгарылган.

«Мырза Арслан Бильге-каган фан» тыйындары түргөш жана тухусс тыйындарынан айырмаланып башка салмак стандарттары боюнча даярдалган. Ушул тыйындардагы легендалар IX кылымдын акыры X кылымдын башталышында бийликте болгон Караханиддер ди-



«Мырза Арслан Бильге-каган фан» тыйыны



Христиан кайрагы эпитафиясы менен

настиясынын негиздөөчүсүнүн атасына жана чоң атасына таандык ысымдар жана титулдар менен дал келет.

VIII кылымдын акырында арабдар карлуктарды Ферганадан сүрүп чыгарышкан, ал эми 840-ж. Саманид башкаруучусу Нух ибн Асад Испиджабды (Шимкент району) басып алган. Дагы бир Саманид башкаруучусу Исмаил ибн Ахмед Таразды 893-894-жылдары багындырган. Орто Азияда ислам кабыл алынгандан кийин мусулмандар согдулуктардын мурунку соода жолдорун пайдалана башташкан. Орто Азияда жарым кылым негизги аскердик жана саясий күч болгон енисейлик кыргыздардын IX кылымда күч алышы Түштүк Сибирге байыркы жол боюнча соода кербенинин кыймылын жандандырган. Кытай булактарынан Енисейдин баш жагындагы кыргыздардын өлкөсүнө карлуктардын өлкөсү аркылуу мусулман кербендеринин келгени белгилүү. Бул маалыматтарды тыйын табылгалары да ырастайт.

Жетисуунун шаарлары мусулман Батышынан да, тан Кытайынан да соодагерлерди кабыл алып өз турмуштарын жүргүзүшкөн. Согдулуктар, шаарлардын негизги тургундары өздөрүнүн улуттук өзгөчөлүктөрүн акырындык менен жоготушса да, жергиликтүү элдердин кол өнөрчүлүгүнүн, соодасынын жана маданиятынын өнүгүшүнө таасир көрсөтүүнү улантышкан. Карлуктардын бардык диндерге жол коюшу алардын аймагында кристиан-несториандардын, манихейлердин, буддисттердин, зороастрийлердин болушуна шарт түзгөн, бирок акырындык менен жаңы дин болгон ислам мурунку көчмөндөрдүн акылдарын ээлеген, X кылымда *чигил* уруларынын башчылары аны өз бийликтерин бекемдөөнүн негизги каражаты кылып алышкан.

Бул кызык

## КЫЗЫЛ-СУУ ШААР ЧАЛДЫБАРЫНАН ТАБЫЛГАН МӨӨРЛӨР

Орто кылымдагы Навекат (жаңы шаар) шаары – Улуу Жибек жолундагы маанилүү соода борбору болгон. Акыркы жылдары мындан ар кандай четжерлик тыйын табылгалары жана бир нече жекече мөөр табылган. Мөөрлөрдүн көптүгү ишкер жашоотурмуштун өнүккөндүгү менен түшүндүрүлөт. Бардык юридикалык актылар (ижара жөнүндө, сатып алуу-сатуу жөнүндө келишимдер, нике келишимдери) мөөр менен ырасталган, катардагы шаардыктар өз алдынча юридикалык жак катары чыгышкан. Бирок мөөр байыркы учурда катка, мурас кагазга же расмий документке гана коюлбастан, баалуу мүлктөрү бар лареторго жана кампаларга, товарлары бар жүктөргө да мөөр басылган. Мөөрдү сапатын кепилдикке алуучу товардык белги катары карапа буюмдарды клеймалоо үчүн карапачылар да пайдаланышкан.



Кызыл-Суу шаар чалдыбарынан табылган мөөрлөр (Чүй өрөөнү)

Мөөрлөр формасы, өлчөмү жана жазуусу боюнча олуттуу айырмаланат. Кытайлык мөөр үчүн иероглифтердин болушу мүнөздүү. Алсак, мөөрлөрдүн бири иероглиф – адамдын түспөлү түрүндө даярдалган. Согдулук мөөр жазуусу же мифологиялык сюжети жана көркөм көчөтү боюнча таанылат. Жазалуу техникасы боюнча эн кооз согдулуктардын мөөрүнө Дионистин (Вакхтын) – шарап, түшүм жана кулмак ичимдигинин

кудайынын сүрөттөлүшү бар мөөр кирет. Дионис буттарын бүгүп өзү жактырган позада отурат, анын өзгөчө көзгө чалдыккан курсагы рельефтүү берилген, ал эми колунда шарап куюлган салттуу кубок. Мөөрдө адамдын өңү жана ал түгүл көздөрү кылдат иштелип чыккан. Бул коло мөөр Өзбекстандын Фергана өрөөнүнөн табылган.

Шакек формасындагы мөөрлөр античный мезгилде эле байыркы Иранда жана Кавказда белгилүү болгон. Шакек-мөөрлөр Орто Азия элдери жана анын түштүктөгү коңшулары үчүн да мүнөздүү.

Жонуна куйругу ташталган жырткыч жаныбардын сүрөттөлүшү жана грекче W тамгасы Отрардын жана Чачтын тыйындарында кеңири тараган.

Кызыл-Суу шаар чалдыбарынан араб жазуулары бар күмүш жана коло асма мөөрлөр табылган. Алардын бири анын ээсинин аты – Өмөр катары которулат.

Бул кызык

## ЧЫГЫШ КАЛЕНДАРЫ

Нарын облусунан борборунда төрт чарчы көзөнөгү бар адаттан тыш кытай коло «тыйыны» табылган. Аны окистенген калың катмардан тазалагандан кийин иероглифтер эмес, жаныбарлардын – жыландын, короздун, ажыдаардын, жылкынын сөлөкөтү пайда болгон. Биздин алдыбызда орто кылымдагы чыгыш календары пайда болгон, мында бизге бүгүнкү күндө көнүмүш болгон күндөр менен айлардын ордуна жылдар белгиленген.

Он эки жылдык циклдүү чыгыш календарын Борбордук Азиянын көчмөндөрү түзгөн деп эсептелет.

Ар бир боз үй өз алдынча «планетарий» болгон. Байыркы астрономдор Юпитер күндүн айланасында 12 жылда толук айлана турганын аныкташкан. Айлананы Юпитердин жолунун он эки барабар бөлүгүнө бөлүп, алар ал бөлүктөрдүн ар бирине белгилүү жаныбардын атын беришкен.

Календарь ушундайча түзүлгөн, ал эми бирин-бири алмаштырган жаныбарлардын ыраатын унутуп калбаш үчүн демилгелүү байыркы кытайлыктар ушундай анча чоң эмес «чөнтөк календарларын» чыгарышкан.



Орто кылымдагы чыгыш календары

Бул кызык

## МАТРИЦАЛАР

Чүй өрөөнүндөгү шаар чалдыбарларынан табылган түстүү жана баалуу металлдардан жасалган ар түрдүү буюмдар өздөрүнүн ар түрдүүлүгү, көркөм көчөттүү мотивдерге байлыгы, орто кылымдагы жез усталардын жана зергерлердин чеберчилиги менен таң калтырат. Алардын арасында өзгөчө орунду матрицалар – чеберлер продукцияларды массалык чыгарууда колдонулуучу чулу куюлган такталар ээлейт. Матрицалар алкактык бөлүктөрдү жергиликтүү өтө көркөмдүктө чыгарылгандыгы жөнүндө айгинелейт, ал бүткүл Борбордук Азия аймагында кеңири суроо-талапка ээ болгон. Матрицалардын көпчүлүгүндө геометриялык жана өсүмдүк көркөм көчөттөрү берилген, бирок мифологиялык сюжеттер – таш бакаңы тумшугу менен тиштеп алып каз катары учуп бараткан өрдөктөр да бар.



Кур жасалгалары үчүн матрицалар

## VII-VIII КЫЛЫМДАРДА КЫРГЫЗДАРДЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК ҮЧҮН КҮРӨШҮ



Байыркы түрктөр. VII–VIII кк. (Алтай). Г.В. Кубаревдин, Д.В. Поздняковдун реконструкциясы

БорбордукАзиядагы ар кандай талаа империясы Енисейдеги кыргыздардын жерин басып алууга жана өзүнө баш ийдирүүгө аракеттенишкен, анткени Минусин өрөөнү ошол кезде Түштүк Сибирдеги бирден-бир эгин айдалуучу зона болгон жана андан сырткары кыргыздар темир казып алышкан, эң мыкты курал-жарактарды жасаганды билишкен.

554–555-жылдары түрктөр өздөрүнө Енисейдеги кыргыздарды багындырышкан. Кыргыздар түрк кагандарына алман катары «өтө курч курал-жарактарды» бере башташкан.

630-ж. чыгыш түрктөрдүн каганаты Кытайдын Тан империясынын жана кошуна көчмөндөрдүн соккусунан кулаган. 647-ж. жаңы саясий шарттарда кыргыздар Борбордук Азия мамлекеттеринен көз карандысыздыкка ээ болушкан.

Кыргыз өкүмдары түрк кагандарын жеңүүчүлөр, өтө күчтүү Тан империясы менен дипломатиялык байланыштарды түзүшкөн. 647-ж. Кытайга элчилик жиберилген, аны кыргыздардын башкаруучусу – ажонун өзү жетектеген. Ал Тан династиясынан өз эли үчүн калканыч сураган. Император кыргыз башкаруучусуна жогорку Кытай аскердик чинин ыйгарган жана аны Кыргыз мамлекетине губернатор кылып даярдаган. Кыргыз ажосу формалдуу түрдө Кытай чиновниги болуп калган, ал эми Кыргыз мамлекети Кытайдын бир провинциясына айланган. Чындыгында эч нерсе өзгөргөн эмес. Кытай Кыргыз мамлекетинде реалдуу бийликке ээ болгон эмес. Ал, мурункудай эле ажонун колунда болгон, ага пайдалуу соода жүргүзүү жана императордон баалуу белек алуу үчүн өзүн Кытайдын вассалымын деп эсептөө пайдалуу болгон. Кыргыз мамлекетинин коопсуздугу жөнүндө ой-пикир дагы бир кыйла мааниге ээ болгон. Кытайдын вассалы болгон мамлекетке Кытай жетишээрлик жогорку деңгээлде өзүнүн күч-кубаты менен колдогон шартта анын тегерегиндеги кошуналары кол салышы кыйын болучу.

VII–VIII кылымдарда кыргыз жана кытай башкаруучулары бири-бирине дайыма элчилик жиберип турушкан. Кыргыз элчилери Кытайга жогорку породалуу жылкыларды айдап келип турушкан, бул «алман» деп эсептелген, бирок ал үчүн алар алып келген аттардын баасы канча болсо ошончо баадагы жибек кездемени «белекке» алышкан. Кыргыз дипломаттары Кытайга жылдын аягында, ал жерде салттуу салтанаттары башталган учурда келүүгө аракеттенишкен. Ушул учурда келген элчилер баалуу белектер менен сыйланган.

Ошондой болсо да Кыргыз мамлекети менен Тан империясынын дипломатиялык байланыштарын материалдык пайдага гана алып келип такоого болбойт. Кыргыздардын маданиятына ошол учурдагы Кытайдын маданияты ачыктан-ачык чоң таасир көрсөткөн. 653-ж. кыргыздардын «кандайдыр бир жолдор менен Кытайга туш болуп калган жана ал жерде кулчулукта болушкан өздөрүнүн уруулаштарын сатып алуу үчүн» белек менен келгени белгилүү. Бул гумандуу акция өзүнүн букараларына ажонун мамилесин жана Кыргыз мамлекетине урмат көрсөткөнүн мүнөздөйт.

## Кыргыз мамлекети жана Экинчи Түрк каганаты

679-ж. Экинчи Түрк каганатынын калыбына келтирилиши менен Борбордук Азиядагы саясий абал кескин өзгөргөн. Түрк кагандары өз мамлекетин мурунку чегараларында калыбына келтирүүгө жана мурда алардын бийлигинин астында болгон элдерди кайрадан баш ийдирүүгө ниеттенишкен.

Борбордук Азия көчмөндөрү Кытайга карата жалган вассалитетти түрктөрдөн толук реалдуу көз карандысыздыкка алмаштырууну каалашкан эмес. Түрктөрдүн өздөрү Борбордук Азиядагы саясий кырдаалды төмөнкүчө мүнөздөшкөн: «Оңдо (түштүктө) Табгач эли (Кытай) душман болгон, солдо (түндүктө) тогуз-огуз эли (уйгурлар) Баз-кагандын жетекчилиги менен душман болгон, кыргыздар, курыкандар, отуз-татарлар, кытай жана татабалар – бардыгы душман болушкан». Түрктөр Баз-кагандын айланасына бириккен көчмөндөргө кыйратуучу сокку урушкан. Кыргыздар бул салгылашка катышкан эмес жана өз күчтөрүн сакташкан, тез эле Экинчи Түрк каганатынын эң күчтүү душманынын бири болуп калган.

VII кылымдын акырында кыргыз мамлекетин *Барс-бег* ажо башкарган. Бул бизге кытайлыкча эмес, кыргызча аталышта белгилүү болгон биринчи кыргыздын аты. Барс-бег ажо эски кыргыз башкаруучу династиясынан чыккан. Уламыш боюнча ал б.з.ч. 99-ж. эле негизделген. Барс-бег жөнүндө биографиялык маалымат ал өлгөндөн кийин таш мамыга кыргыздар тарабынан чегип жасалган эпитафияда келтирилген. Барс-бег жаштайында эле жетим калган, төрт бир тууганы болгон. Ал үй-бүлөдөгү балдардын улуусу болгон эмес, бирок өзүнүн жеке сапатынын натыйжасында лидер болгон. Барс-бегдин уруусу Умай-эненин өзгөчө колдоосунда турат деп эсептелген. Барс-бегдин өзү жана анын тууган-дары сейрек жолугуучу – Умай-бег деген титулду алып жүрүшкөн. Бирок ажо жана анын уруусу диний эмес менен катар эле кечилдик функцияны аткаргандыктары да жокко чыгарылбайт. Барс-бег ажо өзүнүн мамлекетинин реалдуу күчүн жана таасирин мойнуна алуу менен, түрк иерархиясында жогорку титулду – падыша тагынын *Ынанчу-Алп Билге каган* деген ысымын алып маанилүү саясий акт жасаган. Ынанчу-Алп Билге каган Экинчи Түрк каганатына чакыруу жиберип, өзүнүн Борбордук Азияга үстөмдүк жүргүзүүгө умтулганын ачык билдиргенден кийин Кыргыз мамлекетинин эл аралык кадыр-баркы өскөн.



Барс-бег

Чыгыш Түрк башкаруучусу Капаган-каган (691-716-жылдары башкарган) Барс-бегдин чакыруусун кабыл алган. 703-ж. ал жеке өзү аскерлерди жетектеп кыргыз жерине келген. Бизге түрктөрдүн



Тонукөк

кыргыздар менен салгылашуусу болгону же болбогону белгисиз, бирок түрктөрдүн жортуулу ийгиликсиз бүткөнү маалым. Билге-кагандын урматына коюлган таш мамыда Барс-бегдин чоң ийгилиги түбөлүккө оюлуп жазылган: түрк каганынын атынан ташка руна жазуусу менен төмөнкүлөр чегилген: «Биз ошол учурда (ошол шарттарда) (ага) каган титулун ыйгардык жана менин карындашымды бердик (жубайлыкка)». Түрк аскерлеринин башына абдан кыйынчылык түшкөндө гана намыскөй Капаган-каган Барс-бегдин жаңы титулун таанымак (анын сөзү боюнча «ыйгармак») жана аны менен династиялык нике аркылуу гана тууганлашмак. Кыргыз каганаты менен Экинчи Түрк каганатынын ортосундагы тынчтык Барс-бег Ынанчу Алп Билге кагандын абалын бекемдеген.

Экинчи Түрк каганатынын башкаруучу Ашина династиясы менен тууганлыгына карабастан кыргыз каганы мурункудай эле түрктөргө каршы активдүү саясат жүргүзгөн. 707–711-жылдары кыргыздар Тан империясына үч элчиликти биринин артынан бирин жиберген, ошол учурда түрктөр аларга каршы согуштук аракет жүргүзүп жатышкан. Ошол эле учурда түргөш каганы Сакалга (706–711-жылдары башкарган) Чүй өрөөнүнө Эзген төрөнүн жетекчилигинде кыргыз элчилиги жиберилген. Барс-бег Экинчи Түрк каганатын душмандар менен курчоого жана аны жалпы күч менен талкалоого аракеттенген. 709-жылга карата Барс-бег кубаттуу түркко каршы коалиция түзгөн. Ага Кыргыз каганатынан башка Тан империясы жана Түргөш каганаты кирген. Экинчи Түрк каганатынын көрүнүктүү саясий жана аскердик лидери Тонукөк Борбордук Азиядагы түзүлгөн саясий кырдаалды төмөнкүчө баалаган: «Табгач (Кытай) каганы биздин душман болгон. Он ок элинин (түргөш) каганы биздин душман болгон. Бирок алардан өткөн биздин душман кыргыздын күчтүү каганы болгон. Бул үч каган кеңешип, минтип айтышкан: «биз Алтун кул-кутандарына (Капаган-кагандын байтактысы) барабыз... Ооба, биз чыгышка түрк каганына каршы жөнөйбүз... Биз үчөөбүз биригип, жортуулга чыгабыз жана аны жок кылабыз».



Эрен Улук

Түрктөрдүн кары жана акылман лидери Экинчи Түрк каганатынын эң коркунучтуу душманы деп күчтүү Түргөш каганатын жана ал түгүл кубаттуу жана зор Тан империясын эмес, Барс-бег башында турган салыштырмалуу анча чоң эмес Кыргыз каганатын эсептеген. Тонукөктүн өздөрүнүн каршылаштарынын реалдуу күчтөрүнө берген баасы туура болуп чыккан.

Жеңиш үчүн ординардуу эмес чечимди табуу зарыл болгон. Аны түрктөр тапкан.

Түрк каганынын буйругу боюнча мурасчы ханзада Могилян (келечектеги Билге-каган) 709-ж. кыргыздарга союздаш болгон *чик* жана *аз* урууларына кол салган, аларды талкалаган жана азыркы Туванын аймагын ээлеп алган. Ал кыргыздарга чабуул коюуга даярдануу үчүн плацдарм болгон.

Кыргыздардын өздөрү Саян кырка тоосу сыяктуу ишенимдүү табигый тосмонун артында өздөрүн кыйла коопсуз сезишкен. Алар ашууларды бекемдешкен, ал эми Тувадан Минусин өрөөнүнө Енисей капчыгайы аркылуу өткөн жолду ширендилер менен бийик кылып тосушкан. Ушул табигый жана жасалма чыңдоолорго түрктөр чабуул коюшкан эмес. Анын артында кыргыздар союздаштары – түргөштөр жана кытайлыктар келгенге чейин кармалып тура алышмак.

Бирок союздаштар өздөрүнүн чектерин гана коргоо менен чектелишип кыр-

гыздарды тагдырдын эркине (кароосуз) таштап коюшкан. Кубаттуу Экинчи Түрк каганаты менен жекеме-жеке калган Барс-бег саясий жактан кайра багыт алууну чечкен. 710-жылдын күзүндө ал кытайлыктарга да, түргөштөргө да жоо болгон Тибетке элчилик жиберген. Элчиликти күчтүү кыргыз уруусу булсардан чыккан Эрен Улуг жетектеген. Бул тажрыйбалуу дипломаттын милдетине күч-кубаттуу Тибетти түрктөр менен күрөшкө тартуу кирген.

Бирок кеч болуп калган. Эрен Улуг белгисиз себептер боюнча чет жерде каза болгон. Тибет Барс-бег менен союздашууга макул болгон эмес. Кытай жана түргөштөр да ага жардамга келген эмес. Бирок түрктөрдү алдыдагы окуялар күтүп турган.

## 710–711-жылдарда Саян кырка тоосу аркылуу түрктөрдүн кышкы жортуулу жана Черни Сунгадагы салгылашуу

Түрк кол башчылары жан аябаган кадам жасоону: Саян кырка тоолорунан кыргыздар коргогон ашуулар менен шилендилерден айланып өтүп, кыш мезгилинде жолсуз жер боюнча өтүүнү чечишти. Бул иш айла кеткенден жасалган иш болучу, бирок ийгилик болгон учурда түрктөрдүн элдешкис жана эң күчтүү душманын дароо четтетмек. Жортуулга түрктөрдүн келечектеги каганы Билге жана анын эр жүрөк бир тууганы – Хан-зада Күлтегин катышкан. Бирок бул фантастикалык кыялдын иш-жүзүндөгү жетекчиси акылдуу Тонукөк болгон. Ал аздардан чыккан чыккынчыны издеп тапкан. Түрк армиясын жашыруун жалгыз аяк жол менен кыргыздардын күзөттө турган отрядына алып барууну макулдашкан. Кышында Саян кырка тоолору аркылуу жортуулдагы чындыкка окшобогон кыйынчылыктар Тонукөктүн таш мамысына төмөнкүчө жазылган: «Мен аскерлерге алга жылууга буйрук бердим, мен «аттангыла!» деп айттым... Мен карды жиреп жол салдым, өзүм башкалар менен бирге жыгач шырыкты таянып чыктым. Алдыдагы адамдар карды тапташты жана биз токой каптаган бел аркылуу тоону аштык. Аябагандай кыйынчылыктар менен төмөн түштүк жана кар шилендисин айла-





Байыркы түрктөрдүн тагынма жасалгалары (Алтай)



◂◂ Черни Сунгадагы салгылашуу



▾ Черни Сунга – чет жердик басып алуучулар менен салгылашкан жер



Күлтегин



Күлтегинге коюлган эстеликтеги жазуу кездемеге түшүрүлгөн

нып өтүп, он түн дегенде тоонун капталына жеттик. Жергиликтүү жол баштоочу жолдон адаштыргандыгы үчүн башы алынды». Аз уруусунан чыккан жол көрсөткүч кокусунан же атайлап адаштырганы белгисиз, бирок түрк армиясы кышында өздөрүнө тааныш эмес кар баскан тоодо жол көрсөткүчсүз калышты. Аны дарыясынын үстүндөгү муз менен түрктөр аларды күтүп жаткан Минусин өрөөнүнө келишти.

Тувадагы өздөрүнүн чалгынчыларынан түрктөрдүн келаткандыгы жөнүндө дүрбөлөңгө түшүргөн маалымат албаган кыргыз армиясынын лагеринде камырабастык өкүм сүрүп турган. Кыргыздар түрктөрдүн капысынан айланып өткөн маневрына гана эмес, түнкү кыйратуучу чабуулга да жол беришти. «Кыргыздарга биз алар уйкуда жатканда кол салдык... найзалар менен жол салдык», – деп жазылган Тонукөктүн урматына коюлган таш мамыдагы жазууда. Кыргыздардын негизги күчтөрү талкаланган. Барс-бег калган күчүн Черни Сунганын тоодогу токойлуу жерине чогултуп, душманга каршылык көрсөтүүгө аракеттенди. Айыгышкан салгылашуу болду.

Салгылашуу Күлтегиндин отрядынын чечкиндүү чабуул коюусунан башталды. Түрктөр кыргыздарды аскага сүрүп келип, дарыяга ыргытууга аракеттеништи. Күлтегиндин отряды кубаттуу кылычы менен кыргыздардын кошуунун кырып-жоюп жана аларды сүрө баштады. Бирок кыргыздардын кол башчысы бардык күчүн топтоду жана душманга каршылык көрсөттү.

Ханзада Күлтегин колун топтоп аларды кайрадан чабуулга салды. Жамгырдай жааган жебелердин астында түрктөр устундардан төшөп жол салышып, пайда болгон ачыкка атчандар кире баштады. Кыргыздар жай бирок аргасыздан дарыяны карай сүрүлүп барятты.

Эрдик жана каармандык эки тараптан тең бирдей эле көрсөтүлдү. Тигиниси да, мунусу да Теңирдин жана Умайэненин колдоосун суранып жатышты. Бирок түрктөрдө эки артыкчылык бар эле: санынын көптүгү жана аскердик өнөрдү мыкты билгендиги. Талаа эли эсепсиз талап-тоноочу жортуулдарда согушканды үйрөнүшкөн. Кыргыз жигиттери аларга тең келе алышкан жок. Салгылашууда миңдеген жоокерлер курман болду. Кыргыз башкаруучусу Барс-бегдин сөөгү сырдуу жоголду.

Жыйырма бир жылдан кийин Күлтегиндин мүрзөсүнүн үстүнө коюлган таш мамыга анын уруулаштары «Күлтегин... биринин артынан бирин бирөөнү жебе менен өлтүрүп, экөөнү найза менен жыкты. Бул чабуул учурунда боз айгырды майып кылды... Кыргыз каганын биз өлтүрдүк жана анын элин багындырдык...» деп жазышты.

Черни Сунганын алдындагы салгылашууда кыргыздардын жеңилиши, алардын тагдырына кайгылуу таасирин тийгизген. «Анын (Барс-бегдин) эли кул жана күң болуп калышты», – деп жазылган байыркы түрк текстинде. Түрктөр кыргыз мамлекеттүүлүгүн жок кылышпады, бирок мамлекеттин башчылыгына кыргыздардан чыккан өздөрүнүн кишисин коюшту. Минусин өрөөнүнүн бардык маанилүү пункттарына түрк гарнизондору жайгаштырылды. Кыргыз мамлекети Экинчи Түрк каганатына ал 744-ж. кулаганга чейин көз каранды болуп турду.

Кыргыз төбөлдөрүнүн Борбордук Азияга үстөмдүк кылуу үчүн жасаган биринчи аракети кайгылуу жеңилүү менен аяктаган.

Бул кызык

## БАРС-БЕГДИН УРМАТЫНА ЭПИТАФИЯ

Он сапка топтолгон байыркы кыргыз руна жазуулары бар бийик таш мамы мындан 100 жылдан ашыгыраак мурда Енисейдеги Алтын-Көл көлүнүн жанынан табылган. Минусинск шаарындагы музейде сакталып турат. Тарыхчылар бул эң байыркы жазуу жүзүндө табылган өлгөн адамга карата кыргыз кошогу деп эсептешет.



*Энем мени он ай көтөрдү!*
*Ал мени өз элиме алып келди.*
*Мен жер үстүндө өзүмдүн каармандыгым менен бекилдим.*
*Көп сандаган душмандар менен кайраттуу салгылаштым,*
*азыр элимен кетип, аны өкүттө калтырып отурамын.*
*Аттигиң ай!*
*Инилериңизге жана агаларыңызга төөлөргө жүктөп кербендерден белектерди жөнөтүп турунуз.*
*Мен, Барс-бег, жер бетинде көргөндөрүмө,*
*иштериме жана эрдигиме тойгон жокмун!*
*Сиз атасыз эле баатыр болдуңуз!*
*Тайгандарыңыз, илбээсиндин артынан түшкөндө,*
*сиз конуштардын жанынан өттүңүз!*
*Өлүм деген инилериңе жолобо – оо,*
*Барс, бизди таштап кетпе! Аттиң ай!*
*Биздин наамыбыз мындай – биз умайбектербиз,*
*биз өз урук-уруубуздун баатыр жокерлерибиз! Аттиң ай!*
*Алты эркекти өзүң менен кошо албадың!*
*Тулпарыңды өзүң менен албадың!*
*Үч идишти өзүң менен кошо албадың!*
*Оо, менин кымбатым! Оо, менин кенчим!*
*Бизди таштап кетпе!...*
*Бизди мурдакыдай эле кубант.*
*Оо, алтын Сунганын кул-кутаны, илбээсини көбөйө бер!*
*Өз урпактарыңды пайда кыл!*
*Менин Барсым аттарын жана өгүздөрүн,*
*бүткүл бул дүйнөнү таштап кетти, ал сапар тартты!*
*Аттигиниңай!*
*Менин аскердик эрдигиме, агаларымдын жана инилеримдин урматына бул түбөлүк эстеликти орнотушту.*

◂ Барс-бегдин таш мамысынын көчүрмөсү

Бул кызык

## РУНА

VII кылымда түрк элдеринде өздөрүнүн жазуу системасы пайда болгон. Аны руна жазуулары деп атоо кабыл алынган.


Аталышы скандинавия жазуусуна окшоштурулуп берилген, мында run деген сөз «жашырын сыр» дегенди билдирет. Руналар – жыгачка же ташка оюп жазылган бурчтуу жазуулар. Ал биринчи жолу III кылымда Данияда пайда болгон, андан кийин бүткүл Европага тараган.

1889-ж. орус окумуштуусу Н.Ядринцевдин экспедициясы Монгол империясынын легендарлуу борбору Каракорумду издеп Монголияга жөнөгөн.

Изилдөөчү Каракорумдун урандыларын издеп тапкан, бирок аны издеп жатып ал дагы бир көрүнүктүү ачылыш жасаган. Аны В.Драчук төмөнкүчө баяндайт: «Алар адегенде төрт бурчтуу алтарды же курмандык чалынуучу жерди көрүштү. Анын ары жагында кыштан салынган узундугу 25 м болгон жапыз дубал бар экен; анын алдында кандайдыр бир курулуштун урандысы табылды.

Дубалдын артында, постаменттен кулагансыган мрамор, бардык тарабынан жылмаланган таш жатыптыр. Ал качандыр бир кезде кыязы шандуу эстелик болгондой. Анын бийиктиги үч жарым метрге жетет, эни – 1 м 31 см. Сыныктарынан токулуп жасалган ажыдаарларды сүрөттөгөн барельеф даана көрүнөт. Ажыдаарларды сүрүп тазалаганда Минусин крайында жолугуучуларга окшогон түшүнүксүз белги каптаганы байкалды. Жазуулар бүлбүлдөп аран эле көрүнөт, бирок белгилерди ажыратып таанууга мүмкүндүк болду.

Жарым-жартылай бузулган дубалдын катарынан бир нече мрамор статуя табылды, алардын баштары сынып калыптыр. Кийимдери боюнча баамдасак, алар байыркы түрктөрдү сүрөттөгөндөй. Андан бир аз арыраак бирин-бири караган эки жаныбардын



Даниялык окумуштуу Томсен

фигурасы турат. Жана төрт жарым километр аралыкта бири-биринен 10-12 м аралыкка коюлган балбал таштардын катары турат...»

Окумуштуу мүрзө үстүндөгү эки таштан белгилерди кылдат көчүрүп алып, Петербургга келгенде аларды жарыялаган. Дал ушул жазуулар 1893-ж. даниялык окумуштуу В.Томсенге жаны жазууну чечмелөөгө ачкыч табууга мүмкүндүк берди.

Тарыхчылар Ядринцев тапкан эстеликтер жөнүндө эскерүүлөрдү кытай текстеринен таба алышты. Алар эки бир тууган – Билге каганга жана ханзада Күлтегинге коюлган. Томсен руна текстеринде алардын аттарынын жазылышын аныктай алган. Орхон-Енисей жазуусун чечмелөө ушундайча башталган. Бул тамга-муун жазуусу болгону аныкталган. Андагы тексттер ондон солду карай окулат. Окуунун ушул ыкмасын пайдаланып, Томсен Билге каган менен Күлтегиндин жашоо тарыхтарын жана жосундарын окуй алган. Бул эстеликтер кийинчерээк Тонукөк менен Барс-бегдин таш мамыларынан табылган руна жазуулары сыяктуу эле болжол менен 1300 жыл мурда Сибирде болуп өткөн окуяларды калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берди.

## КЫРГЫЗДАР ЖАНА УЙГУР КАГАНАТЫ

Уйгурлар – Борбордук Азиянын байыркы түрк элдеринин бири. Кытайлыктар уйгурлардын уруу бирикмесин *теле* деп атаган. Түрк элдерине жана мусулман тарыхчыларына алар *токузгуздар* же *тогуз-огуздөр* (сөзмө-сөз *тогуз огуз*) деген аталыш менен белгилүү болгон.


VII кылымдын ортосунда тогуз огуз урууларынын бирикмесиндеги жетекчилик ак сөөк *яглакар* уруусу башчылык кылган он уйгур уруусунун тобуна берилген. Бул учурда уйгурлар Ашина династиясынан чыккан түрк каганына баш ийип турган. Аларды баш ийбеген жана козголоңчул бухаралар деп эсептешкен. Уйгурдар көп жолу көтөрүлүшкө чыгышкан, өз мамлекетин түзүүгө аракеттенишкен, ал түгүл өздөрүнүн башчыларын каган деп аташкан, бирок жыйынтыгында ар дайым жеңилишке дуушар болушкан.

VIII кылымдын ортосунда Экинчи Түрк каганаты абдан өрчүгөн саясий кризиске туш болгон – анын ыдыроосу башталган. Ашина династиясынын салмактуу башкаруучулары борбордук бийликке баш ийишкен эмес жана өздөрүн көз карандысыз деп жарыялашкан. Уйгурлардын, басмылдардын жана карлуктардын уруу союздары кагандардын алсыздыгын сезип көз карандысыздык үчүн согуш башташкан. Ички согуш катуу айыгышкан түрдө болгон жана өзгөрүлмө ийгиликтер менен жүргөн. Кутлуг каган калган күчтөрдү чогултуп 744-ж. союздаштарына сокку урган. Жеңиштен кийин чарчаган каган анча көп эмес кайтаруучулары менен лагерге кайтып келген. Капысынан эле камыштын арасынан кыйкырык чуу менен козголоңчулардын шайкасы суурулуп чыккан. Кутлуг каган жана атчандар аларга каршы акыркы согушка чыгышкан, бирок жеңилип калышкан. Ушинтип легендарлуу Ашина династиясынан чыккан акыркы түрк каганы кайтыш болгон. Аны менен өткөндөгү бүтүндөй доор – биринчи түрк мамлекеттүүлүгүнүн доору, түрктөрдүн эл аралык аренага чыгышы, жогорку түрк маданиятынын түзүлүшү жана өнүгүшү кошо кеткен.

### Уйгур каганатынын түзүлүшү

744-ж. Орто Азияда Экинчи Түрк каганаты кулагандан кийин мурунку союздаштар – уйгурлар, басмылдар жана карлуктар – түрк мураскерлиги үчүн күрөшкө чыгышкан. Уйгурлар жеңишке ээ болгон. Алардын башчысы болуп ак сөөк яглакар уруусунан Элетмиш Билге хандын тактысына ээ каган деп жарыяланган (745–757-жылдары башкарган). Уйгурларга чыгышта Маньчжуриядан батышта Иртыш дарыясына чейинки Экинчи Түрк каганатынын курамына кирген дээрлик бардык элдер баш ийген. Кагандын байтактысы Моңголиядагы Орхон дарыясы менен Хангайдын ортосунда жайгашкан. Уйгур кагандары *манихейчиликти* мамлекеттик дин кылышкан жана өздөрүнүн сарайына манихей попторун жана диний башкаруу-

Уйгур каганатынын чеби



чуларды тарткан. Уйгурлардын кагандары ошондой эле өздөрүнүн ээлигине согду жана кытай куруучуларын да тартышкан, алар Орто Азияда шаарларды курушкан. Уйгур кагандарынын борбору Орхон дарыясынын жээгине курулган Орду-Балык шаары болуп калган.

Экинчи Түрк каганаты кулагандан кийин кыргыздар көз карандысыздыкка ээ болушкан жана өздөрүн уйгурлардын коркунучунан коргоо үчүн чараларды көрүшкөн. Алар уйгурларга каршы биргелешкен согуштук иш-аракеттерди көрүү үчүн карлуктар жана чик уруулары менен союз түзүшкөн. Кыргыз каганы 745-ж. Борбордук Азияга өзүнүн «учуучу» отряддарын жиберген.

Уйгурлардын каганында ошол кезде жакшы чалгын болгон. Ал союздаштарынын ниеттери жана иш-аракеттери жөнүндө эң сонун билдирип турган. Отряды болгону миң адамдан турган уйгурлар чик урууларын талкалашкан, андан кийин кыргыздардын «учуучу» отряддарын басып алышкан. Уйгурлардын негизги күчтөрү менен Иртыш дарыясында карлуктар талкаланган.

Кыргыз каганынын уйгурларга каршы активдүү иш-аракетин токтотушкан эмес, ал эми болгону уйгурлардын басып кирүү коркунучунан гана алыстатышкан. 758-ж. уйгурлар Минусин өрөөнүнө күчтүү армия жиберген жана кыргыз мамлекетин басып алышкан. Жеңүүчүлөр белгилеген режим түрктөрдүкүнө караганда катаалыраак болгон. Биринчиден, кыргыздардын башкаруучусу каган деп аталуу укугунан ажыратылган. Ал уйгурлардан кандайдыр бир кемсинтүүчү жана түшүнүксүз титул алган, ал кытайча *Пицьсие Тунгие Гинь* деп аталган. Экинчиден, кыргыздар тышкы өз алдынча байланышуу укугунан ажыратылган. Дээрлик жүз жыл бою бир да кыргыз элчилиги Кытайга келе алган эмес. Кыргыздар пайдалуу соода жүргүзө алышкан эмес.

Уйгурлар тарабынан калкты дайыма тоноо менен коштолгон Кыргыз мамлекетинде белгиленген режим намыскөй кыргыздар үчүн чыдай алгыс болгон.

Таш мамылар.
VI–VIII кк. (Алтай)





## Кыргыздардын көтөрүлүшү

795-ж. кыргыздар ыңгайлуу учурду тандап жана уйгурлардын үстөмдүгүнө каршы көтөрүлүшкө чыгышкан. 779-жылдан баштап Уйгур каганатында борбордук бийлигинин узакка созулган кризиси башталган. Богу-каганга каршы (757–779-жылдары башкарган) жакын тууганлары козголоң чыгарган, каган жана эки уулу анын курмандыгы болгон. Козголоңчулардын башчысы – Яглакар династиясынын каптал бутагынын өкүлү каган болуп калган. Бирок ал тартипке сала алган эмес. 795-ж. бийликке эдис уруусунун жаңы династиясы келген. Аны уйгур урууларынын көпчүлүгү таанышкан эмес. Андан сырткары, уйгурлардын ири күчтөрү ушул учурда Чыгыш Түркстанда тибет жана карлук аскерлери менен согушуп жатышкан.

Уйгурлар менен кыргыздардын ортосундагы согуш узак убакыт бою Тувада жүргүзүлгөн. Чечүүчү салгылашууда кыргыздар талкаланган жана уйгурлар енисейлик кыргыздардын жерлерин басып алышкан. Кыргыздардын башкаруучулары кайрадан *каган* титулун жоготкон жана байыркыдай эле *ажо* деп атала башташкан. Кыргыздарды жеңгенин баяндаган уйгурлардын Карабалгасун жазуусу фантастикалык окуяларга жана күчөтүп баяндоолорго бай. Уйгур текстине ылайык кыргыздар 400 миң адамдан турган армия жыйнаган, бирок уйгур каганынын бир колу менен туш тарапка таратылып жана «жер бетинде жандуу адамдар калбай калган» сыяктанат. Уйгурлардын олжосу ушунчалык көп болгондуктан, «уйлар, аттар, эгин жана курал-жарак тоо болуп жыйылган».

Чындыгында кыргыздарда согушту улантууга жана уйгур каганатын талкалоого адамдары да, материалдык ресурстары да жетиштүү болгон.



Абакан тарых музейинин экспонаттары

820-ж. кыргыздар менен уйгурлардын ортосундагы согуштук иш-аракеттер жаңыланган, негизги салгылашуу Туванын аймагында болгон. Бирок согуш илең-салаң жүргөн. Кытайдын «Тарыхында» төмөнкүдөй кыска маалымат бар: «Уйгур ханы (кыргыздарга каршы) аскерлери менен министрин жиберди, бирок ийгиликке жетише алган жок. Хан согушту жыйырма жыл улантты».

Уйгурлар Тувада өз армиясын күчтөндүрө жана кыргыздардын үстүнөн жеңишке жете алышпады, анткени согушту эки майданда жүргүзүштү. Чыгыш Түркстанда алар Тибет менен болгон согушта бир катар ийгиликсиз учурларга туш болушту, ал эми 821-ж. тибет армиясы аз эле жерден Уйгуриянын борбору Орду-Балыкты ала албай калды (азыркы Моңголиянын аймагы).

Уйгур каганатынын күчү жана даңкы мурункусунан кемиди. Анын жетекчилигинде амбициоздуу жана алсыз башкаруучулар турушту. Бул букараларынын арасында наразылыкты жана кыжырданууну пайда кылды. Ири жана күчтүү

уруулар баш ийгенден баш тартышты жана козголоң чыгарышты. Борбордо кутум бышып жетилди. Анын биринин натыйжасында 832-ж. өзүнүн сарайында каган Гэс өлтүрүлдү. Такка анын жээни Ху отурду. Ага каршы козголоң чыкты жана 839-ж. Ху өзүн-өзү өлтүрдү. Козголоңчулар такка эрезеге жете элек Кэсини отургузушту. Ал Орду-Балыкта уйгурлардын акыркы каганы болуп калды.

Ошол учурда уйгур каганатынын күчү алсырап бараткан, кыргыздар мамлекетти жана армияны чыңдашты.

Кыргыздар согуштук аракеттердин жүрүшүндө башкаруунун аскердик-административдик системасын жана аскерлердин структурасын өркүндөтүштү. Армия ондук принцип боюнча түзүлгөн. Командалык курам төрт рангдагы: ондук, жүздүк, миңдик жана он миңдик начальниктерди камтыган. Бүткүл армия аскерлердин эки түрүнөн – оор кылыччандардан жана жеңил атчан армиядан турган. Жөө аскерлер болгон эмес.

Кыргыз атчан армиясы



Оор куралданган атчандар кыргыз мамлекети күчтөнүп турган мезгилде 30 миң жоокерден турган. Оор кавалерияда курал-жарактар менен чабандестер да, аттар да корголгон. Жоокерлер согушта узун найзаларды, кош миздүү кылычтарды, кылычтарды, ай балталарды колдонушкан.

70 миңге чейин атчандар болгон жеңил кавалерияда кыштымдар кызмат өтөгөн. Жоокерлер металл жана жыгач калкандар менен коргонушкан. Согушта негизги курал жаа жана жебе болгон.

Кыргыздардын армиясы аскерлердин эки түрүнө бөлүнүшү менен салгылаштын тактикасы өзгөртүлгөн. Оор жана жеңил атчан армия түрдүү функцияларды аткарган. Согушту эреже катары, жеңил отряддар, аттын кулагы менен тең ойногон жоокерлер баштаган. Алардын негизги милдети душмандын согуштук катарын бузуу болгон. Күтүүсүздөн калп эле качымыш болуу менен алар душманды азгырып, кубалоого аргасыз кылган. Эгерде провокация оңунан чыкса жана душман аскердик катарды бузуп, кууй баштаса согушка оор атчан армия кирген. Алар душманга жыш катар менен чоң ылдамдыкта аламан чабуул коюшкан. Мындай чабуул, эреже катары, согуштун тагдырын чечкен. Эгерде душман каршылык көрсөтүүнү улантса, аны кылыч менен майкандашкан. Качкан жоону жеңил атчан армия куугап жана жоготууга аракеттенген.

Армиянын структурасын жана согуш жүргүзүү тактикасын өзгөртүү кыргыз аскерлеринин согушуу жөндөмдүүлүгүн кыйла күчөткөн.

## УЛУУ КЫРГЫЗ ДЕРЖАВАСЫ

### Уйгур каганатынын талкаланышы

Тувада уйгурларга каршы согуш менен бир эле мезгилде кыргыздар Түштүк Сибирдин түпкү элине каршы аскердик аракеттерди жүргүзүшкөн. Кыргыздардын ажосу эки максатты көздөгөн: кыргыз мамлекетинин ооругун коопсуздандыруу жана материалдык ресурстардын агып келишин көбөйтүү. Кыргыздарды ийгилик коштогон: түндүк, чыгыш жана батыш чегаралары кыйла кеңейтилген. Чыгышта Кыргыз мамлекетине Кан дарыясынын өрөөнү, түндүктө Енисей өрөөнүндөгү аймак Ангаранын чатына чейин, батышта жана түндүк-батышта Притомье жана токой талаалуу Приобье кошулган. Күчтүү угор уруусу *бома* (сөзмө-сөз *ала-була жылкылуулар*) баш ийдирилген. Ошентип, узакка созулган согушта уйгурлар өздөрүнүн күчүн жоготкон, ал эми кыргыз мамлекети өзүнүн армиясын чыңдап жана аймагын кеңейтип, дагы күчтүү болуп калган.

Чечүүчү аракеттердин учуру келип жеткен.

IX кылымдын биринчи жарымында Кыргыз мамлекетинин жүз миң армиясы болгон, алар коргонуучулук гана эмес мурдагыдай эле, чабуул коюучу аракеттерди да жүргүзүшкөн.

Администрациянын жана армиянын башында ажонун өзү турган. Ал арабдар, Тибет жана Теңир-Тоодогу карлуктар мамлекети менен дипломатиялык байланышты түзгөн, алар уйгурларга жоо эл болгон. Ажонун энеси түргөштөрдүн ак сөөктөрүнөн чыккан, ал эми аялы карлук өкүмдарынын кызы болгон. 818-ж. ажо өзүн каган деп жарыялаган, бул уйгурларга согуш жарыялоо катары бааланган. Борбордук Азияда эки каган болууга тийиш эмес эле.





Кыргыз чеберлери жасаган алтын кумура жана табак. VIII–IX кк. Копен Чаатас (Алтай)

Уйгурлар чакырууга жооп кылып 820-ж. Енисейге аскерлерин жиберген. Узакка созулган согуш башталган, ал анда-санда ийгиликтерге жетишүү менен жыйырма жыл бою болгон.

Салгылашууларда кыргыздар, кыязы, өздөрүн жогору кармаган, ал ажонун уйгурлардын каганына кайрылуусунда төмөнкүчө ишенимдүү айтууга мүмкүндүк берген: «Сенин тагдырың бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду алам, анын алдына өз атымды байлайм, өз туумду көтөрөм. Эгерде мени менен мелдешкиң келсе анда тезирээк кел, эгерде анте албасаң, анда тезирээк кет». Мында эскертүүсү жок капитуляция жөнүндө талап угулуп турат.

Согуштагы ийгиликсиздиктер уйгур каганатынын ички ырксыздыгын күчөткөн. Кар оор түшкөн 840-ж. жут, ачкачылык жана эпидемия болгон. Ушул оор мезгилде козголоңчул уйгур төрөлөрүнүн бири кыргыздарды жардамга


Борбордук Азия X кылымда
ТУНГУСЫ
Богатырские Бугры
Потчеваш
Эбаргуль
Ишейка
Усть-Тара
МАНСИ
БАШКИРЫ
Иткуль
Лагеревские курганы
СЕЛЬКУПЫ
Юторское
Кисловка
Б. Мурта
Миндерла
Ладейское
КЫРГЫЗСК
Анжевка
Гурьевск
Оглахты 2
Уень
Ордынское
Старый Шаран
Барабинская степь
Бобровое
КЕМЖИКЕТ
Гоньба
Сростки
Ортаа-Хем
Камышинка
АЛТАЙ
Узунтал
КАГАНАТ
Мечеть
Тюймакент
Тургайская степь
БАЙИНДЫР
ГОСУДАРСТВО ОГУЗОВ
пустыня Бетпак-Дала
Дженд
СЕЛЬДЖУКИ
Сыгнак
Сауран
Кенджек
Отрар
Узгенд
пустыня Кызылкум
Сюткент
Исфиджаб
Тараз
ТУХСИ
СЕМИРЕЧЬЕ
Кызыл-Кайнал
Телекское
Алма-Ата
Капчагай
Алмалык
Койлык
Пенчуль
КЫРГЫЗЫ
БАСМАЛЫ
ДЖУНГАРИЯ
Учарал
Бешбалык
Турфан
Хами
Сикиль
ЧИГИЛИ
Кулан
Джуль
СУЯБ
оз. Иссык-Куль
ГОСУДАРСТВО КАРЛУКСКИХ ДЖАБГУ
Куча
Карашар
УЙГУРИЯ
Нур
Шаш (Бинкет)
Хайламо
Ахсыкет
Верх. Барсхан
Ходжент
Узген
Самарканд
Ош
ФЕРГАНА
Кеш
Несеф
Реш
Аксу
Учтурфан
Кашгар
Чаганиан
Термез
ХУТТАЛЯН
Хульбун
Бадашхан
БАДАХШАН
РУШАН
ПАМИР
ШУГНАН
ВАХАН
Яркенд
пустыня Такла-Макан
Балх
Таликан
ТОХАРИСТАН
Ишкашим
Хотан
ГОСУДАРСТВО САМАНИДОВ
Кабул
Газни
ПЕНДЖАБ
КАШМИР
ИНДИЙСКИЕ ГОСУДАРСТВА
ГОСУДАРСТВО ТИБЕТ
IX–X кылымдардагы жоокердик жүрүштөрдүн жана көчүүлөрдүн негизги багыттары
газневиддер
дансяндар
карлуктар
кибилер
кидандар
кыпчактар
кимактар
кытайлыктар
курыкандар
кыргыздар
огуздар
печенегдер
саманид аскерлери жана алардын вассалдары
татар
уйгур
хазар
шато
942 г.
Археологиялык
Чатра
Уень
КЕМЖИКЕТ
Ферава




алгылаштар
ктер
чалдыбарлары
н көрүстөндөр
екет борборлору
шаарлар жана чептер

КЫРГЫЗСКИЙ КАГАНАТ — Мамлекет
КЕРМАН — Тарыхый облустар
ЯГМА — Уруулар жана урууу союздары
Соода жолдорунун жана маданий байланыштардын негизги багыттары
Улуу Жибек жолу

Улуу Кытай дубалы
Чегаранын болжолдуу участкалары
Газни княздыгы менен Турпан идикутствасынын чегарасы
Мамлекеттердин чегаралары 953-жылга карата берилди



Таш балбал (Алтай)

чакырган. Алар Орду-Балыктын дубалынын жанына жүз миң армиясын алып келген, алар уйгур аскерлерин талкалаган жана байтактыны өрттөгөн. Уйгурлардын каганы согушта курман болгон. Калган уйгурлар кырылып калуудан сактанып Кытайга, Забайкальеге, Чыгыш Түркстанга качышкан.

Жеңүүчүлөр зор олжого – уйгур каганынын кенчине, казынасына жана алардын мыкты жерлерине туйтунушкан. Туткунга кагандын туугандары жана аялдары түшкөн, алардын ичинде Кытай ханышасы Тай-хэ болгон. Уйгурлардын каганаты кулаган. Борбордук Азиянын кеңири мейкиндиги боюнча чачыраган алардын уруулары кыргыздарга бирден-жарымдан каршылык көрсөтүп турушкан.

840–847-жылдары кыргыз атчандары уйгур династиясынын мүчөлөрү качып барган аймактарга жортуулдарды жасап тыным көрбөгөн, жүздөгөн башка качкындарды чогултуп, өзүн кезектеги «каган» деп жарыялаган. Кыргыздар куралдуу күчтөрдүн калдыктарын кыйратышкан, уйгурлардын тагына талапкерди жок кылышкан жана алардын уруктары менен урууларынын башчылыгына кыргыздардан өз кишилерин коюп, көчмөндөргө тынчтык беришкен.


Алыска чыккан жортуулдарда кыргыздар Забайкальедеги, Маньчжуриядагы, Чыгыш Түркстандагы, Жунгариядагы дагы эле каршылык көрсөтүп жаткан уйгурларды куугунтуктоону улантышкан, бир нече жолу Гоби чөлүнө келишкен. Археологиялык маалыматтар ошол учурда енисейлик отряддар Чүй өрөөнүндө да болушкан деп эсептөөгө мүмкүндүк берет. Кыргыздар Суяб шаарын алышкан жана андагы будда храмдарын талкалашкан деген божомол бар.

Акырында, 848-ж. Забайкальедеги швей (татар) элине жашынып уйгур тагынан акыркы талапкер өзү баш тарткан. Татарлар аны кыргыздарга берип коёт деп коркуп, такка талапкер аялы жана жаш уулу менен тогуз чабандестен турган эскорттун коштоосунда талаага качып кеткен жана дайын-дарексиз жок болгон.

Борбордук Азиянын Иртыштан Забайкальеге, Сибирь тайгасынан Гоби чөлүнө чейинки зор мейкиндик кыргыздардын бийлигинде болуп калган. Уйгурлардын бир гана бөлүгү Чыгыш Түркстанда чакан княздык түзүп калып калышкан.

## Улуу кыргыз державасы

Уйгурлар кыргыздарга башаламан, чачкын, бирок көшөрүп көп жылдарга созулган каршылык көрсөтүшкөн. Бул элди эле сактап калбастан, бирок башка аймакта жана башка тарыхый шарттарда уйгур мамлекеттүүлүгүнүн кайра жаралышына көмөк берген. Кыргыз кагандары Кытайдын көшөргөн азгыруула-



⏩ Таш балбал (Алтай)

рына карабастан уйгурларды толук боюнча кырып салганга барышкан эмес жана ал түгүл алардын Чыгыш Түркстандын жакшы жерлерине туруп калууга жана кийин бириккен эки анча чоң эмес мамлекет түзүүгө мүмкүндүк беришкен.

Панленин (кийин өзүн Менглик-каган деп жарыялаган) жетекчилигиндеги уйгурлардын күчтүү тобу Чыгыш Теңир-Тоонун жерине келип Кучунун ээлигин басып алган. Алардын башка бир тобу Бешбалыкkка жайгашкан. Алардын башчысы Буку Чин 866-ж. Турпанды ээлеген жана тибеттиктерге сокку урган. Убакыттын өтүшү менен Буку Чин өзүнө бүтүндөй Тарим бассейнин баш ийдирип, Кочо уйгур мамлекетинин негизин түптөгөн. Ал XIII кылымдын башталышына чейин мамлекет болуп турган жана «өз ыктыяры менен» Чынгызханга баш ийген. Анын империясында уйгурлар артыкчылыктуу абалды ээлешкен.

Борбордук Азияда Уйгур каганатынын урандыларында кыргыздардын державасы түзүлгөн. Анын чегарасы батышта Чыгыш Түркстандын бир катар аймактарын камтуу менен Иртыш дарыясы боюнча, чыгышта – Селенга дарыясы жана Чоң Хинган кырка тоосу боюнча, түндүктө – Ангаранын Енисейге куйган жерине чейин, түштүктө Гоби чөлүнө чейин жеткен.

Кыргыздар уйгурлардын өрттөлгөн борбору Орду-Балыкты калыбына келтиришкен эмес. Кыргыз каганынын байтакты – борбору Тувада Убсу-Нур көлүнүн жээгинде, Тэс суусунун куйган жерине жайгашкан.


Кеңири аймакка ээ болуу Кыргыз мамлекетин башкаруу системасын тактаалдаштырган. Кыргыздардын өздөрү жана баш ийген аймактары тарабынан башкаруунун өзүнчө бөлүнгөн администрациялары түзүлгөн.

Кыргыздар эски маданий борборлорго жетүүгө укук алышкан. X кылымда Кытайда көптөгөн кыргыз жаштары окушкан. Алардын айрымдары окумуштуулуктун жогорку даражасына жетишкен жана чет жерлик кан сарайларына кызмат өтөөгө чакырылган. Алсак, Тибетте «Кыргыз өлкөсүнүн княздык үйүнөн» чыккан, буддизм жөнүндө Кытай китептерин көчүрүп жазгыч иштеген.

Ошентип, IX-X кылымдарда кыргыз аскердик-феодалдык төбөлдөрү эң чоң күч-кубатка жетишкен, көптөгөн элдер менен кеңири саясий, экономикалык жана маданий байланыштар түзүлгөн.

Кыргыздар эзилген, бирок тынч эл, «...айланасындагы бардык элдер менен алар салгылашат жана душмандашат» деген зоболосунан айрылышкан.

XII кылымда улуу акын Низами Гянджеви «Искандер-наме» деген поэмасында Кыргыз өлкөсүн жана анын борборун баяндап жазган. Мында Александр Македонскийди улуу басып алуучу катары эмес, күткөн конок катары чоң урмат менен кабыл алышкан. Дүйнөнүн жарымын басып алган аскер башчысы өлкөдө өкүм сүргөн тартипке абдан таң калган. Жер-жемиши жайнап турган кооз бактарды эч ким кайтарбайт экен, семиз малдар малчысыз жайылып жүрүшөт. Ар кандай товарларга толгон дүкөндөр бекитилбейт, бирок анын баарына эч ким тийбейт. Аларга кол салган эч кандай шумпайлар жок. Падыша жана эл толук ынтымакта турушат экен. Кыргыздардын арасында кедейлер жана жакырлар, кемсинтилгендер жана эзилгендер жок. Кыргыздардын өлкөсүндө, орто кылымдагы акындын пикири боюнча бейпилчилик, бакыт, бир туугандык жана теңдик өкүм сүрүп турган.



Байыркы кыргыз руна жазуусу (Минусин өрөөнү)



Уруулук тамга (Алтай)

## Улуу кыргыз державасынын кулашы

Уйгур каганатын талкалаган енисей кыргыздарынын салыштырмалуу аз сандагы элине Борбордук Азиядагы кыйла көп сандаган элдерди баш ийдирип кармап туруу өтө кыйын болгон.

Бул кызык

### СУДЖИДЕГИ (МОНГОЛИЯ) КЫРГЫЗ РУНА ТЕКСТИ

IX-X кылымдарда Монголиядан табылган бул кыргыз тексти көптөгөн божомолдоолорду жана гипотезаларды пайда кылган. Ал түгүл бул эпитафия Манастын көрүстөнүндөгү деп да болжолдонгон. Биздин күндөрдө Суджидеги эпитафия кайсы бир бага-тарханда (ал дагы кыргыз болушу мүмкүн) кызмат кылган маркум кыргыз сотунун урматына түзүлгөндүгү аныкталган. Бага-тархан уйгур кагандары чыккан яглакар уйгур урууларын башкарган. Бул эстелик кыргыздар уйгурларды таптакыр жок кылбагандыгын, ал эми уйгур урууларынын башчылыгына кыргыз башкаруучуларын койгондугун далилдейт. Жазууда кыргыз руна жазуулары менен жазылган бардыгы 11 сап бар.

1. Мен Яглакар-хан деп аталган уйгур жеринен келдим.
2. Мен кыргыздын уулумун. Мен – бойламын, жогорку сотмун.
3. Мен – бактылуу бага-тархандын ага-буйрукчусумун (кеңешчисимин).
4. Мен жөнүндө кеп-сөздөр жана сурамжалдоолор күн чыккандан күн батканга чейин айтылган.
5. Мен бай болгом. Малым үчүн он жайытым болгон. Менин малым сансыз эле.
6. Менин жети иним, үч уулум жана үч кызым болгон. Мен уулдарымды үй-жайлуу кылып бөлдүм (б.а. үйлөндүрдүм).
7. Мен кыздарымды калыңсыз эле күйөөгө бердим. Менин насаатчыма (манихейлик дин кызматкерине) жүз эркек жана жашаганга турак-жай бердим.
8. Мен жээндеримди жана неберелеримди бердим. Мен эми каза болдум.
9. Менин уулум! Менин устатымдай (манихейлик дин кызматкериндей) кайраттуу бол! Ханга кызмат өтө! Эрктүү бол!
10. Менин улуу уулум жортуулга кеткен.
11. Мен аны көрбөй калдым. Уулум...

Кыргыз мамлекетинде бул элдерди согуштук мажбурлоосуз өзүнө тартып турууга экономикалык жана маданий стимулдар болгон эмес.

X кылымдын башталышында кыргыздар Борбордук Азиянын талааларын таштап, Минусин өрөөнүнө жана Тувага кайтып келе баштакан. 916 жана 924-жылдары кидандар азыркы Моңголияга эки жолу жортуул жасашкан, ал жерден кыргыздарды жолуктурушкан эмес. IX кылымдын ортосунда орногон улуу кыргыз державасынын мезгили X кылымдын башталышында аяктаган.

Кыргыздар эмне үчүн Борбордук Азиядан кетишкен? Окумуштуулур түрдүү себептерди аташат. Айрымдары Борбордук Азиянын чалкып жаткан аймагын өз бийлигинде саны аз болгондуктан күч менен кармап тура алышкан эмес деп эсептешет. Башкалары талаалар жана чөлдөр адегенде енисей кыргыздарына бөтөн – алар маданияттуу дыйканчылык жүргүзгөн элдер болуп эсептелишкенинде деп болжолдошот. Кыязы кыргыздар моңгол тегинен чыккан элдер – кидандар (кара кытайлар) тарабынан түзүлгөн, капысынан даңкы жогорулаган Ляо империясынын кысымы астында Борбордук Азиянын мейкиндиктерин таштап кеткен сыяктанат.

XI-XII кылымдарда кыргыздар жөнүндө маалыматтар өтө эле аз. Бул учурда моңгол уруулары чыңдалган. Алар кыргыз феодалдарына түштүккө чабуул коюу үчүн жолдорду тосуп салышкан. Башка аймактарды талап-тоноонун эсебинен баюу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган кыргыз төбөлдөрү өз элин эзүүнү күчөткөн. Бул ич ара согуштарга, аскердик жана жарандык бийликтерди борбордон ажыратууга

алып келген. Жазма булактарда кыргыздардын кээде беш, кээде үч ээлиги эскерилет. Моңголдор басып алаардын алдында кыргыздар эки княздык түзүшкөн: Енисейде Кем-Кемджиут жана Кыргыз – Моңгол Алтайынан түндүктү карай үч күндүк жолдо (болжол менен 100 км). Кыязы, кыргыз княздыгы Жунгариянын жана Тоолуу Алтайдын түндүк райондорун ээлеген болуш керек. Эки кыргыз княздыгынын тең өкүмдарлары *инал* титулуна ээ болушкан.

## Караханийлер династиясы

Кыргыз каганатынын кулашы менен ошол учурдагы кыйла драмалуу жана саясий окуялардын борбору Саян-Алтайдан азыркы Кыргызстандын аймагына которулган. X кылымдын ортосунда Чыгыш Түркстандын, Жети-Суунун жана Ферґананын аймагында жаңы түрк династиясы жаралган. Анын негиздөөчүсү Сатук абд ал Керим Карахан болуп эсептелет. Фирдоусинин атактуу чыгармасы «Шахнамеде» ал «Афрасиабдын үйү (династиясы)» деп аталган. Бүгүнкү күндө ал Караханийлер династиясы деген аталыш менен белгилүү. 960-ж. исламды расмий дин деп жарыялап, династия мусулман Чыгышынын кыйла өнүккөн маданиятына кошулган. 999-ж. ички чыр-чатактан алсыраган Саманиддер мамлекетин жеңип алуу жана Бухараны басып алуу менен Яркенд менен Кашгардан Самарканд менен Бухарага чейинки зор мамлекет пайда болгон. Келип чыккан теги боюнча көчмөндөр болгон Караханийлер акча чарбаны жаңы уюштуруунун жана аларды чегип жасоону өздөштүрүү менен тыйын даярдоо технологиясын кабыл алышкан. Караханий тыйындары династиянын хронологиясын аныктоонун, ээликтин чегараларын аныктоонун жана жогорку жана уделдик башкаруучулардын татаал династиялык өз ара мамилелерин аныктоонун ишенимдүү булагы болуп кызмат кылган. Башка мусулман династияларынын тыйындарынан караханий тыйындары төмөнкүчө ай-



Сатук абд ал Керим Карахан


Караханийлердин тыйындары







ФИННО-УГОРСКИЕ ПЛЕМЕНА
МАРИ
ПЕРМЬ
Анюшкар
Шигирское
Федоровка
Жуковка
МОРДВА
Ошел
Жукотин
БУЛГАР
Биляр
Сувар
ВОЛЖСКАЯ БУЛГАРИЯ
БУРТАСЫ
Мюрян
ВЕНГРЫ
Юдино
МАНСИ
Кошелево
Потчеваш
Искер
Эбаргуль
Кип
Ишейка
Усть-Тара
Барсучье
Демино
Лиственный Увал
Иткуль
Иртяш 1
Лагеревские курганы
Мурукаевские курганы
Ильчигуловские курганы
Акимбетовские курганы
БАШКИРЫ
Богатырские Бугры
Саровское городище
СЕЛЬКУПЫ
ХАНТЫ
Энгельс
Иловатка
Ленинск
Калмыково
КИПЧАКСКИЕ ПЛЕМЕНА
КИМАКСКИЕ ПЛЕМЕНА
кипчаки
кипчаки 11в.
кимеки 11в.
огузы-тюрки
печенеги 11в.
Итиль
Тургайская степь
Ак-Полак
Барабинская степь
Качиры
Ждановский
КАСПИЙСКОЕ МОРЕ
п-ов Бузачи
ГОСУДАРСТВО ОГУЗОВ
КАЙИ
БАЙАНДЫР
АРАЛЬСКОЕ МОРЕ
Янгикент
Дженд
плато
Мангышлак
пустыня
Бетпак-Дала
НИЖНЯЯ СТРАНА
Сыгнак
Сауран
Отрар
Узген
Мидзахкан
Ургенч (Гургандж)
Хива (Хорезм)
Кят
Хазарасп
ХОРЕЗМ
Кызылкум
Сюткент
Тахирис
Каракумы
Неса (Ниса)
Фераве
Дихистан
Сари
ГУРГАН
Гурган
Дамган
Себзевар
Абиверд
Дандонакан
Мерв
Тус
Серахс
Нишапур
ХОРАСАН
ГОСУДАРСТВО
Тун
КУХИСТАН
Зузан
Герат
Мерверуд (Мерв ар-Руд)
Меймене
Балх
Талакан
БАДАХШАН
Ишкашим
Себзевар
Фирузкух
Кабул
ГАЗНЕВИДОВ
Газни
ГОС. БУИДОВ
Хур
Керман
КЕРМАН
ПЕНДЖАБ
КАШМИР
Сринагар
сельджуки, нач. 11в.
газневиды
1040
1041
1029
1032
1006
Нур
Пайкенд
Бухара
Амуль
Самарканд
Кеш
Несеф
Термез
Чаганиан
Кабадиан
Хульбук
Бунджикет
Вашгирд
Ходжент
Коканд
Исфара
Ахсыкет
Тункат
Бинкет (Шаш)
Исфиджаб
Тараз
Невакет
Баласагун
Узгенд
Кашгар
Яркенд
Хотан
Аксу
Учтурфан
Куча
КАРАХАНИДСКИЙ КАГАНАТ
ЯГМА
ЧИГИЛИ
ТУХСИ
КАРЛУКИ
ПАМИР
ШУГНАН
пустыня Такла-Макан
цзубу, 1015
караханиды
1006, 1008, 1072
1017–1018
СЕМИРЕЧЬЕ
Ики-Огуз
УЙГУРЫ
уйгуры
Тарбагатай
Муюнкум
пески
ЦАРСТВО
АЛТАЙ
ТЮРК
ДЖУ
БАСМ
XI кылымдагы жоокердик жортуулдардын жана көчүүлөрдүн негизги багыттары
кыргыздар
кидандар
басмалдар
цзубу
тибеттиктер
уйгурлар
тангуттар
кытайлыктар
корейлер
угилер
кимактар
кыпчактар
болгарлар
огуз-түрктөр
печенегдер
византиялыктар
селжукта
газневи
караханı

Евразия XI кылымдын башталышында




| | |
|---|---|
| ✕ 1040 | Ири салгылаштар |
| Археологиялык эстеликтер | |
| • Кошелево | шаар чалдыбарлары |
| ▲ Миндерла | коргон көрүстөндөр |
| ⊙ БАЛАСАГУН | Мамлекеттин борбору |
| ○ Кашгар | Башка шаарлар жана чептер |
| ГОСУДАРСТВО ОГУЗОВ | Мамлекет |
| БАЛХ | Тарыхый облустар |
| ЯГМА | Уруулар жана уруу союздары |
| - - - - | Соода жолдорунун негизги багыттары |
| - - - | Улуу Жибек жолу |
| ⊥⊥ | Улуу Кытай дубалы |
| Мамлекеттердин чегаралары 1040-жылга карата берилди | |





Өзгөн мавзолейи жана минарет, XI к.

Бурана мунарасы. XI к. (Чүй өрөөнү)



ырмаланат. Анда көбүнчө башкаруучулардын ысымдары эмес *Чыгыш падышасы, тынчтыкты жана ишенимди коргоочу, адилет* же *карахан* (күч-кубаттуу, улуу хан), *Арслан* (арстан), *Богра* (төө) сыяктуу алардын көп түрдүү титулдары жайгаштырылган.

1041-1042-жылдары каганат өзүнчө эки караханий мамлекеттерине бөлүнгөн: борбору Баласагын болгон (кийинчерээк – Кашгарда) Чыгыш жана борбору Өзгөндө болгон (кийинчерээк Самаркандда) Батыш. Андан кийин ич ара кагылышууларда Баласагын жана Өзгөн караханийлер династиясын башкаруучуларынын өкүлдөрүнүн бирде биринин, бирде экинчисинин колуна өтүп турган. X-XI кылымдарда Кыргызстандын аймагында Өзгөн, Ош, Куз-Орду (Баласагын), Барскан (Ысык-Көлдө), Шельжи (Талас облусу) шаарларында тыйын жасоочу сарайларда акча чыгарылган. Жүгүртүүдө Самаркандда, Шашта (Ташкент), Отрарда, Таразда, Бухарада, Жаркендде (Чыгыш Түркстан) чегилген тыйындар болгон.

Мурунку көчмөндөрдүн мусулман дүйнөсүнө аралашуусу илимди жана маданиятты өнүктүрүү үчүн зор мааниге ээ болгон. Дал ушул караханийлер мезгилине Кыргызстанда сакталып калган ислам архитектурасынын шедеврлери Бурана жана Өзгөн мунаралары, мамлекеттердин мурунку борборлорундагы мавзолейлер философ-акын Жусуп Баласагындын жана түрк окумуштуу-энциклопедиячы Махмуд Кашгаринин чыгармалары таандык.

## Махмуд Кашгари (болжолу 1029–1038-жылдары туулган – 1077-жылдан кийин өлгөн)

Махмуд ибн Хусейн Мухаммад (Махмуд ал-Кашгари) Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги Барскан шаарында төрөлгөн. Ал караханийлердин башкаруучу династиясына кирген. 1072–1074-жылдары Багдадда түзүлгөн анын «Диван лугат ат-түрк» («Түрк тилдеринин сөздүгү») деген эмгеги аны кеңири тааныткан. Азыркы учурда окумуштуу жөнүндөгү бир аз жана жарыбаган маалыматтар «Диван лугат ат-түрктүн» өзүндө гана камтылган.

Махмуд Кашгари түрк тилдеринин диалектилерин изилдөө менен көп саякаттаган. Махмуд түрктөрдүн элдик каада-салттарын, куранды жана Караханийлер ордосунун этикасын эң жакшы билген. Өзүнүн чыгармасын ал аскердик-саясий системада түрк урууларынан чыккандар ошол мезгилде негизги позицияны ээлеген Араб халифатынын башкаруучусуна арнаган. «Диван лугат ат-түрк» бай лексикалык материалдан башка этнография, социалдык уюштуруу, Борбордук Азиянын түрк урууларынын этносаясий структурасы боюнча көптөгөн баалуу маалыматтарды камтыйт. «Мен эң таза тилде сүйлөгөн түрктөрдөн чыксам да, – деп жазат автор... Мен бардык элдерди, айылдарды, түрктөрдүн талааларын беш колумдай билип чыктым. Мен түрктөрдүн (караханилердин), түркмөндөрдүн, огуздардын, чигилдердин, ягмалардын, кыргыздардын тилдерин толук элестете алам...».


Өзүнүн чыгармасына Махмуд Кашгари дүйнөнүн оригиналдуу, тегерек картасын тиркеген. Ал сейрек жолугуучу бөлүктөрү жана географиялык объекттердин адаттан тыш жайгашуусу менен айырмаланат. Ошол учурда жалпы кабыл алынган «дүйнөнүн борбору» – Меккенин ордуна Махмуд картанын борборуна өзү туулуп өскөн Барскан шаары бар Ысык-Көлдү жайгаштырган. Картада кыргыздардын жайгашкан жери көрсөтүлгөн эмес, бирок чыгарманын текстинде алардын өлкөсү четки түндүк-чыгышта, түрк тилдүү уруулар жайгашкан аймакта, башкача айтканда Иртыш дарыясынан болжол менен түндүктө экендиги жөнүндө айтылат.

Азыркы учурда Махмуддун кыргыздардын, кыпчактардын жана карлуктардын сүйлөгөн сөздөрүнүн жана салт-санааларынын жакындыгы жөнүндө ырастоосу актуалдуу. Анын бизге чейин жеткен бирден-бир Орто Азия жөнүндөгү эмгеги автордун өлкө менен түздөн-түз таанышып чыгуусунун негизинде жазылган. Ошондуктан Махмуд Кашгаринин чыгармасын адистер эрте орто кылымдагы түрктөрдүн элдик турмушунун чыныгы энциклопедиясы деп аташат.



Махмуд Кашгари

Махмуд Кашгаринин дүйнөнүн картасы





Жусуп Баласагын

## Жусуп Баласагын (болжолу 1015–1016-жылдары туулган – 1070-жылдан кийин өлгөн)

XI кылымда – 1069 (1070)-ж. түрк тилиндеги алгачкы поэма жаралган. Аны Баласагын шаарынын кулуну Жусуп жазган. Ал поэмасын «Куттуу билим» деп атаган жана аны караханий каганы Тавгач-Богра-Кара-хаканга тартуулаган. Ал акынга хасс-хажиб ордо чинин (ордо министри) ыйгарган.

Жусуп Баласагын жөнүндө маалыматты поэманын өзүнөн алууга болот. Бир дагы чыгыш биографында же библиографында ал жөнүндө эскерүү жок.

Ошондой болсо да, поэманы изилдөөчү А.Н.Кононов төмөнкүчө жазат: Жусуп Баласагын «көрүнүктүү акын, өтө билимдүү адам, окумуштуу-энциклопедиячы, ыр жаратуучу, араб жана перси поэзиясын жана түрк фольклорун ийне-жибине чейин билген; ал астрономияда жана математикада, медицинада, шахмат ойноодо жана элдик спорт оюндарында жана көптөгөн башкаларда маалыматтуу болгон». «Куттуу билим» поэмасында жалпы адамзаттык идеалдар чагылдырылган, поэманын саптары кийинчерээк элдик макал-лакаптарга айланган.

Баласагундан чыккан акын ошол учурда үстөмдүк кылган араб жана перси тилдери менен катар эле адабиятка түрк тилин биринчи болуп киргизген. Алсак, Жусуп Баласагын минтип жазган:

*Билим үчүн кол создум*
*тынбай өзүм,*
*Сөздү сөзгө кынадым кошуп сезим.*
*Кийик эле түрк тоодо жүргөн,*
*Үйрөттүм, үйүр кылдым*
*анын өзүн.*

(Ыр Т.Козубековдун котормосунда)

Поэма орто кылымда Чыгышта популярдуу болгон этикалык-дидактикалык (насаатчылык) жанрга кирет. Жусуп Баласагын уккулуктуу эки саптарында (бейттеринде) бардыгы бактылуу жашай турган адилет мамлекет жөнүндө өзүнүн түшүнүгүн баяндаган.

Жусуп өзүнүн поэмасын окумуштуулардын эсептөөсү боюнча болжол менен 53-54 жаш курагында аяктаган. Айрым маалыматтар боюнча Жусуп Баласагын 68 жашында каза болгон, сөөгү Кашгар шаарынын түштүгүндөгү Тайнап деген жерге коюлган. Кытайдагы «маданий революциянын» жылдарында (XX кылымдын 60-жылдарынын акыры) Баласагындын мавзолейин хунвейбиндер талкалаган. Азыр ал калыбына келтирилген.

*Баары өтөт, түбөлүктүү –*
*жакшы атак,*
*Жакшы адамдын ишин*
*айтып макташат.*

«Куттуу билимдин» кол жазмасынан фрагмент








Караканийлер мезгилиндеги карапалар



Карапа чырак. X–XII кк.

## Батыш Ляо

1125-ж. кытайча ляо деген аталыш менен белгилүү болгон кидандардын алыскы чыгыштагы державасын чжурчжендер (маньчжурлар) жок кылган. Бирок падышалык кылуучу Елюй Дашинин үй-бүлө мүчөсүнүн бири өз уруулаштарынын анча чоң эмес бөлүгүн батышка ала качууга үлгүргөн. Чыгыш Түркстанда жана Жети-Сууда бийликти колго алып, ал 1141-ж. селжуктар менен караханийлердин бириктирилген мусулман аскерлерин талкалаган жана өзүн жаңы империянын – борбору Баласагун болгон Батыш Ляонун (мусулман маалыматтары боюнча каракытайлар же каракидандар мамлекети) гурханы деп жарыялаган. Кидандар Орто Азиянын жергиликтүү калкын катаалдык менен эксплуатациялашкан, дайыма өзүнүн букараларына жана коңшу мамлекеттерге чабуул коюу менен талап-тоноочу согуштарды жүргүзүп турушкан, бул соодануын, кол өнөрчүлүктүн жана шаар маданиятынын төмөндөшүнө алып келген. Алардын материалдык маданиятынан кандайдыр бир из сакталып калган эмес. Кытай хроникасына ылайык кара-кидандар өз тыйындарын чыгарышкан. Археологдор тарабынан алардын башкаруусунун башталышында гана чегилген тыйындар табылган.


XII кылымдын акыры – XIII кылымдын башталышында өзүнүн ээлигине Батыш караханий каганатын кошуп алган Хорезмдин күч-кубаты арткан. Хорезмдин шахы Мухамеддин кара-кидандар менен болгон согушунда Фергана менен Жетисуунун көптөгөн шаарлары талкаланган.



Сымап же жыпар жыттуу май куюу үчүн сфераконус түрүндөгү идиш. XI–XII кк. (Талас өрөөнү)







Бул кызык

## СӨЙКӨ ЖАНА ШАКЕК, БИЛЕРИКТЕР ЖАНА ТУМАРЛАР

Орто кылымдагы модачылар өздөрүн салттуу зергерчилик буюмдары менен коолдошкон, алар азыркы кездегиден аз эле айырмаланат. Шакек, сөйкө, билерик жана тумарлар колодон жасалган, бирок күмүш жана алтындары да жолугат. Шакек тагынганды кыздар жаш кезинен эле баштакан. Сөйкөлөр формасы жана өлчөмдөрү боюнча өтө эле ар түрдүү – ичке зым шакекчеден беш сантиметрлик илме шакектерге чейин болгон, алардын салмагы 20 граммга чейин жеткен. Орто кылымда салмактуу, күмүш зымдардан өрүп жасалган, скан менен алкакталган билериктер модада болгон.

Азыркы учурдагы изилдөөчүлөр үчүн орто кылымдагы тумарлар жана жаанын учу же жапайы жаныбардын азуусу түрүндөгү, өз ээсин ар кандай коркунучтуу кол салуулардан коргоочу сактагычтар кызыктырат. Тумарлар диний ишенимдерди чагылдырат; колодон, күмүштөн жана нефриттен жасалган несториан крестиктеринин көп санда болушу орто кылымдагы Жети-Сууда христианчылыктын тарагандыгы жөнүндө айгинелейт. Мында буддалык символикалар бар тумарлар да, курандан жазуулар түшүрүлгөн тумарлар да бар. Көп учурда тумар үчүн тыйындарды пайдаланышкан. Алсак, Чүй өрөөнүнөн табылган тыйындарда көзөнөктөрү бар – демек, алар бир мезгилде монисто катары кызмат кылган. Кызыл-Суу шаар чалдыбарынан күмүш тыйындардын нумизматикалык коллекциясы жана монисктого бириктирилген монгол жапырыгынын учурундагы бир алтын динар табылган.

## КҮЗГҮ




Коло күзгү салттуу түрдө Кытайдан экспорттук товары деп эсептелет, бирок Орто Азияда аны жасаганды үйрөнүшкөн. Күзгүнүн арткы бетине бүтүндөй сүрөттөр, кээде куюучулардын чеберчилиги жөнүндө жана аларды карап турган сулуунун каалоосу жана ишенимдери жөнүндө ойлонууга мүмкүндүк берүүчү кеңири жазуулар түшүрүлгөн. Өзгөчө жакшы көрүнгөн сюжеттери бар күзгү бир нече жолу көчүрүлүп жасалган.

## БЕЛ КУРДУН БӨЛҮКТӨРҮ



Орто кылымда эркектердин жасалгасы кур болгон. Чөнтөк али ойлонуп табыла элек болчу жана керектүү буюмдарын эркектер бир нече илгич жасалган куруна байланып жүрүшкөн. Курдун бардык бириктиргичтери металлдан, чаптама пластинкалар – тогоо түрүндө болгон. Көп учурда тогоолорго зооморфтук сюжеттер же өсүмдүктөрдүн көчөттөрү түшүрүлгөн, кээде жакшылыкты каалоо сөздөрү же ээсинин аты жазылган. Белдеги мода бүткүл Европа боюнча кеңири тараган жана Жети-Суудан табылганга окшош кур чаптамасы Европанын музейлеринде сакталууда.


1206-жылга карата Чыңгызхан бириктирген монгол урууларынын аймагы
1211 Монголдордун жортуулдары
Шаарларды курчоо
1223 Монголдор жеңген салгылашуулар
1223 Монголдордун жеңилүүсү
СИ-СЯ Чыңгызхан басып алган же анын аскерлеринин жортуулунун натыйжасында кулаган мамлекеттер
Айрым аймактардын Чыңгызханга ыктыярдуу биригүү даталары
ГРУЗИЯ Мамлекет, 1227-ж.
БАГДАД Мамлекет борбору
Хайлар Шаарлар, шаар чалдыбарлары жана конуштар
БУРЯТЫ Уруулар союзу
Соода жолдорунун мүмкүн болгон багыттары
Улуу Жибек жолу
Мамлекеттердин чегаралары 1227-жылга карата берилген
ТУНГУСЫ (ЭВЕНКИ)
ХАБХАНАСЫ
ТАЙДЖИУТЫ
БУРЯТЫ
ДЖЕЛАИРЫ
СОЛОНЫ
ТУМАТЫ
БАЯУДЫ
ОЙРАТЫ
КЕШДИМ
ТАТАРЫ
ХУНГИРАТЫ
КИДАНИ
СУМО
КАРАКОРУМ
ХАНГАЙ
КЕРАИТЫ
ШАМО
ГОБИ
ОНГУТЫ
ДАДИНЧЕН
ЧЖУНДУ (ПЕКИН)
ОРДОС
НИНСЯ (ЧЖУНСИН)
ТАНГУТСКОЕ ГОСУДАРСТВО (СИ СЯ)
ТАНГУТЫ
КУНЬЛУНЬ
ЦАЙДАМ
ШАНЬСИ
ШЭНЬСИ
ХЭНАНЬ
БЯНЬ (КАЙФЫН)
ИМПЕРИЯ МОНГОЛОВ
КАРА-КИТАЕВ
Второй дворец Чингисхана
Большой (Первый) дворец Чингисхана
Дураг орд
Городок кераитов
Шагжмуний хуэлэн
Хами
Эдзина
Дуньхуан
Сучжоу
Синин
Ланьчжоу
Датун
Тайюань
Чжэндин
Цзинань
Янъань
Цайчжоу
Лоян
Чаньань (Сиань)
Цзиньчжоу
Уван
Чингисхан 1211, 1213
Мухали 1215
Мухали 1216
Чингисхан 1218, 1225–26
Джебе 1218
Джучи 1207
Боорхун 1218
Дорбо ок. 1219
оз. Байкал
оз. Далайнор
оз. Буир-Нур
оз. Далай-Нур
оз. Убсу-Нур
оз. Хиргис-Нур
оз. Хара-Ус-Нур
оз. Хубсугул
оз. Гашун-Нур
оз. Сого-Нур
оз. Лобнор
оз. Кукунор
оз. Джарин-Нур
ТИБЕТСКОЕ ГОСУДАРСТВО
ТЦЫ




Уйгур жазуусу бар монгол пайцзасы (Алтын ордодогу кызмат адамдарынын бийлик белгиси)

Кыргыздар кайрадан согушуу үчүн күч топтоого көптөгөн жылдар талап кылынган. Енисей кыргыздарынын моңголдорго каршы акыркы көтөрүлүшү 1273-ж. башталган. Көтөрүлүшчүлөр Элегест суусунун сол жээгиндеги моңгол наместнигинин резиденциясын курчап алышкан. Курчоо 1280-жылга чейин созулган. Жардам күтпөстөн эле наместник согушуп жатып чегине баштаган, бирок кыргыздардан талкаланып, тоонун тар капчыгайына камалган. Аларды биротоло кырылуудан ири кыргыз феодалы – миң башынын чыккынчылыгы сактап калган. Ал баалуу кийимдерге кызыгып, моңгол аскерлери үчүн тоодогу жолдун бирин көрсөтүп берген.

1227-ж. Чыңгызхан өлгөндөн кийин моңголдор бирдиктүү боло алышкан эмес. Каардуу баскынчынын көп сандаган мураскерлери улуу хандын титулун жана аларга мураска калган улустардын жерлерин (уделдерди) ээлөө укугу үчүн дайыма өз ара согушуп турушкан.

Кыргыздар моңголдордун өз ара чыр-чатактарынан пайдаланып өз мамлекетин калыбына келтире алышкан. 1273–1293-жылдары Енисейдеги жерлерди кыргыз башчылары башкарган. Аларга байтактысы Чүй өрөөнүндө болгон, Орто Азиядагы моңголдордун башкаруучусу Хайду колдоо көрсөткөн. Бирок ошондой болсо да кыргыздардын мамлекетинин күнү бүтүп бараткан. Ал кезде Борбордук Азияда моңголдордун империясы менен узакка созулган күрөшкө туруштук берүүчү күч калбай бараткан болчу.

Моңголдордун жогорку ханы Хубилай кытайлыктардын кеңеши боюнча «варварлардын колу менен варварларды жок кылууну» чечкен. Ал түрк тилдүү көчмөндөрдөн күчтүү армия түзгөн, ага негизинен кыпчактар жана Борбордук



Чыңгызхандын өлүмү. XIV кылымдагы миниатюра

Азиялык кыргыздар кирген. Аны Хубилай хандын тажрыйбалуу кол башчысы кыпчак Тутух башкарган. 1293-ж. эрте жазда ал жортуулга чыгып кыргыздардын төбөлдөрүн кырып, аларды толук багындырган.

Орто Азиянын башкаруучусу Хайду кыргыздарга жардам берүү үчүн Жетисуудан башында кол башчы Болоч турган моңгол армиясын жиберген, бирок Тутух ушул армияны да талкалаган, ал эми Болочтун өзү салгылашууда курман болгон.

Кыргыздар кайрадан көтөрүлбөс үчүн моңголдор алардын урууларын Енисей өрөөнүнөн сыртка көчүрө баштакан. Аларды Сунгари жана Амур дарыясынын куйган жерине жайгаштырышкан. Кыргыздарды Алтай княздыгынан Кытайдын Шаньдун провинциясына көчүрүү башталган. Эки жүз жылдан кийин гана эл Кыргызстандын аймагында кайрадан биригишкен. Бирок кыргыздардын айрым урууларынын урпактары кылымдар бою Кыргызстандын чегинен сырткары жашоосун уланта беришкен.

Хэймунцзян провинциясында (КЭР) азыр да 160 миңден ашуун кыргыз жашайт. Белгилүү түрколог Э.Р.Тенишев XVII кылымдын экинчи жарымында Хингам тоолору аркылуу өтүп, Кытайдын түндүгүнө отурукташкан деп болжолдойт. С.М.Абрамзон кыргыздар Синьцзяндан император Цзянь Лундун (1736–1796-жылдары башкарган) тушунда көчүрүлгөн деп эсептейт. Бирок эки автор тең алар туугандары мурда эле жашаган жерлерге көчүрүлгөн деп ырасташат. Лобнор кыргыздары Моңголияда байыркы катмарга ээ болгон. Убакыттын өтүшү менен ал Енисей кыргыздарынын жер которуу процессинде толукталган. Жер которуунун бири XIII кылымдагы моңгол басып алуусунун мезгили менен байланышкан, ал эми акыркысы (1703-жылдагысы) Жунгар хандарынын экспансионистик саясатынын негизинде болгон.

## Кыргызстандын аймагын моңголдордун басып алышы

Теңир-Тоонун чыгыш тарабында 1208-ж. Жунгариядагы жана Чыгыш Жетисуудагы эки өз алдынча карлук ээлиги, күчтүү уйгур княздыгы Чыңгызханга өз ыктыяры менен баш ийип беришкен. Моңголдордун аскерлери акыркы кара-кытай гурханынан 1210-ж. бийликти тартып алган найман ханзадасы Кучлуктун ээлигине жакындап кирип келишкен.

Кучлук моңголдорго каршы турууга олуттуу даярдык көрө алган эмес, анткени ага Чыгыш Түркстандагы жана Жетисуудагы өзүнүн мусулман бу-



Алтын ордонун жоокери



Глазурланган карапа табак. XI–XII кк. (Чүй өрөөнү)

каралары менен согушууга туура келген. Согуш көчмөндөрдүн тактикасынын бардык эрежелери менен жүргүзүлгөн. Эл талаадан түшүм жыйноо учуру келгенде Кучлуктун атчандары пайда болгон. Эл чептин дарбазаларын жаап, наймандар алардын талааларын өрттөп, эгиндерин таптап жатышканын дубалдан карап турушкан. Ушундай окуя катары менен үч же төрт жылга созулган. Ачкачылык шаардыктарды баш ийүүгө аргасыз кылган.

Кучлук кекчил болгон. Ал аскерлерин шаардыктардын үйлөрүнө жайгаштырып, алардын мүлкүн жана өздөрүн тескөөгө чексиз укук берген. Тургундар нааразы болушкан, бирок эч нерсе кыла алышкан эмес. Андан да жаманы Кучлук мусулмандарды буддизмге же христиан динине өтүүгө мажбурлаган. Ошондуктан Чыгыш Түркстандын жана Жетисуунун калкы моңголдорду куткаруучу катары күткөн.

1218-ж. Чыңгызхан Кучлукка каршы кол башчы Жэбэ-нойон жетектеген 20 миң адамдан турган отрядды жиберген. Жети-Суунун чегине жеткенде моңгол кол башчысы ар ким өз атасынын динин тутууга укуктуу деп жарыялаган. Андан сырткары моңголдордун тартиптүү аскерлери бейпил жаткан элди тонобоого буйрук алышкан. Жэбэнин мындай ийгиликтүү саясий жүрүшүнүн натыйжасы дароо эле көрүнгөн. Чыгыш Түркстандын калкы көтөрүлүп, Кучлуктун аскерлерин талкалашкан.

Жетисуу тоолорунда Кучлук моңголдорго акыркы жолу чабуул койгон, талкаланган жана качкан. Моңголдор аны кармап, башын алышкан.

Алмалыктын тургундары шаарга жакындап келген моңголдорду көрөөр замат шаардын дарбазаларын жабышкан

Бул кызык

Акыркы хорезм шахы Жалал ад-Динде кызмат өтөгөн Мухаммад ибн Ахмад ан-Нисави Чыңгызхандын аскерлеринин жапырыгы жана хорезм шахынын монголдор менен күрөшү жөнүндө төмөнкүчө жазат: *«кан төгүү, талап-тоноо жана бүлүнтүү болгон, бул кол өнөрчүлөр менен дыйкандарды чочуткан, аларды жыланач качууга, жашыл чөйчөктөй болгон жерден ачык жерлерди артык көрүүгө жана чөлдөр менен жашырын жерлерден жай издөөгө аргасыз болушкан. Койлордун маараган үндөрү, төөнүн кыйкырыгы токтоп, бабырган менен үкүнүн кыйкырыктары гана чыгып калган. Дүйнө мурунку муундар укпаган, мурунку кылымдар билбеген ушундай бүлгүнгө учуроо жөнүндө билген... Бир да өлкөнү талабай, бир да шаарды бүлүндүрбөй коюшкан эмес... Өлкөнүн айдоо жерлерин, алардын түшүмүн жок кылышкан жана алардын эли курч кылычтын астында калган».*



▸▸ Монгол жоокеринин жоокердик кийими жана курал-жарагы, XIII–XIV кк.

жана чочулоо менен жаңы басып алуучуларды дубалдан шыкаалап турушкан. Жакындап келген Жэбэ-нойон Кучлуктун башын дубалдан ичке ыргытууга буйрук берген. Кубанышкан эл ошол замат дарбазаны ачкан.

Ушундайча жол менен моңголдор Кыргызстандын аймагындагы Баласагунду жана башка шаарларды согушпай туруп эле алышкан. Моңголдор Баласагунду «Гобалык» – «Жакшы шаар» деп аташкан. Жэбэ-нойон өзүнүн аскерлерине жергиликтүү тургундарга зыян келтирбөөгө буйрук берген. Моңгол аскерлеринде берилген буйрук кыйшаюусуз аткарылган.

Кыргызстандын аймагындагы моңголдордун ийгилигине көмөктөш болгон калк Чыңгызхандын басып алуусунун азап-тозогун көргөн эмес. Бирок анын чарбасы жана маданияты акыркы караханийлердин жана Кучлуктун башкаруусу учурунда төмөндөгөн.

Борбордук Теңир-Тоо толук боюнча моңголдордун көзөмөлү астында болгон. Мында Борбордук Азиянын жана Түштүк Казакстандын аймагына кийинки басып алуучулук жортуул үчүн күч топтолгон. Моңголдорго Жетисуулук карлуктардын күчтүү отряддары жана турфан уйгурларынын 10 миң аскери кошулган.

1219-ж. Чыңгызхандын армиясы хорезм шахы Мухаммеддин бүлүнгөн күчтөрүн оңой эле жок кылып, бүткүл Орто Азияны, Афганстанды жана Ирандын бир бөлүгүн басып алат. Хорезмшах Каспий деңизинин аралдарынын бирине качып кутулат. Анын андан аркы тагдыры белгисиз. Ал башкарган элдер жапырыктан коргоно алышкан эмес. Моңголдордун кылычынан өлүүнү же оор, кемсинтилген кулдукка айланууну гана күтүшкөн.

Закавказье элдерин багындырып, моңгол аскерлери орус талааларына чейин жеткен. Бирок Калкадагы 1223-ж. болгон салгылашууда орус князьдарынын кошуундарын талкалагандан кийин алар кайрадан өз талаасына бурулушкан. 1227-ж. Чыңгызхан өлгөндөн кийин бардык басып алынган жерлер (алар али басып ала элек жерлер дагы!) анын төрт улуу уулуна бөлүнгөн, ал эми алар өз кезегинде өздөрүнүн балдарына жерлерди үлүшкө бөлүп беришкен.

Чыгыш Түркстан жана Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстандын аймагы «дүйнөнү басып алуучунун» экинчи уулу Чагатайдын улусунун курамына кирген. Анын байтактысы Иле дарыясынын өрөөнүндө болгон. 1237-ж. моңголдор Батышка жаңы жортуулун баштаган, бирок аны Чыңгызхандын небереси – Батый башкарган. Ал басып алган жерлер Алтын ордо деп аталган жана бул иш жүзүндө улуу моңгол тагынан өз алдынча мамлекет болуп көптөгөн элдердин, анын ичинде Кыргызстан элдеринин андан аркы тарыхында чоң мааниге ээ болгон. Батый хан Моңголиянын улуу хандарын такка отургузуу жана тактан түшүрүү менен ички саясатына олуттуу таасир көрсөткөн.

Ошентип, Моңгол мамлекети бир нече жылдык согуштарда гигант өлчөмгө чейин өсүп жеткен. Бирок анын моңгол элинин өзүнө пайдасы аз болгон. Моңголияда калган катардагы көчмөндөр жакырданышкан, алардын көпчүлүгү атсыз калышкан, айрымдарын кулчулукка сатышкан. Моңголияны моңголдордун өздөрү урмат менен аташса да Чыңгызхан басып алганга чейинкидей эле жакыр жана артта калган боюнча кала берген.




Моңгол зергерлик жасалгалары жана аяк (Борбордук Теңир-Тоо)

## Хайду хан жана анын реформасы

Басып алынган жерлерди Чыңгызхандын уулдарынын бөлүшүп алышы моңгол империясынын кулашына көмөк берген. Өзүнүн ээликтеринде Чыңгызхандын урпактары өздөрүн толук кожоюн сезишкен жана Моңголиянын «улуу ханына» баш ийүүнү каалашкан эмес. Өзүнчө улустардын ортосунда так аныкталган чегара болгон эмес, бул талаш-тартыштарга, чегаралык кагылышууларга жана ал түгүл чыңгызиттердин ортосундагы согуштарга алып келген. Моңгол феодалдарынын өз ара ырксыздыгы алар басып алган жерлердин калкынын абалына таасир берген. Өлкө акырындык менен начарлай баштаган.

Жапырыктан кийин Кыргызстанга 200 миң моңгол көчмөндөрү жайгашкан, алардын негизги байлыгы мал болгон. Мурда жергиликтүү дыйкандар буудай айдашкан талаалар жайытка айланган.

Өз ара касташкан ханзадалар өлкөнү талап-тоноону токтоткон эмес. Ханзада Арик-буканын аскерлери Иле дарыясынын түшүмдүү өрөөнүнөн



Хайду мамлекети

ушунчалык көп эгинди тартып алгандыктан, алар аттарын кыш бою буудай менен тоюттандырышкан. Буудай жеп көнүп алган аттар жазында жайытка чыгарылганда ооруп жана өлө баштаган. Аттарсыз калган Арик-буканы башка ханзада талкалаган жана ал Моңголияга качкан.

Ушул учурда Чыңгызхандын урпактарынын ичинен анын чөбөрөсү Хайду бөлүнүп чыккан. Замандаштарынын айтуусу боюнча ал акылман моңгол өкүмдарларынын бири, көрүнүктүү мамлекеттик ишмер жана кол башчы болгон.

Хайду акырындык менен калган ханзадаларды сүрө баштаган. Моңголдордун жергиликтүү калк менен кагылышуусунда ал эч өзгөрүүсүз дыйкандарды колдогон. Ошондуктан бардык таланыи-тоноолгондор жана кемсинтилгендер ага жардам сурап кайрылышкан. Өзүнүн ээлигинде ал тартипти кармоого аракеттенген жана талап-тоноочулар менен мародерлорду катаал жазалаган. Аны менен ханзада Бороктын ортосундагы катуу жоолашуу бышып жетилген, анын жоокерлери отуруктaшкан тургундарды кордошкон, жакырдантышкан, ал эми Борак аларга колдоо көрсөткөн.

Хайду башка башкаруучулардын колдоосуна муктаж болуп, тынчтыкты жана өз өлкөсүнүн гүлдөшүн камсыз кылуу үчүн 1269-ж. жазында Талас суусунун боюнда Борбордук Азиядагы биринчи курултай өткөргөн, ага бардык ханзада-чыңгызиттер келген. Таластагы курултайда моңгол феодалдары көптөгөн чарбалык проблемаларды талкуулашкан. Катуу салык алууну белгилөө жөнүндө чечим кабыл алынган: жыйымдардын нормасын жогорулатуу мыйзам менен жазаланган. Бир катар жарлыктар дыйкандардын укуктарын кепилдикке алган. Көчмөндөргө өздөрүнүн малын эгин талааларына жаюуга таптакыр тыюу салынган. Ушул белгиленгендерди бузуу жапа чеккен дыйкандын пайдасына чоң айып салууга алып келген. Курултай жаңы мамлекеттин Моңголиядан толук көз карандысыздыгы жөнүндө жарыялаган, бул жогорку моңгол ханы Хубилайдын тынчсызданусун жараткан. Ал баш ийбеген Хайдуну өзүнүн эркине кайрадан баш ийдирүүгө аракеттенген, бирок аракет ийгилик берген эмес.

Хайду мамлекети Алтайдан Амударыяга чейин созулган; ага Чыгыш Түркстан да кирген. Көптөгөн княздардын-чыңгызиттердин колдоосунда бийликке киришип Хайду мамлекеттин айрым райондорун башкарууну жоомарттык менен аларга тапшырган. Кыргызстандын аймагы мурдагы Угэдэй улусунун урууларын жайгаштыруу үчүн берилген. Жерлердин бир бөлүгү «ордонун» менчигине айланган. Алсак, Чүй өрөөнү Хайдунун жеке менчик жерине айландырылган – мында анын байтактысы жайгашкан. Талас өрөөнүндө Хайдунун



Хайду хан



Коло кумура жана табак. XIV к.



XIV кылымдагы күмүш динарлар (Бухара, Отрар)

уулу – Шахтын байтактысы болгон. Теңир-Тоонун чыгыш райондорун мураскер ханзада Чапар башкарган. Көптөгөн княздар-чыңгызиттер Кыргызстандын түштүк райондорунан жер алышкан.

Хайду мамлекеттин күч-кубаты анын экономикалык абалына жараша болоорун, бекем түзүлгөн чарба гана Хубилайдын жана анын союздаштарынын аскерлери менен узакка созулган күрөштө жеңишти камсыз кылаарын түшүнгөн. Ал көргөн чаралар калктын жашоо-турмушунун оңолушуна, өлкөнүн түрдүү райондорунун ортосундагы, коңшу мамлекеттер менен соода-экономикалык байланыштарын активдештирүүгө көмөк берген.

Мамлекеттин экономикалык жыргалчылыгынын өсүшүнө акча реформасын ийгиликтүү жүргүзүү көмөк берген. Ага чейин мамлекетте ар башка түрдөгү жана нарктагы тыйындар пайдаланылып келген. Алардын көпчүлүгү төмөнкү сапаттагы темирден жасалгандыктан, соодагерлер аларды алуудан баш тартышкан. Хайдунун учурунда бирдей сапаттагы жана салмактагы күмүш тыйындар мамлекеттин бүткүл аймагы боюнча жүгүртүүгө киргизилген. Тыйынды күмүштөн чегип ар бир күмүш ээси жасай алган. Ал үчүн өзүндөгү болгон күмүштү тыйын жасоочу сарайга өткөрүп, андан кийин анча чоң эмес салыктар менен чыгымдарды алып салгандан кийин ордуна даяр тыйындарды алган.

Хайдунун ушундай саясаты мамлекеттин материалдык жыргалчылыгынын олуттуу өсүшүнө көмөк берген. Моңгол басып алуучулары тарабынан талкаланган айылдар жана шаарлар кайрадан калыбына келтирилген, соода-экономикалык борборлор болуп калган. Алардын ичинде азыркы Каражыгач айылынын аймагында (Бишкек шаарына жакын) турган Тарсакент жана ээн калган Баласагындын ордуна негизделген Караялык болгон. Хайду башкарган мезгилде кол өнөрчүлүк өндүрүшү байкалаарлык өнүккөн.

Хайду кымбатка түшүүчү баскынчылык жортуулдардан алыс болуп, өзүнүн ээлигин сырткы агрессиядан коргоо менен чектелген. Ошол эле учурда ал кол салгандарга чечкиндүү сокку урган, дипломатиялык ишти билгичтик менен жүргүзгөн. Бул Хайду мамлекетинин гүлдөшү көптөгөн чыңгызиттердин, анын ичинде «бүткүл моңголдордун ханы» Хубилайдын жана Ирандын башкаруучусунун көрө албастыгынан зарыл болгон. Алсак, XIII кылымдын 70–80-жылдарында Хайдунун аскерлери Хубилайдын аскер полкторун бир нече жолу

Полго глазурланган кыш төшөө. XIV к. (Чүй өрөөнү)



талкалаган. 80-жылдары Хайду Турфан кныздыгынан уйгур династиясын – Хубилайдын союздашын кубалап чыккан жана ушул аймакты өзүнүн ээлигине кошуп алган.

1293-ж. Хайду моңголдордун империясына каршы көтөрүлүшкөн енисейлик кыргыздарга жардам берүү үчүн аскерлерин жиберген, бирок Кыргыз мамлекетинин кулашын болтурбай коё алган эмес. Анткен менен Алтайдагы жана Чыгыш Теңир-Тоодогу ээликтеринде жашаган кыргыздарды куугунтуктоодон коргоп кала алган.

Хайду өлгөндөн кийин 1301-ж. чыңгызиттердин ортосунда бийлик үчүн узакка созулган өз ара согуш башталган. Андан сырткары Кыргызстандын аймагы боюнча Иранга кетип бараткан Хулагунун аскерлеринен да Кыргызстан жапа чеккен. Эң жакшы жерлерди моңгол уруулары ээлеген. Согуш жана көчмөндөрдү жер которуштуруу акыр аягында, дыйкандардын да, жергиликтүү малчылардын да чарбасына бирдей эле зыян келтирүү менен Кыргызстандын толук бүлүнүшүнө алып келген. Түндүк Кыргызстандагы отурукташкан дыйканчылык жашоо-турмуш токтогон жана аны 600 жылдан кийин гана өзбек, орус жана дунган келгиндери кайрадан түзүшкөн.



Орто кылымдагы карапа амфора (Ысык-Көл)



Саякатчы Марко Поло

## МАРКО ПОЛО ХАЙДУ ХАН ТУУРАЛУУ

Венециялык көпөс Марко Поло XIII кылымда монголдор басып өткөн жерлердин баарын кыдырып, көптөгөн хандар менен жекече тааныш болгон. Өзүнүн саякатын баяндоо менен, ал Хайду мамлекетин «Улуу Түркия» деп атаган: «Улуу Түркияны Хайду хан башкарат... Анын шаарлары жана сепилдери көп жана ал өтө күчтүү. Ал татар жана анын эли да татар, анын жоокерлери даңктуу экени алардын бардыгы согушка көнүп калгандыктан таң калыштуу эмес... Хайду улуу ханга баш ийбейт жана аны менен согушат... Хайду улуу хандын аскерлери менен көп жолу салгылашкан... Хайду жакшылап аракеттенсе согуш талаасына 100 миңдеген чабандестерди, согушка жана салгылашууларга машыккан бардык эр жүрөктүүлөрдү коё алган. Аны жандаган көптөгөн кныздар императордун тегинен, башкача айтканда Чыңгызхандын тукумунан чыгышкан».

Бул кызык

## ХАЙДУНУН КЕРЭЭЗИ

Уламыш боюнча Хайдуга Чүй өрөөнүндө жашоо жаккан жана ал өзүнүн сөөгүн жана өзүнүн бардык жолун жолдоочулардын, ошондой эле «падышанын фамилиясындагылардын» бардыгын ушул жерге көмүүгө керээз калтырган. Кыязы Хайдунун керээзи аткарылса керек, анткени анын замандашы, тарыхчы Рашид ад-Дин төмөнкүчө жазат: «анын жана айрым ханзадалардын сөөктөрү «Иле менен Чүй суусунун ортосундагы... «Шонхорлык» деп аталган абдан бийик тоого – көптөгөн айылдар бар аймакка коюлган. Анда эки чоң айыл – Тарсакент жана Караялык бар... Ал жерде Хайдунун кызы Хутулун жашайт... жана атасы коюлган жерди кайтарат».

## МОГОЛСТАН МАМЛЕКЕТИ

XIV кылымдын ортосуна карата Орто Азиянын чыгышында жаңы мамлекет – Моголстан – «моголдор өлкөсү» түзүлгөн (түрк элдери моголдор деп моңголдорду атаган).

Моголстан мамлекети чыгышта Баркул көлүнөн, батышта Сырдарыяга чейинки аймакты ээлеген. Анын түндүк чегарасы Балхаш көлү, ал эми түштүктө – Чыгыш Түркстан болгон.

Эң ири уруулар моңголдук дагы, түрктүк дагы аталышты алып жүрүшкөн. Алар: дуглаттар, кангылар, киреиттер, аргинуттар, баариндер, арлаттар, барластар, булгачилер жана башкалар. Булардын бардыгы мурунтадан эле түрк тилинде сүйлөшкөн, түрк салт-санаасын тутушкан жана өздөрүнүн мекени деп Моңголиянын талааларын эмес, Теңир-Тоонун тоолорун эсептешкен. Мамлекеттин чыгыш чет жакасына кыргыздар жайгашкан.

Моголстан борборлоштурулган мамлекет болгон эмес. Ири феодалдар өздөрүнүн ээликтеринде толук кожоюн болушкан жана хандын вассалы гана болуп эсептелишкен.



Туу кармаган жоокер

Моголстан мамлекетинин саясий турмушунда башкы роль дуглат уруусунун феодалдарына таандык болгон. Алар Чыгыш Түркстанды, Фергананын бир бөлүгүн, Алайды, бүткүл Борбордук Теңир-Тоону Ысык-Көлдүн өзүнө чейин камтыган кеңири жана бай Манглай-Субе аймагын ээлешкен. Бул жерлер дуглат уруусунун улуу феодалы Пуладчи эмирге таандык болгон. Анын байтактысы Аксу (Чыгыш Түркстан) шаарында болгон.

Талас, Чүй өрөөндөрү, Ысык-Көл жана түндүктөгү аймак Балхашка чейин, ал эми чыгышта Иртышка чейин башка дуглат феодалы – Пуладчи эмирдин иниси Камар ад-Диндин ээлигинде болгон.

Пуладчи эмир Чыңгыз хандын урпактарына кирбегендиктен хандын тагына отурууга даай алган эмес. Ал өтө жаш чыңгызит Тоглук-Тимурду таап жана 1348-ж. аны Моголстандын ханы деп жарыялаган, анын колу менен мамлекетти башкарууну чечкен. Пуладчинин өзү хандын алдындагы жогорку улусбег кызматын (жогорку улустук бек) ээлеген жана аны мураска өткүдөй кылган.

Моголстандын биринчи ханы Тоглук-Тимур мамлекеттик иштерге жөндөмдүү болуп чыккан. Анын байтактысы Алмалыкта (Иле суусунун өрөөнү) болгон. Хан көчмөндөрдүн төбөлдөрү менен тил табыша билген, бирок астыртан өз бийлигин бекемдеген. Ал үчүн 1354-ж. ал ислам динине өткөн жана аны мамлекеттин расмий дини кылган. Буга ал өз тарабына Алмалыктын жана Чыгыш Түркстандын тургундарын, ошондой эле көптөгөн көчмөн феодал-мусулмандарды жана таасирдүү дин кызматкерлерин тарткан. Тоглук-Тимур күч менен карапайым көчмөндөрдү исламды кабыл алууга мажбурлаган. Орто кылымдагы булактардын маалыматтары

боюнча бир гана күнү 160 миң бутпарас дининдегилер мусулман динин кабыл алышкан. Моголстандын чыгыш чет жакасындагы кыргыз уруулары исламды кабыл алышкан эмес.

Мусулман болуу менен Тоглук-Тимур бүткүл Орто Азияга бийлик кылууга атаандашуу укугун алган.

Теңир-Тоонун көчмөн ак сөөктөрү талап-тоноонун аркасы менен баюуга үмүт кылышып, хандан жаңы жерлерди басып алууну талап кылышкан. Тоглук-Тимур ийгиликтүү согуш анын кадыр-баркын көтөрөөрүн жана бийликти чыңдаарын түшүнгөн. Ошол мезгилде бири-биринен обочолонгон жана өз ара касташкан түрк эмирлери бийлик жүргүзүшкөн Мавереннахрды басып алуу жеңил болгон.

1360-ж. эрте жазда Жетисуудан Тоглук-Тимур чоң күч менен Мавереннахрга жортуулга чыккан. Аскерлерин Ташкентке жакын жерге токтоткон. Хан атчандар отрядын Мавереннахрга тереңдеп кирүүгө жиберген. Алардын пайда болушу менен шаарлар багынып беришкен, ал эми жергиликтүү түрк эмирлери Тоглук-Тимурдун тарабына өтүшкөн. Хан калкты талап-тоноого тыюу салган, анткени Мавереннахрды өз ээлиги болуп калды деп эсептеген. Ошол учурда могол феодалдары наразы болушуп, өз отряддарын Теңир-Тоого алып кетишкен. Тоглук-Тимур Ташкенттин жанындагы өзүнүн лагерин алууга жана калган аскерлерди Жети-Сууга кайтарууга аргасыз болгон.

Феодалдардын козголоңун басып, хан 1361-жылдын жазында кайрадан Мавереннахрга жортуулга чыккан. Бул жолу моголдор Сырдарыяны кечип Мавереннахрдын аймагына өтүшкөн, Кундузга чейин жетишкен, жолдо олуттуу каршылыкка жолугушкан эмес. Күзүндө Тоглук-Тимур Кундузга өзүнүн уулу Илияз кожону наместник кылып калтырып, Моголстанга чоң олжо менен кайткан. Могол эмирлери Мавереннахрда элди талап-тоноп чексиз бийлик жүргүзүшкөн. Элдик көтөрүлүш башталган, аны айрым жергиликтүү феодалдар колдогон. 1364-ж. Моголстандын ханы Тоглук-Тимур өлгөн. Илияз кожо атасынын тагына мурас боюнча олтуруу үчүн мекенине жөнөгөн, бирок көтөрүлүшчүлөр тарабынан талкаланган жана туткунга түшүп калган. Мавереннахрдын аскерлерин Хусейн жана Тимур башкарган. Тимур өз убагында Тоглук-Тимурдан көп жакшылык көргөндүктөн, туткунга түшкөн Илияз кожону бошотуп, Моголстанга жиберген.

Илияз кожо Моголстандын ханы болгондон кийин атасынын тышкы саясатын уланткан, Мавереннахрды басып алууну чечкен. 1365-ж. ал жортуулга чыккан. Мавереннахрдын эмири Тимур башында турган аскерлер моңголдорду Сырдарыя суусунда Ташкент менен Чиназдын ортосунда тосуп алышкан. Салгылашуу учурунда катуу бороон, нөшөрлөгөн жамгыр башталган. Жоокерлер улуган бороондон буйрукту укпай, нөшөрлөгөн жаандан өзүлөрүн да, душмандарды да көрбөй ылайда айыгышкан салгылашуу жүргүзүшкөн. Кармашуу кызыган кезде моголдорго жаңы күчтөр келип, кырдаалды алардын пайдасына чечкен. Тимурдун аскерлери башаламан кача башташкан. Көптөгөн тирүү жана жарадар жоокерлер баткакта тепсендиде калган. Сырдарыядагы салгылашууну замандаштары «Ылай согушу» («Жанг-и лой») деп аташкан, мында он миңге жакын адам өлгөн.

Моголдор калкты аянбастан тоноп, Самаркандга жакындап келип, аны курчоого алышкан. Эмирлер Тимур жана



Эски Самарканд

Хусейн шаарды тагдырдын эркине таштап Амударыядан өтө качышкан.

Коргоосуз калган Самарканддын калкы өз алдынча коргонууну чечишкен. Чыңгызхандын учурунда эле бузулган чептин жоктугу абалды татаалдаштырган. Шаарга кире турган бардык жолдор, негизгисинен башкасы, казылган жана тосулган. Моголдордун атчандары ушул кууш, дубалдар жана курулуш менен тосулган көчөлөргө кирип келгенде аларга бардык тараптан жаанын жебелери, таштар жана таяктар жамгырдай жааган. Кол салуучулар кыйынчылык менен шаардан чыгышкан, миңдей адамынан жана көп сандаган аттарынан ажырашкан.

Самарканддыктардын айыгышкан каршылыгы жана шаарды узакка камалоо могол аскерлерин алсыраткан. Анын үстүнө аттары чумадан өлө баштапкан. Алардын замандашы төрт чабандес мототго бир гана ат калганын жазган. Ушул шартта хан Илияз кожо Самаркандды курчоону токтотуп жана аскерлерин Моголстанга алып кеткен.

Моголдор Мавереннахрды таштап качкандан кийин эмирлер Тимур жана Хусейн өздөрүнүн отряддары менен Самаркандга кайтып келишкен жана шаарды коргогондордун жетекчилерин өз лагерине чакырышкан. Бирок элдик жетекчилер эмирлердин аскерлери жайгашкан жерге келгенде аларды кармап алышкан жана өлүм жазасына тартышкан.

Хан Илияз кожонун Мавереннахрдагы жеңишин пайдаланып Моголстандын ири феодалдары ага каршы чыгышкан. Дуглат уруусунун таасирдүү эмири Камар ад-Дин байтактыга кол салып, Илияз кожону жана анын бүткүл үй-бүлөсүн бычактап өлтүргөн. Ошондой болсо да Камар ад-Динге каршы феодалдар Моголстандын ханынын кичинекей мурасчысын ишенимдүү жерге катып коюшкан.

Моголстандын феодалдарынын ортосунда Тимурдун аскерлеринин жапырыгынын алдында мамлекетти начарлаткан узакка созулган согуш башталган.



Самарканддагы аянт

## Тимурдун жана Бабурдун басып алышы

Чыңгызхандын бардык мураскорлору – чыңгызиттер ири жер ээликтерин алышкан, аны кийин урпактарына мураска калтырышкан. Ушундан баштап XIX кылымга чейин сакталып келген салт боюнча Азиядагы бардык мамлекеттердин башкаруучулары өздөрүнүн уруулук тегин Чыңгызхандан чыгарышкан: чыңгызиттер гана хандын тагын ээлөөгө укуктуу болгон. Эгерде бийликте ушул урукка тиешелүү эмес адам туруп калса, анда ага чыңгызит ханынын биринин атынан, мисалы, эмир титулун алууга жана башкарууга туура келген. Тимур дагы ушундайча жасаган – тарыхтагы кыйла белгилүү аскер башчыларынын бири, зор империяны түзүүчү, акылман саясатчы жана Борбордук Азиянын мамлекеттик ишмери.

### ТИМУРДУН ОБЛИГИ

Бул кызык

1941-ж. июнда Самарканд экспедициясына катышкан археологдор өтө толкунданып турушту: эртен менен алар дүйнөдөгү эң белгилүү басып алуучулардын бири – XIV кылымда Борбордук Азиядагы ири мамлекетти түзгөн Тимурдун көрүстөнүн ачууга тийиш эле. Европада ал Тамерлан деген ат менен белгилүү болгон, ал «Тимур ленг» – «Аксак Темир» дегенди билдирген. Жылнаамага ылайык салгылаштардын биринде анын жото жилиги сынган. Буту кичине ийри бүтүп калган, ошондуктан Тимур кичине аксап баскан. Бирок бул армияны башкарууга жана салгылашууларга катышууга жолтоо болгон эмес.

Гур Эмир мавзолейиндеги көрүстөндү ачуунун алдында самаркандык карыялар археологдорго төмөнкүлөрдү эскертишкен: байыртадан келаткан легенда бар – эгерде Тимурдун мүрзөсүн ачса, жерде жаңы согуш башталат, анын кесепети Тимур жүргүзгөн согуштан да коркунучтуу болот.


Археологдор легенданы угушту – бирок баары бир көрүстөндү ачышты. Аларды көбүрөөк Тимурдун баш сөөгү кызыктырды: ал боюнча өзгөчө методдорду пайдаланып, анын өңүн так калыбына келтирүүгө болот эле. Окумуштуулар баш сөөктү колго алышканда анын чыкый бөлүгү мүрзөгө кирген суудан зыянга учураган болуп чыкты. Ошондой болсо да бет сөөк сакталып калган. М.М.Герасимов Тимурдун сүрөтүн түздү, аны азыркы кезде бардык тарых окуу китептеринен көрүүгө болот. Баш сөөктөн кеп алып жана Тимурдун скелетин изилдешкенден кийин, аны кайрадан мүрзөгө коюп жаап коюшту.

...1941-жылы 22-июнда Улуу Ата Мекендик согуш башталды.





Герасимов иш үстүндө. Тимурдун облигин реконструкциялоо



Гур-Эмир – Тимурдун күмбөзү

Тимур (Тамерлан)



**Тимур (Тамерлан)** 1336-ж. Шахрисяб шаарынын жанындагы Кожо Ильгар айылында, түрктөшүп кеткен моңголдордун барлас уруусунан чыккан Тарагай бектин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Бала кезинен эле түрк жана тажик (фарсы) тилдерин билген. Өтө динчилдиги менен айырмаланган эмес, бирок мусулман шейхтерин артык көргөн. Жаш кезинен эле согуш ишин жакшы үйрөнгөн, жетекчинин сапатына ээ болгон, өзгөчө эр жүрөк адам болгон. Анын айланасына анча көп эмес, бирок каардуу жаштар отряды чогулуп, Тимур алар менен кербендерди тоноп жана барымта алып турган. 20 жашында ал таасирдүү жана күчтүү Казаган эмирге кызмат өтөөгө өткөн, ал ага Кашкадарыядагы анча чоң эмес ээликти тартуулаган.

Тимурилер династиясынын тыйындары



1360-ж. могол ханы Тоглук-Тимур Мавереннахрга (Амударыя менен Сырдарыянын ортосу) кол салган. Бул жерден каршылык көрсөткөндөрдү жолуктура албай ал эки жыл бою аскерлери менен Мавереннахрды басып өткөн. Тимур ага кызматка кирген жана Кешт шаарын тегерегиндеги аймактары менен алган. Анын саясий жана аскердик карьерасы ушундайча башталган. Тимур аскер башчысы жана саясий ишмер катары белгилүү болгон. Ал ошону менен бирге каардуу зор империяны түзгөн басып алуучу болгон. Ал тарыхка акылман мамлекеттик ишмер, улуу куруучу жана искусствону баалай билген адам катары кирген.

1366-ж. ал ошол учурда Мавереннахрда башкаруучу болуп турган Казагандын небереси Хусейн эмир менен союз түзгөн, бирок 1370-ж. Хусейнди туткунга алып жана өлүм жазасына буйруган, Мавереннахрдын жалгыз башкаруучусу жана толук кожоюну болуп калган.

Ошол эле жылы Тимур Балк шаарын ээлеген жана шейх Береке Тимурга келечегин алдын ала айтып берген. Ошондо Тимур Чыңгызхан тукумунан Сүргатмышты хан деп жарыялаган, аскер башчыларынын курултайында Мавереннахрдын бирдиктүү өкүмдары (эмири) деп таанылган. Ушул мезгилден баштап Тимурдун байтактысы Самарканд болуп калган.

1370–1380-жылдары Тимур Ак жана Алтын ордонун башкаруучуларына каршы бир нече жолу аскердик жортуул жасаган. Өз учурунда ал Токтомуштун Ак ордонун ханы болушуна жардамдашкан. 1382-ж. Токтомуш Москваны талкалап, Дмитрий Донскийди кайрадан Ордого алман төлөөгө аргасыз кылган, Закавказьеге ийгиликтүү аскердик жортуул жасаган.

1391 жана 1394-1395-жылдары Тимур жана Токтомуш айыгышкан күрөш жүргүзүшкөн. Алтын ордонун аскерлеринин эки жолу таш талканын чыгарып Тимур анын борбору Сарай-Беркени өрттөп жиберген, андан кийин Токтомушту куугунтукка алып Рустун чегинен сүрүп чыгарган жана бир нече түштүк орус шаарларын кыйраткан. Коңшу аймактарды алсыратуу жана аларды талаптоноо максатын көздөп Тимур Иранга,

Моголстанга жана башка мамлекеттерге каршы жортуулга чыккан.


1371-ж. Тимур Түндүк-Батыш Теңир-Тоодогу могол ээликтерине кол салган, бирок калктын бир бөлүгү тоолорго көчүп кетишкен, башкалары Иле-Иртыш дарыяларынын ортосундагы аймакка качышкан, ал эми Теңир-Тоодо калтырылган наместник Тимурдун аскерлери кетээри менен козголоң чыгарган. Тимур Моголстанда реалдуу бийлик орното алган эмес. 1375-ж. ал Моголстанга Сайрам жана Талас аркылуу кайра келген. Өз ара жоолашып жүргөн эки негизги могол улустарынын башкаруучусу – Камар ад-Дин жана Хаджи-бек өз күчтөрүн бириктирүүнү жана агрессорго каршы сокку урууну чечишкен. Бирок айлакер Тимур аларды бөлүп салууга жана жалгыздатып талкалоого жетишкен. Камар ад-Диндин аскерлеринин артынан кууп Тимурдун нөкөрлөрү басып алуучудан көптөгөн көчмөн уруулары жашынып жүрүшкөн Иле өрөөнүндө «көчмөн уруулардын көптөгөн мал-мүлкүн басып алышкан жана алардын бардыгын Самаркандга жөнөтүшкөн... улустан (Камар ад-Диндин)... өтүп, алар анын аймагын жана турган жерлерин талап-тоношкон». Тимурдун замандашы жана биографы, тарыхчы Шараф ад-Дин Али Йезди ушунтип жазган. Бирок ичинде кыргыздар көп болгон Камар ад-Диндин аскерлерин толук талкалай алган эмес. Арьэргард согушун жүргүзүп, моголдор Кара тоо – Талас – Чүй – Боом капчыгайы аркылуу чегинишкен. Ысык-Көлгө жеткенде Камар ад-Диндин аскерлери Тимурдун аскерлерине сокку урган. Чоң жоготууга учураган Темирландын аскерлери Самаркандга кайтып келишкен. Жинденген Тимур Камар ад-Динди Кочкордо талкалоого үмүттөнүп, аскерлерин өзү баштап Ысык-Көлгө келген. Бирок көчмөн уруулар ал мезгилде Иледен ары кетип калышкан эле.

1376, 1377–1379-жылдардагы жортуулдарда Тимур Моголстанда өзүнүн бийлигин орното алган эмес. 1389-ж. ал Моголстанга кезектеги кандуу жортуулун жасаган, Талас, Чүй жана Иле өрөөндөрү аркылуу өткөн өзүнүн жолундагы бардык тургундарды жок кылган. Ошондой болсо да 1390-ж. Тимур Теңир-Тоодогу аскерлеринин эки отрядын жиберген. Биринчиси түндүктөгү жол: Ташкент, Талас, Чүй аркылуу, экинчиси – түштүк: Анжияндан Жазы жана Арпа суулары аркылуу жөнөгөн. Отряддар Ысык-Көлдө биригишкен. Чегинип бараткан Камар ад-Динди кысууга аракеттенишип, алар Иртышка чейин жетишкен. Бирок калк баскынчыларга жеткирбей кыйындык менен жетүүчү бийик тоолуу аймактарга кетип калышкан.

Тимурдун жапырыгынан Алтайдагы, Чыгыш Теңир-Тоодогу жана аларга чектеш жерлердеги кыргыз уруулары да жапа чеккен. Иртыш боюндагы Жучи улусунун чыгыш бөлүгүнүн башкаруучулары Тимур менен күрөшүүдө алсыраган кыргыз урууларынын коңшулары менен



Таш-Рабат. IX кылымдан баштап – христиан чиркөөсү, мусулман мечити, соода кербен-сарайы (Борбордук Теңир-Тоо)



Тимурдун күмбөзүнө коюлган такта таш

кагылышууга бир нече жолу түрткөн. Бирок алтын ордолук хандардын курсун бардыгы эле колдогон эмес. Махмуд Ибн Валинин жазганы боюнча Ак ордонун башкаруучу Пулад Орда-хандын урпактары менен союз түзүп «кыргыз уруулaрын жазалоого ниеттенген...». Бирок Шейбанилер «Сахиб-кирандын (Тимурдун) падышачылыгы учурунда аларга (кыргыздарга) качып барышканын жана алардын колдоосуна таянышкандарын» шылтоо кылып катышуудан (ушул жортуулга) баш тартышкан...». Пулад хан кыргыздарга кол салып, жеңишке жетишкен

Бул кызык

## САНТАШ АШУУСУ

Тимур жана анын баскынчылыгы жөнүндө эскерүү кыргыз элинде сакталып калган. Азыркы кезде да Санташ ашуусунда – Ысык-Көлдөн чыгыш жакта – эки таш коргон турат (анын бирин археологдор изилдешкен, аларды элдик имиш «Аксак темирдин» ысымы менен байланыштырышат. Ал боюнча басып алуучу Санташ аркылуу Кытайга өтүп баратып ашуудан ар бир жоокерге суунун нугунан бирден таш алып, жерге үйүүгө буйрук берген. Алар кайра кайтып келе жатканда тирүү калган жоокерлер коргондон бирден таш алып, анын катарына таштанкан. Ошентип ашууда таштардан турган эки зор коргон пайда болгон, анын бири чет жерде курман болгондорго алардын өз колдору менен салынган эстелик болуп калган, экинчиси (кыйла кичинеси) жортуулдан кайткандардын санын аныктаган.

Моголстандын басып алынган аймактарынын наместниги Тимурдун небереси – Улугбек болгон, ал орто кылымда улуу окумуштуу катары даңкы чыккан. Бирок Улугбек чоң атасынын басып алуучулук саясатын улантууга аракет кылса да реалдуу бийликке ээ болгон эмес.

Тимурдун жолун жолдоого анын чөбөрөсү – талантту кол башчы Бабур-шах аракеттенген, бирок тарыхта ал «Бабур-наме» деген китептин автору катары белгилүү.





Санташ коргону археологиялык казууга чейин жана андан кийин

жана аларды ошол учурда жашаган жеринен сүрө баштаган.

Кытайга акыркы, аягына чыкпай калган жортуул (1404-ж.) 1405-жылдын 18-февралында Тимурдун каза болушу менен токтотулган.

***Захир ад-Дин Бабур*** (1483–1530/31-жж.) атасы Омар-шейхтен Самарканддан Индге чейинки жерлерди бийлөөнү мураска алган, ошол учурда ал 12 жашта эле.

Бабур энеси боюнча «кыргыз падышасы» Ахмад Алача-хандын жээни. Ал чоң атасы менен ар дайым абдан ынак мамиледе болгон. Бабур көчмөндөрдүн үрп-адаттарын жактырган. Ал түгүл ал Ахмад хан ага белекке берген могол-кыргыз кийимин кийген. Бабурдун кызматында ар дайым көптөгөн могол бектери өз отряддары менен болгон.


Көчмөн өзбектер менен күрөшүүдө Бабур аларга бир нече жолу сокку урган. Самарканд бир нече жолу колдон-колго өткөн, бирок 1514-ж. өзбектер баары бир Бабурду kууп чыгышкан. Ал Кабулга кеткен, ал бараткан жолдо Орто Азиянын жана Теңир-Тоонун бардык жеринен ага Шейбаниддерге – Самаркандды ээлеп алган көчмөн өзбектер династиясына кызмат кылууну каалабагандардын бардыгы агып келе берген.

Мавереннахрдагы өзүнүн ээлигинен ажырап, Бабур 1525-жылдын акырында 10 миң адамдан турган отряды менен Индияны басып кирген, анын мушкет жана замбиректер менен жакшы куралданган армиясы, атчандарды кошкондо, эки салгылашта (негизги салгылашуу 1526-жылдын 27-апрелинде Делинин жанында болгон) Дели султандарынын акыркысын жана радж путтардын колун (кошуунун) талкалаган, ошондон кийин Делиге киришкен. 11-майда Агра багынып берген, ал эми 1527-ж. Бабур өз бийлигин Ганга өрөөнүнүн кыйла бөлүгүнө тараткан. Бул Улуу Моголдор империясынын башталышы болгон, ал XIX кылымга чейин жашап турган (расмий), ал эми иш жүзүндө 1707-ж. кулаган. Бабурдун өзү – улуу кол башчы жана жазуучу, өзүнүн жашоо-турмушун баяндаган чыгарманын («Бабур наме») автору 3 жылдан кийин каза болгон.

Бабур өз мезгилинин ар тараптуу билимдүү адамы болгон. Ал көркөм ырларды жана эң сонун проза жазган, анда чыгыштын ыксыз кооздолгон сөздөрүн таштап, өзүнүн оюн жөнөкөй, бардык тилдер үчүн түшүнүктүү баяндаган.



Захир ад-Дин Бабур. Орто кылымдагы миниатюра



« «Тахти-Сулаймандагы худжра (үжөрө) – «Бабурдун үйү». XVI к. (Ош ш.)




Үжөрөнүн ичиндеги Бабурдун тизесинин изи бар таш такта

Бул кызык

## ТИМУРДУН ЫСЫК-КӨЛДӨГҮ САРАЙЫ

XX кылымдын 50-жылдарынын акырында Ысык-Көлдө Д.Ф. Винниктин суу астындагы археологиялык экспедициясы иштеген. Анын максаты жылнаамаларда жана жергиликтүү тургундардын уламыштарында айтылган Тимурдун сарайын издөө болгон.

Экспедиция дээрлик жай бою иштеген. Бир күнү аквалангисттер салыштырмалуу анча чоң эмес тереңдиктен Тимурдун сарайынын издерин табышкан. Албетте андан бир нече гана жыгач сыныктары аман сакталып калган жана сарайдын тышкы көрүнүшүн калыбына келтирүү мүмкүн эмес болгон. Археологдор сарай бир кезде кумдуу аралда болгон деп болжолдошот. Кыязы аны жээк менен анча чоң эмес көпүрө гана бириктирип турган. Эч кимдин сарайга жетпеши үчүн аны көтөрүп коюу эле жетиштүү болгон. Сарайдын өзү кыязы, салыштырмалуу чоң эмес болгон, жыгачтан курулган. Дубалдары шыбалган. Легендада айтылгандай ал дубалдардын бирине Тимурдун талабы боюнча сүрөтчү анын портретин тарткан. Биринчи сүрөтчү Тимурду чындыгында кандай болсо ошондой: жашап калган адам, салгылашууда жарадар болгон бүгүлбөгөн буту жана кургап бараткан колу менен тарткан... Тимур сүрөтчүнү өлүм жазасына буйруган – ал аяндары аны ушундай фрескада көрүүнү каалаган эмес. Өзүнөн мурунку сүрөтчүнүн тагдырынан коркуп калган экинчи сүрөтчү Тимурду жаш кезинде кандай болсо дал ошондой тарткан. Бирок ал дагы каардуу басып алуучуга жакпай калган жана өлүм жазасына тартылган. Тимур жөнөкөй ой жүгүрткөн: алдаганга болбойт, кыныр иш кырк жылдан кийин билинет. Убакытты кайтарууга болбойт жана аны азыркы кезде билгендерге мындай сүрөттү көрсөтүүгө да болбойт. Үчүнчү жолу бир гана карыя сүрөтчү Тимурдун чакыруусу боюнча сарайга келүүнү чечет. Качан фреска даяр болгондо Тимур абдан ыраазы болот жана сүрөтчүнү жоомарттык менен сыйлайт. Фрескада ал атка минип турат, ошондуктан анын оорулуу буту көрүнбөйт; Оорулуу колу менен жааны кере тартып турат, ал эми жараттан начар көрүп калган көзү жумулган: эмир кыязы олжону бутага алып аны атканга даяр болуп турса керек. Ошентип чындыкты бурмалабай, сүрөтчү заказчынын оюн таба алган.



Орто кылымдагы миниатюра

Ошол эле учурда ал тажрыйбалуу жоокер жана чебер кол башчы болгон.

Моголдордун тагында Бабурду анын уулу Хумаюн алмаштырган, аны кыска эле мөөнөттө Шер-шах тактыдан кулаткан; ал өлгөндөн кийин Хумаюн таккa кайтып келген. Анын тактысын 13 жашар уулу ханзада Акбар (1556–1605-жылдар) мурастап калган, анын учурунда Улуу Моголдор империясы гүлдөгөн.

### Тимурилер мезгили

Тимурилер ээлигине түштүк Кыргызстандын батыш бөлүгү жана Моголстандын чегарасында жайгашкан Ош шаары жана Тимурилер мамлекети таандык болгон. Сулайман тоонун этегинен ушул жерде болгон посаддын ордунан 1953-ж. Самаркандда, Каршиде, Термезде, Анжиянда жана Кешада, ошондой эле Кашкар-

да чегилген XV кылымдагы жез тыйындардын кенчи табылган. Бул тыйындар тимурилердики деп шарттуу гана атоого болот, анткени Улугбек 1449-ж. каза болгонго чейин эле тимурилердин Моголстанга жана Чыгыш Түркстанга болгон бийлиги күчүн жоготкон. Кашкар экономикалык жактан Фергана менен тыгыз байланышта болгон жана Ош шаарынын базарларында бир эле мезгилде чет өлкөлүк моголстандык Кашкардын фулустары жана тимурилик чегүүдөгү тыйындар колдонулган.

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТҮЗҮЛҮШҮ

Илимде кыргыз элинин түзүлүшү жөнүндө үч божомол белгилүү:

1. Кыргыздар – автохтондуу эл, алар азыркы Кыргыз Республикасынын аймагында эң байыркы мезгилден бери эле жайгашкан.

2. Кыргыз эли кыргыздар Енисейден (Минусин өрөөнүнөн) жер которуунун натыйжасында Теңир-Тоодо пайда болгон.

3. Кыргыз эли автохтондуу жана Борбордук Азиядан келген этностук компоненттердин биригишинин натыйжасында Теңир-Тоодо түзүлгөн.

Тарыхчылардын көпчүлүгү үчүнчү божомолго ыктайт. Ал көптөгөн кылымдарга созулган процессти элестетүүгө кыйла тагыраак мүмкүндүк берет.

Кайсыл уруулар жана элдер ага катышкан?

Байыркы этапта кыргыз элинин этногенезинде Теңир-Тоолук кыргыздардын жана Борбордук Азия жана Түштүк Сибирдеги түрк элдеринин енисейлик кыргыз уруулары менен туугандыгы изилденет. «Улуу кыргыз державасы» мезгилинде ушул компоненттердин өз ара байланыш зонасында – Алтай жана Борбордук Азия турган.

Теңир-Тоодо жана Жетисууда III-XII кылымдарда бирдиктүү элди түзүү процесси жүргөн, ал моңгол жапырыгынан үзгүлтүккө учураган. Протокыргыз этносу бул жакка көчүп келишкен кийинки гунн жана түрк урууларын, ошондой эле Караханийлер каганаты түзүлгөн мезгилдеги Борбордук Азия урууларын камтыган. Археологдордун жана жазма булактардын маалыматтары боюнча ушул мезгилде Теңир-Тоого енисей кыргыздарынын айрым топтору көчүп келишкен.

Кыргыз элинин түзүлүү процесси XIII-XIV кылымдардын акырында Алтайды кошкондо Моголстан мамлекетинин түндүк бөлүгүндө жаңыланган. Бул жерде X-XI кылымдарда эле «Улуу кыргыз державасы» доорунда Енисейден келген кыргыз урууларынын жана кимак-кыпчактардан турган этно-саясий топ пайда болгон. Бул алтай уруулары XV кылымда Теңир-Тоого жайгашкан жана азыркы кыргыз элинин ядросу болуп калган.

Кыргыз эли биротоло Борбордук Теңир-Тоодо XV-XVI кылымдарда анын негизги эки компонентин – жергиликтүү байыркы жана орто кылымдагы Теңир-Тоолук жана Борбордук Азиядан жана Түштүк Сибирден келген кыргыз урууларын бириктирүү менен түзүлгөн. Дал ушул жерде кыргыз элинин этносаясий структурасы эки канатка – *оң канатка* жана *сол канатка* бириктирилген уруулардын дуалдык уюму түзүлгөн. Бул түрк көчмөндөрүнүн биригүүсүнүн салттуу принциби гунндардан башталган. Оң канатка сарыбагыш, саяк, солто, кытай, кушчу, саруу, моңголдор, ават, мундуз, базыс, черик сыяктуу ири уруулар кирген. Алар Түндүк Кыргызстандын аймагын ээлешкен. Сол канатка адигине, кыпчак, каратегин, багыш, бөрү, найман, жору, дөөлөс

уруулары кирген. Эки бирикме тең кыргыз урууларын да, могол урууларын да камтыган. «Эки канатты» түзгөн уруулар «кыргыз» деген жалпы этноним менен атала баштаган. Кийинчерээк кыргыз элинин курамына «ичкилик» тобу кирген.

Кыргыздардын этностук баш кошуусунда исламды кабыл алуу жана «Манас» эпосунун түзүлүшү чоң мааниге ээ болгон. Ислам кыргыздарды Орто Азиянын мусулман элдеринин бийик маданиятына кошкон. Жоголуп кеткен жазуусунун ордуна алар араб графикасынын негизиндеги жаңы жазууга ээ болушкан. Кыргыздардын биригүү идеясы «Манас» эпосунун өзөгүн түзөт. Эпос – бул Теңир-Тоодогу кыргыз элинин маданиятын өнүктүрүүдөгү уникалдуу кубулуш.

## Мухаммед-кыргыз

Тарыхчылардын божомолу боюнча дал ушул Мухаммед-кыргыз уламыштарда кыргыздардын оң канатынын (Түндүк Кыргызстан, байтактысы Барскоон)



Мухаммед-кыргыз

таасирдүү уруу башчыларынын бири, кыргыздардын уруу башчысы жана биринчи жогорку башкаруучусу Тагай бийдин аты менен белгилүү. Мухаммед-кыргыздын иш-аракети кыргыз урууларынын оң жана сол канаттарынын союздарын бекемдөөгө багытталган. 1508-ж. ал салт боюнча ак кийизге салынып көтөрүлгөн жана кыргыз башкаруучусу деп жарыяланган, бул иш жүзүндө кыргыз урууларынын көз карандысыздыкка ээ болушун белгилеген.

Кыргыз уруулары Мухаммед-кыргыздын жетекчилиги менен Могол мамлекетинин ханы Султан-Саидге 1514-ж. ал Кашкарияны басып алууда олуттуу колдоо көргөзгөн. Бирок Могол мамлекетинин башкаруучулары Кыргызстанды жана Казакстандын түштүк-чыгыш аймактарын басып алууга жигердүү даярдана баштаган учурда Мухаммед-кыргыз Могол мамлекетинин агрессиясына каршы күрөшүүдө кыйла ишенимдүү союздаш катары Казак хандыгы жана өзбектердин Шейбаниддер династиясы менен союздаштык мамилелерди түзгөн. Кыргыздар анын жетекчилиги менен Орто Азиянын отурукташкан дыйканчылык аймактарын ээлөөгө аракеттенген Шейбаниддерге каршы казак хандыгынын башкаруучуларынын жортуулдарына жигердүү катышкан. Кыргыздардын отряддары Түркстанга, Сайрамга, Ташкентке, Анжиянга ж.б. жеткен.

1517-жылдын күзүндө Султан-Саиддин аскерлери Кыргызстанга жортуул жасашкан. Мухаммед-кыргыздын аскерлери анын жакындарынын айрымдары чыккынчылык кылгандыктан жеңилүүгө дуушар болушкан. Моголдор өтө көп сандаган малды жана башка байлыктарды тартып алышкан, ал эми Мухаммед-кыргыз Чыгыш Түкстанга алып келинген, мында ал 5 жыл бою Кашгарда ка-

макта болгон. Саясий көз караштан алганда 1522-ж. Султан-Саид хан Мухаммед-кыргызды мекенине бошоткон, кыргыздардагы анын кадыр-баркын пайдаланууга эсептеген. Бирок анын үмүтү акталган эмес. Мухаммед-кыргыз өзүнүн айланасына бардык кыргыз уруулук бирикмелерин топтогон жана кайрадан Кыргызстандын иш жүзүндөгү башкаруучусу болуп калган.

1524-ж. казак хандыгынын башкаруучусу Тахир-хан Мухаммед-кыргыз менен моголдорго каршы союздашуу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Султан-Саид бул жөнүндө билип калып Мухаммед-кыргызды кайрадан туткунга алган жана аны Кашгарга жиберген, мында ал 1533-жылы Султан-Саид өлгөнгө чейин болгон. Көп өтпөй эле Мухаммед-кыргыздын өзү да каза болгон.

Могол мамлекетинин башкаруучуларынын Түндүк Кыргызстанды ээлөөгө болгон аракеттери ишке ашкан эмес. Мухаммед-кыргыздын алысты көргөн

Бул кызык

## МИҢ ЖЫЛДЫК «МАНАС» ЭПОСУ

«Манас» – кыргыз генийинин көп кылымдык уникалдуу чыгармасы. Бул дүйнөдөгү эң чоң эпос: анын биринчи бөлүгү гана («Манас») жарым миллиондон ашык саптан турат. Андан сырткары Манастын уулу жана небересинин эрдиктери жөнүндө баяндоочу «Семетей» жана «Сейтек» эпостору да бар.

Кыргыз жери миллиондогон саптарды жатка билген эпостун аткаруучулары менен сыймыктанат. Алардын кыйла белгилүүлөрү С. Орозбаков жана С. Каралаев.

Эпос жөнүндөгү биринчи ишенимдүү маалымат «Маджму ат-таварих» чыгармасында келтирилет. Анда Ферғананын жана Теңир-Тоонун кыргыз генеалогиялык уламыштары чагылдырылган. «Манас» эпосунун каармандары жөнүндө сөз болгон эпизоддордо алар түрдүү мезгилдеги чыныгы тарыхый инсандар (Тимур, Алтын ордонун башкаруучусу Токтомуш хан ж.б.) менен бирге «жашап» жана эрдиктерди көрсөтүшөт.

Эпостун фрагментин жазып алган изилдөөчүлөрдүн алгачкысы Чокан Чыңгызович Валиханов болгон. 1856-ж. май айында Ысык-Көлгө болгон экспедицияда ал белгисиз манасчынын оозунан эпостун эң мыкты үзүндүсүнүн бири – «Көкөтөйдүн ашын» жазып алган.

Изилдөөчүлөр үчүн эпос кыргыздардын башка элдер менен тууғандыгы жөнүндө, коңшулары менен тынчтык жана согуштук өз ара мамилелери жөнүндө, тиричиликтери жана майрамдары жөнүндө маалыматтардын булагы болуп эсептелет. Биздин заманга чейинки мезгилге таандык болушу мүмкүн болгон «Манастын» байыр-



Сагымбай Орозбаков



Саякбай Каралаев

кы катмарлары кыргыздардын мифтик көз караштарын сактаган (анча чоң эмес көлөмдө болсо да).

Эпостун көркөмдүк күчү – адамдын элдик идеалдарын ишке ашыруу. Манас – улуу жол башчы, элдин тиреги, бардык кыргыз жерлерин бириктирүүчү.

С.Орозбаковдун варианты боюнча (II том, 147-148-б.) эпостун угармандары Манасты төмөнкүчө элестетишет:

*Астынкы ээрди албайып,*
*Үстүнкү ээрди далбайып,*
*Ал муруту сенирдей,*
*Айбаты албарс темирдей,*
*Мурунү тоонун кырдачтай,*
*Муруту чөлдүн камыштай,*
*Көзү көлдүн буткулдай,*
*Каарданып караса,*
*Көрүнгөндү жуткундай.*
*Ар мүнөзүн караса,*
*Ажыдаар болсо туткундай.*
*Алтын менен күмүштүн,*
*Ширөөсүнөн бүткөндөй,*
*Асман менен жериндин,*
*Тирөөсүнөн бүткөндөй.*
*Айың менен күнүндүн,*
*Бир өзүнөн бүткөндөй.*
*Алды калың кара жер,*
*Жерлигинен түткөндөй!*
*Ай алдында дайранын,*
*Толкунунан бүткөндөй,*
*Абадагы булуттун,*
*Салкынынан бүткөндөй,*
*Асмандагы ай-күндүн,*
*Жаркынынан бүткөндөй.*
*Көркү – калча, көзү тик,*
*Көбүнө айтса сөзү тик,*
*Жолборс жүрөк, таш билек,*
*Жооруну калың, жар кабак.*

Манасты түз жүргөндүгү жана ак ниеттиги, айкөлдүгү жана кечире билгендиги айырмалап турат. Бул сапаттары ага чачылып кеткен урууларды бириктирүүгө – «түрдүү уруудагы элдерди чогултуп жана бир эл жасоого» жана кыргыздардын өз жери Ала-Тоого кайра келишине жардам берген.

Манас менен бирге ар дайым Каныкей – аялы, жакын кеңешчиси жана ишенимдүү жардамчысы болот. Каныкей кыргыздар үчүн сүйүктүү жана ишенимдүү жубайдын идеалы болуп калган. Ал сулуу, акылдуу, кыраакы, март, айкөл, меймандос, камкор жана ага кошумча эң сонун чебер уз.



Манас (сүр. Г. Герцен)



Каныкей (сүр. Т. Герцен)

Манастын досу – Алмамбет – Манаска жана кыргыз элине бүткүл жан дүйнөсү менен берилген. Ал үчүн адамдарга ак ниет кызмат кылуу бардыгынан жогору турат.

Манастын тууганы акылман Бакай жөнүндө эпосто төмөнкүчө айтылат: ал «карангыда жол табат, капилеттен сөз табат».

Манастын душмандары – кытай жана калмак баатырлары. Көбүнчө кытай баатыры Конурбай айтылат. Ал күчтүү жана шамдагай, бирок ошол эле учурда – каардуу жана митаам, өзүнүн жеке пайдасын гана көздөйт.

Жолой – калмактардын ханы, Конурбайдын союздашы – бардык баатырлардын эң күчтүүсү. Бирок анын күчү жыргалчылык үчүн пайдаланылбайт.

«Манастын» өзүнчө ири эпизоддору сюжети боюнча өз алдынча чыгарма болуп эсептелет. Ар бир каарман анын өзүнө гана таандык мүнөзгө ээ. Ар бир манасчыда өзүнүн көркөм ыкмалары болгон: «Манас» угармандарына таасир берүүнү күчөтүүчү обонго салынып көркөм аткарылат.

«Манастын» графикалык образдарынын эң сонун галереясын сүрөтчү Т. Герцен түзгөн. «Манас» эпосу көптөгөн сүрөтчүлөрдү, акындарды, композиторлорду шыктандырып, алар жаңы чыгарма жаратышкан. Анын сюжети боюнча «Манас» жана «Айчүрөк» опералары жазылган. Бишкекте «Манас» скульптуралык ансамбли ачылган.

Эстеликтин кичирейтилген көчүрмөсү Кыргызстандын Өкмөтү тарабынан Бириккен Улуттар Уюмуна белекке берилген.



Алмамбет (сүр. Т. Герцен)

саясаты кыргыздарга казактар менен союздашып, өз көз карандысыздыгын коргоого мүмкүндүк берген.

## XV кылымдын аягы – XVI кылымдын башталышында Орто Азиядагы кыргыздардын абалы

XV кылымдын аягы – XVI кылымдын башталышында Орто Азияда жана Казакстанда маанилүү саясий окуялар болуп өткөн. Көчмөн өзбектердин ордолорун Казакстандын талааларынан Тимурдун карылыгы жеткен мамлекети басып алган.

XVI кылымдын башталышында Моголстандын түндүк райондорунда кыргыздар бийлик жүргүзүшкөн. 1510-жылга карата «Кыргыздардын айынан Моголстанда моголдордун бири да калган эмес» деп жазган замандаш тарыхчы. 1514-ж. могол хандарынын бири – Султан-Саидге Хотанда чыңдап бекемделүүгө мүмкүндүк болгон. Чыгыш Түркстандын бул бөлүгүн тарыхчылар *Моголия* деп атаган. Моголстан мамлекети ушундайча кулаган.

XVI кылымда көп жылдар бою могол башкаруучулары кыргыздардын жерине жортуулдарды жасашкан, бирок жалпысынан баш ийдирүү аракети ийгилик берген эмес. Англис саякатчысы А.Женкинсон 1558-ж. кыргыздар ошол мезгилде Кашгарга коркунуч келтирип турган деп жазат. Абдар-Рашиддин жолун улантуучу – Абдаль-Карим-хандын учурунда (1560–1591-жылдар) могол хандары кыргыз аймактарына куралдуу кол салууга аракет жасашкан эмес.



«Өзгөндү алуу».
Орто кылымдагы
миниатюра

Кыргыз урууларынын өздөрү Сырдарыянын оң жээгинде Ташкент, Анжиян, Сайрам, Түркстан шаарларына казак башкаруучусу Тахир-хандын жортуулдарына активдүү катышкан. «Бахр ал-Асрар» тарыхый чыгармасындагы (автору Махмуд Ибн Бали, XVII к.) маалымат боюнча кыргыз отряддары Тахир-хандын Ташкенттин жана Ферғананын башкаруучусу Шейбанид Султан-Мухаммед-ханга каршы 1525–1532-жылдардагы согуштарында 200 миңдик аскерлеринин негизги бөлүгүн түзгөн.

XVI кылымдын экинчи жарымында бардык кыргыздар Шейбаниддерге каршы казак хандыгынын күрөшүнө жигердүү катышкан. Алар бирде Ташкенттин башкаруучусу Баба-султандын көз карандысыз ээлик түзүү аракетин колдосо, бирде Шейбанилер династиясынын жогорку башкаруучусу Абдаллах-хан менен тикелей байланыш түзүшкөн. Алсак, 1579-ж. кыргыздар Баба-султанга колдоо көрсөтүшкөн, ал эми 1580-ж. тынчтык түзүү жөнүндө сунуш менен Абдаллах-ханга элчилик жиберишкен.

Казак хандыгы менен тыгыз союздаштык мамилени түндүк кыргыз урууларынын жол көрсөткүчтөрү колдогон, ал эми түштүк кыргыз урууларынын башчылары Шейбанилерге карата өз алдынча саясат жүргүзүшкөн. Кыргыздар менен казактардын могол жана шейбани феодалдары менен дээрлик 100 жыл атаандашуусу биринчилердин пайдасына аяктаган.


XVI кылымдын акырында Бухарада Шейбанилер династиясы кулаган жана Аштарханилердин бийлиги орногон. Казак ханы Тевекел бириктирген кыргыз жана казак урууларынын аскердик саясий союзу бекемделген.

Тевекел хан кыргыз феодалдарынын жигердүү колдоосунда 1598-ж. кыска мөөнөттө Сырдарыянын оң жээгиндеги шаарларды ээлеп алган жана Самарканд менен Бухарага жөнөгөн. Бухаранын жаңы башкаруучусу Аштарханид кыргыз-казак аскерлеринин кысымын чоң күч менен токтоткон.

Орто Азияда Аштарханид менен атаандашып кыргыз жана казак феодалдары Могол мамлекетине карата бир эле мезгилде активдүү тышкы саясатты жүргүзүшкөн, Чыгыш Түркстанга өз бийлигин орнотууга аракеттенишкен. XVI кылымдын башынан башталган белгилүү узакка созулган күрөш жоолашуучу тараптардын экономикалык жана саясий кызыкчылыктарынын карама-каршылыгына алып келген. Могол башкаруучулары кыргыздардан жана казактардан жакшы жайыттарын тартып алууга ниеттенишкен, ал эми казак жана кыргыз феодалдары өз көчмөндөрүн коргоо менен Чыгыш Түркстандын соода жолуна контроль коюуга аракеттенишкен.

Биринчи аштарханиддик башкаруучулардын кыргыздарга жана казактарга каршы жортуулдары ийгиликке ээ болгон эмес. Бирок 1635-ж. узакка созулган аскердик-дипломаттык даярдыктан кийин Имамкули-хан казактар менен кыргыздарга каршы чыккан, ал Күнгөс жана Юлдузга чейин жетип, өзүнүн жолундагы бейкапар жаткан калкты аёосуз кырган. Ошентип, Аштарханиддер Сырдарыянын оң жээгиндеги аймактарга өз контролун кайрып алышкан.

XVII кылымдын башталышында Алайдын жана Каратегиндин «сол канат» түштүк кыргыздардын уруулук бирикмеси Гиссар жана Куляб багытында батышты карай жыла башташкан. Жаңыдан келген кыргыздар исламды кабыл алышкан жана Имамкули-хандын уруксаты менен Гиссар вилайетинин




чектерине жайгашкан жана кийинчерээк жергиликтүү өзбек калкы менен аралышып кеткен.

Кыргыз феодалдарынын XVII кылымда Чыгыш Түркстандагы ички саясий окуяларга катышуусу могол ханы Абдаллах башкарган учурда активдешип кеткен. Айыгышкан ич ара күрөштүн шарттарында ал көчмөндөрдүн ак сөөктөрүнөн жардам сурап кайрылган. Кыргыз феодалдары Абдаллах хандын өтүнүчүнө дароо макул болушкан. Алардын колдоосунда анын уулу Жолборс-хан көтөргөн козголоңду баскан. Могол ханы жардам бергендиги үчүн ыраазычылык билдирип кыргыз феодалдарына армиядагы, борбордук жана региондук администрациялык аппараттардагы жогорку кызматтарды марттык менен ыйгарган. Бул могол аристократиясынын наразылыгын пайда кылган. Жапырт кыруу башталган, анын жүрүшүндө болжол менен 10 миң кыргыз каза болгон. Абдаллах хандын тактан кетиши менен кыргыз бийлери акырындап Чыгыш Түркстандагы өз позицияларын жогото баштаган. Аларды биротоло калмак (ойрот) феодалдары сүрүп чыгарып, 1680-ж. Борбордук Азиянын ушул бай дыйканчылык аймагын басып алышкан.



# СОҢКУ МЕЗГИЛ


## КЫРГЫЗДАРДЫН ЖУНГАРЛАР ЖАНА ЦИН КЫТАЙЫ МЕНЕН КҮРӨШҮ

### Жунгар хандыгы


Ойроттордун (кыргыздар аларды калмак деп атаган) Батыш Моңголиядан Орто Азияга жана Казакстанга келиши XV кылымдын ортосунда башталган. Ал болсо алардын жаңы жайыттарды басып алууга жана Орто Азия менен Чыгыш Түркстандын отурукташкан жана көчмөн калкы менен соода-экономикалык байланыштарды түзүүгө аракеттенүүсүнөн келип чыккан. Ошондой болсо да жунгар башкаруучуларынын баскынчылыгынын мизи дароо эле майтарылган. Кыргыздар менен казактардын союзунун чыңдалып кетишинен корккон жунгар төбөлдөрү бир топ мезгилге чейин кысым көрсөтүүнү токтотушкан.

Уруулар ортосундагы дайыма болуучу кагылыштардын айынан алардын союзунун алсызданганын пайдаланып, жунгар хандары 1633-ж. жазында аскерлерин кайрадан кыргыздар менен казактардын жерин карай жылдыра башташкан, аларга бул жолу эч ким туруштук бере алган эмес. Калмактар бул мезгилде кыйла чыңдалып калышкан, өз урууларын бириктирип жана 1635-ж. Жунгар мамлекетин түзүшкөн.

Бул Батыш Моңголияда Моңгол империясынын калдыктарынан жаралган феодалдык мамлекет болгон. XVII кылымдын 30-жылдарында ал батышка, Чыгыш Түркстандын аймагына (Түндүк-Батыш Кытай), Теңир-Тоого жана Жети-Сууга активдүү жыла баштаган.




Орто Азияга биринчи чабуул 1643-жылы башталган. Калмак аскерлерин Батур-хунтайжи жетектеген. Хакас башкаруучусу Алтын хандын жана калмак кол башчысы Хо Урлюктун колу чабуулга активдүү катышкан. Адегенде Батур-хунтайжи «алатай кыргыздарынын эки жерин каратып алган». Андан кийин анын аскерлери Ташкен менен Түркстанды көздөй жылган. Бирок калмактардын жолу болбоду, анткени алардын жолун казак султаны Жахангир тороп калган эле, ага жардамга Ялангтуш аталык баштаган өзбек отряды жардамга келген, аларга ошондой эле көп миңдеген кыргыз кошуундары да кошулган. Кырчылдашкан каршылыкка туруштук бере албай Батур-хунтайжи өз аскерлерине чегинүүгө буйрук берген. Ушул жерден биргелешкен аскерлердин жетекчилери кемчилик кетиришкен: алар душманды толук жок болгонго чейин куугунтуктаган эмес. Натыйжада Батур-хунтайжи мурда басып алган жерлерге качып барып кыргыз жана казак аймактарынын чегарасына жакын жерде туруп калган. 1652-ж. калмактар Кыргызстан менен Казакстандын көчмөндөрүнө каршы жортуулун кайра башташкан. Жортуулду Цецен хан баштаган.



В.Н. Татищевдин портрети



XVI кылымдагы зоот

Бирок бул жолу да калмактар жеңишке жетише алган эмес.

1653-ж. Батур-хунтайжи каза болгон. Анын өлүмү хандыктагы жогорку бийликтерди талашкан калмак феодалдарынын өз ара ынтымагын ыдыраткан. Калмактардын душмандары чаң-тополоңдон пайдаланып качууга шашылышкан. 1658-ж. калмактарга каршы Аштарханилердин 38 миң армиясы аттанган. Талас өрөөнүндө ага кыргыздар менен казактардын көп сандаган отряддары кошулган. Кулан-жылан деген аймакта биргелешкен аскерлердин калмак отряддары менен салгылашуусу болгон. Кырчылдашкан салгылашта кошуун үстөмдүк кылган. Бирок кошуун аскерлеринин башкы командачысы Аштарханилердин аскер башчысы Абдышүкүр курман болгон. Бирдиктүү башкаруудан ажыраган кошуундун отряддары чегине баштаган, олуттуу жоготууга учураган. Бирок айыгышкан салгылашта дарманы кеткен калмак аскерлери да ийгиликке жетишкен эмес.

XVII кылымдын 70-жылдарында калмак феодалдарынын өз ара ыркы кетишинен улам Галдан-Бошохту аларды жеңип чыгып, бүткүл калмак урууларына бийлигин орноткон. Жунгар хандыгы кайрадан Орто Азияга жортуулга чыгууга жарамдуу болуп калган.

1680-ж. Галдан-Бошохтунун аскерлери Жаркенди караткан, бирок Анжиян менен Сайрамды (азыркы Чымкен шаарына жакын) ала алган эмес. 1684-ж. калмактар Ошту ээлешкен. Анжияндыктар бул жолу да баскынчылардын аскерлерин талкалашкан, ал эми Сайрам багынып берген. Миңдеген сайрамдыктар айыгышкан салгылашта курман болушкан. Тирүү калгандары Жунгарияга кулчулукка жөнөтүлгөн. Кыргыз отряддары душмандын катарын жарып өтүп, тоо таянып кетишкен.

XVII кылымдын акырында кыргыздын таасирдүү башкаруучусу Арзу Мухаммед-бек бир нече уруунун аскер күчтөрүн өз бийлигине бириктирген жана Чыгыш Түркстандын бардык батыш райондорунда кыргыз феодалдарынын саясий үстөмдүгүн орноткон. Бул үстөмдүк XVIII кылымдын башында Жунгар хандыгынын жаңы башкаруучусу Цэван-Рабтан бүткүл Чыгыш Түркстанды Кашгария менен кошо (Хами округунан башка) басып алганга чейин улантылган.

Ошол учурда түндүк кыргыз урууларынын бир бөлүгү түштүккө – Ферганага жер которууга аргасыз болушкан. Түштүк жана Борбордук Теңир-Тоодогу кыргыздардын күчү солгундаган, бирок теңир-тоолук кыргыздар калмак басып алуучуларына айыгышкан каршылык көрсөтүп, Цэван-Рабтандын агрессиясынын багытын өзгөртүүгө аргасыз кылышкан. Калмактар Бадахшан, Дарваз, Читрал жана Каратегинди карай жылышкан.

Каратегиндин калкы алай кыргыздарынын колдоосунда калмактарга катуу сокку уруп, аларды өз чегараларынан алыс сүрүп таштakан. Цэван-Рабтан кыргыздар толкуй баштаган Туранда реванш алууну чечкен. Ал жакка кубаттуу аскер күчтөрүн жиберишкен. Кыргыздар аларга каршы 100 миңге жакын аскерин койгон. Айыгышкан салгылашта калмактар жеңген. Кыргыздардын көбү кырылган, калгандары кулга айланган. Калмактардын кыйноосунан жана туткунунан качып чыга алгандар Гиссар жана Куляб тарапка качып кутулушкан. Колдоосу жок калган каратегиндиктер калмактарга баш ийүүгө аргасыз болушкан.

1722–1724-жылдары Чүй өрөөнүндөгү Жунгар ханы Цэван-Рабтандын байтактасына Петр Інин элчиси артил-

лериялык капитан Иван Унковский келген. Өзүнүн «Жол дептеринде» ал кыргыздар жөнүндө маалыматтарды калтырган.

1727-ж. жунгар тагына Галдан-Церен отурган, ал кыргыздар менен казактарга карата атасынын саясатын уланткан.

Калмак феодалдарынын агрессиясы кыргыздарды коргоо иш-аракеттеринен баш тартууга жана чабуулга өтүүгө аргасыз кылган. 1747-ж. кыргыз аскерлери Акмат бийдин жетекчилигинде Кашгарга ийгиликтүү жортуул жасаган. Калмактардын өч алууну көздөгөн эки жортуулу ийгиликсиз аяктаган. Ошондой болсо да кубаттуу Жунгар мамлекети менен күрөшүүдөгү кыргыздардын жеңиши эпизоддук түрдө гана болгон.

Орус окумуштуу-географы П.И.Рычковдун 1749-ж. Петрдин белдүү бир төрөсү В.Н.Татищевдин «Байыртан берки Орусия тарыхы» үчүн жиберген кол жазмасында кыргыздар жөнүндө маалыматтар бар. Анда кыргыздар – күчтүү калк экени Ташкен жана казак ордолорунан ары Кожент, Наманган жана Маргалаң шаарларынын жанында, Ала-Тоодо көчүп жүргөнү жана алардын бир бөлүгү гана Жунгар хандыгына баш ийери, калгандары алар менен согушуп турары айтылган. Алардан согушка 20дан 30 миңге чейинки адам чогулушу мүмкүн. Бирок кыргыздар менен казактардын чачкын жайгашкан уруулары күчтүү Жунгар хандыгына каршы тура алган эмес жана хан бийлигин таануута аргасыз болушкан, XVII кылымдын экинчи жарымы – XVIII кылымдын биринчи жарымында жунгарларга салык төлөшкөн.



П.И.Рычковдун портрети. Гравюра

Калмактар кыргыздарды рухий жактан да өз ишенимине киргизүүгө аракеттенишкен. Мисалы, ойроттордун 100 кыргыз баланы ламаизмге окутуу үчүн Лхасуга (Тибет) жибергени белгилүү. Ысык-Ата курортунун аймагында ташка чегилген диний тексттер жана Будданын сүрөтү сакталып калган, алар XVI-XVII кылымдарга таандык. Бирок буддизм дин катары кыргыздарга кирген эмес.

Ата мекенди калмак баскынчыларынан бошотуу үчүн күрөшүү идеясы, элдердин достук идеясы башка элдик эпос – «Курманбектин» да негизин түзөт. Курманбек адилеттүүлүктүн, чынчылдыктын



ПОСОЛЬСТВО

КЪ ЗЮНГАРСКОМУ ХУНЪ-ТАЙЧЖИ ЦЭВАНЪ РАБТАНУ

КАПИТАНА ОТЪ АРТИЛЛЕРІИ

ИВАНА УНКОВСКАГО

И

ПУТЕВОЙ ЖУРНАЛЪ ЕГО ЗА 1722—1724 ГОДЫ

Документы, изданные съ предисловіемъ и примѣчаніями

д. чл. Н. Ив. Веселовскаго.

С.-Петербургъ.

[illegible]

1887.



◂◂ Иван Унковскийдин жол дептери

◂ Будданын сүрөттөлүшү, ташка чегилген (Ысык-Ата)

Бул кызык

Кыргыздардын калмак баскынчыларына каршы көшөргөн, жүз жылдан ашык созулган күрөшү «Манас» баатырдык элдик эпосунда ачык чагылдырылган.

*Сарбан аттуу бир киши*
*Бай Жакыпка барыптыр:*
*– Камынып жатыр калмак деп,*
*Эртен шашке-түш менен*
*Сизди чаап алмак деп,*
*Деги чыдабадым андап деп.*
*Жакып чыкты тыш жакка,*
*Жалынып чыкты бир акка...*
*Намыстанып калмактар*
*Аттанган экен баарысы,*
*Ондурбас жумуш болуптур,*
*Алты зубун журтуна*
*Аябай кабар салыптыр...*
*Карабек казак бийине,*
*Казак, кыргыз бир тууган,*
*Калмак камап жатканда*
*Кантип жатат үйүнө...*
*Ошо жерде баатырын (Манас)*
*Чабуул коюп калганы...*
*Баары бирдей бакырып,*
*Кылкандай найза жапырып...*
*Кыйкырып кирип калганы,*
*Кыргынды кыйла салганы.*
*Айбатына тура албай*
*Ат соорусун салганы,*
*Аземилге бет алып*
*Ат коюп качып кутулганы...*
*Сазайларын калмактын*
*Берип кетип баратыр,*
*Сакал менен мурутун,*
*Санап казак, кыргызым*
*Терип кетип баратыр.*
*Өйдө салып калмактар*
*Өрүп кетип баратыр,*
*Көрбөгөнду алтайлык*
*Көрүп кетип баратыр...*

(«Манас», С.Орозбаковдун варианты, 1-китеп 127-148-беттер)



Качып бараткан калмактар

жана каармандыктын ишке ашырылуусу, ал эми анын негизги терс каарманы Тейитбек деспотизмди, сараңдыкты, арамзалыкты элестетет.

Кыргыздар «кожолордун кыймылы» деп аталган Чыгыш Түркстандагы династиялык өз ара тирешүүгө да катышкан.

Кашгар башкаруучусу Махмуд-и Азамдын мураскорлору анын улуу уулу Калан кожо башкарган ак тоо диний тобуна жана кичүү уулу Искак кожо башкарган кара тоо тобуна бөлүнүшкөн. Эки топ тең бири-бири менен тирешип, кыргыз феодалдары менен ушундан өздөрүнө кошумча пайда келтиришкен алардын кошуундарын өз тарабына тартууга аракеттенишкен.

XVII к. – XVIII кылымдын ортосунда кыргыздар өздөрүнүн мамлекеттүүлүгү болбосо да саясий жактан активдүү болушуп, өз көз карандысыздыктарын көшөрүп коргошкон жана ал түгүл коңшу башкаруучулардын саясий иштерине да кийлигишкен.


Ошол мезгилдеги кытай булагы (1778-ж.) «ал түгүл ошондогу кубаттуу жунгарлар да аларды (кыргыздарды) өз бийлигине багындыра алган эмес» деп адилеттүү белгилеген.

## Жунгар хандыгынын талкаланышы

Орто Азия жана Чыгыш Түркстандын калкынын күрөшү Жунгар мамлекетин алсыздандырган. 1757–1758-жылдары алар Цин манжур династиясы башкарып турган Кытай тараптан катуу соккуга туш болгон. Жунгар хандыгы биротоло жер бетинен жексен болгон.

Миллиондон ашык калмактар жок кылынган. Кытай тарыхчылары «жеңиш Жунгар калкын ырайымсыз, дээрлик тирүү жан калтырбай кыруу аркылуу жетишилгенин» моюндарына алышкан. Орто Азиянын башка аймактарына жана Орусияга качкан тургундарынын 20 пайыздайы гана аман калган. Орусияда алар Поволжьеге жайгашкан, мында алардын урпактары жашайт жана бүгүнкү күндө Калмыкия Республикасы деп аталат (борбору – Элиста ш.). Калмактардын бир бөлүгү кыргыз көчмөн журтуна баш калкалаган, кийин сарт калмак деген жаңы уруу пайда болгон. Чыгыш Түркстандан басып алган аймагына цин бийлиги жаңы Кытай провинциясын – Синьцзянды (кыргызча – «Жаңы чек» дегенди билдирет) түзүшкөн.

Кыргызстан XIX к. биринчи жарымында



## Кыргыздар жана цин Кытайы

Калмактардын калдыгын «кармайбыз» деген шылтоо менен кытай аскерлери кыргыз аймактарына жапырып кирип, бул жерде каалагандай жүрүшүп жана зомбулук көрсөтө баштaшкан. Алсак, 1757-ж. цин генералы Чжао Хойдун отряддары Санташ ашуусу аркылуу өтүп, кыргыздардын саяк уруусун талап-тоношкон. Саяктар катуу каршылык көрсөтүшкөн. Чжао Хой саяктардын жол башчысы Турчу бий менен сүйлөшүүгө чыгууга аргасыз болгон. Цин генералы Кытай ханы Богды хандын кыргыздардын үстүнөн болгон бийлигин таанууга үгүттөгөн. Бул учурда ал императордун манифестине таянган. Бул документте Көк тиреген өкүмдар көчмөн кыргыздарды Кытай «цивилизациясына» баш ийүүгө чакырган, анын ордуна өз жеринде жашоо укугун жана «кийимдерин алмаштырбоо» укугун сактоого убада берген. Эгер айтканын аткарбаса анда император «кол алдындагы уруулар (кыргыздар) таптакыр чегарасынан чыкпагыдай» чара колдонорун айтып коркуткан. Бул кыргыздардын арасында циндерге болгон кыжырданууну күчөткөн. Аларды эркиндик үчүн жаңы күрөш күтүп турган.

Жунгарлар басып алган жерлерди кайра алууга умтулуп, кыргыздар өздөрүнүн шарттарын коюуга аракеттенишкен. Алсак, сарыбагыштардын жол башчысы Черикчи ушул максатта 1757-ж. Кытайга элчилик жиберген. Бирок Чжао Хой жана Пекиндеги борбордук өкмөт кыргыздарга жерлерин кайта берүүнү каалашкан эмес.

XVIII кылымда Кытай кыргыздарды биротоло баш ийдире алган эмес. XIX кылымдын башталышында орус окумуштуусу А. Левшин «такай салгылашууга көнүп калган кыргыздарды жеңүү оңой эмес. Кытайлыктар да алардын эрдиктерин далай жолу көрүшкөн жана алардын соккусуна далай жолу туш болушкан» деп жазган.

XVIII кылымдын акыры – XIX кылымдын башында кыргыздар жана Кытай бийлиги улам бири ийгиликке жетүү менен бири-биринин күчтөрүн көп жолу сынашкан. Бирок Кытай башкаруучуларында Борбордук Теңир-Тоону басып алууга үмүт калган эмес. Кыргыздардын бирдиктүүлүгүн начарлатуу үчүн алар бардык жолдор менен уруулар ортосундагы ынтымак-ырашкерликке от жагууга аракеттенишкен. Өз кезегинде кыргыздар цин бийлигине сокку уруучу учурду колдон чыгарышкан эмес. Алсак, Борбордук Теңир-Тоодо жана Алайдагы кыргыз калкы Синьцзяндагы Жангир жетектеген Цин империясына каршы көтөрүлүштү активдүү колдогон.

1822-ж. Жангир Кокон башкаруучусу Омар хандын өлгөнүнөн пайдаланып Памирге качкан (ал Омар ханда мейман туткун болуп турган). Бул жерден Бадахшандын башкаруучусу Жангир кожого эки миң аскер берген. Алар менен 1825-жылы мартта ал Сарыкол капчыгайында памирлик кыргыздар менен туруп калган.

Кашгар наместниги – амбань Жангирге каршы жети миң колу менен чыккан жана талкаланган. 1825-ж. цин жазалоочуларынын кыжырданаган отряды Борбордук Теңир-Тоону басып кирген. Кыргыздардын негизги күчтөрү Кашгариядагы Жангир кожодо болгондуктан каршылыкка жолукпай Кытай аскерлери бетпактык менен карасанатайлык кылууну чечишкен. Элдин айтымында алар бейкут турмушта жашап жаткан миңдеген эч кандай күнөөсү жок

кыргыздарды бирин калтырбай кырган. Борбордук Теңир-Тоодогу Акчий суусун кырылган адамдардын өлүктөрү буул калган.

1826-жылдын майына карата Жангир жетишээрлик күч топтогон жана Кашгарды каптап кирген, мында Кулжа наместнигинин чоң кытай отрядын талкалаган. Ошондо гана кожонун мурдагы жардам сураган чакырыгына Кокон башкаруучусу Мадали макулдугун берген. Бирок кытайлар менен болгон салгылашууда болжол менен жети жүз адамынан ажырап, ал чегинген жана борборго маанайы пас кайткан, хан титулуна жаңы эпитет «гази» – «ишеним үчүн күрөшүүчү» деген сөздү кошууну унуткан эмес.

Жангир кытайлыктар менен эсептешүүнү баары бир оюнан чыгарган эмес. Ага саяктардын жол башчысы Атантай менен Тайлак өз жигиттери менен келип кошулган. Чыгыш Түркстанда жашаган мусулмандар менен биргелешип, Жангирдин аскерлери 1826-жылы июнда Кашгарды каптап кирген.

Кыргыздардын жол башчысы Атантай менен Тайлак кожонун кеңешине кирип, анда алар өтө кадырлуу болушкан. Кожого кызмат көрсөткөнү үчүн Атантай ыраазылыктын белгиси катары Кашгардын мурдагы шаар башчысынын кызын алган.

Кожо аскерлерин Чыгыш Түркстандын башка шаарлары – Жаңысар, Жаркен, Хотанга жиберген, алар оңой эле басып алынган. Бирок Аксуу, Турпан жана Кулжа деген шаарлар кытайлардын колунда кала берген. Жангир шаарларды ыктыяры менен берсин деп Пекинге элчи жиберген. Бирок ага жооп кылып зор армия жиберилген.

Жангирдин начар куралданган эки жүз миң аскери, кытайлардан тартып алынган бир нече замбиреги, жөнөкөй жана оор чеп мылтыктары, төөгө артынган артиллериясы болгон. Кытай унааларын жана фуражын талап-тоноо үчүн кыргыздардан партизандык отряддар да түзүлгөн.

1826-ж. сентябрда Аксууга бийик даражалуу цин төрөсү Жун Тандын башчылыгы менен жетимиш миң аскер келген. Салгылашуу Жаңы жылдан кийин болгон. Кытайлыктардын регулярдуу армиясы каз катар тизилип чыгышкан жана көтөрүлүшчүлөрдү замбиректин огу менен каршы алышкан. Кытайлардын арасында Сычуань аймагынан келишкен чалма чалынган жана кокон чапанын кийишкен аскерлер да бар эле. Алар Жангирдин аскерлери менен аралашып, чаң-тополоң чыгарышкан. Кокондуктар биринчи болуп качышкан, алардын артынан бардык калгандары түшкөн. Кожо эптеп тоого жашынганга үлгүргөн. Атантай менен Тайлак да качууга аргасыз болгон.

Жангир кожонун тогуз айлык башкаруусу ушундайча аяктаган.

Тагынан ажырап, Жангир кыргыздардан жаңы кол кураган, кытай армиясы менен кагылышкан жана аларды жеңген. Бирок жеңишинин үзүрүн көрө алган эмес, анткени кытайлар дайындаган жаңы Кашгар башкаруучусу, куу жана ошол учурда кытайларга берилген Исак-ван чыккынчылык кылган. Жангирге тыңчысын жиберип, Кашгарды ага бошотуп берүүгө даяр экенин билдирген. Ал бир топ кыргыз бийлерин азгырып, Жангирди куйтулук менен кармаган жана кытайлыктардын колуна тапшырган. Пекинге жиберилген кожону капаска салып алып, бир нече жыл элге шылдың кылып көчөдө ары-бери алып жүрүшкөн, андан кийин козголоңчу катары кескилеп өлтүрүшкөн.



Тайлак баатыр

Кашагар тагына талапкер болушкан Жангирдин башка туугандары Чыгыш Түркстанга дагы бүлүк салбаш үчүн Кокон ханы алардын башын бириктирбей, өз-өзүнчө кармап турууга милдеттенген, анысы үчүн Пекин бийлигинен белгилүү өлчөмдө акы алып турган.

Ал жеткис болгон кыргыз баатырлары Тайлак менен Атантайга Кытай императору тарабынан эки жүздүүлүк менен кечирим берилген. Алардын Чыгыш Түркстандагы көтөрүлүштөргө дагы катышуу мүмкүндүгүн болтурбоого аракеттенип, Синцзяндын жаңы цин наместниги Тайлак менен Атантайга кайрылуу жиберген, анда төмөнкүчө айтылган (ырас, алардын көбү тигилердин мүдөөсү катары айтылат): «Силер көпкө чейин тил алчак, жакшы бурут болуп жүрдүңөр. Мурда силердин ата-бабаңар бизге ынтаалуу эле, ал эми силер болсо кылган кылмышыңардан коркуп азыр алыс жакка качып кеттиңер. Улуу император силерди ынтымакка келсин деди. Эгерде силерди жөнү жок таарынтса (алар жазаланат). Улуу императордун силерге көзү түз экенин баары билет. Силердин мурдагы бардык кылмышыңар кечирилди».

«Манас» эпосу манжур-цин аскерлери менен кыргыздардын күрөшүнүн баатырдык эпизоддорунун фольклордук жалпыланышын камтыйт, ал эми эпостун негизги главаларынын бири «Бээжинге жортуул» (б.а. Манастын Бээжинге жортуулу) деген символикалык аталышка ээ.

Акыры цин Кытайы «чет элдик» кыргыздарды «бейкуттукту сактап жана Синьцзянь жаңы империялык провинциясынын чегараларын бузбоого чакыруу менен чектелүүгө аргасыз болушкан.

Бул кызык

### «БАТЫШТАГЫ ЖЕРЛЕР ЖӨНҮНДӨГҮ ЖАЗУУЛАР» ДЕГЕН КЫТАЙ ЖЫЛНААМАСЫНАН ҮЗҮНДҮ. XVIII к.

«Буруттар (б.а. кыргыздар) Түркстан урууларынын бири болуп эсептелет. Алар жашаган жер Анжиян менен Кашгардын ортосунда, Иле суусу менен чектешет. Жери кенен, калкынын саны көп. Жаа атуучу аскерлеринин саны – 100 миң адам. Алардын башкаруучулары бий деп аталат. Алардын айрымдарынын башкаруусунда 10-20 айман (үй-бүлө) бар, башкалары 30-40 айманды башкарышат.

Жеңи ичке жана топчулуксуз көйнөк кийишет. Алардын калпактары төрт бурчтуу, анжияндыктардыкы сыяктуу төбөсү жалпак. Аялдар өздөрүнүн калпактарын кыргоолдун канаттары менен кооздошот. Алардын адеп-ахлактары жана тили түркстандыктарга абдан окшош, ал эми эгерде айырма болсо анча көп эмес. Жүз адамдын ичинен 1-2 адам эле намаз окуйт. Күздүк жана жаздык буудай себишет. Алардын турак-жайы – кийиз боз үй. Алар алектенген иш – көчмөн малчылык, эт – алардын тамак-ашы. Уйдун жана бээнин сүтүнөн ойроттордуку сыяктуу кымыз жасашат. Кытай фарфорун, чайын, жибегин, болотнайын, тамекисин, шарабын жакшы көрүшөт жана бул буюмдарды кымбат баалуу буюмдар менен катар эле баалашат.

Алардын эли кедей болсо да каарман эл. Алар чокмор жана жыгач найзаны бирдей эле колдонушат, капысынан кол салып жана эрдик менен алга жөнөйт, ошондуктан казактар менен болорлар алардан коркот. Ал түгүл жунгарлар күчтүү кезинде да аларды баш ийдире алышкан эмес».

## ОРУСИЯ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ ТҮЗҮҮ

Орусияда кыргыздар жөнүндөгү биринчи маалымат 1722-1724-жылдары Жунгар хандыгына жиберилген Петр Iнин элчиси Иван Унковскийден алынган. Унковский кыргыздарды буруттар деп атаган. 1749-ж. Оренбург окумуштуусу П.И.Рычков каттаган көпөстөрдөн сурамжылап жана жаңы материалдарды чогултуп, аларды жашаган жери боюнча алатай кыргыздары деп атаган. Элчи дагы, окумуштуу дагы түндүк кыргыздардын жоокер эл экенин жана Жунгар баскынчылары менен алардын чаалыкпай кармашып келгенин айтышкан.

И.Унковскийдин жана Ф.Ефремовдун саякатынан кийин Орусияда кыргыздардын жашаган жерин жана ага баруучу жолду билип калышкан. Ошондуктан 1784-ж. майда Орусиянын ханышасы Екатерина II Уфа жана Симбирск генерал-губернаторуна «... Силер кыргыз ордолорунан өкүлдөрдү, анын ичинде султандардын бирин өз жаныңарга алып жүрүп, алар аркылуу тигилердин



Орус ханышасы Екатерина II

Бул кызык

### ФИЛИПП ЕФРЕМОВ

XVIII кылымдын 80-жылдарынын башында Фергана жана Алай аркылуу «эркcиз жолоочу» Филипп Ефремов өткөн. Ал орус армиясынын унтер-офицери болгон. Оренбург талаасында кызмат өтөп Пугачевдун козголончулары менен салгылашкан, казактарга туткунга түшкөн, алар аны Бухаранын башкаруучусу аталык Данияр бекке сатып жиберишкен. Ал туткун кулду ар бир бешинчи аскери орус болгон өз гвардиясына жүз башы кылып даярдаган. Аны ислам динин кабыл алууга мажбурлап кыйнашкан, бирок акырында Бухара башкаруучусуна ак пейилден кызмат өтөөгө убада алуу менен гана чектелишкен. Бирок Ефремов мекенине кайтуу жөнүндөгү ойдон кайткан эмес. Ошентип ал биринчи эле ыгы келген учурда качып чыккан. Түз эле Орусияга качуу коркунучтуу болгон, ошондуктан ал башка жолду тандап, кошуна Кокон хандыгы (Бухарага кас), кыргыз тоолору жана Гималай аркылуу Индияга, андан кеме менен Англияга өткөн жана аерден орус элчисинин жардамы менен Санкт-Петербургга келген. Жолоочулап жүрүү учурунда (1474-1782-жылдар) Ефремов жергиликтүү элдердин тилдерин үйрөнгөн, алардын үрп-адаттарын өздөштүргөн жана мекенине кайтып келээри менен китеп жазган. Ал «Орусия унтеофицери, азыр жарандык кызматтагы Ефремовдун он жылдык саякаты жана Бухара, Хива, Персия менен Индиядагы окуялары, андан Англия аркылуу Орусияга келгендеги өзү жазган китеп» деген узун ат менен 1786-ж. басылып чыгат. Китеп автордун көзү тирүү кезинде үч жолу кайталап басылган. Ушул китеп аркылуу Орусияда көптөгөн элдер үчүн мурда белгисиз болгон – кыргыздар менен таанышкан.


Кыргыз менен казактын айырмасын баса белгилеп, саякатчы ушул элдин өздөрү атаган так фонетикалык айтылышын берет, ал эми Орусияда белгилүү киргиз-кайсактар – булар казактар. Ошто Ф.Ефремов мусулмандардын ыйык тоосу Сулайман тоого чыккан, Алайда жергиликтүү элдин жашоо-турмушу жана тиричилиги менен таанышкан. Китебинде «кыргыздар Бухаранын өзүндө эмес, ага жакын Ош жана Кашгар шаарларынын ортосундагы тоолор менен талааларда топ-топ болуп жашайт» деп жазган. Саякатчы кыргыздар эркин эл экенин, Кокон «кыргыздардын жерлери менен танапташ», башкача айтканда алар менен чектешип гана турарын баса белгилеген. Алардын ири байлары бар, алар Коконго тез-тез барып, соодалашканы кой, өгүз жана төөлөрдү айдап барып турушкан.

башчыларынан кабар алып туруу керек» деп сунуш кылганы бекеринен эмес. Албетте бул жерде сөз казактар жөнүндө болуп жатат, бирок Орусияга кыргыздар жөнүндө да маалыматтар керек боло баштаган.

Ал эми кыргыздар Орусия жөнүндө билишти беле? Кыргыздардын өздөрүндө ал мезгилде китеп болгон эмес жана жылнаама да жүргүзүшкөн эмес. Орус архивдеринде да мындай материалдар болгон эмес. Бирок жаңы документтерди издөө анча чоң эмес ачылыш жасоого мүмкүндүк берди. Көрсө 1757-ж. эле 200 адамдан турган теңир-тоолук кыргыздардын тобу мүмкүн кытайлар талкалаган калмактардын калдыгы менен орус чептерине чукул Сибирге жайгашкан жана бул жерде Орусиянын букаралыгына өтүшкөн. Андан кийин алар батышка жылып Поволжьеге жайгашкан. Кайра жайгашкандардын ичинде Орусияга барган келечектеги биринчи расмий элчи Абдыракман Кучаков же аны башкача аташкандай Карыганбай Алкучаков болгон.

Поволжьелик калмактардын арасында жайгашып, кыргыздар албетте орустардын чарбасы жана жашоо мүнөзү, башкаруусу жана Орусиянын алык-салык алуу жол-жобосу менен таанышкан, бирок астрахандык губернатор Бекетовдун бийлигинин запкысын жеп, кул кейпине чейин жетишкен. Алар даттануу кат менен Екатерина IIге кайрылууга аргасыз болушкан.

Айрымдары жеңилдик алууну күтпөстөн эле ата мекенине кайтууга ара-



Орто Азия XVIII к. акырында





▲ Петербургдагы суу жээги

◀◀ Петербург XVIII кылымдын акырында

кеттенишкен. Абдыракман Кучаковдун уулу Сатынбай Орусияда төрөлгөн, Абдыракмандын келишин сарыбагыштардын улук бийи Атаке баатыр дароо пайдаланып, өзүнүн Санкт-Петербургга элчилигин жабдып Екатерина IIнин ордосуна жиберген. Аны менен жаштыгына карабай зирек өскөн Шергазы жиберилген.

Абдыракман Кучаков жөнүндө ал Астрахань губерниясынан ата мекенине келгенден кийин Ташкенде соода кылганы («Ташкен көпөсү»), андан кийин Атаке бийге кызматка өтүп соода кербендеринин башчысы болгону белгилүү. Аны кыргыз көчмөндөрү жакшы билишкен жана чынчылдыгы, сылыктыгы жана тынымсыз соода иштеринде алган жакшы билими үчүн кадыр-баркка ээ болгон. Анын үстүнө ал сабаттуу болгон жана орус тилин билген.

Алар жолго 1785-ж. эрте жазда аттанышкан. Өздөрүнүн статусуна ылайык кыргыз элчилери «ишеним грамотасын» – эки кат: бирөөнү – Сибирь генерал-губернаторуна, экинчисин Екатерина IIнин жеке өзүнө жана белек – эки ат, илбирс менен сүлөөсүндүн терисин, ага кошуп түрү укмуш араб кулду алышкан.

Петербургда элчилерди Екатерина II өзү кабыл алган. Атаке бийдин катын угуп ханыша ага 800 сом күмүш теңге, Абдурахман Кучаковго 100 жана Шергазыга 25 сом күмүш теңге бердирген.

Екатерина IIнин ишенимдүү адамы, Хан сарайындагы кеңештин мүчөсү князь Вяземский 1787-ж. 23-январда бийге ханышанын атынан кат жазып, бийдин достук жөнүндөгү сунушу кабыл алынганын билдирген жана «орус соодасын кеңейтүүгө жардамдашуусун» өтүнгөн.

Кат дароо чабарман аркылуу кыргыз бийдин ээлигине жеткирилген. Бирок Абдыракман Кучаков Кыргызстанга кайтпай калган: ал ооруп калган жана Сибирь чегине келип жеткенде 1789-ж. 20-июнда мечитте намаз окуп жаткан жеринен болжол менен 50 жаш курагында каза болгон. Аны тосуп барган уулу Сатынбай менен элчи Шергазы анын сөөгүн элине алып келип, бардык ырым-жырым менен узатышкан.



Абдурахман Кучаков

Теңир-Тоодон Орусияга барган биринчи элчиликтин милдети ушундай-

Бул кызык

## АТАКЕ БААТЫР ТЫНАЙ БИЙ УУЛУ (БОЛЖОЛ МЕНЕН 1738 (?) – ? жж.)



Атаке бий

Сарыбагыш уруусунун жол башчысы, тарыхка Орусия менен достук мамилелерди орнотуунун демилгечиси катары кирген.

Кыргызстандын түштүгүндө, Анжиян шаарына жакын жерде төрөлгөн. Жаш кезинде кыргыздардын, казактардын жана кыпчактардын арасында жунгарлар менен күрөшүүдөгү эр жүрөктүүлүгү менен данкы чыккан, ошонусу үчүн «баатыр» деген ардактуу аталышка ээ болгон.

XVIII кылымдын 40-жылдарынын башталышында өз ара ички ыйкы-тыйкылардын натыйжасында Жунгар хандыгынын начарлашын пайдаланып, кыргыздар Ала-Тоодогу өз жерлерине кайтып келе башташкан. Ошондой болсо да өз жерлерин толук бошотконго чейин аларга жунгарлар менен дагы күрөшүүгө туура келген. Атаке өзүнүн жоокерлери менен алардан Чүй өрөөнү, андан кийин Чон-Кеминди тазалаган жана Тору-Айгыр ашуусу аркылуу Ысык-Көл өрөөнүнө түшкөн. Тез эле анын түндүк бөлүгү душмандан бошотулган. Жерди сарыбагыш жана бугу уруулары ээлешкен.

1795-ж. кыргыздар жөнүндө төмөнкүчө жазышкан: «аларда эч кандай хан жана султан жок, болгону бир гана князы же бийи Атаке гана бар, ал алардын бардык ордолорунда башкы начальник, ал таштуу тоолордо өзүнүн эли менен бирге көчүп жүрөт. Атаке бий кыйла кубаттуу өкүмдар жана он болуштукту башкарат; ушул болуштуктардын бий-князлары аны улук бий катары таанышат...».

Бий көп жылдар бою Кокон хандыгына каршы турган. Кокондуктар менен күрөшкө кыргыздарды колдой турган күчтүү союздаш издеп Атаке баатыр Орусия менен союз түзүүнү чечкен. 1785-ж. кыргыз элчилери Санкт-Петербургга жөнөтүлгөн. Аларды Екатерина II жакшы кабыл алган. 1788-ж. Омскиге ал жаны элчилерди жиберген, алар урмат-сый менен кабыл алынган.

•••

Сибирь генерал-губернаторуна жазган катында Атаке төмөнкүлөрдү билдирген: «Улуу урматтуу ханышанын иш башкаруучусу мырза генералга байыркы падышалар Соломон менен Александр Македонскийдин тушундагы атактуу төрөлөрдүн тукумунан болгон, азыр укум-тукумунан бери жапайы кыргыздарды башкарып келген Тынай бий уулу Атаке баатыр ыракым этет. Өз кишилерим Абдыракман менен Шергазы аркылуу эки ат жиберип жатам, менин биринчи тартуумду ыракым этип алып коюунуз, болочокто да ныман жазбай турганымды бөркүнүздөй көрө бериниз...».

Түздөн-түз Екатерина IIге даректелген катта бий төмөнкүлөрдү жазган. Ханышанын мартабалуу наамдарын атагандан кийин – текст: «...Кептин акы-

рында, Улуу урматтуу ханышам, мээрман айым жогоруда айткан ата-тегимдин күч-кубаты азыркы менин Тынай бий уулу Атакеникиндей болгонун эскертип, Орусияга Ташкен көпөстөрүнүн кербенин өткөрүп жана узатып турруу кызматын кабылдоонузду көптөн-көп суранам.

Улуу урматтуум, мен кербен менен кошо бир арабды, үч илбирс, беш сүлөөсүн терисин, ошондой эле өз кишилерим Абдыракман менен Шергазыга кошуп эки жөкөрүмдү жөнөттүм, алар аркылуу Улуу урматтуу ханышам, Сиздин саламаттыгыңызды тилегендигимди билдирем».



Атакенин Омскиге жазган каты. 1785-ж.

## 1787-жылдын 23-январында АТАКЕ БИЙГЕ ЕКАТЕРИНА IIнин АТЫНАН КНЯЗЬ А.ВЯЗЕМСКИЙДИН ЖООП КАЙРЫЛУУСУ

*«Кадырлуу Атаке Баатыр.*

*Улуу арматтуу ханышага, биздин мээрман айымга урмат көрсөтүү менен Сиз бизге жибирген Сиздин кадырлуу Абдыракмандан Сиздин достук катыңызды алаарым менен мен ал жөнүндө Улуу урматтуу ханышага билдирдим... Улуу урматтуунун Сиз жиберген арабды хан сарайында кызмат кылууга, ошондой эле үч илбирс жана беш сүлөөсүн терисин кабыл алганын, Сизге ыраазылык билдирип, араб кул үчүн беш жүз сом, белектер үчүн үч жүз сом күмүш теңге бердиргенин, Сизден келген элчилер да кур калбаганын, алар дагы бул жерде меймандостук менен күтүлүп жана сыйлыктар менен сыйланганын билдирүү мен үчүн жагымдуу. Ошентип, кадырлуу Атаке Баатыр Сиз эч бир шектенбей эле Улуу урматтуу ханышанын ниети жакшы экенине, Сизди жана Сизге баш ийген элди коргоого алаарына ишенсеңиз болот...».*

1825-ж. Атаке бий Кокон хандыгынын кысымына чыдай албай сарыбагыш уруусунун бир бөлүгү менен Ысык-Көлгө көчүп кеткен.

Атаке бийдин урпактары азыркы учурда Кыргызстандын дээрлик бардык райондорунда, Кытайда жана башка чет өлкөлөрдө жашайт.

ча аяктаган. 1787-жылдын күзүндө Атаке бий салтанаттуу кырдаалда Чүй өрөөнүндө жооп иретинде келген орус элчиси Муслим Агаферовду кабыл алган. 1788-ж. ал өзүнүн жаңы элчилерин Омскиге жиберген, алар өтө урматсый менен кабыл алынган. Түркия менен болгон оор согуш жана башка ички иштери менен, анын ичинде Пугачевдун көтөрүлүшүнүн кесепеттерин жоюу менен алектенип Орусия ошол мезгилде кыргыздарды өздөрүнүн достугу жана колдоо көрсөтүүсүн ишендирүү менен гана чектелишкен. Бирок байланыштын башталышы түптөлгөн.

## XIX кылымдын биринчи жарымындагы кыргыз-орус байланыштары

1813-жылы Сибирь чегинин начальниги генерал Г.И.Глазенаптын демилгеси боюнча Ысык-Көлгө жана Чыгыш Түркстанга казак талаалары жана кыргыз көчмөндөрү аркылуу көпөс Миркубан Ниязовдун соода кербени жөнөтүлгөн. Кербендин ичинде жергиликтүү элди Орусияга достук мамиледе болууга көндүрүү атайын тапшырмасы менен губерниялык катчы, котормочу А.Л. Бубенов болгон. Анда Сибирь генерал-губернаторуна жаңы жол менен көчүп-конуп жүргөн элдердин бардык султандарына, старчындарына жана бийлерине ачык каты бар эле, ал катта кыргыздар өзгөчө белгиленип, алардан орус көпөстөрүнө ар кандай көмөк көрсөтүүнү суранган.

Кыргыз бийлери Шапак, Шералы, Эшим жана башкалардын бугу айылдары орустарды кастарлап тосуп алышкан. Бубенов аларга Сибирь бийлигинин кайрылуусун тапшырган. Ага жооп катында бийлер «көпөстөргө алар кысым көрсөтмөк турсун, дайыма калкалап, керектүү жерине жеткирип турушарын» убада кылышкан.

Бубенов менен кошо Сибирге ысык-көлдүк кыргыздардын элчилиги жооп катары чыккан. 1815-ж. 5-январда алар Семей чебине келишкен. Жүрүштүн жыйынтыгы жөнүндө генерал-губернаторго берген рапортунда Бубенов төмөнкүлөрдү билдирген: «Кара кыргыздардын бийлери Шапак, Шералы жана башкалар биротоло Орусия тактысына ишенимдүү букара болууга макул болушту,... Улуу урматтуу Сиз менен жекече сүйлөшүү үчүн Шералы бий уулу Качыбекти жана бийдин уулу Жакыпты эки карапайым кыргыз менен кошо өкүл кылып мени менен жиберди».

Генерал-губернатор кыргыз өкүлдөрүн ошол кезде Сибирь башкармалыгы турган Төбөлүдө өзү кабыл алып, орус өкмөтүнүн кыргыздарга ниети жакшы экенин билдирип, колдоого убада берген. Элчилерди айрым чегаралык чептер менен тааныштырышкан, аларга Барнаулдагы заводдорду көрсөтүшкөн.

Кыргыз элчилери өз конуштарына орус армиясынын капитаны деген чин жана ысымы жазылган кылыч алып кайтышкан. Качыбек кызыл тасмадагы Алтын медаль, ал эми Жакып бриллиант таштуу шакек менен сыйланган.

Ошол мезгилден тартып кыргыздар менен Орусиянын ортосунда кыйла тыгыз байланыш түзүлгөн, соода-экономикалык жана саясий байланыштары өнүккөн. 1824-ж. Сибирге Акылбек Олжобай уулу, Алгазы Шералин жана башкалардан турган жаңы кыргыз делегациясы келген. Алар кайра жолго чыкканда алар менен кошо Ф.К. Зибберштейн жана Т.В. Нюхалов казак отряды менен кошо чыккан.

1825-ж. күзүндө Жыргалаң суусунун боюна манаптар – уруу башчылары бугу уруусунун көрүнүктүү бийлерин курултайга чогулткан. Бул орус элчилери келер алдында кыргыз конуштарында Кокон хандыгынын элчилери келгенине байланыштуу болгон. Бугу манаптары жалпы уруулук курултайда кимдин букаралыгына кирүү керек – Орусиянынбы же Кокондунбу деген маселени чечишмек.

Курултай кызуу өткөн жана акырында Орусия тарапка өтүүнү чечишкен, ушундан кийин Кокон ханы Түндүк Кыргызстанды басып алууга камына баштаган.


## КОКОНДУКТАРДЫН КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫН БАСЫП АЛЫШЫ

### Кокон хандыгынын түзүлүшү

XVIII кылымдын башында Бухара эмирлигинен Фергана өрөөнүндө өз алдынча ээлик – Кокон бөлүнүп чыккан. 1709-ж. Миң өзбек кокон династиясынын негиздөөчүсү Шахрух бий «падышалык» ак кийизге шаан-шөкөт менен көтөрүлгөн.

Жаңы мамлекет түздөн-түз Кокон, Исфара жана Маргалаңдын аймактарын камтыган, бирок бат эле алар басып алган Кожент, Анжиян, Наманган жана Ферғананын тоо-этектериндеги жерлеринин эсебинен кеңейген. Хандыктын (адегенде ал бек ээлиги деп аталган) калкын көчмөн жана отурукташкан дыйкан өзбек, тажик, кыпчак жана кыргыз уруулары түзүшкөн. Уруулар өз ара ыркы жок болгондуктан, хандыкта башкаруучулар тез-тез алмашып турган. Дайыма болуп турган ич ара жаатташуу жана коңшулар менен болгон согуштар калкка эсепсиз кырсыктарды алып келип турган. Талаш-тартыштын объектиси көптөгөн жылдар бою анча чоң эмес Оро-Төбө ээлиги (Бухара менен Кокондун ортосу) болгон, анда кыргыздар жашаган. Кокондуктар менен болгон салгылашуунун биринде оротөбөлүктөр жеңишке жетишип, туткундардын кесилген баштарынан келде-мунар деген дөбө тургузушкан. Экинчисинде Эрдене жеңип чыккан жана орто азиялык даректерде айтылгандай бардык туткунга түшкөн оротөбөлүктөр кырылган, Кокон өкүмдары алардын баштарынан «жаңы келде-мунар тургузууга буйрук берген».

Кокон хандыгы кулчулук элементтери бар Чыгыштын феодалдык



В.В. Верещагин. «Согуш даңкы»

Б у л к ы з ы к

### КУБАТ БИЙ
(XVIII кылымдын экинчи жарымы)



Кубат бий

XVIII кылымдын экинчи жарымында теңир-тоолук кыргыздардын башында Кубат бий (Кубат мырза) турган, ал ири феодал, кушчу уруусунун башчысы болгон. Ал ырааттуу түрдө жунгар агрессорлорунан да, кокон басып алуучуларынан да кыргыз урууларынын эркиндигин жана көз карандысыздыгын коргогон. Ал шыктуу дипломат жана саясий ишмер болуп, касташкан тараптарды билгичтик менен эпке келтирип турган, кыргыз урууларынын өз алдынчалыгын сактоого аракеттенген. Кубат бий уруулаштарынын арасында эр жүрөктүүлүгү жана каармандыгы, ак ниеттиги, мээрмандыгы жана адилеттиги менен чоң кадыр-баркка ээ болгон.

Алгачкы кокон башкаруучулары бул жөнүндө билишип аны менен, ошондой эле башка кыргыз феодалдары менен союз түзүүнүн жолдорун издешкен. Алсак, Кубат бий кокон ханы Эрдене бийдин Оро-Төбөгө 1754-ж. жайында болгон жортуулунун учурунда анын союздашы катары чыккан.

Оро-Төбөнүн башкаруучусу Фазыл бий жалган катты пайдаланып Эрдене бий менен Кубат бийдин наразылыгын жараткан. Княздык туруштук берген. Бирок Эрдене менен болгон жанжалдан кийин Кубат бий өзүнүн уруулаштары менен дагы бир канча мезгил Фергананын жана Теңир-Тоо чептеринин турмушунда маанилүү роль ойногон. Кокон дареги «Тарих-и Рахым-Хани» аны ал түгүл «кыргыздардын падышасы» деп атаган. Кубат бий өзүнүн жеке атынан Кытай императоруна кайрылуу жибере алган. Ал эми дүйнөнү өзүм башкарып турам деп эсептеген Көк тиреген падышачылыктын башкаруучусу кыргыз урууларынын башкаруучусунун пикирин уккан, анткени анын Теңир-Тоонун саясий турмушундагы ордун билген. Бухара жана Кашгар булактары Кубат бий «өз алдынча башкаруучу болгон жана жеке пайдасына карап тигил же бул башкаруучу менен достошуп же касташып турган» деп белгилешет. Кубат бий XVIII кылымдын экинчи жарымындагы көрүнүктүү саясий ишмерлердин бири катары тарыхта калат.

деспотиясынын типтүү үлгүсүн элестеткен. Кокон хандары мамлекеттин феодалдык башкаруучуларынын кызыкчылыктарына көз каранды болушкан. Көп учурда феодалдар бири-бири менен касташып турушкан жана жеңген «партия» ханды кулатып, такка маанилүү мамлекеттик кызмат ээлеп турган өздөрүнүн кишисин көтөрүшкөн.

## Алгачкы басып алуулар

Ошол мезгилде кыргыз урууларын бириктирүүгө болгон аракеттер ийгиликке жетишкен эмес, Кокон хандыгынын Орто Азиядагы абалы чыңдала берген. Кыргыз урууларынын ортосундагы чыр-чатактарды пайдаланып Эрдене хан Ош жана Өзгөн шаарларын чет-жакалары менен бирге басып алуу-

ну чечкен, бул жерлер ушул мезгилге чейин кыргыздардын контролунда болгон. 1762-ж. кокон аскерлери Өзгөндү карай жылган. Кожо бий жетектеген жергиликтүү кошуун шаарды коргой албай чегинүүгө аргасыз болгон. Андан кийин кокондуктар Ошту басып алышкан. Кыргыздар тоого сүрүлгөн. 1764-ж. Эрдене хан Кожентти басып алууга ниеттене баштаган. Кожо бий кокон аскерлеринин Чыгыш Ферганадан кеткенин пайдаланып, аскерлерин Ош шаарына аны кайра алуу үчүн жиберген. Коркуп кеткен Эрдене Кожентгин башкаруучусу Фазыл бек менен шашылыш тынчтык келишимин түзгөн жана өзүнүн негизги күчүн Ошко жиберген. Кыргыз отряддарына кокондуктар күчтүү сокку урган. Кожо бий туткунга алынган.

Кокондун жаңы башкаруучусу Нарбото бий (1770–1800-жылдары башкарган) кадыр-барктуу кыргыз жана кыпчак феодалдарын өз тарабына тартып, аларды чин жана наамдар менен сыйлаган, жакшы жайыттарды бөлүп берген. Ал эркиндикти артык көрүп, анын боорукердигине моюн сунгандарды тоотпогондорго каршы тукурган.

Ошентип XVIII кылымдын 80-жылдарына карата Кокондун карамагына Ферганадагы дээрлик бардык кыргыз жери караган. Айыгышкан салгылаштан кийин алай кыргыздары да баш ийип берген, мында кокон аскерлери Кызыл-Коргон, Сопу-Коргон жана Таш-Коргон чептерин курган. Кийинчерээк Чоң-Алайдын батышына Дарот-Коргон чеби курулган. Негизги мал айдалуучу жана соода жолдорунун тоомдорундагы чептерге кокондуктардын гарнизондору коюлган, алар кыргыздардын малынан зекет жана арыбери өткөн соода кербендеринен салык алып турушкан. Ошондой эле хандын бийлигине каршы мүмкүн болгон көтөрүлүштөрдү басуу зарылдыгы дагы эске алынган.

## Кетмен-Төбөнү басып алуу

Кокондун кыргыздарга карата жаңы баскынчылык саясатынын башталышы Нарбото бийдин уулу Алимдин (1800–1809-жж.) башкарган кезине туура келет. Алим хан кыргыздарга бир нече жолу талоончул чабуул койгон. 1806-жылы майда кокондуктар Оро-Төбөнү басып алышкан, 1809-жылы кокон ээлигинин курамына кирген Ташкенди каратышкан жана Талас менен Жети-Суунун кыргызда-



Оро-Төбө чеби. Гравюра




▲ Бухара чебинин дарбазасы

ры менен казактарына каршы агрессиясы үчүн ыңгайлуу плацдарм болуп калган. Бирок Кетмен-Төбөнү карата алган эмес.

Кокондун жаңы башкаруучусу Омор хан (1809-1822-жылдары башкарган) агасынын баскынчылык саясатын уланткан. Ага баш ийүүнү каалабаган кетмен-төбөлүк кыргыздар анын өзгөчө жинин келтирген. Мирза Каландар – «Тарих-и Омар-ханинин» («Омар хандын тарыхы») автору тээ мурда Нарбото да кетментөбөлүктөргө бир нече жолу жортуул жасап, бирок «мамлекеттин мыктылары, кол башчылары козголоңчу элдин тизгинин кантип тартабыз деп канча сүйлөшпөсүн, пикир алышпасын бу тоолуу аймакты багынтуу жолун таба алышпады» деп билдирет. Тарыхый булактар XIX кылымдын башында баскынчыларга каршы кыргыздардын баатырдык күрөшүн Сатыке деген башкарганын айгинелейт, ал карапайым адамдардан болсо керек, анткени эч жерде ал бек же бий деп аталбайт.


Бирок 1821-ж. кокон аскер башчысы Сейиткул бек көп аскерлер менен калың кар күрткүлөрүн жиреп, ашуудан ашып жана Кетмен-Төбөдөгү кыргыздардын чебине жашырынып жеткен. Чептин коргоочулары капысынан кол салгандарга туруштук бере албай багынып беришкен. Сейиткул бек аны тоноп көп сандаган туткундарды айдап келгенде Кокондо аны урмат-сый менен тосуп алышкан жана хандан өтө көп белек бечкек алган.

1. Токмок кокон чеби
2. Бишкек кокон чеби



## Түндүк Кыргызстанды басып алуу

Кокон башкаруучусу Мадалы хан (1822-1842-жылдары башкарган) түндүк кыргыздардын сарыбагыш жана солто урууларынын ортосундагы чырчатактарды пайдаланып 1825-ж. Чүй өрөөнүнө Лашкер кушбек баштаган 4 миң адамдан турган отрядды урууларды багындыруу жана салык алуу үчүн жиберген. Түшүмдүү жана кырдүү Чүй өрөөнүндөгү жерлерде байырлоо үчүн кокондуктар ошол эле жылы Аламүдүн суусунун жээгине Бишкек дубал чебин куруп, ал жерге аскер гарнизонун орноткон.





◂ Өзбек жүз башысы

◂◂ Бишкек кокон чебинин жанында

Бул жерден Кокон төрөлөрү ысык-көлдүк кыргыздарга кат жиберип хандын бийлигине баш ийишин жана салык төлөөнү талап кылышкан. Ысык-көлдүк кыргыздар абдан оор абалга туш болушкан. Андан сырткары Ысык-Көлдүн аймагына илгертеден эле көз артып жүргөн Кытай тараптын агрессия коркунучу да болгон. Кыргыздар Орусиядан өз элчилигинин кайтып келишин күтүп жатышкан. Ал көп өтпөй эле орус элчилери Ф.К. Зибберштейн жана Т.В. Нюхаловдор менен кошо келип калышкан.

Бизге белгилүү болгондой курултайда кыргыздар Кокондун бооруна тартканын четке кагып Орусия менен союзга киришкени белгилүү. Ф.К. Зибберштейн өзүнүн күндөлүгүнө минтип жазган: «акырында элчи Нюхалов күч-кубаттуу Орусиядан мыкты колдоо көрүшөрүн ынандырганда, Олжобай менен Жапалак бий Коконго кошулууну биринчи болуп четке кагышып, Орусия мамлекетинин даңкын көтөрө чалып, калган уруу башчыларын ээрчитип кетишти».

Ысык-Көлдөгү жолугушуунун натыйжасы Мадалы хандын жинин келтирди. 1831-ж. ташкендик хаким Лашкер кушбеги аскерлери менен Чүй өрөөнү аркылуу Ысык-Көлдүн жээгине келип жетти. Экинчи тараптан, Ферганадан Көгарт аркылуу Борбордук Теңир-Тоого Хаккулу миң башынын колу жакындап келди. Хандын кол башчылары уруулар ортосундагы чыр-чатакты пайдаланып пайда болгон каршылыкты кыйынчылыксыз эле басты. Алар Ысык-Көлдө жолугушмак.

1831-ж.жаңы аймактарды – Борбордук Теңир-Тоону жана Ысык-Көлдүн кылаасын басып алып, кокондуктар шашылыш түрдө Тогуз-Торо, Куртка, Жумгал чептерин курушту. Ысык-Көлдүн айланасына 171Барскоон, Коңур-Өлөң, Каракол жана башка чептерди курушту. Бул жерден алар кыргыз конуштарына такай талоончулук чабуул коюп туруш-

Бул кызык

***Тайлак баатыр*** (1802-1844-жылдар) саяк уруусунун чоро уругунан чыккан, жогорку бийлик өкүлүнүн бири болгон. Агасы Атантай менен бирге кокондуктарга каршы саяк жана черик урууларын башкарып, кыргыз жерлерин коргогон. Бирок күч тең эмес эле. Чечүүчү салгылашта көтөрүлүшчүлөр талкаланган, алардын жол башчылары бир тууган Тайлак менен Атантай туткунга алынган. Бирок Кокон ханы Мадалы кыргыз кол башчыларынын кадыр-барктуу экенин эске алып жана аларды өз саясатынын куралы кылууну чечип, аларды туткундан бошоткон жана ал түгүл Кокон чиндерин берген. Бирок элине келгенден кийин бир туугандар баскынчыларга кызмат кылуудан баш тартышкан, Иле дарыясындагы казактардын улуу жүзүнө көчүп кетишкен. Бирок келгиндер үчүн бөлүнүп берилген жайлоо алардын малына тардык кылган. Ошондуктан бир нече жылдан кийин бир туугандар өз жерине кайтып келишкен жана кайрадан кокондуктардын эзүүсүнөн боштондукка чыгуу үчүн күрөшкө киришкен.

Ошондо кокондуктар Тайлак баатырды жок кылууну чечишкен.

Бир күнү Тайлак улуттук оюндарды көрсөтүп, чоң той берген. Ордо ойноп жатканда анын башы капысынан катуу ооруп, дарыгер-табыпты чакырган. Дарыгер кыргыз жерине үч жыл мурда келип, чыдамкайлык менен ыңгайлуу учурду күтүп жүргөн. Ошентип ошол саат келип жетти. Баатырдын башына бузук кан толуп кетиптир деп, табып ийне менен анын күрөө тамырын чегет. Кан дирилдеп агып, аны токтото албай калат. Баатырдын үзүлүп баратканын көрүп, табып качып кеткен экен.

Тайлактын сөөгүн Куртка суусунун Нарын суусуна куя беришиндеги жээкке коюшкан. Кийинчерээк анын агасы Атантайдын сөөгү да ошол жерге коюлган.

Бүгүнкү күндө жолоочу Нарын дарыясынын оң жээги менен жогору көтөрүлгөндө кыргыз мавзолей күмбөздөрүнүн комплексин сөзсүз көрөт. Алардын арасында кыргыз баатырлары Тайлак менен Атантайдын чиркелиштирилип салынган борбордук күмбөзү өзгөчө көркөмдүүлүгү жана оригиналдуулугу менен бөлүнүп турат. Жумуру төбөсү эчак эле кулап калган, чүмкөгү эзилген, кар жана жамгыр ичинин оюм-чийим салынган боёгун, тышкы коздоосун жууп кеткен. Бирок 150 жыл өтсө да Тайлак менен Атантайдын күмбөздөрү мыкты архитектуралык комплекс катары көрүнөт. Адистер аны XII кылымдардагы жалпы азиялык культтук архитектуранын салттуу стилинде, бирок кыргыз көркөм көчөт искусствосунун жана архитектоникасынын духунда салынган деп эсептешет.

Белгилүү саякатчы Чокан Валиханов өзүнүн Борбордук Теңир-Тоого келгенин баяндоодо Тайлак баатырдын уулу, манап Осмон Тайлак уулу жөнүндө эскерет, ал саяк уруусунун чоро уругунун башкаруучусу болгон жана анын анда кокондуктардын титулу пансат (беш жүз миң башы) жана датка наамдары болгонун, бирок Курткадагы хандын өкүлдөрүн көп тоотпогонун белгилейт...

кан. XIX кылымдын ортосундагы орус документтеринин биринде мындайча жазылган: «ушундай чептерге ээ болуу менен, кокондуктар ыгы келген эле жерден кыргыздарды тоноп жана кысымга алып турушкан».

## Кокон хандыгынын Кыргызстанды басып алышынын кесепеттери

Кокон хандыгынын Кыргызстанды басып алышы Орто Азия регионундагы саясий кырдаалды өзгөрттү. Анын кесепети кыргыздарга көп эле тийди. Айрым ири кыргыз феодалдары ал түгүл ордодо жогорку кызмат ордун (мисалы, вазир) ээлеген. Булар Нүсүп, Алымбек датка жана башкалар болгон. Көчмөндөрдүн феодалдык уруу төбөлдөрү кандыктын саясий чөйрөсүндө тез эле кадыр-баркка ээ болушкан. Кокон башкаруучулары көңүлүнө жакпагандарга каршы күрөшүүдө аларды колдоого алдын ала убада берүүгө аракеттенип, жергиликтүү

төбөлдөрдү ар кандай сыйлыктар менен сыйлашкан жана кызмат орундарына көтөрүшкөн.

Бирок карапайым калктын абалы өтө начарлаган. Алар кош эзүүнүн: Кокон бийликтеринин жана өздөрүнүн феодалдарынан оорчулугуна туш болгон. Элдин эсинде ушул кез ырайымсыз эзүүнүн жана талап-тоноонун, жакырчылык менен укуксуздуктун кара тилкеси катары сакталып калды.

Бул кызык

Чүйлүк кыргыздарды кокондуктардын баш ийдиргени жөнүндө көпөс Ф. Сейфуллиндин ангемеси. 1824-ж.

*«...Мен Жети-Суугa келгенден кийин Иле суусунун аркы тарабынан келген кыргыздардын (б.а. казактардын) Кокон акими жапайы кыргыздарга (б.а. тоолук кыргыздарга) 4000 аскер жиберип, аларды багындырып жана салык чогултууну талап кылганын уктум. Чүй суусун бойлото көчүп-конуп жүрүшкөн солто жана сарыбагыш уруусундагы кыргыздар... кокон аскерлеринен коркуп, жарымы аларга багынып берген жана алар талап кылган алымды ошол эле замат төлөшкөн, ал эми экинчи жарымы Атаке бийдин тукуму болгон сарыбагыштар Ысык-Көлдө байырлаган бугуларга жер которуп кетишкен...».*

## КОКОН ХАНДЫГЫНЫН ЭЗҮҮСҮ

### Кыргыздарды башкаруу

Кыргыздардын салттуу уруулук түзүлүшүн мамлекетте администрациялык башкарууну уюштурууда хандык бийлик эске алган. Кыргыздар белгилүү дубандарга, бекчиликке, саркерчиликке бүтүндөй уруулардын кыштоолору жайгашкан жери боюнча бөлүнүшкөн. Көп учурда хандар кыргыз конуштарына башка улуттагы башкаруучуларды жиберген. Мындай учурда алардын бийлиги көбүнчө формалдуу болгон, анткени бийлик иш жүзүндө жергиликтүү кыргыз феодалдарынын – уруу башчыларынын колунда болгон. Алсак, Алайды кыргыз бийи, мурун ханда кызмат өтөгөн Алымбек датка, ал эми ал өлгөндөн кийин аялы Курманжан датка башкарган. Ошол эле учурда Дароот-Коргон чебинде хандын төрөсү – токсоба отурганы менен ал салык чогултуу менен гана чектелип калган. Түндүк-Батыш жана Борбордук Теңир-Тоодогу кыргыздарды ташкендик төрөлөр башкарган. Чүй өрөөнүндөгү кыргыздар Бишкектеги хан төрөсүнө баш ийген. Бишкек беги кыргыздарды көбүнчө уруу башчылары – феодалдардын колдоосуна таянган, ал эми уруу башчыларын болсо өзүнө кээде коркутуп, кээде белек берип, айрымдарына ар кандай ардактуу чиндерди ыйгара коюп баш ийдирип турган.

Кыргыз феодалдары хандын бектерине ишенишпей уруулаштарын кыңк эттирбей баш ийдирип турууга жардам берген патриархалдык үрп-

Кан кокон чеби





Алымбек датка

Бул кызык

***Алымбек датка.*** «...Анжиян дубанындагы хандын төрөсү Алымбек датканын бийлиги бекем эле. Анан калса бүтүндөй Алай анын колунда болучу. Ал түштүк кыргыздардын адигине уруусунун баргы тукумунун башкаруучусу болгон...

Бирок ал хандын биринчи визири болуп, бүтүндөй Теңир-Тоону бийлесем дегенди тилек кыла баштаган. Ал айлакерлик менен чыр-чатактарга катышып, башка феодалдар менен ымала түзүп, жактоочуларды азгыра баштады. Бул иштердин баары аны туулуп өскөн жеринен көпкө оолак болууга аргасыз кылды. Ошондой болсо да датка өзүнүн ооругунан кам санабайт. Анткени Алайдын бардык көчмөндөрүн башкаруу анын акылдуу жана берилген аялы Курманжанга калган эле».

Тилекке каршы даректерде Алымбектин туулган күнүнүн ал түгүл болжолдуу датасы да айтылбайт. Болгону 1830-ж. ал чоң мансапка жетип жана 19 жаштагы Алай периси Курманжанга үйлөнгөнү гана белгилүү.

1845-ж. Алымбек Шералы ханга каршы оштук кыргыздардын көтөрүлүшүн уюштурат, анткени анын ордуна ыкка көнгөн өз кишисин коюп дагы чоңураак мансапка жетүүнү үмүттөнгөн. Бирок кокондуктар көтөрүлүштү басышкан. Өлүм коркунучу жөнүндө аялы өз учурунда эскерткендиктен Алымбек качууга аргасыз болгон.

1847-ж. ал Синьцзянга аттанат. Ал жерде цин бийлигине каршы Кашгардын мурдагы диний башкаруучуларынын мураскери Кожо төрө чыгарган көтөрүлүшкө катышат. Бирок цин бийлиги көтөрүлүшчүлөрдү талкалайт. Алымбек менен Кожо төрө жандарын ала качып, Алайдагы конушуна баш калкалайт.

Андан кийин кокон ханы Кудаяр менен элдешүүнүн учуру келет. Алымбек хан сарайындагы кадыр-барктуу башкаруучулардан болуп калат. Бул кызматта туруп ал түндүк кыргыз урууларын Коконго баш ийүүнү талап кылат. Кыргыз манаптары орус бийлигине төмөнкүчө даттанышкан: «...Кокондун Алымбеги эгер биз аларга баш ийбесек, анда ал бизге келип курал менен жазалайм деп коркуткан кат жибериптир».

Алымбек бардык кыргыздарды бириктирип, кыргыздардын Теңир-Тоо хандыгын түзүүнү каалаган. Албетте мындай хандыктын башында өзү гана туруу жөнүндө кыялданган. Ушуга байланыштуу мындай бир кызыктуу документ – орус императору Александр IIнин батыш Сибирь генерал-губернатору Дюгамелге берген тапшырмасы сакталып калган: Эгер Алымбек жардам сурап кайрылып калса, аны четке какпай аны менен достук мамиледе болуп, колдоо көрсөтүүгө аракет кыл деп айткан. Ал кезде Орусияга Теңир-Тоодо Кокон хандыгына саясий атаандаштын болушу пайдалуу эле.

Алымбектин Кудаяр хан менен достугу көпкө созулбады. 1858-ж. алайлык уруу башчысы төңкөрүшкө катышып, такка хандын агасы Мал-

ла бекти отургузат (1858–1862-жылдары башкарган). Кудаяр Бухарага качып кутулган.

Хандыктагы бийлик иш жүзүндө Алымбек менен аны колдогон кыргыз феодалдарынын колуна өтөт. Алымбек башка бай-манаптарды тоотпой, алардын арасында элдешкис кастары пайда болот. 1860-ж. орус аскерлери менен салгылашууга катышуу үчүн Узун-Агачка жортуулунун учурунда бириккен колго үстөмдүк кылам деп ташкендик төрө Канат менен ыркы келишпей калып, салгылашууга катышпай коёт. Кокон аскерлери катуу соккуга учурайт. Бирок аскерлеринин негизги бөлүгү Анжиян дубанынын жана Теңир-Тоонун кыргыз кошуундары түзгөн Алымбек жоготуусуз кайра кайтат. Бул үчүн Малла хан аны өлүм жазасына буйрат. Хандын каарынан корккон Алымбек кыргыз туугандарынын арасына жашынат. Ал кыргыздардын сол канатына кирген бардык адигине уруусун өзүнө тартып, Нарындын башын көздөй аттанат. Ага сарыбагыштын манаптары Үмөтаалы, Ажы, Адыл, Төрөгелди кошулат. Бул бириккен күчтүн башында Алымбек туруп, кыргыздар ханга каршы аттанышат. Малла хан муну билип калып ташкендик төрө Канатка 40 төрөнү Алымбекке элчиликке жиберүүгө буйрук берет. Алымбек алардын баарынын башын алып таштайт. Алардын артынан жиберилген жазалоочу отряд дагы талкаланат.

Алымбек хандын жакындарынын ичинен бийликти эңсеген жана жаңы мартабага көз арткандар менен тил табышат. Козголончулар 1862-ж. Малла ханды өлтүрүшүп, Шахмуратты хан деп жарыялашат. Бирок Канат Кудаяр ханды Букарадан Ташкенге чакырат, ал 1863-ж. майда кайрадан хан болуп жарыяланат. Ушул хан сарайындагы төңкөрүштөрдүн оропарасында Алымбек да алданып калат. Кезегинде ал душмандарына көп жолу капкан койгон, бул жолу капканга өзү түшүп калды.

Бирок Алайдагы бийлик кыргыздардын колунан тайган жок. Анын датка титулу жана алай кыргыздарын башкаруу укугу Алымбектин акылдуу жана тирикарак аялы Курманжанга өтөт.

адаттарды жана салттарды сактоо менен жердештерин өз алдынча башкарышкан.

Кыргыз коомунун уруу-уруу болуп бөлүнүп турушу кыргыздардын биригишине жолтоо болгон, баш ийбеген көчмөн калкты хандын башкаруусун жеңилдеткен.

Хан бийлигинин кыргыздар ичиндеги уруу төбөлдөрү менен кызматташуусу региондук өзгөчөлүгүнө жараша болгон. Кыргызстандын түштүгүндө феодалдар борбордук бийликтен алыс болуу менен өзүлөрүнүн урууларын жана уруктарын башкарууда кыйла өз алдынчалыкка жана көз карандысыздыкка ээ болгон. Бирок ошол эле учурда алар мамлекеттин саясий турмушунда анча роль ойногон эмес, хан сарайындагы чыр-чатакка анча катышпаган.

Ал эми түштүк кыргыздардын феодалдары хан сарайына жакын болгондуктан Кокондун саясий турмушуна кыйла активдүү катышып, хан сарайындагы чыр-чатактарга аралашкан.

## Кыргыздардын социалдык-экономикалык абалы


Кыргызстанды басып алуу менен анын бардык жери хандыктын агрардык мамилелер системасына тартылган, ал мусулман укугунун нормалары – шарият менен жөнгө салынып турган. Бирок кыргыздардын арасында жерге болгон мамиле жалпы мамлекеттик нормадан айырмаланган. Бул кыргыздардын жерди пайдаланууну жөнгө салып туруучу укугу – адаты менен түшүндүрүлөт. Анын үстүнө кыргыздардын чарбасынын көпчүлүк бөлүгүн мал чарбасы түзгөндүктөн,



Кыргыздардын өз жерлеринин 1/3 бөлүгүн Булак-Башы мечитинин вакфына бериши жөнүндө документ. 1872-ж.

жердин мерчемдүү аянтын менчикке бекитип берүү талап кылынбай, жайыттардын кенен болушу гана зарыл болгон.

Кокон хандыгынын башкы жер ээси мамлекеттин атынан хан болуп, ал жерди өзү каалагандай тескөөгө укуктуу болгон. Бул жеке жана жамааттык менчикти жокко чыгарган эмес. Жеке менчикке юридикалык жактан бекитилип берилген участок мильк деп аталган. Мильк жерлерин анын ээси бири-бирине берүүгө же башкага сатууга укуктуу болгон. Ири мильк ээлери Алымбек датка, Алымкул, Нүсүп жана башка кыргыз феодалдары болгон. Андан тышкары мильк ээлери катары кээде айрым кыргыз жамааттары да чыгышкан (мисалы, муңдуз уруусунан Тугунай, Бусмурчак жамааттары ж.б.).




Медресенин пайдасына кайрымдуулук көрсөткөн Абдулла бектин вакф-намеси. 1875-ж.

Жердин бир бөлүгү вакфка, башкача айтканда мусулман мечиттеринин, медресенин жана айрым диний адамдардын менчигине берилген. Вакф негизинен кыргыздар отурукташа баштаган, мусулман диний аң-сезиминин деңгээли салыштырмалуу жогору болгон Кыргызстандын түштүк райондорунда кыйла кеңири тараган. Кээде кыргыздар бүткүл жамааттын жерин вакфка беришкен.

Жерди ижарага жана үлүштөп берүү формасы – чек дагы орун алган. Жалпысынан хандыктагы агрардык мамилелер системасы башкаруучу уруу төбөлдөрүнүн мүдөөсүнө толук төп келген. Кыргыздарда ал патриархалдык – уруулук турмуштун көптөгөн белгилерин сактоо менен феодалдык мүнөзгө ээ болгон.

Кокондук башкаруучулардын экономикалык саясаты кыргыз коомунун өнүгүшүн кечеңдеткен. Кыргыздардын жайлоолорун тартып алып, аларды сатып жиберип, өтө эле көп салык салып, кээде көчмөндөрдү тек гана талап-тоноп Кокон бийлиги иш жүзүндө кыргыздардын салттуу чар-

балык турмушун бүлүндүргөн. Ошондой болсо да, ошол мезгилдеги кыргыздардын экономикалык турмушунда айрым жакшы жактары болгон. Бир мамлекеттин алкагында кыргыздар дайыма отурукташкан калк – өзбектер, тажиктер менен карым-катнаш түзүп турушкан, алардан пайдалуу чарбалык көндүмдөрдү алышкан, соода байланыштарын өнүктүрүшкөн. Алар дыйканчылыкка көнүгүшкөн, кол өнөрчүлүктү өркүндөтүшкөн, акырындык менен отурукташкан жашоо мүнөзүнө көнө баштакан.



Ош медресеси – Кокон хандыгынын вакф мекемелеринин бири

## Кыргыз коому

Ошол мезгилде манаптар, бийлер жана башка уруу төбөлдөрүнүн өкүлдөрү өздөрүн «ак сөөктөр», ал эми жөнөкөй уруулаштарын «кара таман» деп аташкан. Бирок феодалдык мамилелер көп учурда патриархалдык-уруулук калдыктар менен чүмбөттөлгөн. Сырттан байкап тургандарга кыргыз коому бир кылка, телегейи текшидей көрүнгөн.


Кыргыз феодалдары хандан ар кандай администрациялык кызмат орундарын алуу менен өзүнүн уруулаштарына чексиз бийлик жүргүзүшкөн, кыргыз коомунда феодалдык катмар анча көп болбосо да тукумуна бардык артыкчылыктарды сактап калууга аракеттенишкен. Кыргыз калкынын негизги бөлүгүн карапайым эл, же алар айткандай букаралар түзгөн. Алар феодал-уруу башчысына экономикалык жактан көз каранды, укуксуз болгон. Бай-манаптардын чарбасында аткарган жумушуна жараша жакырларды атоо үчүн – кедей, кошчу, жатак, эгинчи, чайрыкер ж.б.у.с. сыяктуу атайын терминдер болгон.

Кыргыз коомчулугу расмий түрдө эч качан крепостнойлукту билген эмес. Бирок Кокон үстөмдүгүнүн мезгилинде феодалдарга жерлер анда жашаган дыйкандары менен кошо өткөрүлүп берилген учурлар болгон. Алсак, мисалы, мусулман календары боюнча 1255-ж. (1839-ж.) Орто-Төбө дубанынан 11 кыргыз үй-бүлөсү Тураханнахип деген немеге хандын буйругу менен өткөрүлүп берилген.

Белгилүү деңгээлде кулчулук белгилери да болгон. Ал үй-тиричилигине байланышкан. Бирок кул коомдун укугу жок мүчөсү катары каралган. Кыргыздын адат укугунда: «Кул – буюм, мырза аны өлтүрөм, коём десе өз эрки» деп айтылган. Бирок чыныгы турмушта үйдөгү кулдун абалы анча оор эмес болгон. Көп учурда ал башкалар менен бирдей эле эмгектенип, көбүнчө үй-бүлө мүчөсү, кол бала катары эсептелген, бирок анын үлүшүнө эң оор жумуш тийген.

Кокон хандыгында өкүм сүргөн тартиптин таасири менен кыргыз

коомунун патриархалдык-феодалдык негизи иш жүзүндө өзгөргөн эмес. Феодалдар кокондуктардан элди башкаруунун жана эзүүнүн жолдорун гана жакшылап үйрөнүшкөн, ал эми кыргыздардын басымдуу бөлүгү кылымдардан бери келаткан үрп-адаттарды, салт-санааларды карманышкан.



Алай тоолорундагы кыштоо

## Кыргыздарга салык салуу

Кыргыздар үчүн Кокон хандыгынын мамлекеттик тартибинин эң эле жек көрүндү элементи салык саясаты болгон, ал үч формада: буюмдата, эмгек менен жана акчалай алынган. Негизги салык малдан алынган зекет болгон. Аны хан бийлиги дайындаган



В.В. Верещагин. «Куш кармаган кыргыз байы»

салыкчылар чогулткан. Салык чогултуучулар кыргыз көчмөндөрүн талаптоноп, кээде кедейлердин акыркы оокатын алып кетишкен. Жини келген көчмөн эл салык зомбулугуна каршы көтөрүлүш чыгарып турушкан. Ошондуктан хандар салык чогултуу милдетин кыргыз феодалдарына – уруу башчыларына дайындап, казынага төгүлүүчү салык жыйымынын өлчөмүн белгилешкен. Салык чогултуучу феодалдар бул укукту жеке өздөрү баюу максатында пайдаланышкан жана өздөрүнүн эле туугандарын да талап-тоноодон кайра тартышкан эмес. Кокон хандарына салык чогултуунун ушундай формасы пайдалуу болгон – ал баш ийбес көчмөн эл менен ашыкча жаңжалдардын болушунан сактаган.

Салыктар менен катар эле кыргыздар милдеттүү түрдө иштеп бериши: чеп курушу, жол салышы ж.б.у.с. керек болгон. «Хандын эркине баш ийбегендер» тирүүлөй жерге көмүлгөн.

Акырындык менен акча рентасы тарала баштаган. Анын пайда болушу кыргыз коомундагы белгилүү социалдык-экономикалык жылыштар жөнүндө айгинелейт.





▲ Бай жасалгалуу кыргыз кызы

◄◄ Жаңы жайлоого көчүү

Салык оорчулугунун негизги жүгү букаранын мойнунда болгон. Көптөгөн феодалдар салыктан таптакыр бошотулган же болбосо аларга болор-болбос өлчөмдө гана белгиленген. Алсак, хандар Таластагы кыргыз феодалдары – уруу башчылары Байзак датка менен Сарымсак датканы салык төлөөдөн бошотушкан. Хандын атайын грамотасы менен вакф Алымбек датка, ошондой эле анын мураскерлеринин ээлиги да салык төлөөдөн бошотулган.

Кыргыз калкынын бир бөлүгү отурукташкан турмушка өтүшү жана дыйканчылык жүргүзүшүнөн улам феодалдык эзүүнүн шериктештик деген түрү пайда болгон. Уруу жерлери иш жүзүндө таандык болгон уруу башчысына кедейлер алган түшүмүнүн бир бөлүгүн берген.

Өз пайдасына феодалдар уруу башчылары белгилеген салыктар да болгон. Мындай түрдөгү салыктар союш, чыгым, салык, журтчулук, кошумча, туякат, жол чыгым ж.б. деген аталыштар менен аталган. Алар сыртынан караганда ыктыярдуудай көрүнгөнү менен кедей малчылар үчүн милдеттүү болгон. Патриархалдык-уруучулук «өз ара жардам» салты болгондуктан кедейлер андай салыктын баарын төлөөгө аргасыз болушкан. Мындай практиканы кыргыздын адат укугу да колдогондуктан, аны төлөөдөн баш тарткандар уруу башчысына айып тарткан жана моралдык талкууга алынган.

Бул кызык

**Кокон хандыгындагы салыктар жөнүндө маалымат (архивдик документ)**

*«Шарият боюнча мусулман мамлекеттери өз хандарына төмөнкүдөй салык төлөп турушат: ыжара – жыйым-теримдин (эгин) 1/5 бөлүгү; танап – 5-10 теңге (акча монетасы, бакча жана жашылча өсүмдүктөрүнөн алынган); соодадан алынуучу зекет 1/40 жана ошол эле өлчөмдө малдан алынуучу зекет...*

*Кудаяр хандын өкмөтү бул салыктарга төмөнкүлөрдү кошкон:*

*1) Ыжарата – көчмөндөрдөн алынуучу ыжара; 2) карагай пул – тоодон базарга карагай алып келгендиги үчүн; 3) отун пул – отун (чырпык, тикенек, камыш ж.б.у.с.) үчүн алым; 4) далдал пул – базардагы ортомчулук үчүн; 5) көк пул – жайыттан алынуучу жыйым; 6) суу пул – суу үчүн...».*

**Турхан-накибге 11 кыргыз үй-бүлөсүн өткөрүп берүү жөнүндө хандын жарлыгы (1839-1840-жж.)**

*«Жергиликтүү ырайым кылуучу Гадайбай парбаначы чексиз падышалык боорукердикке (ал жөнүндө билдирилет) үмүттөнүү менен (биз тараптан) Туба (?) деген жерден беш кыргыз үй-бүлөсү (жана) ал жерден алты башка ушундай эле үй-бүлө биз тараптан сейиддин кадырлуу адамы Турхан-накибге боорукерлик менен баш калкалоого өткөрүп берилди. Аларга эч кандай катыштык кылбаңыз.*

*Ушул себептен ага каршы болбоңуз».*


# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КОКОН ХАНДЫГЫНА КАРШЫ КҮРӨШҮ

## Кокон хандыгындагы алгачкы көтөрүлүштөр

Хандыктын тарыхы даректерге ылайык «кыпчактар менен кыргыздардын көптөгөн тынымсыз көтөрүлүштөрүнөн турган». Басып алуунун өзү элдин катуу каршылык көрсөтүүсү менен коштолгон. 1709–1876-жылдары Кокон хандыгында ири көтөрүлүштөр гана 33 болгону белгилүү, алардын ичинен 7си – кыргыздардын көтөрүлүшү болгон, башка бардык көтөрүлүштөргө алар активдүү катышкан.

1842-ж. жалпы кокондук көтөрүлүш Бухара менен Кокондун ортосундагы согуштан башталган. Бухара эмири Насрулла түмөндөгөн колу менен Коконго аттанган. Кокондун ханы Мадалы бухаралыктарга каршылык көрсөтүүнү уюштура албай хан тактысынан кечип, бир тууганы Махмудду хан деп жарыялаган. Мадалы хан жеке өзү хан сарайына бир тууганын ээрчитип барып такка отургузган. Бирок жаңы хан дагы бухаралыктардын мизин кайтара алган эмес. 1842-ж. апрелде Бухаранын эмири Насрулла Кокондү басып алып Махмуд ханды, Мадалыны жана алардын жакын туугандарын өлүм жазасына буйруп, такка келечектеги талапкерлердин тамырын кырккан. Ал түгүл алардын энеси – белгилүү өзбек акыны Надира да өлтүрүлгөн. Кокон тагына эмирдин кишиси – Ибрагим-Хаял отургузулган. Эмир Насрулланын өзү болсо шаарды талап-тоноп жана казынаны алып, Бухарага кайткан. Ибрагим-Хаял өз башкаруусун элди обу жок кысымга алып жана салыктарды көбөйтүп, баш аламан баштаганы өлкөдө наразылыкты күчөткөн. Жалпы элдик көтөрүлүш чыккан. Ибрагим-Хаялды кескилеп өлтүрүшкөн жана такка ушул мезгилге чейин Чаткалда жана Таласта жашырынып жүргөн миң сулалесинин мураскери Шералы алдырылган.

Кыргыз феодалы Нүсүп кошууну менен Шералыны Коконго алып келген жана аны хан деп жарыялаган. Бирок кыргыз конуштарындагы Бухара төрөсүнө каршы от алган куралдуу



Кокон ханынын сарайы

көтөрүлүш андан ары Кокон бийлигине каршы өсүп жеткен. Кыргыздар бардык жерди өз аймагындагы чептерден Кокон гарнизондорун кууп, салык төлөөдөн баш тартышкан. Даректерде айтылгандай Ысык-Көлдүн тегерегиндеги кыргыз уруулары «анын (Кокон хандыгынын) эзүүсүнөн кутулуп, кокондуктар менен кыргыз конуштарынын чегине курулган чептерди талкалап, ошондон тарта өз алдынча аракет кыла баштаган». Кокон бийлиги мында өз режимин чоң кыйынчылык менен калыбына келтирген.

1845-ж. алайлык кыргыздар чоң көтөрүлүш чыгарып, ал тез эле Оштун тегерек-чекесине жетет. Көтөрүлүштү өзбек дыйкандары колдогон. Көтөрүлүш негизинен Шералы хандын салык саясатына каршы багытталган. Көтөрүлүш адегенде тез жайылган, анткени кыпчак төбөлдөрүнүн башчысы Мусулманкул баштаган аскерлер ошол мезгилде кезектеги ханга каршы көтөрүлүштү басуу үчүн Ташкенде жүрүшкөн. Көтөрүлгөн кыргыздар менен өзбектерге каршы күрөштү Кокондо калган аскерлерди шашылыш чогултуп, Шахрисан дубанынын акими кыпчак Мухаммед-Азар Көр-Уулу баштаган. Бирок Ташкенден аскерлери менен келип калган Мусулманкул көтөрүлүшчүлөрдү биротоло талкалайт. Кокондуктар кыйынчылыксыз эле Ошту ээлеп, анда калкты кызылдай кырат.

Ош көтөрүлүшү басылгандан кийин тирүү калган көптөгөн кыргыздар туткунга алынат жана Коконго жөнөтүлөт, мында алар катаал сотко берилген. Мусулманкулдун өзү «бул жерде биротоло тартипти орнотуп жана бийликке кыңк эттирбей баш ийдирүү үчүн» Ошто кармалып калат. Ал көтөрүлүшчүлөрдү жазалап жаткан кезде ири феодалдар Рахматулла датка менен Исфара акими Сатыбалды датка алайлык кыргыздардын башчысы Алымбек датка менен биригип Шералы ханды жок кылууну макулдашат. Кутум оңунан чыгат. Такка мурдагы Кокон башкаруучусу Алим хандын балдарынын бири Муратты отургузушат. Козголоңчулар элдик көтөрүлүштү өз максаттарына билгичтик менен пайдаланышкан.

1847-ж. Ташкенде башкаруучу Азиз-парваначынын ыгы жок салыгынан келип чыккан көтөрүлүш от алып, аны жибек токуучу Мажусуп бий баштаган. Аны көчмөн казактар менен кыргыздар колдогон. Бирок көтөрүлүш аёосуздук менен басылган.

1850-ж. Нарын дарыясында кокондук кыпчактар менен көтөрүлүш чыгарган кыргыздардын ортосунда кандуу кыргын болгон. «Тарих-и Туркестан» («Түркстандын тарыхы») кол жазмасынын автору кыргыздар жеңилип, качып кутулганын билдирет.

1854-ж. Жети-Суу да кирген Ташкен дубанында кыпчактар менен бирдикте Кокон эзүүсүнө каршы күрөшкөн кыргыздардын көтөрүлүшү жарым жылдан ашык созулган. 1857-1858-жылдары Ала-Тоонун этегинде көчүп-конуп жүрүшкөн кыпчак уруусундагы жети-суулук кыргыздар көтөрүлүш чыгарышкан. Аларга казактар кошулган. Козголоңчулар Батыш Сибирдин генерал-губернатору Г.Х. Гасфордго жардам сурап кайрылышкан. Бирок орус бийликтери хандыктын ички ишине ачык кийлигишүүгө батынышкан эмес.

Көтөрүлүш зор аймакты камтыган. Кудаяр хандын ордуна келген Малла



В.В. Верещагин.
«Жакырлар».
1870-ж.

хан козголоңчулар менен ыкка келүүгө аргасыз болгон. Олуя-Атанын шаар башчысы каранием Мырза Ахмед Ташкенге чакырылып, кызматынан алынган. Каардуу Ташкен беги Мырза Азиз-парваначы да кызматынан бошотулган. Козголоңчуларга кечирим берилип, алар куугунтукка алынбайт деген убада берилген. Салыктар азайтылган.

1859-ж. Борбордук Теңир-Тоодо черик уруусундагы кыргыздардын көтөрүлүшү чыккан, аны тынымсейит уруусу колдогон. Чериктердин башында Турдуке турган, тынымсейиттерди Табылды башкарган.

Көтөрүлүштүн, эреже катары, бирдиктүү жетекчиси болгон эмес. Кошуун отряддары уруулук принцип боюнча түзүлүп, ар кимиси өз алдынча аракеттенишкен. Бирок алардын бардыгында жалпы максат – жек көрүндү Кокон хандыгынын эзүүсүнөн кутулуу болгон. Көтөрүлүш өзбек, кыпчак, тажиктердин катышуусунун эсебинен кулач жайган.

Бирок хандыктагы кыргыздардын феодалдык төбөлдөрү жана козголоңчуларды жетектеген бийлер элдик кыймылды негизинен өзүлөрүнүн саясий мансабына – бийликтеги ханды кулатып, өз кишилерин такка отургузууга пайдаланышкан. Атаандаш Кокондун кезектеги башкаруучусу болуп, ал эми кыргыздардын уруу төбөлдөрү хандыктагы өздөрүнүн таасирин ого бетер бекемдешти. Феодалдык эзүү басаңдабастан, хандардын салыгы улам көбөйө берди.

1862-ж. Чүй өрөөнүндө солто уруусунун бийи Байтик Канай уулу башкарган кыргыздардын көтөрүлүшү башталды.

Б у л   к ы з ы к

### БАЙТИК КАНАЙ УУЛУ (1820–1886-жж.)


Байтик Канай уулу

Солто уруусунун мураскер манабы. Тайманбас эрдиги жана кара күчүнө карата эл ичинде «баатыр» деген ардактуу атка конгон. Кокон хандыгынын элдешкис касы жана Орусиянын досу болгон. Көтөрүлүш чыгарып, Бишкектеги Кокон төрөсү Рахматулланы жок кылган. Орус аскерлери менен бирге Байтиктин отряды Бишкек, Мерке, Олуя-Ата чептерине чабуул койгон; алар алынган жана талкаланган. Орус өкмөтүнөн орус армиясынын капитаны деген чин алган. Анна тасмасына тагылган Чоң Алтын медаль жана III даражадагы Станислав ордени менен сыйланган. 1867-ж. орто азиялык элдерден жиберилген өкүлдөрдүн катарында Санкт-Петербургга барып, император Александр IIнин кабыл алуусунда болгон.

Байтик солтонун атактуу манабы Канайдын кичүү аялынан төрөлгөн уулу болгон. Кичүү аялдын балдары үйдөгү бүткүл кара жумушту жасашкан. Мезгил өтүп Байтик кен далылуу, албеттүү жигит болуп өскөн. Атасы анын эпчилдигин, акылдуулугун жана зиректигин баамдап, аны башка балдарынан артык көргөн.

1812-жылга чейин эле солто уруусунун башын бириктирген атактуу башчыларынан болуп калганы тарыхчыларга маалым. Атактуу уруу башчысынын акыл-эстүү, адилет

башкаруусу, анын бир калыптагы мүнөзү, уруусунун жыргалчылыгы үчүн жумшаган күч-аракети анын кадыр-баркын көтөргөнү табигый көрүнүш.

Ушул учурда күтүүсүз кырсык басты. Хан тануулаган адат боюнча жергиликтүү феодалдар өз балдарын (же кенже туугандарын) Кокон төрөлөрүнө кызмат кылууга берип турууга милдеттүү болгон (бул өз алдынча барымта – аманат институту болгон). Кокондуктардын Бишкек чебинин башчысы Рахматуллага Байтик баатыр дагы кенже уулун «кызмат кылууга» берүүгө аргасыз болгон. Жанынын жыргалынан башканы ойлобогон Рахматулла датка Байтиктин уулун катуу кордоп, Байтикти ызалаган. Мындай кордук кек алууну талап кылган.

«Байтик ызасын унуткан түр көрсөтүп Рахматулланы конокко чакырат. Рахматулла алтымыш жигиттин коштоосунда келет. Меймандарга чай ичилип бүткөндөн кийин барча чепкен, жибек, тери, күмүш жүгөн, кемер, кымбат тебетей жана аттар тартууланат. Ошол убакта Байтиктин бир нече жигити кокондуктардын аттарынын үзөңгүлөрүн жана басмайылдарын кесип ташташат.

Алдыга бешбармак келет. Ушул учурда Байтик баатыр алакан чабат. Ушул белги боюнча кыргын башталат.

Дайыма сак болуп көнгөн Рахматулла боз үйдөн качып чыгууга үлгүрөт. Ишенимдүү жигиттери аны атка мингизери менен ал калган жигиттери жөнүндө ойлобостон жанын ала качат. Солтолор кууп жөнөшөт... Рахматулланы Байтиктин жакын жигити, анын он колу болгон Көкүм кууп жетип өлтүрөт».

Бирок замбирексиз жана курчоосуз Бишкек чебин алуу мүмкүн эмес эле. Байтик аталаш бир тууганы Бошкой уулу Өзбекти орус аскерлери турган Верный шаарына кат менен жөнөтөт.

Байтик баатыр жетектеген кыргыз козголончуларынын жана полковник Г.А.Колпаковский командачылык кылган регулярдуу орус аскерлеринин күчү менен Бишкек чеби алынып, биротоло тыптыйпыл кылынат. Ошондон кийин генерал-майор болгон Г.А.Колпаковский чепти алуудагы жана көтөрүлүштөгү Байтиктин ролун жогору баалаган. Сибирь корпусунун командири Дюгамелге билдирүүсүндө ал төмөнкүчө жазган: «Ал чепти курчоого алган учурда өзүн өтө мактаарлык алып жүрдү, өзүнүн күч-аракети жана берилгендиги менен сыйлыкка татыктуу болду». Дюгамел орус өкмөтүнөн манапты Анна тасмасынан тагылган Чоң Алтын медаль менен сыйлоону өтүнгөн. Мартабалуу өкүмдар анын өтүнүчүн канааттандырган.

...Бишкек шаарынан түштүктү көздөй бир нече чакырым жол боюнда тоо этегиндеги боз бөлтөктө бышкан кыштан салынган сегиз кырдуу күмбөз турат. Жүз жылдан бери аны шамал үйлөп, жаан-чачын жууп борошо ургулайт. Күмбөз «сыртынан кудум нечен жылдык бырыштар карт тарыхты каптап калгандай көрүнөт». Бирок бүгүнкү күндө да төбөсүндөгү жазуунун калдыгын көрүүгө болот: көк боёк кийин акталган жеринен билинер-билинбес байкалып турат. Бул күмбөз – Байтик Канай уулунуку.

1870-ж. Алайда чоң көтөрүлүш чыккан. Кудаяр хан Бухара эмирине жардам сурап кайрылууга аргасыз болгон. Бириккен күч менен алар Алайдагы кыргыздардын толкундоосун убактылуу гана басышкан. Көп өтпөй Кыргызстандын түштүк аймактарында көтөрүлүштөр хандын зомбулугуна каршы кыргыздардын ачык элдик согушуна өсүп жетилген.

1871-ж. жазында Ферганадагы сок кыргыздары көтөрүлүшкөн. Кудаяр хан аларга каршы «аскер министри» Атабек наибдин командачылыгы менен 2 миң сарбаз жөнөткөн, бирок ачык согушта алар кыргыздарды кыра алышкан эмес, болгону аларды тоого сүрүп салышкан. Кокондуктар кыргыздардын конушуна тереңдеп кирүүгө аракеттенишкен, бирок катуу соккуга дуушар болушкан. Ошондо Атабек биринчи туш болгон 12 кыргызды кармаган, алардын ичинде көтөрүлүштүн жетекчиси Молдо мырза бар болуп чыккан. Аларды хандын тартибине наразы болгондор-

Бул кызык

**КЫРГЫЗДАРДЫН ТҮРКСТАН БИЙЛИГИНЕ ЖАЗГАН КАТЫНАН. 1873-ж.**

*«Хан шариятты бузду, ошондуктан биз адилетсиздикке чыдабай анын зекетчисин (салык жыйноочусун) тонодук. Кудаяр бизге аскерлерин жиберди, биз конуштарыбызды таштап тоого качып баш калкаладык. Бирок хандын аскер башчысы биздин 270 адамды туткундап алып, аларды Асаке шаарына алып келди да хандын буйругу боюнча алардын бардыгын шишке отургузду. Ошондо биз бардыгыбыз чогулуп өзүбүздү хандын касыбыз деп жарыяладык».*

дун бардыгынын жүрөгүнүн суусун алуу үчүн элдин көзүнчө дарга асышкан.

Бардык көтөрүлүштөр Кокон хандыгындагы кырдаалды акыркы чегине чейин курчутууга алып келген, 1873–1876-жылдардагы элдик кыймыл башталган.

## ОРУСИЯНЫН КУРАМЫНДА

### Түндүк кыргызстандын орусияга бириктирилиши

Кыргыз эли үчүн анын Орусияга бириктирилиши тагдырын түп-тамырынан бери өзгөрткөн тарыхый негизги учур болду. Бул процесс XIX кылымдын 50–70-жылдарын камтып, татаал жана ар кандай оор окуяларга жык толду, бирок баарыбир оң жагы көп болду.

XVIII кылымдын акыркы чейрегинде Атаке бийдин демилгеси менен Санкт-Петербургга Чүй өрөөнүндөгү сарыбагыш кыргыздарынан Екатерина IIге букаралык сурап элчилик жиберилет. XIX кылымдын биринчи чейрегинде Кокон баскынчыларынын түздөн-түз кысымы күчөп келе жатканда кыргыздар кайрадан Орусиянын жардамын сурап бир нече жолу кайрылат. Бирок Кокон хандыгы алардан озунуп, кыргыздарды убактылуу баш ийдирүүгө аргасыз кылат. Баш ийген менен, хандын эзүүсүнө келише алышкан эмес. Өзүнүн үстөмдүгүн кармап туруу үчүн Кокон хандары кадыр-барктуу кыргыз феодалдарын өзүнө бир жактан кызмат кылууга тартууга аракеттенишкен. Экинчи жагынан уруулар менен феодалдардын ортосуна от жагып, кыргыз коомундагы элдин ыркын бузган. Түндүк кыргыздардын эки ири уруусу – сарыбагыш менен бугулардын ортосундагы чыр-чатак дагы бир нече ондогон жылдар созула турган болуп калды.

Ушул жагдайда бугунун манабы Боромбайдын 1844-ж. Батыш Сибирь генерал-губернаторуна жиберген каты кыйла кызыктуу. Кыргыздардын арасындагы кан төгүлгөн уруу жаатташуусун болтурбай жана коргоп калуучу кубаттуу калканыч издеген бугунун чоң манабы кыргыздар бир нече жылдан бери падышанын кол алдында турат деп жазган (ал биерде каалаган тилегин чындыктай көрсөтүүгө аракеттенгени көрүнүп турат). Ал мындан бир нече жыл мурда бугу уруусунан Орусияга Шапак уулу Качыбек баатыр, андан кийин Жапалак баатырдын уулу Алымбек баатыр барып келгенин эскертет. Алар медаль жана кылыч менен сыйланышкан. Боромбай өзүнүн карамагында бугу уруусунан 10 миң түтүн, андан сырткары сарыбагыш, солто урууларынан жана башка кыргыз урууларынан бир нече миң түтүн эл бар экенин, алар өз ара ыркы жок экендигин

билдирген. Ошондуктан Боромбайдын пикири боюнча Кыргызстанга орус бийлиги орносо жалпы эл тынчымак.

Орус бийлиги бугу манабынын өтүнүчүн эп көргөн, бирок кыргыздардын уруулар аралык чыр-чатагына кийлигишүүгө шашкан эмес.

Бир тууганын өлтүргөн согуш элди кыйла алсыздандырды. Чыр-чатактын жүрүшүндө бугу уруусуна кирген кыдык уругу дээрлик толук кырылды. Ушундай жагдайда сарыбагыштардын чоң манабы Ормон – Атакенин урпагы кыргыз урууларын өзүнүн жетекчилиги менен бириктирүүгө жана хандык жарыялоого аракет жасайт. 1842-ж. жайында Көтмалды деген жерге (азыркы Балыкчы) курултай чакырылат. Ага сарыбагыш, солто, саруу, кушчу, черик урууларынын өкүлдөрү чакырылат. Ормон жалпы кыргызга хан шайлоо жөнүндө сунуш айтат. Курултайдын катышуучулары көпкө ойлонушат. Аларды Ормондун бийликти жакшы көргөндүгү, зомбулуктугу чочутат. Акырында Ормон өзүнүн каалаганына жетет – байыркы көчмөндөрдүн салты боюнча ал ак кийизге салынып көтөрүлөт, бул аны хан деп таанығандыкты билдирет. Жаңыдан жарыяланган бүткүл кыргыздардын ханы кыргыздарды отурукташкан дыйканчылыкка үйрөтүү, урууларды бирдиктүү мамлекеттик жалпылыкка бириктирүү жана мамлекеттик бийликти бекемдөө үчүн активдүү чараларды көрөт. Ал «Ормон окуу» деп аталган декреттерди чыгарат. Кылымдар бою калыптанган салт-санаалар жана эрежелер нормативдүү мүнөзгө ээ болот. Хандыкта коргонууга да, кол салууга да жөндөмдүү аскердик структура түзүлөт. Тышкы байланыштарды ишке ашыруу үчүн аппарат дагы түзүлгөн. Бийликтеги милдетерин аткарууда Ормон хан төбөлдөргө – манаптарга таянган, соттун милдеттерин хандын кеңешчилери аткарган. Кылмыш көп кылымдык салт-санаага ылайык ырайымсыздык менен жазаланган.

Ормон хан башкарган жылдары Ала-Тоодогу кыргыз мамлекеттүүлүгү реалдуу белгилерге ээ болгон. Бул өзгөчө казак султаны Кенесары Касымов басып кирген 1847-ж. ачык көрүнгөн. Ормон хан стратегияны жана тактиканы мыкты билген аскер начальнигинин сейрек учурай турган сапатын көрсөткөн. Анын ийгилиги Орусияда да эске алынган. Ормон хан жана анын жөкөрү Жантай Карабек уулу Омскидеги орус төрөсүнө чакырылып, алтын медаль жана башка жогорку сыйлыктар менен сыйланышкан.

Ормон хан каардуу жана өз алдынча адеп-ахлакка ээ адам болгон, ошондуктан анын кемчиликтеринин саны көбөйгөн. Ал эми Кокон тараптан болгон чыр-чатактар мурда ынтымактуу уруулар сарыбагыш менен бугунун ортосундагы кагылышууга алып келген. Ормон хан 1855-ж. бугу манабы Боромбай менен болгон кармашта кайтыш болгон. Бул Кыргыз хандыгынын негизин олуттуу үзгүлтүккө учураткан.

Орто Азия менен Казакстанда XIX кылымдын 50-жылдарынын башталышындагы саясий кырдаал кыргыздарга Орусиянын букаралыгын кабыл алууга объективдүү мүмкүнчүлүк берген. 1853-ж. сентябрда ысык-көлдүк кыргыздар Батыш Сибирдин генерал-губернаторуна кезектеги катын жи-



Ормон хан



Ж. Кожахметов
«Кыргыз элчилери
Омскиде»

берген. Бул кайрылуунун демилгечиси бугу уруусунун чоң манабы Боромбай Бекмурат уулу болгон. Орусиянын өкмөттүк чөйрөсүндө түзүлгөн кырдаалды ыңгайлуу учур катары баалашып, Батыш Сибирдин генерал-губернаторуна кыргыз өкүлдөрүн Омскиге чакырып, алардын өтүнүчүн канааттандырууга көрсөтмө берилген. Генерал-губернатор ысык-көлдүк кыргыздарга орус букаралыгын алуу жөнүндөгү маселени биротоло чечүү үчүн Омскиге өз өкүлдөрүн жиберүүнү сунуш кылган.

Ысык-Көлдүктөр бул сунушту дароо кубаттап, 1854-ж. 26-сентябрда Шералы уулу Качыбек манап баштаган элчилер Батыш Сибирь генерал-губернаторлугунун борборуна келген, мында элчилерди жылуу кабыл алышкан. Элчилер кыргыздардын бугу уруусунун атынан ант берүүгө ыйгарым укуктуу болгон. Сибирь генерал-губернаторуна даректелген документтен цитата келтирели:

«Өткөн 1853-ж. сентябрь айында биз Сиздин улуу урматыңыздан мээрман өкүмдар падышабыз өз букаралыгына алабы деп сурап, ошол эле учурда Орусияга чын ниеттен берилгенибизге касам ичүүгө даяр экендигибизди билдиргенбиз... Ошол өтүнүчүбүзгө мээрман өкүмдар падышабыз өз букаралыгына алууга макулдугун бергендиги туралуу Сиздин улуу урматыңыздан токтоосуз жооп алганга бактылуубуз... Ошондон кийин биз чоң-кичине кембагалдар жалпы журттун макулдугу менен өз атыбыздан алардын урматтоосуна ээ болгон жана ишенген манап, биздин капитан Шералы уулу Качыбекти ишеним кат менен Омскиге гана эмес, кудай алдында ыйык куранды кармап туруп, чын ниетибизден берилгенибизге касам ичүү үчүн улуу өкүмдар падышанын өзүнө да жибергенбиз жана ал ишеним катты өзүбүздүн мөөрүбүз жана кол тамгабыз менен бекемдегенбиз».

Ант берүү шаан-шөкөтү жакшы жайыл дасторкондо өткөрүлөт – Омскиге генарал-губернатор Х.Г. Гасфорд башында турган сибирь генералитети, Батыш Сибирдин башкы башкармасынын жогорку чиндери чогулат. Ага казактын мартабалуу султандары да чакырылган.

1855-ж. 17-январда Омск сарайынын аземделип жасалган имаратында бугу манабы Качыбек Шералы уулу – өз элинин ишенимдүү жана толук ыйгарым укуктуу элчиси колуна Куран кармап кыргызча ант берди, тилмеч ошол замат орусча которуп турду:

«...Мен, эч бир мамлекетке баш ийбеген байыркы кыргыздардын ордо-

сундагы бугу уруусунун манаптарынын, бийлеринин жана башка урук башчылары менен аксакалдарынын атынан келген киши катары бугу уруусу ишенимдүү, ниеттеш, тил алчаак жана түбөлүк букара болуп, улуу мартабалуу падышанын уруксаты жана жарлыгы болмоюн башка өлкөнүн кызматына кирбей турганына кудуреттүү Кудай алдында касам ичип, ант берем... Антымдын соңунда ыйык Куранга таазим этип өбөм. Оомийин».

Катышкандар антты колдорун коюп бекемдешти, султандар менен бийлер мөөрлөрүн басып жана уруу тамгаларын коюшту. Ошентип алгачкы жолу ысык-көлдүк кыргыздардын Орусияга бириктирилишинин кат жүзүндөгү анты расмий жарыяланып жана укуктук жактан бекемделген. Бул кыргыз элинин бир бөлүгүнүн орус букаралыгын тынчтык жол менен алгандагы бирин-экин тарыхый фактылардын бири.



Бугу уруусунун орус жана чагатай тилдериндеги анты

Бул кызык



Боромбай Бекмурат уулу

***Боромбай Бекмурат уулу*** – бугу уруусунун чоң манабы, кыраакы саясатчы болгон. Ал Кытай менен Кокондун ортосунда тил табыша билген. Цин башкаруучулары аны өз тарабына тартууга аракеттенип Боромбайга Кытай империясынын чиновниктик катмарынын белгилүү классына таандык символдор – томолок жана тебетей үкү жиберишкен. Кокон хандыгы да нечен ирет белек жиберишкен. Бирок тигилер да, булар да бир нерсени эсепке алышкан эмес – Боромбай ыкчыл стратег болуу менен, өзү үчүн да, өз эли үчүн да көбүрөөк пайдалуу абалды тандап ала турган. Ошол кездеги тарыхый шартта Орусия гана кыргыздарга иштиктүү жардам көрсөтүп, аларды коңшуларынын кастык кол салуусунан коргоп, уруулар ортосундагы ич ара чатакты жөнгө сала алмак.

Боромбай өз элинин абалын кылдат сезген жана уруулаштарынын ишенимдерин актаганына жараша гана кадыр-барккы көтөрүлөөрүн билген. Ошон үчүн Боромбай Орусияга кошулууну чечкиндүү жактап чыккан. Ал жеке өзүнө пайда болорун да билген. Падыша өкмөтү анын




Качыбек Шералы уулу сыйланган юбилейлик медаль

аракетине марттык менен өгөлө көп белек-бечкек берген, орус армиясынын подполковниги болгон, бугу уруусунун чоң манабы катары бийлик тарабынан расмий таанылган. Ошентсе да анын жеке кызыкчылыгы кыргыз элинин умтулуусу менен жалпысынан дал келгенин моюнга албай коюуга болбойт.

***Качыбек Шералы уулу*** (туулган жана өлгөн жылдары белгисиз) дагы көрүнүктүү инсан болгон. Ал Орусияга жаш кезинен ык тарткан, буга атасы Шералы манаптын жеке көз карашы да түрткү берген. Боромбайдан айырмаланып Качыбек манаптардын кыйла жашыраак муунуна кирген. Ал Орусияда 1814 жана 1824-жылдары болуп, кырдаалды акыйкат баалай алган. Анын Орусияга кошулууну каалаганы саясий ой жүгүртүүлөрдөн гана келип чыкпастан, орус адамдары менен жеке байланышынын да натыйжасы болгон. Орусияга бир жолу барганда ал орус армиясынын капитаны деген чин алган, алтын медаль менен сыйланган. Боромбай сыяктуу эле Качыбек Шералы уулу дагы Орусиянын курамында гана кыргыздар андан ары беймарал өнүгө алат деп эсептеген. Ал көп жашаган, бирок Боромбай өлгөндөн кийин чоң манап деген кызмат жоюлуп, Качыбек өмүрүнүн акырын өз конушунда жеке тиричилиги менен өткөргөн.

Дагы бир топ мезгилге чейин Орусия менен биригүүнүн душмандары ант алуу менен бекемделген союзду бузууга колдорунан келгендин бардыгын жасашты. Уруулар ортосуна от жакты, тымызын жана ачык бүлүн-дүрүп, орус саясатын жактагандарды өлтүрүштү. Бирок кыргыздар да, алардын башчылары – Боромбай, Качыбек жана башкалар да өзүлөрүнүн тарыхый тандаган жолунун тууралыгынан шек санашкан жок. 1863-ж. Ысык-Көлдө туруктуу орус аскер гарнизону түзүлүшү менен кокондуктар жана кытайлыктар кыргыз жерине катылбай калышты жана уруулар ортосундагы чабыш да токтоду.

Кыргызстандын башка аймактарынын – Чүй өрөөнүнүн, Борбордук Теңир-Тоонун, Кетмен-Төбө менен Таластын калкы өздөрүн ишенимдүүрөөк сезип, Орусияга улам көбүрөөк ыктап баратышты – Кокон зээсүнө каршы күрөштү күчөтүштү.

1860-ж. орус өкмөтү Кокон хандыгы менен тирешүүгө өттү. Чүй өрөөнүнө адегенде генштабдын полковниги М.И.Венюков башында турган аскердик-чалгынчы отряды, андан кийин полковник Циммерман кол башчылык кылган аскерлер жиберилген. Өрөөндөгү анча көп эмес гарнизону бар Токмок жана Бишкек кокон чептери жарытылуу каршылык көрсөтө алышкан эмес жана бир аз гана жоготуу менен дароо эле алынган.

Орустар кеткенден кийин Кудаяр хан 9 миң сарбаз жиберген, алар Кокон бийлигин кайрадан калыбына келтирген. Бишкек чеби кайрадан курулуп, бекем чыңдалган. Бишкекке мечит курулуп, жер астындагы түрмө – зындан салышкан. Туруктуу гарнизон катары бул жерде хан төрөсү Рахматулла датка башында турган 500 сарбаз калтырылган.

Бирок Кокон бийлигинин кадыр-баркы кескин төмөндөгөн. 1862-жылдагы Кокон бийлигине каршы толкундоо

солтонун манабы Байтик Канай уулу жетектеген ачык көтөрүлүшкө өсүп жеткен. Орус аскерлеринин жана кыргыз козголоңчулар отрядынын биргелешкен аракетинин натыйжасында кокондук баскынчылардын Чүй өрөөнүндөгү негизги таяныч пункту болгон Бишкек тез эле багынып берген. Токмок чебин сарыбагыш манабы Шабдан Жантай уулунун жигиттери каратып алган. Чүй өрөөнү Орусияга бириктирилип, солто уруусунун 5 миң түтүнү орус букаралыгын алган.

Байтик баатыр өзүнүн 200 жигити менен орус аскерлерине кошулуп Мерке, Олуя-Ата, Чимкент жана башка бир катар Кокон чептерин алууга катышкан.

Мисалы Кемин суусунун боюндагы жерлерди ээлеген Жантай Карабек уулунун башчылыгы менен сарыбагыш уруусунун бир бөлүгү солтолуктардын жолун жолдоду. Алар 1862-жылдын акырында падышалык бийликтин өкүлдөрүнө Орусия букаралыгына кабыл алуу өтүнүчү менен кайрылышкан. Ал өтүнүч канааттандырылган.

Борбордук Теңир-Тоону мекендеген кыргыздар да букаралыкка өтүүнү каалаганын көп өтпөй эле билдиришкен. 1863-ж. жазында Ала-Тоо округунун (Верный ш.) начальниги генерал-лейтенант Г.А.Колпаковскийге жиберилген черик уруусунун манаптарынын катын мисал келтирели.

«Черик уруусунун улуу жана кичүү манаптары жалпы макулдугубуз менен биздин Найман Ажыбек улууна жана Улуке Хасен уулуна бизди букаралыкка алуу жөнүндө Сизге өтүнүч кат жазышына ишенебиз: черик уруусу аз дегенде эле 6 000 түтүндөн турат.

Төрт тарабыбыздагы кошуналарыбыздан ар түрдүү зордук-зомбулуктарды жана кысымчылыктарды көргөндүктөн ак падышанын букаралыгын кабыл алып, эли бейкуттукта жашап калган Боромбай манапка окшоп, биз бирдиктүү улуу элдин букарасы болууну чечтик. Ага дагы бизге окшоп эле кошуналары тынчтык бербей жүргөн. Азыр эли бейкут жашоодо. Ошондуктан биз өз адамдарыбызды Боромбай агабызга, улуу манап Сарпекке кеңеш сурап атайы жибердик. Улуу урматтуу падышанын мыйзамдары жана анын адилеттүүлүгү, ошондой эле ким кандай ишенимде болсо да ал баарыга текши карагандыктан, биз бугуларга окшоп улуу падышанын букарасы болууну ыктыярдуу түрдө жалпы кеңешип чечтик. Ушул максат менен Сизге бизди букаралыкка алуу жөнүндө өтүнүп келиш үчүн бир топ манаптарыбызды жибердик. Сиз биздин өтүнүчүбүздү четке какпай жана ал жөнүндө улуу падышага жеткиресиз деп үмүттөнөбүз. Биз колубузга ыйык Куранды кармап, бир тамчы каныбыз калганча кызмат өтөп беребиз деп ишендиребиз».

Катка улуу манап Турдумамбет Тоймат уулунун мөөрү басылып, бир нече бийдин тамгасы коюлган.

Орусиядан букаралык сураган чериктердин анты Качыбек Шералы уулу алып келген бугулардын антынан дээрлик айырмаланган эмес. Аны да 1863-ж. 13-октябрда Сибирдин жогорку төрөлөрүнүн катышуусу менен кабыл алышкан, алар бул документке кыргыз бийлери менен кошо кол коюшкан.

1864-ж. Теңир-Тоонун Кетмен-Төбө ойдуңун мекендеген көчмөндөр Орусиянын букаралыгына өтүүнү каалаганын билдиришкен. Манап Ырыскулбек Нарбото уулу баштаган саяк уруусунун 10 миң түтүнү Орусиянын курамына кирген.

Бирок кээ бир манаптар олку-солку болуп, Орусия менен мамилеге анча



Кудаяр хан



Генерал
М.Г. Черняев

ынанган жок. Алардын айрымдары күтө турууну чечишти, ал эми кээде падышанын аскердик отряддарына каршылык көрсөтүп касташууга чейин барышты. Мисалы Ормон хандын улуу уулу сарыбагыштардын башкаруучусу Үмөтаалы Казакстан тарапка көчүп, андан кийин Коконго ыктап, анан Синьцзян бийлигине кайрылып, айтор жагдай Орусия букаралыгын таанууга аргасыз кылганга чейин урунуп-берине берди.

## Түштүк Кыргызстандагы басып алуу

1865-ж. генерал Черняевдин кол башчылыгында орус аскерлеринин күчү менен Ташкен курчалып жана басып алынган. Ошондон тарта Кокон хандыгынын бийлиги Фергана өрөөнү жана Памир-Алайдагы кыргыз конуштары менен гана чектелип калат, бул казынага түшкөн кирешенин да азайышына алып келет. Бул болсо ханды калган элден алык-салыкты көбөйтүүгө аргасыз кылат. Кош эзүүнүн оорчулугу – кокондуктар менен өз феодалдарынын салыгы, уруулар менен хан сарайындагылардын ортосундагы түгөнбөгөн кандуу кагылышуулар элди жакырдантып, аймактын экономикасын кыйратып, көптөгөн адамдардын өлүм-житимине учураткан.

Ташкендеги сепил



Ушундай шартта түштүк кыргыздар дагы Орусияга кошулууну ойлонушкан. Буга Кокон менен болгон күрөштөгү орустардын ийгилиги да өбөлгө болгон. Кокон хандыгынын аймагына кирген падыша аскерлери аны толук каратып ала алат болчу, бирок 1868-ж. эркsиз келишимге кол коюу менен гана чектелишкен, ал боюнча Кудаяр хан падышалык Орусияга вассалдык көз карандылыкка өткөн. Ошондон тартып Кокон хандыгынын бүткүл тышкы саясий мамилеси жана дипломатиясы Орусияда макулдашылууга тийиш болгон. Бирок Орусия хандыктын ички экономикалык саясатына кийлигишпей, Кудаяр ханды эгемендүү өкүмдар катары тааныган. Түркстан генерал-губернатору К.П.Кауфман орус метрополиясынын кызыкчылыгын көздөп Кудаяр ханды коргоого алган, аны ички чаң-тополоңдон коргоого аракеттенген. Бул түштүк кыргыздардын абалын оорлоткон жана 1873-1876-жылдардагы Коконго каршы көтөрүлүштүн жүрүшүнө таасир берген, ал көтөрүлүштүн катышуучулары адегенде Орусиядан колдоо жана жардам күтүп, анын букаралыгын алууга ниеттенишкен.

Кыргыздардын көтөрүлүшүн элден чыккан Мамыр Мерген уулу, Момун Шамыркан уулу жана молдо Искак Хасан уулу жетектеген. Өз учурунда көтөрүлүшчүлөрдүн башчысы Пулат хан генерал-губернатор К.П.Кауфманга элчи жиберип, Түркстан колониялык администрациясы менен достук байланыш түзүүгө аракеттенген. Бирок падыша бийлиги анын делегациясынын мүчөлөрүн туткунга алган (Ахун-Дамулла-Мир-Бадал-Мауляви баштаган 14 адам). Пулат хан өз тарабына айрым орус аскер туткундарын тартууга аракеттенген,

бирок бул аракеттер ийгилик берген эмес.

1874-ж. жазында Мамыр баштаган көтөрүлүшчүлөрдүн бир бөлүгү Түркстан генерал-губернаторуна орус букаралыгын алуу өтүнүчү менен кайрылышкан. Ошол эле жылы апрелде көтөрүлүш чыгарган кыргыздар орус букарасы Жоробекке жиберген катында аларды Орусиянын букаралыгына алуу жөнүндө өтүнүч кат берүүнү суранышкан. Андан мурдараак көтөрүлүштүн башталышында, 1873-жылдын күзүндө кокондук кыргыздардын өкүлдөрү Түркстан крайынын орус администрациясына Орусиянын букаралыгына өтүүнү каалаган 42 кыргыз уруусунун тизмесин берген.

Бирок козголоңчулардын сунушу Түркстан администрациясында колдоого алынган эмес. 1875-жылдын күзүнөн тарта Түркстандын падыша өкмөтү Кокон хандыгынын бийлигин ачык колдоп, ал түгүл көтөрүлүштү басууда куралдуу жардам берген. Көтөрүлүшчүлөрдүн чаржайыт жана башаламан көтөрүлүшү хандыктын жаңы аймактарын, өзгөчө Кыргызстандын түштүк бөлүгүн кучагына алган. Феодалдык-хандык эзүүгө каршы күрөшкө ичкиликтер, адигине, багыш, тагай, муңдуз, кушчу, басыз, басым, кытай жана башка кыргыз урууларынын уруктары, ошондой эле кыпчактардын жана отурукташкан өзбек калкынын кыйла бөлүгү көтөрүлүшкөн, ал толкунду басууга ал түгүл орус аскерлеринин келиши да жардам бере алган эмес. Көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчүн кыргыздар менен өзбектердин карапайым малчылары жана дыйкандары түзгөн.

Кокон ханы орустардын коргоосунда качып кеткенден кийин хандыктын аймагында полковник Скоболевдин жетекчилигинде согуш аракеттери жүргөн. Ал эми козголоңчулардын тарабында бир кыйла феодал төбөлдөрүнүн өкүлдөрү да болуп, алар, албетте өз кызыкчылыгын көздөгөн.

Падыша бийлиги көтөрүлүштү басуу үчүн жазалоочу отрядды жибергенде ал колония болууга каршы, орустарга каршы мүнөзгө ээ болгон жана белгилүү деңгээлде диний түскө ээ болгон – газабаттын «каапырларга каршы» деген чакырыктары пайда болгон.



Генерал К.П. Кауфман



Исхак Хасан уулу

Бул кызык

Көтөрүлүшчүлөрдүн негизги жол башчысы бостон уруусунан чыккан кыргыз молдо ***Исхак Хасан уулу*** (1844-1876-жж.) болгон.

Ал болжол менен 1844-ж. маргаландык мударистин (дин адамы) үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Айылдык мектепти бүтүп, ал бир канча мезгил Кокон, андан кийин Маргалан медресесинде – жогорку мусулман окуу жайында окуган. 1867-ж. атасынын айтканын укпай окууну таштаган жана бостон уруусундагы уруулаштарынын арасына келип алган. Кыргыздар менен көп көчкөн, алардын түйшүгү түмөн жашоо-турмушун жакшы билген. Көтөрүлүш башталарга жакын ал ташкендик майда соодагер Абды Момунга кызматкер болуп жалданган.

Көтөрүлүш башталганда кыргыздардын өкүлдөрү көтөрүлүшчүлөрдү жетектеп бер деген сунуш менен Самарканга Алим хандын неберееси Пулатка барышканы белгилүү. Бирок ал баш тарткан. Ошол

учурда Исхак өзүн Алим хандын небереси Пулатмын деп атап, көп өтпөй эле өзүнүн 200 адамдан турган отряды менен Чаткалга келген. Өзүн-өзү Пулат ханмын деп атап Кокон хандыгына каршы элдик кыймылды жетектеген. Бирок ал көтөрүлүштүн бирден-бир жетекчиси болгон эмес, бийликти көтөрүлүшчүлөрдүн айрым отряддарынын жол башчылары менен бөлүшкөн. Алардын ичинде анжияндык кыргыз Мамыр Мерген уулу жана анын чаткалдык уруулашы Момун Шамурзак уулу кыйла белгилүү болгон.

Кудаяр хан көтөрүлүшчүлөрдүн өзүн-өзү атап алган жол башчысы жөнүндө билип, ага каршы аскерлерин жиберген. Кыргыздар жаңы ханы менен бирге тоого качууга жана Түркстан бийлигинен жардам сурап кайрылууга аргасыз болгон. Түркстан администрациясы болсо ханды колдоону чечкен (ал түгүл качкындар букаралыкка алынган эмес).

1875-ж. Кокон үстөмдүгүнө каршы кыргыздардын көтөрүлүшү элдик кыймылга өсүп жеткен. Кыргыздар өзбек дыйкандарынын колдоосунда Ферғананын кыштактарын жана шаарларын ээлешкен. Кудаяр хан орус аскер отрядынын коргоосунда Ташкенге качкан. Расмий түрдө жаңы хан болуп анын уулу Насреддин жарыяланган. Бийлик ушундан кийин көтөрүлүш басылат деп үмүттөнүшкөн. Бирок тилекке каршы, ал ого бетер күчөгөн. Көтөрүлүшчүлөр Насреддинге каршы туруп Исхакты гана таанышкан, албетте аны Пулат деп аташкан.

1875-ж. 9-октябрда көтөрүлүшчүлөрдүн армиясы Коконду ээлеген. Насреддин, атасы Кудаяр хан сыяктуу эле Түркстан бийлигинин коргоосунда качкан. Падыша өкмөтү мурда кабыл алынган келишимдик милдеттенмелеринин алкагында Кокон хандыгынын аймагына өз аскерлерин киргизген. Мурдараак эле Орусиянын букаралыгын сураган, хандык тиранияга каршы күрөштө Орусиядан жардам күткөн көтөрүлүшчүлөр ханга жардамга келген падыша отрядынын келишин таң калуу менен байкап турушкан. Пулат газабат («каапырлар» менен согуш) жарыялаган. Анын максатташтары катары феодалдар Абдырахман автобачы жана мурунку Алай башкаруучусу Алымбек датка менен Курманжан датканын уулу Абдылда бек чыккан. Пулат хан падыша аскерлеринин чабуулуна каршы турууга аракеттенген, бирок Анжияндын жанында да, Асакенин жанында да жеңилүүгө учураган. 5 миң аскери менен Үч-Коргонго өткөн Пулат ханды капысынан барон Меллер-Закономельскийдин отряды кууп жеткен. Көтөрүлүшчүлөрдүн арасында дүрбөлөң башталган жана алар иш жүзүндө каршылык көрсөтүүнү токтотушкан. Пулат хан анча чоң эмес отряды менен Алайга качууга үлгүргөн. Орус аскерлерине баш ийүүнү каалабаган көтөрүлүшчүлөр репрессиядан коркуп, тоого качышкан.

Көтөрүлүшчүлөрдү тынчтандыруу боюнча «Аскердик-илимий» экспедицияны полковник М.Д.Скобелев жетектеген. Кокон хандыгына 1875-жылдын 25-декабрынан 1876-жылдын 7-февралына чейинки согуштук окуялар жөнүндө толук билдирүүдө отряддын командачысы М.Д.Скобелев кокондуктардын көтөрүлүшчү аскерлеринин негизги күчү кыргыздар жана кыпчактар болгонун билдирет. Мыкты куралданган падыша аскерлери менен кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнүн чачкын отряддары согуша алышкан эмес. Жана алар тоого качышкан. Жарадар болгон Пулат хан 1876-жылдын 18-февралынан 19-февралына караган түнү өзүнүн эле феодал шакирттери тарабынан колго түшүрүлгөн жана падыша бийлигине берилген. 1876-ж. 1-мартта Маргаланда көптөгөн элдин катышуусунда аскер сотунун өкүмү боюнча молдо Исхак Хасан уулу өзүн-өзү хан деп жарыялаган деп таанылган жана аянтта дарга асылган.

Ферганадагы көтөрүлүштү басууда падыша аскерлеринин мыкаачылыгы кыргыздар менен өзбектердин кыжырдануусун жаратkан. Жазалоочу отряддын начальнигинин биринин рапортунда белгиленгендей «Ашаба кыштагынын тургундары жан аябай каршылык көрсөтүшкөн. Адамдарды тосмолор менен мээлегич тешикчелердин ары жагынан ургулашып, тургундар ырайым кылууну сурашпастан жана колуна куралын кармаган бойдон өлүштү, аялдар аскерлерге бычак ала чуркап, аларды таш менен урушту. Кыштактын бүт эли кырылды». Айрым башка кыштактардын тургундары да ушундай эле көргүлүктү көрүштү. Көтөрүлүшчүлөр 1875-жыл-

дын июлунан 1876-жылдын февралына чейин жазалоочулар менен жан аябай кармашты. Бирок күчтөр тең эмес эле. Козголоңчулар биринин артынан бири жеңиле берди. Падыша аскерлеринин кууганутугу менен алар Ош шаарын карай, андан кийин Кара-Суу жана Өзгөн тарапка чегиништи. 1875-ж. 10-сентябрда орус аскерлери Ош шаарын ээлешти. Полковник М.Д.Скобелев шаардын тургундарынан көтөрүлүштүн кол башчысын кармап берүүнү, колдорунда болгон курал-жарактарын өткөрүүнү талап кылды жана азык-түлүк салыгын салды.

М.Д.Скобелев ушундай шартты Өзгөндүн калкына да койду: «Менин айтканымды аткарбасаңар башыңарга түшкөн азапка өзүңөр күнөөлүү болосуңар» деди. Ферганынын бүтүндөй өрөөндүү бөлүктөрү орус аскерлеринин колунда калды. Кокон жортуулунун жыйынтыгын тең салмактап Түркстан чиновниктери хан менен эмес, эл менен согушууга туура келгенин өздөрү моюндарына да алышты.

Кокон хандыгынын бүткүл аймагы, Алайды кошпогондо, орус аскерлеринин көзөмөлүндө болуп калды. 1876-ж. 7-февралда Түркстан генерал-губернаторунун милдетин аткаруучу Г.А.Колпаковский жергиликтүү калкка төмөнкүдөй чакырык жарыялады: «Бүткүл Кокон эли, отурукташкандары да, көчмөндөрү да орус букаралыгына кабыл алынды жана мурда Кокон хандыгын түзгөн, алар ээлеп турган жерлер орус империясына бириктирилди». Ал эми 1876-ж. 19-февралда Орусия императорунун мурунку Кокон хандыгы Фергана облусу катары империяга бириктирилгендиги жөнүндө мартабалуу буйругу чыкты: «Түркстан аскер округунун көрсөтмөсүнө ылайык өкүмдар падыша февралдын 19-күнү Мартабалуу буйрук кылат:

1. 1875-жылга чейин Кокон хандыгын түзүп турган аймактарды орус аскерлери кайрадан каратып алгандан кийин аны империянын курамына киргизип, ал жерде Фергана облусу түзүлсүн...».

Жаңы Фергана облусунун губернаторлугуна генарал-майор Скобелев дайындалган. Бирок Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймактары, атап айтканда Алай али багына элек болучу. Ошол эле М.Д.Скобелевдин жетекчилигинде кыргыз конуштарын карай бет алган Түркстан аскерлеринин отряддарына куралдуу каршылык көрсөтүштү.

Алымбек датка менен «Алай ханышасы» Курманжан датканын балдары Абдылдабек, Оморбек, Маматбек, Асанбек кол курашкан жана алардын жерине кирип келген орус аскерлерине каршы күрөш баштаткан. Куралдуу козголоңчулар орус аскерлеринин Алайга киришин токтотууга аракеттенишкен. 1500 жигит Гүлчөдөн 25 чакырым Жаңырык деген бийик тоолуу жерден киши өтө алгыс өңүт ээлешкен. 25-апрелде алар падыша аскерлерине катуу каршылык көрсөтүшкөн. Согуш күн бою созулган. Бирок баары бир М.Д.Скобелевдин отряды кыргыздарды ээлеген өңүтүнөн сүрүп чыгарышкан. Жоготуу көп болгон, айрыкча көтөрүлүшчүлөр тарабы көбүрөөк кырылган.

Орустарга сарыбагыш манабы Шабдан Жантай уулу олуттуу жардам көрсөткөн. Баяке баатыр Күнтууган уулу баштаган анын жигиттери алайлык көтөрүлүшчүлөргө каршы активдүү аракеттенишкен.


ОСѢДЛЫЕ И КОЧЕВЫЕ НАРОДЫ ДОЛИНЫ ФЕРГАНА!

Мурунку Кокон хандыгынын калкына Орусияга бириктирилгенине байланыштуу император-дун атынан кайрылуу 1876-жылдын 7-февралы

Бул кызык

## ШАБДАН ЖАНТАЙ УУЛУ (1840–1912-жж.)



Шабдан Жантай уулу

Сарыбагыштын чоң манабы, атактуу Атаке баатырдын урпактарынын бири. Ысык-Көлдүн түндүк жээгиндеги Туюк-Булуң деген жеринде төрөлгөн. Жаш кезинде жылкы тийип, барымта алганы менен атагы чыккан; Коконго Малла хандын кабыл алуусуна кыргыздардан өкүл болуп барган, андан баалуу белек жана курал тартуу алган. Эки жыл Ташкенде хандын төрөсү Канатта кызмат өтөгөн. Ага Бишкек чебинин беги болууну сунуш кылышкан. Бирок Шабдан эркиндикти артык көрүп туулган конушуна кетип калган. Атасы Жантай орустарга баш ийип бергенден кийин, Шабдан дагы орус букаралыгын кыңк этпей кабыл алган жана жаңы бийликке ишенимдүү кызмат өтөй баштаган. 1868-ж. 200 жигити менен бишкектик оёз начальниги Г.Загряжскийге Борбордук Теңир-Тоодо жаңы административдик башкарууну бекемдөөгө жардам берген. 1876-ж. М.Д. Скобелевдин аскерлеринин курамында Кокон хандыгын басып алууга көмөктөшүп, Пулат хандын көтөрүлүшчүлөрүнө каршы салгылашка катышкандыгы үчүн Георгий крестин алган. Шабдан Абдылда бекке каршы согушууда, Курманжан датканы туткундоодо, Жетим хан баштаган көтөрүлүшчүлөрдүн акыркы отряддарын талкалоодо көзгө көрүнгөн.

Шабдан көзү өткөнгө чейин падыша өкмөтүнө ак ниет кызмат өтөгөн. Подполковник деген наамга тете аскер старчыны деген чин алган. Ага жылына 300 рубль өлчөмүндө пенсия чектеп, 400 теше жерди жеке пайдалануусуна биротоло бөлүп берген. 1883-ж. Түркстан делегациясынын курамында Александр IIIнү такка отургузуу аземине катышкан.

### Шабдан жана Скобелев

Шабдан жана анын жигиттери Абдылдабектин изине түшүп 1876-ж. Алайга аттанган генерал М.Д.Скобелевдин армиясында чагылгандай отряд болгон. Скобелев ишти тынчтык жол менен чечүүгө аракеттенип, Шабданды аны менен сүйлөшүп келүүгө жиберген. Шабдан аз жерден башынан ажырап кала жаздап, бирок оор абалдан араң кутулуп чыккан. Бир күндөн кийин князь Виттенштейн 200 орус казактары менен жетип келгенде, Шабдан ага Абдылдабектен тартып алган тууну жана сегиз туткунду өткөрүп берген. Кийинчерээк Абдылдабек толук талкаланып, Афганстанга качкан. Ал жактан ал мындан ары согушпоого антын, ошондой эле жарашуунун белгиси катары сынган кылычын жиберген. Көр тириликти таштап, ал Мекеге ажыга барууну чечкен, бирок жолдо баратып каза болгон. Ошол эле 1876-ж. анын сөөгү Алайга алып келинген, кайгыга баткан Курманжан уулун өз жерине көөмп, күмбөз тургузган.

Абдылдабек өлгөндөн кийин уруулаштары ал жөнүндө ыр жаратышкан. Ал ата мекенин таштап кетүүгө аргасыз болгон кишинин кошогу эле.

Алай ханышасы Курманжан датка «каапырлардын» кол салуусунан сактанып, Кашгар чегарасы жактагы Көк-Суу

өрөөнүнө өз айылы менен көчүп кеткен. Жакып бектин букаралары (анын буйругусуз эле) Курманжандын айылын талап-тоношкон жана аны куул чыгышкан. Элинин көпчүлүгүнөн ажыраган датка Алайга кайтып келген, ал эми ал жерден Афганстанга кетүүгө дагы бир жолу аракет кылган.

Шабдандын жигиттери Курманжан датканы чегарадан токтотушкан. Алай кыргыздарынын «ханышасынын» зор кадыр-баркын эске алып князь Витгенштейн Курманжан датканы Маргаландагы Скобелевдин штабына урмат менен узатып келген.

Князь жергиликтүү үрп-адатты жакшы билген, өз жеринде бөтөн аскерлерди биринчи жолу көрүп отурган тоонун кожоюнуна өтө кылдат жана илберинки мамиле кылган.



Генерал М.Д. Скобелев

Бул кызык

***Генерал Скобелев*** – Шипканын болочок баатыры, Ферганандын биринчи аскер губернатору, ал мезгилде али атагы чыга элек болучу. Ал Курманжанды сыпайы сарай кызматкери гана жөндөмдүү болгон адеп менен кабыл алып, не бир элчилик шыгын көргөздү.

– Иничек, өзүнүн келиши менен мага чоң урмат көргөздү деп айтып кой ханышага, – деди ал узатып келген жигитке. Көзүңдү карап, так которуп бер!

Курманжан онтойсуз таазим этти – көнбөгөн орундукка отуруу өтө ыңгайсыз эле. Ал кабак алдынан зыңкыя кийинген генералды, анын жаркыраган аппак аскер кийимин, жаагына түшүрүлгөн сакал-мурутуна көз чалып өттү. Жүзү жайдары.

– Анын балдары биз менен таймандай кармашты деп дагы айт. Анык баатырлар экен! Азаматтар! Андай уулдарым болсо мен да сыймыктанмакмын! – деди генерал.

Датка дагы бир жолу таазим этти. Ушундай күтүүсүз мактоодон улам бети албырып чыкты.

Көпкө созулган маектешүүнүн акыры жакшы бүттү. Скобелев Курманжан даткадан балдары качкан жигиттери менен айылына келе берсин деп кат жазышын аябай өтүндү. Эми беймарал тирликке өтүү керек.

Датка макулдугун берди, бирок туткун алайлыктарды бошотуп көтөрүлүшчүлөрдү куугунтуктоону токтотууну талап кылды...

Сүйлөшүп бүткөндөн кийин генерал меймaнга ызаат көрсөтүп, өзү улагага чейин узатып койду. Ушунун баарына өрөпкүй түшкөн Курманжан атына минейин деп барып, кайра тизгинин генералга сунду:

– Азыр жанымда эч нерсем жок, урматтуум, ушу атты да болсо белекке ал!

Скобелев көзүн алаңдатып, тилмечти суроолуу карады. Ал түшүндүрүп берди. Курманжан басынып турса да, өзүнүн мартабасын унуткан жок: канткен менен кошуна мамлекеттин өкүлүнө тартуу бериш керек эле. Качандыр бийлиги өтүп турган датка орус генералына өзүнүн акыркы атын тартуу кылышында ханышалыктын жышааны бар болчу. Генерал абдырап калды.

Анткен менен онтоюн таап кетти:

– Ханышага которуп бер, урматтуум: орус салты боюнча эркектер аялдан белек албайт. Тескерисинче гана болот! Эй, Кузьма! Менин букаралык чепкенимди алып кел!

Чогуу турган кыргыздар таң кала шыбырашып, орустар шатырата кол чаап киргенде, генерал барча чепкенди арык чырай датканын жонуна жапты.

Курманжан сөзүнө турду. Ал балдарына кабар жиберди. Согушканды токтотуу керек эле. Камчы менен жан жыгачты кыя чаба албайсың. Анын үстүнө уулдарына кечирим бермек гана түгүл, болуш кылып да дайындамак болду. Датка өзүнө ишенди. Тандап алган жолунун туралыгына да ишенди.

Бүт Алай Памирге чейин козголончулардан бошотулду: айрымдары Абдылда бек менен кошо качса, кээ бирлери өз конуштарына беймарал турмушун улантуу үчүн кайра келишти. Көтөрүлүш басылды деп эсептеп, Скобелев 1876-ж. 5-августта Түркстан аскер округунун командачысына «Чоң Алайды ээлөө, менин оюмча, болочокто Ферганамын бейкуттугун камсыз кылаарын кубануу менен кабарлайм», – деп телеграф менен билдирди.

Ошентип, Түштүк Кыргызстан орустар тарабынан куралдын күчү менен багындырылган.

Кыргызстандын тарыхында Курманжандын ролу өтө чоң жана ошол эле учурда аны бир жактуу түшүнүүгө болбойт. Колдо бар булактар анын кеменгер инсан, акылдуу жана алысты көрө билген башкаруучу экенин айгинелеп турат.



Курманжан датка

**Курманжандын** таржымалы (1811–1907-жж.) күтүүсүз өзгөрүштөргө бай. Ал Алайдагы мунгуш уруусундагы карапайым көчмөн кыргыздын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Он сегизге толгондо нике кыйылган күнү биринчи жолу көргөн кишисине күйөөгө беришкен. Бирок ал Курманжанга жакпай, ал салт менен динди бузуп, атасынын төрүндө кала берген.

1832-жылы Кокон ханынан датка титулун жана Алайдагы бүт кыргызды башкаруу укугун алган тирикарак феодал Алымбек Курманжандын «үч талак» алышына жетишип, ага өзү үйлөнгөн. Курманжан күйөөсүнө жакшы жардамчы болуп, ал тез-тез жок болуп калган учурда (ал хандын жакындарынын бири болуп, андан кийин хандын биринчи вазирлигине көтөрүлгөн), Алайды башкарып турган. 1862-ж. Алымбек өлгөндөн кийин Курманжан эринин кегин алып, Алайдын толук укуктуу башкаруучусу болуп калган. Букара эмири Музафар жана Кокон ханы Кудаяр ага датка ардак наамын (падышалык армиянын генерал чинине тете) ыйгарышып, «...аны тиешелүү жарлыктар менен жабдышкан жана белек-бечкектерди беришкен». Кокон хандыгы кулагандан кийин козголоңчулардын жеңилгенин мойнуна алууга аргасыз болгон, Курманжан падышага кызмат кылууга өтүп, өз уулдары менен бүткүл Алай элин ага үндөгөн. 1876-ж. жайында Алай Орусияга бириктирилген. Бул аймакта беш болуштук: Кичи-Алай, Ноокат, Гүлчө, Өзгөн жана Ак-Буура түзүлүп, алар Ош оёзунун курамына кирген. Аларды Курманжан датканын уулдары Оморбек, Камчыбек, Асанбек жана Баатырбектер башкарышкан.

Анын Ферганамын аскер губернатору Ионовго жазган катынын бири саясий керээздей угулат:

«...Фергана мусулман мамлекети (б.а. Кокон хандыгы) Орусияны али тааный электе, мен Силер менен кармашып жана талашып-тартышып келгем. Ошол маалда Алайга Оштун башкаруучусу Ионов генерал (М.И.Скобелев) менен келген. Мени генералга тааныштырган. Генерал мени жылуу-жумшак кабыл

алып, урмат көрсөткөн. Мен ага ыраазы болгом...

Ушул бейкут мезгилде менин бүткүл элим, мен өзүм жана менин туугандарым эч качан Силерге каршы чыкпай турганыбызды билдирем. Бизден эч кандай жамандык болбойт. Эгер элим жамандык кылып, сөзүнө турбаса, анда күнөөкөрдү абдан оор жазалап, өзүм көзүм өткөнчө азап чегем.

Сөзүмдүн акырында өз мөөрүмдү басам – Маматбек кызы Курманжан датка. Мөөрүм жоголуп кеткендиктен – колумду коём».



Курманжан датка 96 жашта

Курманжандын жеке турмушу драмалуу окуяларга жык толгон. Ырас, ал мурдагыдай эле бай бойдон калып, көптөгөн малы болгон, кыргыздар ичинде айрыкча кадырбаркы күчтүү болгон. Анын балдары болуштуктарды башкарышкан. Бирок эки уулу менен эки небересине бажы салыгы алынбаган товар алып өтүп, бажыканачыларды өлтүргөн деген айып коюлганда, Курманжан аларды бардык кадырбаркын салып отуруп да куткара албай койгон. Оштун оёз начальнигине, Фергана аскер губернаторуна жана Түркстан генерал-губернаторуна жеке кайрылса да жардам болгон эмес. Жакшы көргөн баласы Камчыбек көп элдин көзүнчө жана аскер губернаторунун өзү Повало-Швыйковскийдин катышуусу менен Оштун негизги аянтында дарга асылган. Маматбек деген уулу жана эки небереси – Арсланбек менен Мырзапааз кишенделип,



К. Маннергейм-дин экпедициясы Курманжан даткада мейманда

Бул кызык

1907-ж. 1-февралда Оштон 13 чакырым жердеги Мады айылында 96 жаштагы «Алай ханышасы» жарык дүйнө менен кош айтышкан.

Анын каттап салынган төшөгүнүн жанында үнсүз дымыраган бардык куракта̄гы көптөгөн адамдар – көптөгөн урпактары турушту. Ал түгүл ушундай чоң боз үй дагы анын бардык неберелерин, чөбөрөлөрүн жана кибирелерин батыра албайт эле.

Анын ооруп калгандыгы жөнүндө кабар алардын көпчүлүгүн айылга келүүгө аргасыз кылган.

Ананчы! Күйөөнү өзү тандаган аял онойбу! Алайды башкарууну мураска алган аял. Букаранын динди бекем кармаган эмиринин колунан жогорку наам алып, Кокон ханы Кудаяр бекиткен аял генерал! Ал Зыйнат деген жашырын ат менен белгилүү акын да болгон деген кеп бар. Зор кландын негиздөөчүсү – Алай ханышасы бул дүйнө менен кош айтышып жатты.

Анын өлгөнү тууралуу кабар бүт дубанга тез эле тарады. Бардык тараптан атчандар, жөө жалаңдаган адамдар келип жатышты. Махмуд бек үй ээси катары кадырлуу кишилерди күтүп алып турду. Боз үйдүн кире беришине маркумдун неберелери менен чөбөлөрү эки катар тизилишти. Киши келген сайын чурулдаган өкүрүк чыгып, кошок кошулуп жатты.

Сөөк жерде эмес (адаттагыдан башкача), тактада кымкап жабылып жатты. Жанына ак падышанын белектери, датканын тушунда болгон сегиз генерал-губернатордун, ошондой эле оёз башчыларынын жана башка төрөлөрдүн тартуулары коюлган. Орус өкмөтү Курманжанга чоң урмат менен мамиле кылып, бардык расмий кагаздарында аны «датка» – башкаруучу деп көрсөтүшкөн.

Курманжан өлгөн кезде анын 183 укум-тукумунан 98и тирүү эле (эки уулу, эки кызы, 31 невереси, 57 чөбөрүсү жана 6 кыбырасы).



Курманжан даткага Бишкек шаарындагы эстелик

Сибирге сүргүнгө айдалган. Мындай кордук менен ызаны көрүү Курманжанга өтө оор болгон. Курманжан датканын ындыны өчкөн: ал бүт малын элге таратып берип, өз айылына жалгыз жатып алган, эч кимди кабыл албай койгон.

Убакыт өткөн сайын Курманжандын ысымы санжырага айланып, биздин күндөргө чейин жетти. Анын улуу иштерин улаган укум-тукуму даңкын өчүргөн жок: «Алай ханышасынын» неберелери – Кадырбек Камчыбек уулу жана Жамшыбек Карабек уулу большевик партиясынын мүчөсү, совет республикасынын кужүрмөн ордендеринин ээси, ал эми кыбырасы Муса Мырзапаязович Адышев – көрүнүктүү окумуштуу-геолог, Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын президенти болгон.

## КЫРГЫЗДАРДЫН ЧАРБАЧЫЛЫГЫ ЖАНА ТИРИЧИЛИГИ

Кыргыздардын салттуу чарбачылыгы – малчылык, дыйканчылык, аңчылык, кол өнөрчүлүк – көп кылымдык көндүмдөрдүн негизинде өнүккөн, ал эми тиричилиги көп кылымдар бою дээрлик өзгөргөн эмес.


**Мал чарбачылыгы.** Кыргыздар байыртадан эле мал чарбачылык жүргүзгөн. Чокан Валиханов белгилегендей, «кыргыз мал менен тоюнат жана кийинет». Алар үчүн мал – жанынан да артык. Ошондуктан кыргыздар жолугушканда адегенде мал-жаның аманбы деп сурайт, андан кийин гана үй-бүлөсүн сураганга өтөт.

Кыргыздар негизинен кой, жылкы, мүйүздүү ири мал, анча көп эмес санда төө жана бийик тоолуу Алайда топоз багышкан. Мал багуу экстенсивдүү жүргүзүлгөн – эреже катары, кышка чөп даярдашкан эмес. Мал үчүн жабык жайыттары да болгон эмес. Бирок белгилүү бир өнүгүү баары бир байкалган: малдын жакшыртылган породаларын тандоо жүргүзүлгөн, малды багуу, дарылоо боюнча билимдери өркүндөтүлгөн.


Жайыт «Кудайдыкы» («жердин баары Алла Тааланын колунда!») деп таанылып, аны пайдаланууну аксакалдар – кылымдардан бери келаткан каада-салттарды сактоочулар жөнгө салып турушкан. Бирок күчтүүлөрдүн «укугу» артыкчылык кылган: күч-кубаттуу уруулар алсыздарынын жайлоолору менен кыштоолорун тартып алышкан. Жайыттарды урук-урук башчылары бөлүштүрүшкөн, ошондуктан жакшы жерлерди ээлөө укугу аларда кала берген.

**Дыйканчылык** экинчи даражадагы мааниге ээ болгон. Өзбектердин отурукташкан – дыйканчылык маданиятынын таасири менен түштүк жакта ага жакшы көңүл бурулган. Бирок Кыргызстандын түндүк аймактарында да эгин айдоолору болгон. Көбүнчө тары, буудай жана арпа эгишкен.


1762-жылы Оштун жанында күрүч эгилгени жөнүндө алгачкы маалымат бар. Фергана өрөөнүндө бакча өсүмдүктөрү өстүрүлгөн. Түндүктө – Жети-



Темир тиши бар жыгач соко



◄◄ Өгүзчөн памирлик



▼ Жыгач соко кармаган дыйкан

Суула жана Теңир-Тоодо эгин азыраак болуп, ал мал чарбасына гана керектелген. Эгер түштүктө дыйканчылык сугат менен жүргүзүлсө, түндүктө негизинен сугарылбаган кайрак жерлерге эгин эгилген. Ошентсе да бул жерде каналдар, арыктар болгон. Арыктарды жалпы эмгек – ашар жолу менен казышкан. Артыкчылык укугу бектерде, бийлерде, манаптарда болсо да суу арык казгандарга гана берилген.

Эгин талааларын кедейлер менен чайрыкерлер иштетип, ал жерлер байларга таандык болгон. Түшүмдүн көбү жер ээсине, жарыбаганы кедейлерге тийген.

Алсак, Боромбай манаптын Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги Жууку деген жеринде өзүнүн эгин кампасы жана жемиш багы болгон. Ал эми Алымбек датканын Фергана өрөөнүндөгү ар кайсы айылдарда айдоо участкалары болгон. Анын кирешесин медресе ээси – мутавалий бөлүштүрүп, алардын милдетин Алымбектин уулдары аткарышкан.

**Аңчылык.** Кыргыздар мыкты аңчы катары атагы чыккан. Мылтык менен аңчылык кылышкан жана капкан коюшкан. Алгыр куштар менен аңчылык кылууну жакшы көрүшкөн. Кедейлер беделдүү адамдардын заказы менен тери жана маралдын мүйүзүн алып келип турушкан. Сарыбагыш манабы Ормон маралдарга аңчылык кылуу үчүн атайын бир нече мергенчи кармаган, маралдын мүйүзү дарылык касиетке ээ деп эсептелген. XIX кылымдын ортосунан тарта аң терилерине арыбери өткөн көпөстөрдүн суроо-талабы өскөн (бир сүлөөсүндүн териси беш койго бааланган) жана кыргыздар капкан менен торлорду көбүрөөк пайдалана башташкан.

**Үй кол өнөрчүлүгү.** Тиричиликке жана чарбачылыкка керектүү буюмдардын баары үйдө кол менен жасалган. Аны жасоого бүт үй-бүлө катышкан: бири мал баккан, экинчиси сырье камдаган, үчүнчүсү кийиз жасаган же тери ашаткан, кийим тиккен ж.б.у.с. Ал учурда эмгекти коомдук бөлүштүрүү али болгон эмес, үй өндүрүшүнөн өз алдынча кол өнөрчүлүк бөлүнүп чыга элек эле. Ошондой болсо да зергерлик жана устачылык иштерди кол өнөрчүлүк деп эсептөөгө болот.

Кыргыздар айрым учурда кен казуу менен да алектенишкен. Англиялык тыңчы Мир Иззет-Улла Шор-Булак деген кыргыз айылын эскерет, мында «коргошун табылып, кыргыздар коргошунду эритип найза жасашкан (жана ушул металлды сатышкан)». Кыргыздардын Оро-Төбө аймагынан, Теңир-Тоонун түндүк айрыгындагы Кара-Тоодон, Чоң-Кемин өрөөнүнүн төр жагынан коргошун кенин табышкандыгы жөнүндө кыргыз уламыштары жана көптөгөн саякатчылардын эскерүүлөрүндө айтылат. Ноокаттын тегерегинен кыргыздар жез, Ысык-Көлгө куйган суулардын жуулган кумдарынан

Алгыр куш кармаган мергенчилер



темир таап иштетишкен. Таш-Көмүр жана Сүлүктүдөн азыраак өлчөмдө табигый таш көмүр таап казып алышкан, ал эми Алай тоолорунан, Жумгалдан, Кочкордон жана Кетмен-Төбөдөн малга абдан керектүү туз табышкан. Г.Загряжский кыргыздардын «бүтүндөй кербен» менен тоого барып, туз артынып келишкендерин белгилеген.


Кыргыздардын үй кол өнөрчүлүгү байыртадан эле белгилүү болгон, XIX кылымдын акырына чейин өкүм сүргөн. XIX кылымдын экинчи жарымында гана кесипкөй кол өнөрчүлөр – *усталар* пайда болгон.

**Соода-сатык.** Кыргыздар башынан эле соода менен алектенген эмес, алар ары-бери каттаган көпөстөрдүн кызматынан пайдаланышкан. Алардын өздөрүнүн көпөстөрү дээрлик болгон эмес.

Мал чарбачылыктын өнүгүшү малды отурукташкан тургундардын дыйканчылык азыктарына, келгин көпөстөрдүн тиричилик буюмдарына жана жасалгаларына алмаштырууга көмөк берген. Өткөн кылымдын орто ченинде белгисиз бир автор: «Кыргыздардын дээрлик бүткүл соода жүгүртүүсү Кашгар, Орусия, Кокон жана Кытайдан келген соодагерлерге малын алмаштыруу менен гана чектелген», – деп жазган.

Кыргыз конуштарына келген соодагерлер ишти адегенде кадыр-барктуу манаптардын көңүлүн алып, колдоо көрсөтүүнү өтүнүүдөн башташкан. Кээде кыргыздар товарларды насыяга алышкан. Ал көпөстөр үчүн пайдалуу болгон: эгерде соодагер өз товары үчүн күзүндө күрпөң козу алышы керек болсо, жазында чоң кой алган.

XIX кылымдын ортосунда 12 кой териси бир койго, түлкүнүн териси да бир койго, сүлөөсүндүн териси эки



Идиш-аяк саткан дүкөнчө (Ош ш.)

койго барабар болгон. Алты кой бир өгүзгө теңештирилген. Койго ар кандай кездеме, чепкен, чоюн казан, кытай фарфор, кокон мылтыгын, кыз-келиндердин жасалгаларын алмаштырышкан.

Сооданын өнүгүшүнө феодалдык-уруулук бытырандылык, уруулар ортосундагы тынымсыз чыр-чатак жолтоо болгон. Ал түгүл манаптар көпөстөрдүн кербендерин күч менен соода жолунан өз айылына алып келип, соода зекетин өндүргөн учурлар да болгон. Кээде карыз болуп калган манаптар көпөстөрдү тоноп, кууп жиберишкен.

Соода бүтүмдөрү жазуу жүзүндө таризделген эмес. «Кыргыздардын ортосундагы бардык милдеттенмелер менен келишимдер оозеки жүзүндө жүргүзүлөт», – деген кеп адатка айланган. Түштүк аймактарда ички юридикалык бүтүмдөр, мисалы, жерди, күркөнү ж.б.у.с. сатып алуу–сатуу исламдын нормасы – шариат боюнча жүргүзүл-



Жамбы. XIX к.

гөн – башкача айтканда жазуу жүзүндөгү документ менен ырасталган.

Шаарларда соода-сатык кээде акчалай бүтүмдөр менен жүргөн, бирок акча аз пайдаланылган. Кыргыздардын өздөрүнүн акча бирдиги болгон эмес. Алар бухара жана кокон акчаларын: дилде, теңге, пул – ар кандай баадагы алтын, күмүш жана жез тыйындарды пайдаланышкан. Майдалануучу күмүш уютмасы – жамбы ири соода бүтүмдөрү үчүн пайдаланылган, аларды ошондой эле мелдештерде байге катары коюшкан. Бир кезде Ошто Кокон хандыгынын майда жез тыйын – пул чегип жасоочу тыйын сарайы (тыйын чегүүчү зергерканасы) болгон.



1. Кытай тыйындары. XVIII–XIX кк.
2. Кокон тыйыны. XIX к.

XIX кылымда мында бухаралыктардын үлгүсү боюнча күмүш теңге жана алтын дилде чыгара башташкан. Бир дилде 21 теңгеге, 1 теңге – 4 дирхемге жана 45-60 пулга барабар болгон.

Кокон хандыгынын аймагынын кеңейиши жана экономикасынын өсүшү менен «Хуканд-и латиф» (жагымдуу Кокон) же «Фергана» тыйын сарайынын белгиси менен тыйын чыгарылып, бүткүл Кыргызстанда пайдаланылган.

Тыйындарга ислам салттарында тарагандай жогорку башкаруучунун аты түшүрүлгөн. Жаңы гана болгон хан такка отурары менен эле, эреже катары, өзүнүн алтын жана күмүш тыйындарын чыгаруу жөнүндө буйрук берүүгө шашылган. Ушул себептен кээде мурунку хандын тыйындары кайрадан чегилген.

1983-ж. Кытай менен чегарадагы Нарын облусунун Аксай өрөөнүндөгү асканын 1 м тереңдиктеги жаракасынан 3447 коло тыйындан турган ири кенч табылган. Алардын эң байыркысы Тан династиясы башкара баштаган (618–907-жж.) учурдун башталышында, ал эми убакыт боюнча эң акыркысы 10 цян Синьцзян провинциясында 1851–1862-жылдары жасалган. Кенч Кытайдын акча жүгүртүүсү 1200 жылдан ашаарын сүрөттөп турат. Ошол эле учурда ал XIX кылымдын биринчи жарымында Кыргызстандын чегарасындагы соода мамилелерди да айгинелейт.

Кытай менен болгон соода Кытай күмүш уютмасы – жамбы менен да жүргүзүлгөн. Тоголок акча уютмалары Юань династиясынын (1279–1368-ж.) учурунда эле пайдаланылган, кытайлыктар аларды «юань бао» деп аташкан. Орус тилиндеги (ямб) жана кыргызча





▲ Көчүү учурунда балдарлуу аял

◂◂ Чүй суусунун оң жээгиндеги кыргыз айылы

«жамбы» деген аталыш ушундан келип чыккан. XIX кылымда күмүш уютмалар менен эсептешүү Кытайда кеңири тараган. 20дан дээрлик 2 000 граммга чейинки салмактагы формасы боюнча түрдүү жамбыларды чыгарышкан. Алар Кытай менен кошуна аймактарда пайдаланылган. Айрым алганда, Кыргызстанда аларды салмагына жараша «тай туяк» жана «кой туяк» деп аташкан. «Манас» эпосунда «Көкөтөйдүн ашы» эпизодунда ар кандай түрдөгү мелдештердин ичинде узун шыргыйдын башына илинген күмүш уютма – жамбы атуу баяндалган.

Синьцзяндан, Хивадан, Афганстандан жана Индиядан алынган күмүш тыйындар аялдардын кооздук буюмдары да болуп кызмат кылган. Тыйындардагы сүрөттөлүштөр, эреже катары, өчүрүлгөн эмес жана зарыл учурда аларды кайрадан соода-сатыкка пайдаланышкан.

Орусияга бириктирилиши менен кыргыз элинин жашоо-турмушундагы товардык-акчалай мамилелер биротоло бекемделген.

**Айыл.** Кыргыздар айылдарда жашаган. Боз үйлөрдүн жана алардын тургундардын саны туруктуу болгон эмес: жайында айылдар, эреже катары, көбөйүп, кышында азайган. Кедейлер көбүнчө бири-бирине жакын конушкан, анткени анча чоң эмес жайыттарга малын чогуу жайууга ыңгайлуу болгон. Малы көп байлар жана манаптар өзүнчө жайыт жерлерге конушкан.

Журт которуу өзүнчө эле майрам болгон. Кыздар жана аялдар эң жакшы кийимдерин кийишип, ырларды созолонтушкан. Байлар дүнүйө-мүлкүн төөгө, кедейлер өгүздөргө артынып көчүшкөн.

XIX кылымда Кыргызстандын түштүк райондорунда алгачкы кыштактар пайда боло баштап, көчмөндөрдүн отурукташкан жана жарым отурукташкан турмушка өтө башташын айгинелеген.

**Социалдык түзүлүш.** Кыргыз коомунун иерархиялык бийлик тепкичинин башында манаптар турган. Манапчылык бийчиликтен өсүп чыккан. Башкача айтканда XVIII к. – XIX кылымдын биринчи жарымында бий аталгандар (мисалы, Тагай бий, Атаке бий) кийинчерээк – XIX кылымдын ортосунан баштап жазуу жүзүндөгү

документтерде манаптар деп атала баштаган. Эң мүнөздүү мисал – Боромбай бий, ал 1844-ж. жазылган катта биринчи жолу манап деп аталган. Боромбай өзүнүн даражасы жөнүндө минтип жазган: «мен улуу кичи болбосом да кадыр-баркым бар, мага ишенишет, Ташкен ханы менен бектерге таанымалмын, менин атым Кытай ханына да маалым».

Түштүк Кыргызстандын Бухара жана Кокон хандыктарынын таасирине көбүрөөк чалдыккан аймактарында урууну бийлеген жана чиновниктик ыйгарым укуктары бар адамдар бек же датқалар иерархиялык тепкичтин жогорку деңгээлинде турушкан.

Бийлер мурдагы милдетинен айрылып, соттук гана ыйгарым укуктарын сактап калышкан. Жалпысынан бардык бай адамдар байлар деп аталган.

Карапайым кыргыздардын көпчүлүгүн катардагы малчылар –букаралар түзгөн. Алардын жакырлары кедейлер деп аталган. Ал эми дыйканчылыкка өткөндөр жатакчылар жана кошчулар деп аталган. Түштүктө ага тете термин «егинчи» көбүрөөк колдонулган. Ал эми түшүмдүн үлүшүн алуу үчүн жалданып иштегендер чайрыкерлер деп аталган.

Кыргыздарда кулчулук патриалхалдык формада болгон. Таптакыр жакырланган туткун жоокерлерди жана карызга белчесинен баткан уруулаштарын кулга айландырышкан. *Кул* – таптакыр укугу жок болгон: ал жанын багуу үчүн гана ээсинин малын кайтарган, аны сатып, кыздын калыңына кошо беришкен, мелдештерде байгеге сайышкан. Алсак, Жантай манап уулу Шабданга аял алып берүүдө калың катары 45 кул төлөгөн, Жангарач манап 1 ат байгеге гана байге катары 60 кул сайган.


## XVI–XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОСУНДАГЫ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАТЕРИАЛДЫК МАДАНИЯТЫ


**Кыргыз элинин маданиятындагы жалпылыктар жана өзгөчөлүктөр.** XVI–XIX кылымдарда кыргыз элинин маданияты байыркы жана орто кылымдарда калыптанган салттардын негизинде өнүгүүсүн уланткан.

XIX кылымдын акырындагы кыргыз үй-бүлөсүнүн көрүнүшү жана тиричилиги









▲ В.В. Верещагин. «Чүй суусунун боюндагы кыргыз үйлөрү».

◀◀ XIX кылымдын акырындагы боз үйдүн ички жасалгасы

Кыргыздардын материалдык маданиятында сактар менен усундардын, түрктөр менен моңголдордун салттары улантылган. Ошону менен эле бирге бир катар элементтер аны Орто жана Борбордук Азиянын башка элдеринин маданияты менен жакындаштырат.

XVI–XIX кылымдардагы кыргыздардын материалдык маданиятынын негизги белгилерин карайлы. Тилекке каршы, окумуштуулар XVI–XVIII кылымдарга таандык буюмдарды аз эле санда табышкан. Ошондой болсо да көчмөн элдин маданий өнүгүү салттарынын туруктуу мүнөзүн эске алып, биз XIX кылымдан калган көптөгөн маалыматтар боюнча болжолдой алабыз.


Кыргыз элинин өз алдынча рухий маданияты кийин өсүп-өнүккөн адабият, искусство жана илимдин негизин түзгөн.

**Турак жайы.** Кыргыздардын көп кылымдардан берки турак жайынын артык көргөн тиби *боз үй* – универсалдуу тургун жай курулмасы болгон. Ар кайсы мезгилде Орто Азия менен Казакстандын көчмөн аймактарында болушкан саякатчылар боз үйдүн көчмөн турмушка абдан мыкты ыңгайлашканын белгилешкен. Н.М.Пржевальский төмөнкүчө жазган: *«Боз үй эч нерсеге алмашкыс турак жай. Аны бир паста жыйнап башка орунга которо койсо болот, ошол эле учурда ал суукtan, аптаптан, жаан-чачындан жакшы сактайт. Чынында эле боз үйдө от жагылып турса аябай катуу суукта да жылуу; мындай турак жайдын кийиз жабуусу ысыктан да, жаан-чачындан да, ал түгүл нөшөрлөгөн жаандан да жакшы сактайт».*


Кыргыз боз үйү казактардыкынан же калмактардыкынан бир кыйла айырмаланат. П.П.Семенов – Тян-Шанскийдин айтканы боюнча кыргыздын боз үйлөрү жумуру, түндүгү жапыс, тышкы көрүнүшү кооз. Ички жасалгасы кооздукка анча маани бербегенин айгинелейт. Чокан Валиханов бугунун жогорку манабы Боромбайдыкында конокто болуп, ал түгүл манаптардын боз үйү да таптакыр эле бош экендигин жазган: керегенин жанында «бүктөлгөн кийиздер, жөнөкөй букара жууркаты жыйылган, анын үстүнө кытай жаздыктары коюлган. Жыгач чөмүч, шарап куюлган көөкөр, жерги-

ликтүү усталар жасаган жыгач-аяктар, казандар башаламан ар кайсыл жерде чачылып жатты. Үйдүн ээси – байбиче аял койдун терисинен жасалган көлдөлөңдө олтурду». Ысык-суукка көнгөн жашоо жана боз үйдүн ичинин боштугу кыргыздар үчүн демейки көрүнүш болгон. Боз үйдүн тышкы көрүнүшү жана ички жасалгасы анын ээсинин социалдык абалын айгинелеген.

Кыргыздардын **архитектурасы** негизинен бай-манаптардын бейитиндеги күмбөздөр менен гана чектелет, алар болжол менен XVIII кылымдын экинчи жарымында курулган. Бирок Ферганадагы Бурхан-ад-Дин мазары, Оштогу Сулайман мазары жана башка айрым күмбөздөр XVI кылымда эле курулган.



▸ Арсланбабдагы мавзолейдин фасады




Күмбөздөрдүн түрлөрү

Чыгыш таануучу М.И.Венюков минтип жазган: «кара кыргыздар алардын жеринде мурда жашагандардын да кээ бир эстеликтерин баркташат... Өзүлөрүнүн эски эстеликтерин андан да жогору баалашат... ата-бабаларынын бейитин кадырлашып, таш дубалдуу мунаралар сыяктуу курушат».

Күмбөздөрдү курууда ар кандай материалдарды пайдаланышкан. П.П.Семенов-Тян-Шанский Түп менен Жыргалаӊ сууларынын ортосуна курулган күмбөзгө барып, кызыл жана боз кыштардын арасынан чыныланган кооз, өтө бекем кыштарды көргөн, «сыягы, байыркы уйгурлардан алынса керек» деп жазган. Дал ошол күмбөздү көрүп Ч.Валиханов «эгерде кыргыздардын өзүнүн көркөм нерселери, архитектурасы бар болсо, анда ал... монументалдык архитектура, бейиттер архитектурасы» деген пикирге келген.

**Кыргыздардын культтук архитектурасы.** Исламдын таасири күчтүү болгон Кыргызстандын түштүгүндө культтук архитектура өнүккөн. Кокон хандыгы кулагандан кийин Ош жана





анын айланасында эле 147 мечит жана 6 медресе катталган. Кыргыздар негизинен көчмөн жашоо мүнөзүндө болушкан, ал эми турак жайы боз үй болгон түндүктө дагы культтук багыттагы курулмалары: мавзолей-күмбөздөр, мечиттер жана медреселер болгон.

Архитектура ислам маданиятынын атрибуттарын жергиликтүү өзгөчөлүктөр менен айкалыштырган. Аларда улуттук салт-санаалар, тышкы жөнөкөйлүгү жана формаларынын ылайыктуулугу менен белгиленген стиль чагылдырылган. Кээде күмбөздөр заказ боюнча жана өзбек усталары тарабынан курулган. Исламга чейинки ишенимдердин таасири да байкалат – курулуштар жанрдык тартылган сценалар, адамдардын жана жаныбарлардын (өсүмдүк көркөм көчөттөрү менен гана эмес) сүрөттөлүштөрү менен кооздолгон. Мындайларга Түп өрөөнүндөгү Ногойдун күмбөзү, Чүй өрөөнүндөгү Байтиктин күмбөзү, Таластагы күмбөздөр кирет. Ысык-Көлдө мавзолейлер бугу мүйүзү, түштүктө – топоздордун куйругу менен кооздолгон.

Алардын бардыгында жарым шар формасындагы кумпа, үстүнкү кырында багыналары, чуштуйган кууш оозу бар. Айрым учурда фасадына таш эпитапиялар коюлган.

Нарын дарыясынын боюндагы Тайлак менен Атантайдын, Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги Балчактын күмбөздөрү, Таластагы Орловка айылынын жанындагы мавзолей жана Бишкекке жакын Чоң-Арык айылындагы күмбөздөр биздин күндөргө чейин сакталган.

Мечиттер жана медреселер негизинен Кыргызстандын түштүгүндө салттуу мусулман стилинде салынган. Алар Орто Азиянын түштүгүндөгү курулуштарга караганда бир топ жупунулугу менен айырмаланат. Ошентсе да Алымбек датканын медресеси сыртынан да, ичинен да бай жасалгалар менен кооздолгон. Үстүнкү кырындагы шуштуйган мунарачалар медресени келишимдүү жана заңгырагандай көрсөтүп турат. Оштогу Алымкулдун, Өзгөндөгү Автобачы менен Араб байдын, Кара-Суудагы Алык уулу Асан бийдин медреселери XVIII-XIX кылымдарда

▲ Алымбек медресеси. XIX кылымдын ортосу (Ош ш.)

◀◀ Оюп жазылган жазуусу бар Өзгөн мавзолейлеринин терракоталык такталары





▲ Мергенчиликте

▸▸ Чепкен. Улуттук сырт кийим

курулган. Тилекке каршы алардын бири да сакталып калган эмес.

**Чептери.** XIX кылымдын 20-30-жылдарында Кокон баскынчылары кыргыз жерлерине төмөнкү чептерди курушкан: Бишкек, Токмок, Ат-Башы, Жумгал, Тогуз-Торо, Куртка, Каракол, Барскоон, Коңур-Өлөң, Таш-Коргон, Дароот-Коргон ж.б. Чеп куралдар үчүн бурчтарында жана ортосунда мунаралары бар, узундугу 60-70 м жана бийиктиги 5 метрге чейин болгон төрт бурчтуу коргон түрүндөгү тик бурчтуу чопо курулмалар. Чепти тегерете анча терең эмес аңгек казылган. Чептеги гарнизон адатта 150-200 адамды түзгөн, ал эми Бишкек сыяктуу чепчыңдоолорго миңден ашык аскер баткан.

Кыргыз феодалдары кокондуктардыкындай типтеги чептерди курушкан, бирок аларга караганда чакан болгон. Алардын бири Нурек Ажыбек уулуна таандык (Талас өрөөнүндө). 1843-ж. ысык-көлдүк манап Боромбай Жууку суусунун башындагы Кызыл-Үңкүр деген жерге чеп курган. Кыргыздар согуш чептерин Кокондун колониясы болгонго чейин эле курушканын, бирок алар аз санда болгонун археологиялык изилдөөлөр көрсөттү.

**Курал-жарагы.** Баскынчылардын коркунучу, уруулар арасындагы чыр-чатак кыргыздарды ар нерсеге даяр турууга аргасыз кылган. Кылыч, айбалта, бишкек, найза жана башка курал-жарактарын албарс болоттон жасап, абдан кооздошкон. Алсак, «Семетей» эпосунда ак болоттон жасалган алтын саптуу айбалта, күмүшкө сымап аралаштырып кооздолгон башка куралдар жөнүндө айтылат. Жаа XVIII кылымда милтелүү мылтык менен алмаштырылат. П.П.Семенов-Тян-Шанский менен бирге саякаттаган шериги И.Бардашев кыргыздардын XIX кылымдын ортосундагы курал-жарактары жөнүндө төмөнкүчө жазат: *«Кыргыздар башка ордолорго караганда мыкты куралданган, айрыкча Кокондон алган мылтыктары көп, бирок алардын сүмбөсү узун, оор жана илмектин ордунда милте».* Ал куралдар согушта гана эмес, мергенчиликте да колдонулган.





▲ Өрмөкчү иш үстүндө

◄◄ Памирлик кыргыз аялдар

**Кийим-кечеси.** Кыргыз көчмөндөрүнүн кийим-кечеси өзгөчө бычылышы менен айырмаланган. Аны жука кийизден, булгаарыдан жана жаныбарлардын терилеринен, колдо токулган одуракай кездемелерден тигишкен; кээ бирлерин Фергана менен Кашгардан сатып алып турушкан. XIX кылымдын ортосунан баштап алар Орусиядан чыт, кебез кездеме, нооту жана башка кездемелерди алып келе баштaшкан.


**Кол өнөрчүлүгү.** Кол өнөрчүлөрдүн буюмдары укумдан тукумга өтүп келаткан формаларынын, техникалык ыкмаларынын, салттуу көндүмдөрүнүн бирдейлиги менен айырмаланган. Аялдар кийиз жасоо, тери ашатуу, килем, кездеме токуу, кийим тигүү, боз үйдүн ички жасалгаларын даярдоо менен алектенген. Эркектер темир усталык жана зергерчилик иштерди, жыгач жана тери иштетүүнү артык көрүшкөн. Аялдардын сөйкө, шакек, билериктери да оюм-чийим түшүрүлүп, көбүнчө асыл таштар чөгөрүлгөн. Күмүштү бедерлөөдө ар түрдүү оюм-чийимдер пайдаланылып, жасалганын бети карартылып, кемерлерге каңылтыр кадалып, ат жабдыктары кооздолгон. Темир усталар жалаң эле жасалга жасабастан металл буюмдарын, ошондой эле мылтык, кылыч, бишкек, канжар, бычак жасап, жоокер калкандарын темир каңылтыр менен кооздоп кадашкан.

Кол өнөрчүлөрдүн буюмдары жөнөкөй, формасы так, түсү айкалышкан оюм-чийимдер менен кооздолгон. Кыргыздар оңбогон минералдык жана өсүмдүк боёкторун өзүлөрү жасашкан. Алардын тиричилигинде оюму так, чоң, түстөрү карама-каршы келип жакшы айкалышкан ала кийиздерди кеңири пайдаланышкан. Бул көркөм ыкманын байыркы үлгүлөрү Алтайдын Пазыр мүрзө-дөбөлөрүнөн табылган кийиз буюмдарга окшоштугун айгинелейт.

Жасалга колдонмо өнөрдүн кеңири тараган түрү кийим-кечени жана үй буюмдарын кооздоочу териге жана кийизге сайма түшүрүү болгон. Кийизге оюу, сайма түшүрүү менен жасалып

▸ Көн буюмдар: көнөк, көөкөр


▸▸ Ала кийиз (фрагмент)





▸ Туш кийиз (фрагмент)

▸▸ Аялдардын күмүш жасалгалары: иймек, тумар





боз үйдүн бооруна тартылган туш кийиз азыркыга чейин көп колдонулат.

Булгаары иштетүүчү чеберлер булгаарыдан идиш (көөкөр, көнөк), үкөк, куту, ат жабдыктарын, ээр, кемер кур жазашкан. Буюмдар көркөм көчөттүү оюм-чийим, тегиз жана дөмпөк бедерлөө, аппликация, кооз тигиштер, металл илмектер менен коолдолгон.

XVI-XIX кылымдарда кыргыз элинин материалдык маданияты өнүккөн жана өркүндөгөн.

## КЫРГЫЗДАРДЫН РУХИЙ МАДАНИЯТЫ

**Элдик оозеки чыгармачылыгы.** Баатырдык жана лирика-романтикалык мүнөздөгү эпикалык эстеликтер өзгөчө орун ээлейт. Кыргыз элдик эпосу – «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтиги бүткүл дүйнөгө белгилүү.

XVI–XVIII кылымдарда Кыргызстанда эпикалык чыгармалардын циклдери түзүлгөн, аларда калмак фе-





▲ Окуучулар сабакта

◀◀ Эски кол жазма китептер

одалдарына каршы күрөш чагылдырылган. Алар «Эр Төштүк», «Жаңыл Мырза», «Эр Табылды», «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Эр Эшим». Алардын окуяларды чагылдырганы боюнча тарыхый эпосторго жакындайт.

**Көркөм адабияты.** Өткөн кылымда жалаң эле поэзиянын оозеки формасын гана аткарган таланттуу авторлор гана эмес, жазгыч акындар да болгон.

Заманачы акындар деп аталышкан жазгыч акындар өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. *Заманизм* – дүйнөнүн оопасыздыгы жана сөзсүз кыямат-кайым болоору жөнүндөгү тарыхый философиялык окуу. Алардын көрүнүктүү өкүлдөрү Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз болгон.

Ошондой эле таланттуу акын ***Калыгул Бай уулу*** (1785-1855-жж.) белгилүү. Ысык-Көл өрөөнүнүн Карой-Сарай деген жеринде оокаттуу үй-бүлөдө төрөлгөн. Белгилүү сарыбагыш манабы Ормон хандын жакын тууганы жана курдашы болгон. Аны бай-манаптын идеологиясын жактаган көрүнүктүү өкүл катары эсептешкен. Ал «Акыр заман» деген чыгармасында салттуу жашоо мүнөзүнө жакын социалдык мамилелердин типтерин баяндаган. Калыгул өткөн турмушту мактап, кедей-кембагалдарга камкордук көргөн мыкты жана мээрман уруу башчыларын жактаган. Ошол эле учурда уруулар ортосундагы чыр-чатакты сындап, манаптарды бейкут турмушка үндөгөн. Анын ырларында Кокон хандарынын алыксалыктары ашкереленет. Анын жарандуулук, патриотизм жык толгон поэтикалык саптары санат-насаат түрүндө айтылат. Калыгулдун ырлары элдин ар кандай катмарына – бай-манаптардан тартып мал баккан кедей-кембагалдарга чейин кеңири тараган.

Калыгулдун кичүү замандашы ***Арстанбек Буйлаш уулу*** (1824-1878-жж.) Ысык-Көл өрөөнүнүн тескей сыртында кедей үй-бүлөсүндө төрөлгөн. «Тар заман» деген чыгармасында адилеттүү деп эсептеген ата-баблардын доорунун кайрылбай кеткенине кейип, ата-бабалардын мыкты жактарын сактап калууга үндөгөн. Патриархалдык

жашоо укладында анын көз карашы боюнча кедейлер менен байлардын ортосунда айырма болгон эмес. «Тар заманда» эзилген эл кулчулуктун оорчулугуна моюн сунуп, ага чыдашы керек, бул кудайдын буйругу деп, аны тагдырдын жазмышы катары негизги өзөк кылат.

Арстанбектин чыгармаларында тарыхый окуялар туура чагылдырылган. Жарыкчылыкка, билимге, өсүп-өнүгүүгө үндөгөн карама-каршылыктуу ойлор кезиккендиктен, алар сын көз менен карап талдоону талап кылат.

Калыгул сабатсыз болуп, анын чыгармалары кийин жазылса, ал эми Арстанбекти кыргыздардын революцияга чейинки жазма адабиятын баштоочулардын бири катары эсептөөгө болот.

***Молдо Нияз*** (болжол менен 1820–1896-жж.) – көп эмес кыргыз жазма акындарынын бири. Молдо Нияздын бизге эки санат- насыятынын кол жазмасы келип жетти. Жердештери аны Кыргызстандын түштүгүндөгү Ак-Кыя кыштагында туулуп, Кашгар медресесинен билим алган, бүтүндөй Кыргыз-

Бул кызык

## СУФИЙЛЕР (СОПУЛАР)

Суфизм – VIII кылымда пайда болгон, исламдагы мистикалык-аскетикалык агым. Суфийлер сезимге үмүттөнүп чындыкты издешкен: Кудайга болгон сүйүү сезими чын дилдеринен мистикалык экстазга чейин жеткирилген. Көрүнүктүү суфийлердин бири Ибн аль-Араби (1165-1240-жж.) төмөнкүчө жазган: «Болмуш бирдиктүү жана чындык катары жана Жаратман катары кош маанидe каралууга тийиш эмес. Ошондуктан эгерде сен өзүн жөнүндө жана Кудай жөнүндө, ал – деген мен, мен – деген ал деп айтсан экөө тең бирдей эле чындык болот». Суфийлер үчүн адам – Кудайдын күзгүсү, андан адам өзүнүн жашоо мүнөзүн көрөт. Кудайга биротоло берилүү үчүн суфий саясий жана коомдук турмушка катышуудан, байлыктан жана кадыр-барк күтүүдөн баш тартышы керек. Анын милдети – адамдарды Кудайга түз мамиле жасоого үйрөтүү.

Суфизм Орто Азияда XI кылымда эле таралган. Жусуп Баласагын суфийдин өзгөчөлүгүн өз поэмасынын кейипкерлеринин бири Өткөрмүшкө берген, ал бул дүйнөнүн көйгөйүн айтат. Ага макул болбогон Жусуп адамдарды эл үчүн эмгектенүүгө чакырат:

*Кызмат кылуу жолунда баратканыңды унутпа:*
*Кызмат өтөө адамга – адилет жол бир гана.*
*Айылда да, шаарда да адамдар көп такыба,*
*Эл жериндe жерибей кызмат кылгын калкына.*

Көпчүлүк суфийлер коомдук турмушка катышкан; ал эми кыйла кенири белгилүү суфий орденинин – Накшбандини негиздөөчү – Бахааддин Накшбанд (XIV к.) текебердик катары эле дербиштик жөнүндө айткан.

Дал ушул Накшбанди орденинин өкүлдөрү Кыргызстанда исламды кыйла активдүү жайылтышкан, биринчи кезекте өз тарабына таасирлүү бийлерди – айрым кыргыз урууларынын башчыларын тартышкан жана саясий күрөштө алардын жардамын пайдаланышкан. Мисалы, кушчу уруусунун башчысы Галижа бий калмак басып алуучулары менен күрөштүн учурунда Түркстандын мусулман аскерлеринин аскер начальниги болгон. Ал Кашгар менен Фергананын диний башчысы, ходжагон (накышбандия) агымынын өкүлү Калан кожонун муруту («мурут» – «жазалоочусу», «жолун жолдоочу») болгон.

Насаатчы-мурутту муршид («багыттоочу»), ал эми Орто Азияда – эшен деп атаишкан. Мурут эшенге сөзсүз баш ийүүгө милдеттүү («мурут эшендин колунда сөөк жуугандардын колундагы өлүктөй болууга тийиш болгон») жана материалдык белек берип турууга тийиш болгон. XIX кылымда ар бирине кыргыз урууларынын бири баш ийген эшендердин жер-жерлерде өздөрүнүн өкүлдөрү – халиптер болгон, алар өздөрүнүн урууларын «ишенимге үгүттөөгө» жана эшен үчүн «белек» чогултууга тийиш болгон.

Мурутизм Кыргызстанда XIX кылымдын акырына чейин өкүм сүрөт.

станды, Каратегин менен Кашгарды кыдырып ырдаган дешет. Акын XIX кылымдын ортосундагы тарыхый маанилүү окуялардын – Кокон хандыгынын эзүүсүнүн жана кыйрашынын күбөсү болгон. Ал өкүмдарлардын залимдигин сындап, хандын төрөлөрү менен өкүлдөрүнүн алдым-жуттум ач көздүгүн, зөөкүрдүгүн шылдыңдап жазат. Санаттарында ислам динине да бир топ орун берилген. Бирок санаттарынын негизги баалуулугу – чыныгы болгон маалыматтардын айтылгандыгында жана аларга баа берилгендигинде. Алар оригиналдуу адабий-көркөм чыгарма гана болбостон, маанилүү тарыхый булак да болуп эсептелет.

Өз кезегинде анын чыгармалары кыргыздардын ичинде кеңири белгилүү болгон. Бирок кол жазмаларынын көбү сталиндик репрессия жылдарында жоголуп кеткен. Акындын насаат, сүйүү жана арман ырлары гана сакталып калган. Анын чыгармаларында тарыхый окуялар диний көз караштын алкагында чагылдырылган.

Молдо Нияздын чыгармалары кыргыз тилинин тарыхын, элдин экономикалык жана маданий турмушун үйрөнүүдө чоң мааниге ээ. Алар тарыхый-адабий эстелик болуп эсептелет.

Бул кызык

**Кыргыздарда салттуу окутуу жөнүндө Токмок оёзунун начальнигинин рапортунан (XIX кылымдын экинчи жарымы)**

*«Кыргыздар 10-15 боз үйдөн бир айыл болуп көчүп жүрүшөт, андай кошуна айылдар кээде эки-үч жүзгө жетет. Алардын ортосунда кыргыздан, ал эми кээде өзбектен молдо шайланат. Өзүнүн уулун же кызын окутууну каалагандар молдо менен акысын макулдашып, баласын окууга алып келет. 10-15 бала чогулса, окуу башталат. Мындай мектептердин санын билүү өтө кыйын, анткени алар туруктуу мүнөзгө ээ эмес».*





◂ В.В. Верещагин «Дервиш»

◂◂ Бухаралык дервиш





▲ Кылдуу музыкалык аспаптар: комуздар жана кыяктар

⏩ Урма музыкалык аспаптар

Манасчылар, ырчылар, акындар адатта фольклордук чыгармаларды да, өздөрүнүн чыгармаларын да өздөрү аткарышып, кээде комуз, таасирдүү кыймыл-аракет менен коштогон.

Кыргыз эли байыртадан эле музыкага абдан жакын болгон – бир дагы майрам, бир да салтанат ырсыз жана музыкасыз өткөн эмес.

**Дини жана ишеними.** XVI–XVIII кылымдарда кыргыздардын арасында ислам дини акырындап тарай баштап, аны Чыгыш Түркстан менен Фергананын суфийлик (сопулук) жамааттары көшөрө жайылтышкан.

Исламды кабыл алуу кыргыз феодалдарынын абалын чыңдаган: аларга орто азиялык башкаруучулар менен тең укукта дипломатиялык байланышка чыгууга, өз балдарын мечиттерде жана медреселерде окутууга, пайдалуу никеге турууга ж.б.у.с. мүмкүндүк берген. Карапайым көчмөндөр динди формалдуу таануу менен ал таңуулагандарды жана үрп-адаттарды: күнүнө беш маал намаз окуганды жана көп күндүк орозо кармаганды туура көргөн эмес.

Ислам динине ишенүүгө жамааттышуунун патриалхалдык-уруулук түрү да аябай кедерги болгон. Анткени кыргыздарга тарыхый калыптанган аң-сезими боюнча бутпарастык ишеним түшүнүктүү да, жакын да эле.

Кыргыздарда Теңирге, Умай энеге, жер-суга жана Таюуга табынуу бекем сакталып келген. Алар жин-шайтандардын күчүнө ишенишкен, Бүбү-бакшыларды, ошондой эле *далычы, кургучу* – төлгөчү, балчы, көз ачыктарды да урматташкан. Бутпарастык ишеним жерге, сууга жана булакка, ташка, токойго, «ыйык тоолорго», сыйынууда, Күн менен Айга кулдук урууда да сакталган.

Жаныбарлардын культу – тотемизм кеңири тараган. Алсак, бугу уруусундагылар өздөрүн бугудан тараганбыз дешет. Арбактары тирүүлөрдү колдойт деп ишенишкен ата-текке сыйынуу культу кеңири тараган.

Ошол эле учурда коомдун социалдык өнүгүшүнүн бардык татаал жактарын чагылдырган идеологиялык көз караш калыптана баштаган. Чы-

ныгы болгон адамдар легендарлуу фигурага айланышкан. Алар: Асан кайгы, Толубай сынчы жана Санчы сынчы. Асан кайгы элдин эсинде ойчул дервиш катары сакталып, ал элди боорукер болууга, жакын кишисин, жерди, адилдеттикти сүйүүгө үндөгөн.

Толубай сынчы жардылардын тагдырын жеңилдетүү, адамдар бирин бири урматтаган бейкут турмушта жашай турган бактылуу учур жөнүндө кыялданган. Ал ошол учурдагы коомдук түзүлүштү өзгөртпөй туруп пейилди оңдоо жолу менен буга жетишүүгө болот деп эсептеген.

XVIII кылымдын философу Санчы сынчынын чыгармаларында эзүүчүлөргө каршы күрөшүүгө чакырык чагылдырылган. Бирок социалдык жактан адилет коомго алып баруучу жолду көргөзө алган эмес, ошондуктан аны кыялкеч-ойчулдардын катарына кошууга болот.

Кыргыз элинин материалдык жана рухий маданиятына казактар, өзбектер, тажиктер ж.б. менен карым-катнаш таасир көрсөткөн. Соода-сатыктын натыйжасында тиричилигине чет элден товарлар келген, ал эми кийиз, булгаары, баалуу таштар жана минералдар чөгөрүлүп жасалган жасалгалар, асыл металлдар Орто Азиянын, Казакстандын, Чыгыш Түркстандын жана Орусиянын айрым жерлерине чейин жеткен.

Кошуналар менен маданий байланыштын болгонун таасирдүү кыргыз феодалдарынын Кокон хандыгынын башкаруучулары, казак султандары, чегарадагы орус бийликтери менен болгон кат алышуулары айгинелеп турат. Кыргызстанда диний китептер гана эмес окуу китептери, ыр жыйнактар, ар кандай чыгыш таржымалдары да тараган, алардын бири – Чыгыштын орто кылымдагы атактуу окумуштуусу, ойчулу жана акыны Абдурахман Жаминин араб граматикасынын мурдагы көчүрмөсү 1976-ж. Кыргызстандын аймагынан табылган. Андан сырткары белгилүү суфийлердин таржымалдарынын жыйнагы болгон «Нефакат-ул-унс» («Достуктун желаргысы») деген китеби, белгилүү «Семирица» жыйнагынан «Силсилат аз-захаб» («Алтын чынжыр») деген эпикалык поэмасы табылган.

Өз кезегинде кыргыз элинин өз алдынчалуу маданияты кошуна элдердин турмушуна да таасир эткен. Эл чыгармачылыгы кыргыз элин шыктандырып, кыйынчылыктарды жеңүүгө, эркин жана көз карандысыз жашоо укугун бекемдөөгө көмөк берген.

Бул кызык

### КЫРГЫЗДАРДЫН ДИНИ ЖӨНҮНДӨ ЗАМАНДАШТАРЫНЫН АЙТКАНЫ

*«Бардык кыргыздар мусулман динин тутушат же жол-жобосун, талабын билбей туруп өзүлөрүн мусулманбыз дешет. Алардын бардык ырым-жырымдары жана ишеними орто азиялык расалардын алгачкы дини деп эсептелген бакшылыктын толук шаан-шөкөтүн ушул кезге чейин сактап калган...*

*Молдо да, кожо да же башка мусулман мугалимдер да ушул элдин ичинен чыккан эмес. Диндин жөнөкөй сабатын билген билимдүү киши гана эмес, намазды жазбай беш маал окугандар жана орозо туткандар кыргыздардын арасында жок»* (Ч.Валиханов).



Чокан Валиханов, «Манас» эпосунан үзүндүнү биринчи жазып алган



## КОРУТУНДУ ОРДУНА

Ошентип, урматтуу окурман, сен энциклопедиянын акыркы барагын жаптың, биздин жерде жашаган уруулардын жана элдердин тарыхынын дээрлик миллион жылын «бaрактап чыктың».

Бирок сенин тарых дүйнөсүнө саякатың ушуну менен бүтүп калбайт.

Жыл сайын археологдордун жана этнографтардын экспедициясы өлкөнүн тарыхын кыйла тереңирээк таанып-билүү үчүн негиз болуучу жаңы материал жыйнаш үчүн Кыргызстандын түрдүү бурчтарына жиберилет. Илимий конференциялар өткөрүлөт, аларда республиканын тарыхынын айрым мезгилдери боюнча мурдатан белгилүү маалыматтар такталат же кылымдардын далдасында калган процесстерди түшүндүрүүчү жаңы божомолдор коюлат. Изилдөөлөр жүргүзүлөт, демек ачылыштар жасалат.

Сенин тарых менен кездешүүң окуу китептеринин жана көркөм адабияттын беттеринде, «Манас» эпосунда жана Кыргызстандын азыркы кездеги экономикалык, саясий, маданий жашоо-турмушунда улана берет.

Сенин тарых менен таанышууңдун бир бөлүгү өзүңдүн үй-бүлөңдүн тарыхы болууга тийиш, анткени элдин тарыхы адамдардын тарыхынан куралат.

Сен кайсыл улут – кыргыз, орус, өзбек, уйгур, дунган, казак, тажик, украин, корей, немис же каалаган башка улут болсоң да азыркы учурда биз бардыгыбыз чогуу бирдиктүү эл, Кыргыз Республикасынын жарандары экендигибизди унутпа, Кыргызстан – биздин жалпы үйүбүз, ал эми анын тарыхы биз үчүн – биздин *Ата мекендин тарыхы.*

## СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР


1. *Абрамзон С.М.* Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. 2-изд. – Бишкек, 1990.
2. *Акаев А.* История, прошедшая через мое сердце. – Москва; Бишкек: Дизайн. Информация. Картография; Илим, 2003.
3. *Акаева М.* Звезды науки. – М., 2001.
4. *Акишев К.А.* Курган Иссык. Искусство саков Казахстана. – М., 1978.
5. *Аристов Н.А.* Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. Очерки истории и быта населения Западного Тянь-Шаня и исследования по его исторической географии. – Бишкек, 2001; *Его же.* Труды по истории и этническому составу тюркских племен. – Бишкек, 2003.
6. Atlas of Central Asian artistic crafts and trades. Volume III. Kyrgyzstan. – Bishkek, 2002.
7. *Баласагунский Юсуф.* Благодатное знание. – М., 1983.
8. Барс-бег – каган кыргызов. /Под ред. акад. А.Ч. Какеева. – Бишкек: Илим, 2003.
9. *Бартольд В.В.* Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Бишкек, 1998.
10. *Бернштам А.Н.* Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1–2. – Бишкек, 1997, 1998.
11. *Бойс М.* Зороастрийцы. Верования и обычаи. – М., 1987.
12. Введение в историю кыргызской государственности: курс лекций для вузов / Кол. авторов. 2-е изд., дораб. – Бишкек: Архи, 2004.
13. *Воропаева В.А., Джунушалиев Д.Д., Плоских В.М.* История Отечества: Краткий курс лекций по истории Кыргызстана. – Бишкек: Илим, 2002.
14. *Газиев А.* На берегах Яксарта. – Бишкек, 1990; *Его же.* Курманджан-датха – некоронованная царица Алая. – Бишкек, 1991; *Его же.* Пулат-хан. – Бишкек, 1995.
15. *Галицкий В.Я., Плоских В.М.* Старинный Ош: очерк истории. – Фрунзе, 1987.
16. *Гафуров Б.Г.* Таджики (древнейшая, древняя и средневековая история). – М.: Наука, 1972.
17. Горная царица Курманджан и ее время. – Бишкек: Илим, 2002.
18. *Гумилев Л.Н.* Древние тюрки. – М., 1993.
19. *Джамгерчинов Б.* Очерк политической истории Киргизии XIX в. – Фрунзе, 1966.
20. *Джунушалиев Д., Какеев А., Плоских В.* Исторические этапы кыргызской государственности. – Бишкек: Архи, 2003.
21. Древнее золото Казахстана. – Алматы: Өнер, 1983.
22. *Засецкая И.П.* Золотые украшения гуннской эпохи. – Л.: Аврора, 1975.
23. Золотые олени Евразии. – СПб, 2001.
24. *Иманалиев К.* Кыргызстан (Слово о Родине). – Бишкек: Учкун, 2002.
25. История Киргизской ССР. С древнейших времен до наших дней: В 5 т.– Т. 1. – Фрунзе, Кыргызстан, 1984.
26. Историко-культурный атлас Кыргызстана. – Довер; Москва; Бишкек: Дизайн. Информация. Картография, 2001.

27. История кыргызов и Кыргызстана: Учебник для вузов. - 4-е изд., дораб. – Бишкек: Илим, 2003.

28. История России. Россия в мировой цивилизации: Курс лекций/ Под ред. А. А. Радугина. – М.: Центр, 2002.

29. Источниковедение Кыргызстана (с древности до XIX в.) – Бишкек, 2004.

30. Каменные изваяния Алтая. – Горно-Алтайск: Ак-Чечек, 2000.

31. *Кляшторный С. Г., Савинов Д. Г.* Степные империи Евразии. – СПб., 1994.

32. *Кляшторный С. Г.* История Центральной Азии и памятники рунического письма. Отечественные исследования. Азиатика. – СПб., 2003.

33. *Койчуев Т., Мокрынин В., Плоских В.* Кыргызы и их предки: нетрадиционный взгляд на историю и современность. – Бишкек, 1994.

34. *Конурбаев А., Мокрынин В., Плоских В.* Город великого путешественника. – Бишкек, 1994.

35. *Кузьмина Е. Е.* Откуда пришли индоарии. – М., 1994.

36. Кыргызстан – Россия. История взаимоотношений (XVIII-XIX вв.): Сб. док. и материалов. – Бишкек, 1998.

37. *Кычанов Е. И.* Жизнь Темучжина, думавшего покорить мир. – М.: Наука, 1973.

38. *Лебедев А. К.* Верещагин. – М.: Искусство, 1972.

39. Манас: Кыргызский героический эпос. – М., 1960.

40. Материалы по истории кыргызов и Кыргызстана. Т. 1-2. – Бишкек: Изд-во Кыргызско-Турецкого ун-та «Манас», 2002.

41. *Мокрынин В., Плоских В.* Иссык-Куль: затонувшие города. – Фрунзе, 1989.

42. *Мокрынин В., Плоских В.* Клады в Кыргызстане: мифы и реальность. – Бишкек, 1992.

43. *Молдобаев И.* «Манас» – историко-культурный памятник кыргызов. – Бишкек, 1995.

44. *Осмонов О. Дж.* История Кыргызстана (Краткий курс). – Бишкек, 2003.

45. Памятники культуры и искусства Киргизии: Каталог выставки. – Л.: Искусство, 1983.

46. *Плоских В.* С отрогов Небесных Гор до Северной Пальмиры. – Бишкек: Илим, 2003.

47. *Плоских В.* «Атлантида» Центральной Азии – тайна Великого Шелкового пути. – Бишкек: Илим, 2004.

48. Проблемы политогенеза кыргызской государственности. – Бишкек: Архи, 2003.

49. *Рерих Ю. Н.* История Средней Азии. В 3 т. – М., 2004.

50. *Ртвеладзе Э.* Великий Шелковый путь: Энциклопедический справочник. Древность и раннее средневековье. – Ташкент, 1999.

51. *Табышалиев С. Т.* Происхождение кыргызского народа. Кыргызстан на Великом Шелковом пути. – Бишкек, 2001.

52. Хрестоматия по истории Кыргызстана. С древнейших времен до XX в. / Сост. В. А. Воропаева. – 2-е изд., дораб. – Бишкек: Раритет-Инфо, 2004.

53. *Худяков Ю. С.* Кыргызы на просторах Азии. – Бишкек, 1995.

54. *Чоротегин Т.* Этнические ситуации в тюркских регионах Центральной Азии домонгольского времени. – Бишкек, 1995.

55. Эпос «Манас» в творчестве Теодора Герцена. – Бонн; Бишкек, 1995.

# МАЗМУНУ

## БАЙЫРКЫ АДАМ

БАЙЫРКЫ МЕЗГИЛ .......... 4
Кыргызстандагы азыркы типтеги адам .......... 7
Коло доорунда Кыргызстанда жашаган уруулар .......... 10
Андрон маданияты .......... 11
Андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн чарбасы .......... 14
Андрон маданиятынын өкүлдөрүнүн коому .......... 17
Теңир-Тоо бүткүл дүйнөлүк тарыхтагы коло доорунда .......... 18
Фергана дыйкандары .......... 19
Чуст тургун жайы .......... 20
Чуст коому .......... 21
Чусттуктардын диний ишенимдери .......... 21

САКТАР ЖАНА СКИФТЕР .......... 23
Скиф жана сак уруулары жайгашкан аймактар .......... 23
Азия сактары .......... 23
Европалык скифтер .......... 26
Алгачкы көчмөндөр .......... 28
Сактардын коомдук түзүлүшү .......... 30
Скиф жырткычтык стили .......... 31

Сактардын жоокердик иштери ........ 33
Сактардын перси падышалары менен болгон күрөшү ........ 34
Сактар Байыркы дүйнөнүн тарыхында ........ 36
Теңир-Тоо сактары Александр Македонскийге каршы күрөштө:
уламыштар жана чындыктар ........ 36
Александрдын Орто Азияга жүрүшү ........ 39
«Согданын ары жагындагы сактар» ........ 39
Сырдарыядагы салгылаш ........ 40
Сактардын күч-кубатынын төмөндөшү ........ 42

УСУН МАМЛЕКЕТИ ........ 43
Усундар жөнүндө легенда ........ 43
Мамлекеттин түзүлүшү ........ 43
Усундардын коомдук түзүлүшү ........ 44
Усундардын чарбасы ........ 45
Кытай менен союз ........ 46
Гунндар менен болгон согуш ........ 48
Кытайга каршы күрөш ........ 49
Ички чатактар ........ 51
Усундардын мамлекетинин кулашы ........ 52

ДАВАН МАМЛЕКЕТИ ........ 52
Кытайлыктардын Ферганага биринчи жортуулу ........ 54
Кытайлыктардын Ферганага экинчи жортуулу ........ 55
Ферғананын жеңилиши ........ 55
Фергана б.з. I-V кылымында ........ 56

КАНГҮЙ МАМЛЕКЕТИ ........ 57
Кангүйдүн чарбасы ........ 57
Кангүйдүн тышкы саясаты ........ 58
Улуу Жибек жолу ........ 58
Улуу Жибек жолундагы тыйындар ........ 60

ГУННДАР ........ 61
Кеңкол маданиятынын уруулары ........ 64

КЫРГЫЗДАР ЕНИСЕЙДЕ ........ 65
Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башаттары ........ 65
Кыргыздар Борбордук Азияда ........ 66
Кыргыздардын Енисейге көчүшү ........ 67
Байыркы кыргыздардын маданияты ........ 67
Енисейлик кыргыздардын мамлекети ........ 69
Чарбалык иштер ........ 70
Тиричилиги, үрп-адаттары, дини ........ 73

## ОРТО КЫЛЫМ

ТҮРКТӨР ........ 76
Байыркы түрк уруулар союзунун түзүлүшү ........ 78
Түрк каганатынын түзүлүшү ........ 78
Түрк-Иран элчилик байланыштары ........ 82
Иран менен согуш ........ 86
Түрк каганатынын алсырашы ........ 87
Түрк каганатынын бөлүнүшү ........ 90
Сюань Цзандын саякаты ........ 90
Кыргызстандын аймагындагы байыркы түрк мамлекети ........ 91

VII-VIII КЫЛЫМДАРДА КЫРГЫЗДАРДЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК ҮЧҮН КҮРӨШҮ ........ 98
Кыргыз мамлекети жана Экинчи Түрк каганаты ........ 99
710–711-жылдарда Саян кырка тоосу аркылуу түрктөрдүн кышкы жортуулу жана Черни Сунгадагы салгылашуу ........ 101

КЫРГЫЗДАР ЖАНА УЙГУР КАГАНАТЫ ........ 105
Уйгур каганатынын түзүлүшү ........ 105
Кыргыздардын көтөрүлүшү ........ 107

УЛУУ КЫРГЫЗ ДЕРЖАВАСЫ ........ 109
Уйгур каганатынын талкаланышы ........ 109
Улуу кыргыз державасы ........ 112
Улуу кыргыз державасынын кулашы ........ 114
Караханийлер династиясы ........ 115
Махмуд Кашгари ........ 119
Жусуп Баласагын ........ 120
Батыш Ляо ........ 121

ЧЫҢГЫЗХАНДЫН БАСЫП АЛЫШЫ ........ 123
Енисейдеги Кыргыз мамлекетинин кулашы ........ 125
Кыргызстандын аймагын моңголдордун басып алышы ........ 129
Хайду хан жана анын реформасы ........ 132

МОГОЛСТАН МАМЛЕКЕТИ ........ 136
Тимурдун жана Бабурдун басып алышы ........ 139
Тимурилер мезгили ........ 144

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ТҮЗҮЛҮШҮ ........ 145
Мухаммед-кыргыз ........ 146
XV кылымдын аягы – XVI кылымдын башталышында Орто Азиядагы кыргыздардын абалы ........ 149

## СОҢКУ МЕЗГИЛ

КЫРГЫЗДАРДЫН ЖУНГАРЛАР
ЖАНА ЦИН КЫТАЙЫ МЕНЕН КҮРӨШҮ ........ 152
Жунгар хандыгы ........ 152

Жунгар хандыгынын талкаланышы ........ 157
Кыргыздар жана цин Кытайы ........ 158

ОРУСИЯ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ ТҮЗҮҮ ........ 161
XIX кылымдын биринчи жарымындагы
кыргыз-орус байланыштары ........ 166

КОКОНДУКТАРДЫН КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫН БАСЫП АЛЫШЫ ........ 167
Кокон хандыгынын түзүлүшү ........ 167
Алгачкы басып алуулар ........ 168
Кетмен-Төбөнү басып алуу ........ 169
Түндүк Кыргызстанды басып алуу ........ 170
Кокон хандыгынын Кыргызстанды басып алышынын кесепеттери ........ 172

КОКОН ХАНДЫГЫНЫН ЭЗҮҮСҮ ........ 173
Кыргыздарды башкаруу ........ 173
Кыргыздардын социалдык-экономикалык абалы ........ 175
Кыргыз коому ........ 177
Кыргыздарга салык салуу ........ 178

Кыргыз элинин Кокон хандыгына каршы күрөшү ........ 180
Кокон хандыгындагы алгачкы көтөрүлүштөр ........ 180

ОРУСИЯНЫН КУРАМЫНДА ........ 184
Түндүк кыргызстандын орусияга бириктирилиши ........ 184
Түштүк Кыргызстандагы басып алуу ........ 190
Шабдан жана Скобелев ........ 194

КЫРГЫЗДАРДЫН ЧАРБАЧЫЛЫГЫ ЖАНА ТИРИЧИЛИГИ ........ 199

XVI–XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОСУНДАГЫ КЫРГЫЗ ЭЛИНИН
МАТЕРИАЛДЫК МАДАНИЯТЫ ........ 204

КЫРГЫЗДАРДЫН РУХИЙ МАДАНИЯТЫ ........ 210

КОРУТУНДУ ОРДУНА ........ 216

Сунуш кылынган адабияттар ........ 217

**БИЗДИН КЫРГЫЗСТАН**

Популярдуу тарыхый энциклопедия
(байыркы мезгилден XIX кылымдын акырына чейин)

Автору *В.М. Плоских*

Китепти басып чыгарууну даярдоого төмөнкүлөр катышты:
*В.А. Воропаева*
*А.М. Камышев*
*Т.Ф. Кравченко*
*Л.Ю. Марченко*
*Е.В. Носова*


Басма тобу:
*В.К. Погорелова* *И.С. Волоскова*
*О.А. Старцева* *А.С. Котикова*
*Л.В. Тарасова* *О.А. Матвеева*

Которгон:
*Ы.К. Кадыров*

Корректору:
*Г. Кенжегозуева*

Версткалаган:
*С.В. Комаров*

Китепке төмөнкү чыгарылыштардан иллюстрациялар жана карталар пайдаланылды: «Историко-культурный атлас Кыргызстана» (2001), «История, прошедшая через мое сердце» (2003), «Кыргызстан (Слово о Родине)» (2002), «Кыргыз ССРинин тарыхы» (1984), «Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы» (2003), ошондой эле В.М.Плоскихтин, А.А.Асанкановдун, С.К.Алымкуловдун, Г.Д.Жунушалиеванын өздүк архивдеринин материалдары.




# БИЗДИН КЫРГЫЗСТАН

популярдуу тарыхый энциклопедия





979435